Жергиликтүү өз алдынча
башкарууну өнүктүрүү
үчүн өнөктөштүк

ӨНҮКТҮРҮҮ
САЯСАТ
ИНСТИТУТУ

КР ЖӨБ Союзу
Союз МСУ КР
Union LSG KG

# МЕН жергиликтүү кеңештин депутатымын



## Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын 190 суроосуна жөнөкөй жооптордун жыйнагы





*Оңдолуп, толукталган сегизинчи басылышы*



Бишкек
2026-ж.

# МЕН – ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫМЫН

***Оңдолуп, толукталган сегизинчи басылышы***

**Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын 190 суроосуна жөнөкөй жооптордун жыйнагы**

Бишкек 2026-ж.

УДК 328:351/354 (575.2)
ББК 66.3 (5Кир), 1
М 50

**Б.И. Орозбаев, Р.К. Досалиев, Н.Т. Күмүшбеков, Б.К. Рыспаев.**
Б. Ж. Бекиевдин, Н. Н. Добрецованын, жана С.А. Градвальдын жалпы редакциясы астында

**М 50 Мен – жергиликтүү кеңештин депутатымын: Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын 190 суроосуна жөнөкөй жооптордун жыйнагы** / Б. И. Орозбаев, Р.К. Досалиев, Н.Т. Күмүшбеков, Б.К. Рыспаев; Б. Ж. Бекиевдин, Н. Н. Добрецованын жана С.А. Градвальдын жалпы редакциясы астында. – 8-басылышы, оңдолгон жана толукталган. – Бишкек: Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу, Өнүктүрүү саясат институту, 2026-ж. – 218 бет.

ISBN 978-9967-11-951-2

*Бул суроолордун жана жооптордун жыйнагы жергиликтүү кеңештин депутаттары туш болуучу реалдуу суроолорго жана көйгөйлөргө негизделген.*

*Суроолор Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзунун мессенжерлери аркылуу жана жергиликтүү депутаттардын катышуусу менен өткөрүлгөн жолугушуу, иш-чаралары учурунда чогултулган. Суроо-жооптор муниципалдык финансыны жана ресурстарды башкарууну, жергиликтүү жамааттардын жашоо-турмушуна байланышкан темалардын кеңири чөйрөсүн камтыйт. Жыйнакта берилген жооптор кийинки автордук жамаат тарабынан даярдалды: ЖӨБ Союзунун директору Б. И. Орозбаев, жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча эксперт Р.Д. Досалиев, укуктук маселелер боюнча адис Н.Т. Күмүшбеков, жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча эксперт Б.К. Рыспаев. Жыйнак, биринчи кезекте жергиликтүү кеңештеринин депутаттарына, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкарууга кызыккандарга жана өз ара аракеттенгендерге, анын ичинде саясатчыларга, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларга, коомдук ишмерлерге, студенттерге жана "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу" адистиги боюнча окутуучуларга арналган.*

*Басылманын биринчи чыгарылышы 2012-жылы жарык көргөн. Басылманын экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи жана алтынчы чыгарылыштары 2014-2021 жылдар аралыгында Өнүктүрүү саясат институту тарабынан даярдалып, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын өзгөрүп жаткан муктаждыктарына жана мыйзамдардагы өзгөрүүлөргө жооп катары жарык көргөн. 2021-жылы даярдалган басылманын сегизинчи чыгарылышы Борбордук Азиянын жергиликтүү башкаруу Академиясынын адистери жана “Муниципалитет” журналынын редакциясы тарабынан толукталды. Бул сегизинчи басылыш Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу жана Өнүктүрүү саясаты институту тарабынан биргелешип даярдалган жана суроолордун курамы жагынан олуттуу кайра каралып чыккан, ошондой эле мыйзамдардагы акыркы өзгөрүүлөр эске алынган.*

УДК 328:351/354 (575.2)
ISBN 978-9967-11-951-2 ББК 66.3 (5Кир), 1

© Б. И. Орозбаев, Р.К. Досалиев, Н.Т. Күмүшбеков, Б.К. Рыспаев., 2026
© Б. Ж. Бекиевдин, Н. Н. Добрецованын жана С.А. Градвальдын жалпы редакциясы астында, 2026
© Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу, 2026
© Өнүктүрүү саясат институту, 2026

Бул жыйнак Өнүктүрүү саясаты институту, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу жана Борбордук Азиянын жергиликтүү башкаруу Академиясы тарабынан түзүлгөн Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн Өнөктөштүктүн каржылык колдоосу менен басылып чыкты. Өнөктөштүк Швейцария өкмөтү тарабынан каржыланат.

Басылмада айтылган пикирлер, тыянактар жана сунуштар авторлордун позициясын жана тажрыйбасын чагылдырат жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзунун жана Өнүктүрүү саясаты институтунун, ошондой эле бул жыйнактын басып чыгарууга каржылык колдоо көрсөткөн Швейцария өкмөтүнүн көз карашын чагылдырбайт.

Бардык укуктар корголгон. Бул басылмадагы материалдарды толугу менен же кайсы бир бөлүгүн электрондук, механикалык, сүрөт көчүрмөсү, үн жаздыруучу, эсте тутууга жардам берүүчү жана маалымат издөөчү каражат аркылуу колдонууда же жайылтууда сөзсүз түрдө бул басылманын укуктук жактан ээсине төмөнкү э-почтанын дарегине маалымдап коюуну өтүнөбүз: NDobretsova@dpi.kg; Office@dpi.kg

## МАЗМУНУ

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негиздери жөнүндө ....... 20**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу деген эмне? ..................... 20
2. «Жергиликтүү маанидеги маселелер» деген эмне? ................ 21
3. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу кандай формаларда жүзөгө ашырылат? .................................. 22
4. «Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар» деген эмне? ........................................................................................ 25

**Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу жөнүндө ............... 26**

5. «Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу» деген эмне?... 26
6. Эмне үчүн депутаттарга эмгек акы төлөнбөйт? .................. 27
7. Депутаттын ыйгарым укуктары кандай учурларда токтотулушу мүмкүн? ................................................................................ 27
8. Жергиликтүү кеңештин депутатынын ишмердиги муниципалдык стаж катары эсептелинеби, эгерде эсептелсе кайсы жылдан тартып эсептелинет?......................................... 28
9. Депутат өз ыйгарым укуктарынын чегиндеги иштер боюнча шайлоочуларга өз алдынча отчет бериш керекпи же айыл өкмөт башчысы менен кошулуп берсе болобу?....................... 29
10. Жергиликтүү кеңештин депутатынын шайлоочулардын алдында отчетун тапшырууга айыл өкмөт жардам бериш керекпи же өзү уюштуруп отчет береби? ................................. 30
11. Депутаттар жергиликтүү кеңештин фирмалык бланкаларын колдонуп мамлекеттик органдарга кат жолдой алабы? ......... 31
12. Айылдык кеңештин депутаты, айыл өкмөттө контрактык негизде ишке орношо алабы (маданият үйүнүн башчысы, китепканачы, музей башчысы, айыл башчысы, ТОП, МОП)? .... 32
13. Депутат төраганын атына башка жумушка орношкондугун белгилеп, депутаттык мандатын тапшыруу боюнча арыз

жазган, кайсы мыйзам боюнча анын мандатын токтото алабыз?...................................................................... 33
14. Жергиликтүү кеңештин депутаты мамлекеттик органга (райондук соц.фондго) башчы болуп дайындалды, депутаттык мандатын тапшырышы керекпи?............................................. 33
15. Жергиликтүү кеңештин депутаты башка айыл өкмөттүн мунципалдык кызматында иштөөгө укугу барбы?.................. 34
16. Мектептин жана бала бакчанын башчылары жана кызматкерлери жергиликтүү кеңештин депутаты боло алышабы?...................................................................... 34
17. Муниципалдык ишкананын жетекчиси жана кызматкерлери депутат боло алышабы? .......................................................... 35
18. Жергиликтүү кеңештин депутаты шайланган айыл аймагынан туруктуу жашоого башка жака көчүп кетсе, депутаттык мандатынан ажырайбы?.......................................................... 35
19. Жергиликтүү кеңештин депутаты бирдиктүү салык декларацияларын тапшырышы керекпи же бошотулганбы? . 36
20. Депутаттарды сессияга катышуу боюнча чакыруу барагы келгенде, анын негизги иштеген жери сессияга жиберүүгө милдеттүүбү же ал чакыруу барагы жарабайбы? .................... 37
21. Жергиликтүү кеңештин депутаттары мамлекеттик тил боюнча тест тапшырууга милдеттүүбү?............................................... 39
22. Жергиликтүү кеңештин депутаттары ата-энелердин арыз-даттанууларынын негизинде мектеп, бала-бакчадагы балдардын билим берүү сапатын, тарбиясын, тамак-ашынын сапатын текшере алабы? .......................................................... 41
23. Жергиликтүү кеңештин депутаты өзү же анын жакын туугандары ошол аймактагы айыл өкмөтү өткөргөн сатып алуу конкурсуна катыша алабы же мыйзамда чектөөлөр барбы?.. 42
24. Жергиликтүү кеңештин депутаты коомдук бирикменин жетекчиси боло алабы, ошондой эле жеке ишкерлик менен алектене алабы? .......................................................................... 43

25. Туруктуу комиссиянын төрагасы өз каалоосу менен төрагалыктан кетүү боюнча арызын жазган учурда, жаңы төраганы шайлоо процедурасы кандай ишке ашырылат? ...... 45

26. Туруктуу комиссия жергиликтүү бюджеттин долбоорун карап жаткан учурда, ал туруктуу комиссияга кирбеген депутаттар анын жыйынына катышууга жана сунуштарын берүүгө укугу барбы? ........ 46

**Жергиликтүү кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссиялары жөнүндө ........ 46**

27. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары кандай тартипте жана эмне үчүн түзүлөт? ........ 46

28. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссияларынын ыйгарым укуктарына кандай маселелер кирет? ........ 48

29. Туруктуу комиссиянын жыйынын ким чакырат жана аны өткөрүү тартиби кандай? ........ 49

30. Туруктуу комиссиянын төрагасы кандай ыйгарым укуктарга ээ? ........ 50

31. Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү кандай укуктарга жана милдеттерге ээ? ........ 51

32. Туруктуу комиссиялардын депутаттары биргелешкен жыйындарды өткөрө алышабы? ........ 51

33. Жергиликтүү кеңештин убактылуу комиссиялары кандай учурларда жана кандай тартипте түзүлөт? ........ 52

34. Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жалпы 5 адам болсо, жыйынга алардын 2 депутаты катыша албай калса, 3 депутат жыйын өтө алабы, алар кабыл алган корутундулар мыйзамдуу болобу? ........ 53

35. Туруктуу комиссиянын төгарасы ишин тапшырган учурда, буга чейинки ишмердүүлүгүн карап туруп бошотобу депутаттар, туруктуу комиссиянын төрагасы отчет бериши керекпи? ....... 54

36. Туруктуу комиссиянын курамына өзгөртүү кирген учурда же төрагасы жаңы шайланган учурда сессияда каралып, чечим чыгаруу керекпи? ........ 54

37. Айыл өкмөт башчысы айылдык кеңешке отчет берээр алдында, токтом долбоорун даярдоо үчүн маселени кайсы туруктуу комиссия карайт? ........ 55

38. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссияларынын отурумдарынын протоколдору кантип жазылат жана ким жазат, жергиликтүү кеңештин катчысыбы же туруктуу комиссия депутаттардын арасынан катчы шайлап алышы керекпи? ........ 56

**Жергиликтүү кеңештин төрагасы жана анын орун басары .......... 57**

39. Эмгек акы албаган төрагалардын компенсациясы кандай эсептелет, кезектүү сессияга канча жана кезексиз сессияга канча төлөнөт? ........ 57

40. Эмгек акы албаган төрагалардын ордуна убактылуу милдетин аткарган төраганын орун басары компенсация алабы, эгерде алса ал кандай эсептелет? ........ 59

41. Биздин айыл аймакта калктын саны көбөйүп жыл башында 20 миң адамдан ашты. Ошого байланыштуу жергиликтүү кеңештин төрагасына айлык акы төлөө үчүн кайсы ЧУАнын негизинде кандай кадамдар жасалышы керек? ........ 60

42. Кызматтык унаа бар болгон учурда айылдык кеңештин төрагасына айдоочу алса болобу? ........ 60

43. Айылдык кеңештин төрагасы депутаттарды, жарандарды мамлекттик сыйлыктарга сунуштай алабы? ........ 62

44. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен жергиликтүү кеңештин төрагасынын резервдик фондун түзүүгө болобу? ........ 62

45. Компенсация алган айылдык кеңештин төрагасы эмгек өргүүгө чыга алабы жана материалдык жардам же башка жеңилдиктер каралабы? ........ 63

**Жергиликтүү кеңештин жоопту катчысы (аппараты) .................. 64**

46. Жергиликтүү кеңештин катчасын ким кызматка алат жана кандай тартипте? ..................................................................... 64
47. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы эмгек өргүүгө чыгуу үчүн арызды кимге жазат жана ким буйрук чыгарат? ............. 64
48. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы кандай жумуштарды аткаруусу керек? ..................................................................... 65
49. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы себепсиз ишке чыкпай жатса же өз ишмердүүлүгүн талаптагыдай аткарбаса кандай чара көрүлүшү керек? ........................................................... 66
50. Жергиликтүү кеңештин катчысына класстык чен ыйгаруу чечимин ким кабыл алат, кеңештин төрагасыбы же айыл өкмөт башчысыбы? ..................................................................... 68

**Жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктары жана сессиялары жөнүндө ...................................................................................... 69**

51. Жергиликтүү кеңештин компетенциясына кандай маселелер кирет? ..................................................................................... 69
52. Айылдык кеңештин сессиясын кандай уюштуруу керек (кворум, кабарлоо, депутаттарды каттоо тартиби)? ................ 71
53. Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн бири тарабынан кандай маселелер демилгеленет?................ 73
54. Жергиликтүү кеңеш кайсы маселелер боюнча депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен, ал эми кайсылар боюнча — жалпы санынын үчтөн эки добушу менен чечим кабыл алууга укуктуу? ........................................................... 73
55. Айылдык кеңештин кезексиз сессиялары кандай учурларда чакырылат? ..................................................................... 74
56. Сессияларды өткөрүүнүн эң узак жана эң кыска мөөнөтү канча? ..................................................................................... 75
57. Жергиликтүү кеңештин сессиясынын күн тартибинин долбоору кандай түзүлөт жана аны кабыл алуу тартиби кандай?.................................................................................... 75

58. Жергиликтүү кеңештин сессиясын ким алып барат? Төраганын тапшырмасы боюнча орун басары, туруктуу комиссиянын төрагасы, фракция лидери же депутаттардын бири сессияны алып бара алабы? ........ 76

59. Жергиликтүү кеңештин сессиясынын «ачыктыгы» эмнени түшүндүрөт? Депутат эмес адамдар сессияларга жана комиссиялардын жыйындарына кандайча катыша алышат? . 76

60. Сессияларга жана туруктуу комиссиялардын жыйындарына катышкан депутаттар жана башка жактар үчүн кандай этика эрежелери белгиленген? ........ 77

61. Депутат добуш берүү укугун башка депутатка ишеним кат аркылуу өткөрүп бере алабы же сырттан добуш берсе болобу? ........ 79

62. Жергиликтүү кеңештин токтомдорунун аткарылышын көзөмөлдөө кандай жүргүзүлөт? ........ 79

63. Жергиликтүү кеңештин регламентине канча жолу өзгөртүү киргизүүгө болот? ........ 80

64. Жергиликтүү кеңеш чечимдерди кабыл алууда мыйзамда белгиленген процедуралар бузулса, кандай жоопкерчилик каралган? ........ 81

65. Сессиянын протоколдорунун көчүрмөсүн сураган депутатка, көчүрмө кандай тартипте берилет? ........ 83

66. Жергиликтүү кеңеш сессияларын онлайн өткөрүүгө мыйзам жол береби? ........ 84

67. Жергиликтүү кеңештин депутаттары райондук мекеме, ишканалардын жетекчилерине же райондун акимине суроо-талап коё алабы? ........ 84

68. Мурунку чакырылыштагы жергиликтүү кеңеш кабыл алган токтомду, кийинки чакырылыштагы жергиликтүү кеңеш жокко чыгара алабы? ........ 85

69. Сессияда каралып жаткан маселеге чакырылган тиешелүү адистер катышпай калса, ал маселени кийинки сессияга жылдыруунун тартиби кандай? .............................................. 86

70. Айылдан шаарга каттаган кичи автобустар (маршруткалар) жол киренин баасын көтөрүп жатышат. Жол кире баасын айылдык кеңеш бекитип бериши керекпи?............................. 87

71. Жергиликтүү кеңеш жергиликтүү элге көрсөтүлгөн кызматтар үчүн тарифтерди бекитүүдө кайсы мыйзамга жана кайсы беренелерге таянат? ........................................................... 87

72. Автомобильдерди токтоочу жайларда унаа ээлеринен жыйым алуу үчүн жергиликтүү кеңештин макулдугу керекпи? ........... 88

**Депутаттын иштөө тартиби жана шарттары жөнүндө .................. 89**

73. Жергиликтүү кеңештин иш планы эмне үчүн керек жана ага эмне кириши керек? Ал башка пландар, программалар жана стратегиялар менен кандай байланышта?............................... 89

74. Партиялык тизме боюнча шайланган шаардык кеңештин депутаты кайсы аймакта иш алып барышы керек?................. 91

75. Айыл өкмөтү депутаттарга отчет берүү жана шайлоочулар менен жолугушуу үчүн шарт түзүп берүүгө (жарандарды кабыл алуу үчүн иш ордун бөлүүгө) милдеттүүбү?............................ 92

76. Жергиликтүү кеңеш документтерди же долбоорлорду эксперттик баалоо үчүн адистерди тарта алабы? Мундай консультациялык чыгымдар кайсы каражаттардын эсебинен каржыланат? ........................................................................ 93

77. Калкынын саны 6001 адамдан ашкан айылдык кеңештерде жооптуу катчынын кызмат орду кайсы ченемдик укуктук актылардын негизинде киргизилет? ....................................... 94

78. Жергиликтүү кеңештердин иш планы бардык туруктуу комиссияларга тиешелүүбү? Туруктуу комиссиялар өздөрүнө тиешелүү иш пландары болушу керекпи? ................................ 95

79. Жергиликтүү кеңештин депутаты, кеңештин ишине байланыштуу иш сапары менен чет өлкөгө чыгууда, негизги иштеген жеринен уруксат алуунун тартиби кандай? ............... 96

**Жергиликтүү кеңештин чечимдери (токтом жана тескеме) жөнүндө ............................................................................ 97**

80. Жергиликтүү кеңеш кандай документтерди кабыл алат? ....... 97

81. Жергиликтүү кеңештин токтомдоруна салыштырмалуу кандай ченемдик укуктук актылар жогорку юридикалык күчкө ээ? ... 98

82. Жергиликтүү кеңештин ар бир токтомун жарыялоо милдеттүүбү? Аны кантип жасоо керек? Жарыялоону кайсы каражаттардан каржылоо керек? .......................................... 100

83. Жыл жаңырганда токтом, тескеме, протоколдор кандай тартипте номерленет? ........................................................ 101

84. Жергиликтүу кеңештин токтому бир эле нускада чыгышы керекпи, кээ бир мекемелер оригинал сурап жатышат, кандай кылыш керек? ............................................................................ 102

85. «Ардактуу атуул» наамы кандай тартипте ыйгарылат, жергиликтүү кеңеш бул боюнча токтом кабыл алабы же тескемеби? ......................................................................... 103

86. Жыл башында жергиликтүү бюджет бекитилген соң айыл өкмөтү ошол бюджетке ылайык иш алып бара береби же ар бир иш-чаранын чыгымдары үчүн жергиликтүү кеңеш кайрадан токтом чыгарып берип турушу керекпи? ............... 103

87. Кеңештин чечимдери жалпы депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгү менен же сессияга катышып жаткан депутаттардын көпчүлүгү менен кабыл алынабы?.......................................... 104

**Жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарын токтотуу жана чечимдерин жокко чыгаруу жөнүндө ........................................... 104**

88. Жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктары кайсы учурларда токтотулат? .......................................................... 104

89. Айылдык кеңештин депутаттары айыл өкмөт башчысынын чечимин жараксыз деп тааный алабы? ... 106

90. Бир жылдын ичинде жергиликтүү кеңештин жыйындарына жүйөлүү себептерсиз төрттөн ашык жолу катышпагандыгы үчүн депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуунун тартиби кандай? ... 107

91. Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимди кайсы орган кабыл алат? ... 108

92. Жергиликтүү кеңеш өзүнүн кабыл алган токтомун кайсы мыйзамдын негизинде жокко чыгара алат? ... 109

**Жарандар менен өз ара мамилелер жөнүндө ... 110**

93. Айыл өкмөт башчысы жана шаардын мэри өз ишинин жыйынтыктары жөнүндө калкка отчет берүүгө милдеттүүбү? ... 110

94. Жергиликтүү кеңештин депутаттары шайлоочуларга канча жолу отчет берүүгө тийиш? ... 111

95. «Коомдук угуулар» деген эмне жана алар эмне үчүн колдонулат? ... 113

96. «Жарандык бюджет» деген эмне? Айыл аймагынын же шаардын жарандык бюджетин кайдан тапса болот? ... 116

97. Жергиликтүү тургундардын өтүнүчү менен көчөнүн атын өзгөртүү кандай тартипте жүргүзүлөт? ... 117

98. Айылдын атын өзгөртүү кайсы мыйзам менен жөнгө салынат? ... 119

99. Калктуу конушка айыл статусун алуу кандай тартипте жүргүзүлөт? ... 122

100. Эгерде биздин дыйкандар же ишкерлер табигый кырсыктан (ал жеткис күчтөн) зыян тартышса, жергиликтүү кеңеш тарабынан аларга жардам бере алабызбы? ... 124

101. Биздин шаардын эли «эмне себептен лифттин баасы кымбат?» деп сурап жатышат. Шаардык кеңеш бул багытта кандай иш алып бара алат? ........ 125

**Мамлекеттик башкаруу органдары менен өз ара мамилелер жөнүндө ........ 126**

102. Жергиликтүү кеңештер сессияларда жана туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында райондук мамлекеттик уюмдардын (мамкаттоо, соцфонд, райархитектура жана башкалар) катышуусу менен маселелерди карай алабы? .... 126

103. Депутат мамлекеттик же башка түзүмдөрдөн кантип жооп ала алат? ........ 127

104. Жергиликтүү кеңештин депутаттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө кантип таасир эте алышат? ........ 130

105. Депутат мамлекеттик уюмдардын жана мекемелердин кадр саясатына кийлигише алабы? ........ 131

106. Депутат уюмдардын, мекемелердин, ишканалардын, мамлекеттик түзүмдөрдүн аймактык бөлүмдөрүнүн жана жеке компаниялардын ишмердүүлүгүн текшере алабы? ........ 132

107. Жергиликтүү кеңеш прокуратуранын, соттордун жана башка ыйгарым укуктуу органдардын актыларын кандай тартипте карайт? ........ 133

108. Таза суу боюнча тарифти антимонополия сунуштаган соң, жергиликтүү кеңеш бекитип береби, же жергиликтүү кеңеш тарифти өзү эле бекитип кое алабы? ........ 134

109. Райондун ардактуу атуулдугун алуу боюнча айылдык кеңештин төрагасы кайсыл мыйзамдын негизинде сунуш бере алат? ........ 135

110. Биздин айылдагы мектептин жанынан транспорт министрлигине тиешелүү жол өтөт. Окуучу балдарга кооптуу жагдайлар жаралып жатат. Жол эрежелеринин белгилерин кантип койсок болот? ........ 135

**ЖӨБ аткаруу органдары (айыл өкмөт/мэрия) менен өз ара мамилелери жөнүндө ........................................................... 136**

111. Айыл өкмөтүнүн регламентин айылдык кеңеш беките алабы? ........................................................................... 136

112. Мурдагы айыл өкмөт башчыбыз алты ай иштеп, кызматтан кетти. Учурдагы айыл өкмөт башчысы кызматка келгенине бир ай болду. Жарым жылдагы иштердин жыйынтыгы боюнча отчет алууда бааны кимге беребиз азыркы айыл өкмөт башчыгабы же мурунку иштеп кеткен башчыгабы? ............. 137

113. Айыл өкмөтүнүн башчысынын айылдык кеңешке берген отчетун угуу жана ага баа берүүнүн тартиби кандай? Бул боюнча айылдык кеңеш токтом кабыл алабы же тескемеби?...................................................................... 138

114. Айыл өкмөт башчысынын жарым жылдык жана жылдык отчету «канааттандырарлык эмес» деп табылды жана айылдык кеңештин жалпы депутаттарынын үчтөн эки добушу менен ишенбестик көрсөтүлүп, жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысына сунуш берилди. Акимдин чечими кандай болушу керек? ........................................................ 139

115. Айылдык кеңешке айыл өкмөтүнүн 6 айдын, 9 айдын жана жылдын жыйынтыгы менен отчетту тапшыруу боюнча мыйзамда көрсөтүлгөнбү? .................................................... 140

116. Айылдык кеңеш айыл өкмөттүн кызматкерлеринен отчёт ала алабы? ........................................................................... 140

117. Бюджеттик угууну өткөрүүгө ким жоопту, айыл өкмөтүбү же айылдык кеңешпи? ................................................... 141

**Кадрлар жана муниципалдык кызматкерлердин өз ара аракеттенүүлөрү жөнүндө................................................. 142**

118. Жергиликтүү кеңештин депутаты мэриянын, шаардык кеңештин, айыл өкмөтүнүн жана айылдык кеңештин муниципалдык кызматчыларын тандоо процессине катыша алабы? ........................................................................... 142

119. Мэриянын жана айыл өкмөтүнүн аппаратынын штаттык расписаниесин ким аныктайт, жергиликтүү кеңештин депутаттары бул процесске кийлигишүүгө укуктуубу? .......... 143

120. Жергиликтүү кеңештин депутаттары айыл өкмөтүнүн жана мэриянын кызматкерлерине кызматтык акыларды (окладдарды) белгилей алабы? ........................................... 144

121. Жергиликтүү кеңештин депутаттары айыл өкмөтүнүн, мэриянын аппаратынын кызматкерлерин (муниципалдык кызматчыларды) ээлеген кызматынан бошото алабы?......... 145

**Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы (СЭӨП) жана калкты социалдык жактан коргоо программасы жөнүндө ............ 147**

122. Эгерде депутаттардын пикирлери ар түрдүү болсо, муниципалитеттин СЭӨПтүн (СЭӨП – социалдык-экономикалык өнүгүү программасы) приоритеттүү багыттарын кантип аныктоо керек?....................................... 147

123. Калкты социалдык жактан коргоо программасын кантип иштеп чыгабыз? Жергиликтүү кеңеш программаны бекитүү керекпи? .................................................................... 148

124. ЖӨБ органдары СЭӨПкө массалык спорт жана дене тарбияны өнүктүрүү боюнча кандай иш-чараларды киргизе алышат? ..................................................................... 149

125. ЖӨБ органдары мектепке чейинки жана мектептик билим берүү тармагындагы кандай чараларды өнүгүү программага (СЭӨП) киргизе алышат? ....................................................... 151

126. "Инклюзивдүү өнүгүү" деген эмне жана анын мааниси эмнеде? ..................................................................... 152

127. Аярлуу топторду экономикага кошуу максатта өнүгүү программага (СЭӨП) кандай инклюзивдүү чараларды киргизүүгө болот?................................................................ 154

128. ЖӨБ органдары жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү максатында өнүгүү программага (СЭӨП) кандай чараларды киргизе алышат? ..................................... 155

129. ЖӨБ органдары жергиликтүү калкты, анын ичинде аялдарды, жаштарды жана ишкерлерди туризм тармагына тартуу максатында өздөрүнүн өнүгүү программаларына (СЭӨП) кандай чараларды киргизе алышат? ........................................ 156

130. Ирригациялык түйүндөрдү (сугат суу тармагы) башкарууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролу кандай?........................................................................................ 160

131. "Экономикалык адистештирүү" деген эмне? ......................... 160

**Жергиликтүү бюджет жөнүндө ................................................. 162**

132. Бюджеттик процессте депутаттардын ролу кандай? ............. 162

133. Депутаттар кантип бюджеттин киреше бөлүгүнүн көбөйүшүнө таасир тийгизе алышат?........................................................ 163

134. Депутаттар кантип инвестицияларды тартууга жана жергиликтүү экономиканын өнүгүшүнө шарт түзө алышат?... 164

135. Жергиликтүү бюджетке акча каражаттары кайдан келип түшөт жана депутатка мындай маалыматтарды ким бериши керек? ............................................................................................ 165

136. Жергиликтүү бюджеттен каржылануучу тармактардын тизмеги барбы? Бюджеттик каражаттарды чыгымдоонун артыкчылыктуу багыттарын ким аныктайт?............................ 167

137. Депутат кандай салыктарга таасир тийгизе алат? .................. 167

138. Жергиликтүү бюджеттин киреше булактары кайсылар?....... 168

139. Бюджеттик болжолдоого ким катышат? ................................. 169

140. Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын жергиликтүү бюджет менен кантип байланыштырса болот? ... 170

141. Эгер жергиликтүү бюджеттин каражаттары корголгон беренелерге гана жетсе, өнүктүрүү чараларын каржылоону кантип пландоо керек? ........................................................ 171

142. Депутаттар жергиликтүү бюджеттин чыгымдарын текшере алышабы?................................................................................. 172

143. Депутат жергиликтүү бюджеттин каражатына товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга кантип катышат?. 173

144. Биздин шаарда унаа токтотуучу жайлар үчүн төлөмдөрдү кайсы орган бекитет? Кайсы мыйзамга таянсак болот? ........ 174

145. Жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин келип түшүүсүн текшерүүгө укугу барбы? .... 175

146. Бюджетти талкуулоонун убагында азчылыктын пикирин кантип эске алууга болот?..................................................... 175

147. Жергиликтүү элдин үнүн угуу жана алар менен тыгыз байланышты түзүү максатында чогулуштарды, элдик жыйындарды өткөрүүгө акча бөлүнөбү? Эгер бөлүнсө кайсы мыйзамга таянып каражат бөлө алабыз? ............................... 176

148. Айыл аймакка караштуу 3 айыл бар, жергиликтүү бюджеттен каражаттарды бөлүштүрүүдө ал айылдарга кандай бөлүнөт, калктын санына жарашабы же баарына бирдей тең бөлүнөбү?....................................................................................... 177

149. Жергиликтүү бюджетти коомдук угууга чыгарбай туруп бекитсе болобу? .................................................................... 178

150. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен ФАПтын чатырын алмаштырууга жана «акылдуу меш» коюуга мыйзам жол береби? .......................................................................................... 180

151. Айылдардагы мүрзөлөрдүн тегерегин коруу үчүн жергиликтүү бюджеттен акча бөлсө болобу? ............................................... 180

152. Резервдик фондго каралган каражаттарды айыл өкмөт башчысы кайсы багытка жумшай алат жана айылдык кеңешке резервдик фонд боюнча отчет бериши керекпи? ................. 181

153. Былтыркы жылдын аягында жергиликтүү бюджетибизде пландан ашыкча акча калыптыр. Бул каражатты жаңы жылдын планына киргизип пайдалана алабызбы же финансы министрлиги бул ашык каражатты алып кетеби? ................. 182

**Муниципалдык менчик жөнүндө ............................................ 183**

154. «Муниципалдык менчик» деген эмне жана анын курамына эмнелер кирет?............................................................................ 183

155. Муниципалдык менчик кантип калыптанат?......................... 184

156. Муниципалдык менчикке болгон укуктар кайсы учурларда токтотулат?............................................................................... 186

157. «Муниципалдык менчикти башкаруу» деген эмнени түшүндүрөт?............................................................................. 186

158. Эмне үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына муниципалдык менчикти натыйжалуу башкаруу маанилүү? ............................................................................... 187

159. Муниципалдык менчикти башкаруу маселелеринде жергиликтүү кеңештин жана анын аткаруучу органынын кандай ыйгарым укуктары бар?............................................. 188

160. Кайсы жерлер муниципалдык менчик болуп салынат? ........ 191

**Муниципалдык ишкана жөнүндө ............................................ 192**

161. Муниципалдык ишкана айылдык кеңешке отчет береби же маалымат береби? .................................................................. 192

162. Мектеп менен бала-бакчанын таза суу, таштанды чыгымдарын кайсы орган төлөп берүүгө милдеттүү?................................ 193

163. Муниципалдык ишкананын бюджетин жергиликтүү кеңеш бекитиши керекпи? ............................................................... 193

164. Муниципалдык ишкананын иши натыйжасыз болгон учурда анын функцияларын аутсорсингге өткөрүп берсе болобу?... 194

165. Муниципалдык ишкананын таза сууга болгон тарифин көтөрүүнүн тартиби кандай? ................................................. 195

166. Эгер муниципалдык ишканалар таза пайда тапса, ал каражаттар жергиликтүү бюджетке түшөбү же өздөрү пайдаланабы?...................................................................... 195

**Жер маселелери жөнүндө ........................................................ 196**

167. Жергиликтүү кеңеш тарабынан жеке турак жай куруу үчүн жер өлчөмүн бекитүүнүн тартиби кандай? ................................. 196

168. Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө айылдык кеңештердин компетенциясына эмнелер кирет? ................. 197

169. Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө шаардык кеңештердин компетенциясына эмнелер кирет? ................. 198

170. Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө республикалык (Бишкек, Ош), облусттук маанидеги шаарлардын мэрияларынын компетенциясына эмнелер кирет? ............... 199

171. Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө райондук маанидеги шаарлардын мэрияларынын компетенциясына эмнелер кирет? ......................................................................... 201

172. Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө айыл өкмөтүнүн компетенциясына эмнелер кирет? ........................................ 203

173. “Жер участокторун трансформациялоо” деген эмне? ........... 204

174. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүдө комиссия кандай функцияларды аткарат? 205

175. Өнөр жай үчүн жер участоктору кандай жол менен берилет? ........................................................................................ 206

176. Кайсы жерлер өзгөчө баалуу айыл чарба жерлери болуп эсептелет жана аларды башка категорияларга которууга кимдер укуктуу? ........................................................................ 207

177. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына караштуу кандай жер комиссиялары түзүлөт? ....................... 208

178. Муниципалдык менчиктеги жерлерди берүү боюнча комиссиянын курамына кимдер кирет? ................................ 209

179. Муниципалдык менчикте турган жерлерди берүүдө комиссия кандай функцияларды аткарат? ............................................ 209

180. Жеке турак жай курууга жер берүүдө комиссиянын курамына кимдер кирет? ........................................................................ 210

181. Жеке турак жай курууга жер берүүдө комиссия кандай функцияларды аткарат? ........ 210

**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун (АЖМФ) жерлери жөнүндө ........ 211**

182. АЖМФ жерлерин берүүнүн тартиби кандай? ........ 211

183. АЖМФ жерлерин канча мөөнөткө берүүгө болот? ........ 212

184. АЖМФ жерлери үчүн ижара акысын төмөндөтсө болобу? ... 212

185. АЖМФ жерлерин социалдык багыттагы субъекттерге ким берет? ........ 212

186. АЖМФнын келечек планын ким бекитет? ........ 213

**Жайыттар жөнүндө ........ 213**

187. Жайыт жерлерин мектеп же бала бакча курууга которуунун жол-жоболору кандай? ........ 213

188. Жайыт жерлерин өнөр жай объектисине которуунун жол-жоболору кандай? ........ 214

189. Асылдуулугу төмөн жайыт жерлерин айыл чарба өсүмдүктөрү үчүн өздөштүрүүгө которуунун (трансформациялоонун) жол-жоболору кандай? ........ 215

190. Жайыттарды башка (жайыт эмес) максаттарга пайдаланууга болобу? ........ 217

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН НЕГИЗДЕРИ ЖӨНҮНДӨ

## 1. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ДЕГЕН ЭМНЕ?

КР Конституциясына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу — жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарына жараша жана жоопкерчилик менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандардын жергиликтүү жамааттары тарабынан түздөн-түз же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары аркылуу жүзөгө ашырылат. (КР Конституциясынын 111-беренеси).

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзамдын 2-беренесинде жергиликтүү жамаатка төмөндөгүдөй аныктама берилген: бул тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин (айыл аймагынын, шаардын) аймагында туруктуу жашаган, жергиликтүү маанидеги маселелерди өз жоопкерчилиги астында өз алдынча чечүүдө жалпы кызыкчылыктар менен бириккен Кыргыз Республикасынын жарандары.

Өз кезегинде, Конституция жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутумун жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынан турарын аныктаган.

Мындан тышкары, Конституциянын ченемдери жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын жана алардын жетекчилеринин өз ишмердүүлүгүндө тиешелүү өкүлчүлүктүү органдарынын алдында отчеттуулугун карайт (КР Конституциясынын 112-беренеси).

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу — бул өлкөдөгү башкаруу тутумунун адамга эң жакын бөлүгү, ал жергиликтүү жамааттын жана ар бир жарандын күнүмдүк турмушундагы актуалдуу маселелерди чечүү менен алектенет. Чечимдерди кабыл алуу процессинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калктын социалдык жактан аярлуу катмарларына — аялдарга, майыптыгы бар адамдарга, карыкартаңдарга жана жалгыз бой адамдарга өзгөчө көңүл буруу менен, жергиликтүү жамааттын бардык мүчөлөрүнүн пикирлерин жана муктаждыктарын эске алууга тийиш.

## 2. «ЖЕРГИЛИКТҮҮ МААНИДЕГИ МАСЕЛЕЛЕР» ДЕГЕН ЭМНЕ?

Кыргыз Республикасынын ар бир жараны үчүн, анын жашаган жерине карабастан, бирдей маанилүү жана кызыкчылыктарына тиешелүү маселелер бар. Мисалы, мыйзам чыгаруу, улуттук коопсуздук, эл аралык союздарга кирүү жана Олимпиадада улуттук курама команданын чыгышы сыяктуу маселелер Нарын менен Баткендин тургундарына кандай тиешелүү болсо, республиканын каалаган башка шаарынын же айылынын тургундарына да ошондой эле тиешелүү. Булар жалпы мамлекеттик маанидеги маселелер болуп саналат жана аларды чечүү менен мамлекеттик бийлик алектенет. Бул маселелер Кыргыз Республикасынын бардык жарандары үчүн, алар кайда жашабасын, бирдей тартипте чечилет.

Бирок маселелердин башка түрү да бар, мисалы, көчөлөрдү жарыктандыруу же таштанды чыгаруу. Мындай маселелер, жалпысынан алганда, белгилүү бир аймактын, шаардын же айылдын (муниципалитеттин) тургундарын гана түйшөлтөт. Булар жергиликтүү маанидеги маселелер деп аталат жана аларды чечүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутумуна кирет. Тигил же бул жергиликтүү маанидеги маселе боюнча чечим ар бир шаар же айыл үчүн жекече болушу мүмкүн, бирок ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген алкактарда кабыл алынышы керек. Бул чечимдердин мыйзамдарга шайкештигин прокуратура органдары көзөмөлдөйт.

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 27-беренесинде жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеси келтирилген:

- муниципалдык менчикти башкаруу;
- жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу;
- калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу;
- калктуу конуштарда канализация тутумунун жана тазалоочу курулмалардын иштешин камсыз кылуу;
- калктуу конуштардагы муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу;
- жалпы пайдалануудагы жерлерди жарыктандырууну уюштуруу;
- көрүстөндөрдүн иштешин камсыз кылуу жана ритуалдык кызматтарды көрсөтүү;

- коомдук пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;
- парктардын, спорттук курулмалардын жана эс алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу, бош убакытты уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;
- турмуш-тиричилик калдыктарын чогултууну, чыгарууну жана утилизациялоону уюштуруу;
- муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун ишин жөнгө салуу;
- жерди пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын ченемдеринин жана эрежелеринин сакталышын камсыз кылуу ж.б.

Бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу үчүн жергиликтүү маанидеги айрым маселелер жергиликтүү бюджеттен финансылык каражаттарды кошо берүү менен юридикалык жана жеке жактарга аткарууга берилиши мүмкүн. Жергиликтүү маанидеги айрым маселелерди аткарууга берүү жөнүндө чечим айыл өкмөт башчысы же шаардын мэри тарабынан кабыл алынат («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 28-беренеси).

## 3. ЖАРАНДАРДЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУГА КАТЫШУУСУ КАНДАЙ ФОРМАЛАРДА ЖҮЗӨГӨ АШЫРЫЛАТ?

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандардын өкүлчүлүктүү жана түздөн-түз катышуу формасында жүзөгө ашырылат.

Жарандардын **өкүлчүлүктүү** катышуусу жергиликтүү кеңештер аркылуу ишке ашат.

Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырууга **түздөн-түз** катышуусу төмөнкү формаларда жүргүзүлөт:

1) Коомдук жана мамлекеттик турмуштун маселелерин, ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселелерди жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жыйындарында (чогулуштарында) жана курултайларында талкуулоо.
2) Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо.

3) Ченем жаратуучу демилге көтөрүү жана/же жергиликтүү маанидеги өзгөчө маанилүү маселелер боюнча түз добуш берүүгө катышуу.

Ошондуктан, жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруунун негизги принциптеринин тизмесинде төмөнкү принциптер бекитилген:

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ачыктыгы жана жарандардын алдындагы жоопкерчилиги, өз функцияларын калктын кызыкчылыгында ишке ашыруусу;
- Жарандардын өз эркин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму, ошондой эле жарандардын жыйындары (чогулуштары) жана курултайлары аркылуу билдирүүсү;
- Жарыялуулук жана коомдук пикирди эсепке алуу;
- Жамааттык (коллегиялдуулук), тиешелүү маселелерди чечүүдө эркин талкуулоо.

Муну менен катар, жарандар жынысына, расасына, тилине, майыптыгына, этникалык таандыктыгына, диний ишенимине, курагына, саясий же башка ынанымдарына, билимине, тегине, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле башка жагдайларга карабастан, жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга бирдей укуктарга ээ экендигин белгилеп кетүү керек. Жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, бул органдарга жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга, ошондой эле алардын ишмердүүлүгү жөнүндө мыйзамдарга ылайык маалымат алууга укуктуу.

Жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкарууга төмөнкүдөй формаларда түздөн-түз катыша алат:

- Жыйындар (чогулуштар), коомдук угуулар — бир көчөнүн, кварталдын, кичи райондун же айылдын аймагында жашаган жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн катышуусу менен өткөрүлөт жана алар боюнча сунуштамалар кабыл алынат. Мындай формалардын максаты — маанилүү маселелер боюнча жамаат мүчөлөрүнүн пикирин эсепке алуу, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жана аткаруучу органдардын маалыматтарын угуу жана талкуулоо. Жыйындардын сунуштамалары тиешелүү жыйындардан келген өкүлдөрдүн (делегаттардын) катышуусу менен каралат.
- Жамааттын муктаждыктарын биргелешип изилдөө (ЖМИЗ/СИНС) — жергиликтүү бюджетти пландоодо жана

түзүүдө колдонулат. Бул жергиликтүү маанидеги маселелерди тең салмактуу чечүү үчүн жамааттын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктоо боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттын биргелешкен ишмердүүлүк процесси.

- Биргелешкен мониторинг жана баалоо (БМ жана Б/СМиО) — бул жарандардын жана алардын бирикмелеринин катышуусу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине мониторинг жүргүзүү жана баа берүү. Мониторингдин объекттери: аткаруучу орган, муниципалдык ишканалар жана мекемелер, мамлекеттик сатып алуулардагы подрядчылар ж.б.

Жарандардын катышуусунун бардык этаптарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары катышуучулардын курамында гендердик балансты сактоого тийиш. Бул катышуучулардын арасында эки жыныстын тең өкүлдөрү болушу керек жана бир жыныстын өкүлдөрү жалпы курамдын 70%ынан ашпоого тийиш дегенди билдирет.

Эркектердин жана аялдардын тең укуктуу катышуусу үчүн төмөнкү кадамдар маанилүү:

1) кандайдыр бир топтун четте калып калбашы үчүн жамааттын жыныстык-куректык курамын изилдөө;
2) маалыматка тең жеткиликтүүлүктү түзүү;
3) иш-чаранын программасын түзүүдө эркектердин жана аялдардын муктаждыктарын эске алуу;
4) катышуучулардын тизмесин жынысы, курагы жана этникалык теги боюнча тең салмактоо;
5) пикирлери айырмаланышы мүмкүн болгон маселелер боюнча (мисалы, спортту өнүктүрүү, кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк ж.б.) ар кандай куректык жана жыныстык топтордун пикирин максаттуу изилдөө;
6) иш-чара жүргүзүлүп жаткан маселелер жарандардын жашоосуна таасир эте тургандыгы жөнүндө алдын ала консультацияларды өткөрүү;
7) аялдардын же эркектердин иш-чарага катышуусуна тоскоол болуучу социалдык, укуктук жана маданий себептерин изилдөө;
8) чечимдер кабыл алынганда аялдардын жана эркектердин пикирин бирдей эске алуу;

9) белгиленген максаттарга жетүү үчүн иш-чараларды ишке ашыруу процессинде аялдардын же эркектердин тең укуктуу катышуусу үчүн шарттарды түзүү.

## 4. «ӨТКӨРҮЛҮП БЕРИЛГЕН МАМЛЕКЕТТИК ЫЙГАРЫМ УКУКТАР» ДЕГЕН ЭМНЕ?

Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар — бул мамлекеттик органдардын өздөрүнө таандык болгон ыйгарым укуктарынын бир бөлүгүн мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актылардын же келишимдин негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүүсү.

Бул жергиликтүү калкка кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу жана бюджеттик каражаттарды натыйжалуу жумшаш үчүн жасалат. Мисалы, мамлекет үчүн ар бир айылдык муниципалитетте өзүнчө социалдык камсыздоо бөлүмүн кармоо абдан кымбатка турат, ошондуктан ал бул ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына өткөрүп берет. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүү аларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык, финансылык жана башка каражаттарды кошо берүү менен бир убакта жүрүшү керек деген шарт маанилүү.

Мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү мыйзамдын, ченемдик укуктук актылардын же мамлекеттик орган менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ортосундагы келишимдин негизинде жүргүзүлөт (Конституцияга жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамга ылайык). Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилиши мүмкүн болгон мамлекеттик негизги ыйгарым укуктарга төмөнкүлөр кирет:

- калктын ишке орношуусунун жана миграциясынын программаларын иштеп чыгуу жана аткаруу;
- жарандарды каттоо эсебине алуу, паспорттук режимдин эрежелеринин аткарылышына контролдук кылуу, белгиленген тартипте жарандарды каттоого алуу жана каттоодон чыгаруу, шайлоочулардын тизмесин түзүү;
- жарандык абалдын актыларын каттоо (ЗАГС);
- мектептик, мектепке чейинки жана кесиптик билим берүү, ошондой эле саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө кызмат

көрсөтүү үчүн имараттар жана башка объекттер менен камсыз кылуу;
- нотариалдык аракеттерди жасоо;
- жарандарга алардын өздүгүн, үй-бүлөлүк, мүлктүк абалын күбөлөндүрүүчү документтерди жана мыйзамдарда каралган башка документтерди берүү;
- Мамлекеттик айыл чарба жерлеринин фондунун (МАФ) жерлерин бөлүштүрүү жана пайдалануу;
- айыл чарба өндүрүшүн келечектүү өнүктүрүү боюнча материалдарды жалпылоо, айыл чарба продукциясын өндүрүү боюнча экономикалык божомолдорду түзүү;
- ветеринардык-санитардык, эпизоотияга каршы иш-чараларды жана мал чарбачылыгындагы селекциялык-асылдандыруу иштерин өз убагында өткөрүүнү уюштурууга көмөктөшүү;
- айыл чарба өсүмдүктөрүнүн зыянга учурашына каршы күрөшүү, токой коргоо тилкелерин жана токой массивдерин коргоо боюнча тийиштүү чараларды камсыз кылуу;
- алымдарды жана камсыздандыруу төгүмдөрүн чогултуу, ошондой эле салык мыйзамдарына ылайык салыктык укуктук мамилелер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктар;
- айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоону камсыз кылуу;
- даректүү социалдык коргоону уюштуруу максатында аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү аныктоо;
- этностор аралык мамилелерди чыңдоо, ошондой эле этностор аралык чыр-чатактардын алдын алуу жана болтурбоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу;
- пробация органдарына учурдагы милдеттерди чечүүдө жана пробациянын конкреттүү иш-чараларын аткарууда көмөктөшүү ж.б.

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫНЫН СТАТУСУ ЖӨНҮНДӨ

### 5. «ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫНЫН СТАТУСУ» ДЕГЕН ЭМНЕ?

Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу — бул мыйзамдар жана жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталуучу депутаттын укуктук абалы. Бул депутаттын ыйгарым укуктарынын

саясий-укуктук табиятына, алардын пайда болушуна, токтотулушуна жана колдонуу мөөнөтүнө байланышкан укуктарын жана милдеттерин аныктоочу мыйзам ченемдеринин жана регламенттик эрежелердин жыйындысы. Статус ошондой эле депутаттардын ыйгарым укуктарын, алардын ишмердүүлүгүнүн кепилдиктерин, ошондой эле депутаттардын шайлоочулардын алдындагы отчеттуулугун, көзөмөлдө болушун жана жоопкерчилигин камтыйт.

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укуктарына жергиликтүү кеңешке шайлануунун натыйжасында ээ болот.

Депутаттын ыйгарым укуктары тиешелүү кеңештин биринчи сессиясы ачылган күндөн тартып башталат жана кийинки чакырылыштагы кеңештин биринчи сессиясы ачылган күнү аяктайт.

## 6. ЭМНЕ ҮЧҮН ДЕПУТАТТАРГА ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨНБӨЙТ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укуктарын өндүрүштүк же кызматтык ишмердүүлүгүнөн кол үзбөй жүзөгө ашырат. Башкача айтканда, жергиликтүү кеңештин депутаты (калкынын саны 20001 адамдан жогорку жергиликтүү кеңештердин төрагаларын кошпогондо) өзүнүн депутаттык ишмердүүлүгүн коомдук башталышта жүргүзөт. Эгерде мыйзам ал кызматты же ишмердүүлүктү депутаттык иш менен айкалыштырууга уруксат берсе, ал депутат болуп шайланганга чейин ээлеп келген кызматында (жумуш ордунда) ишин уланта берет (КР «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 4-беренеси).

Мындай учурда депутат эмгек акысын өзүнүн негизги кесиптик ишмердүүлүгү боюнча алат. Сессиялар, туруктуу комиссиялардын жыйындары өткөрүлүп жаткан учурда иш берүүчүлөр депутаттын эмгек акысын сактоо менен, аны жумуш ордунан убактылуу бошотууга милдеттүү.

## 7. ДЕПУТАТТЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ КАНДАЙ УЧУРЛАРДА ТОКТОТУЛУШУ МҮМКҮН?

Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотууга төмөнкүлөр негиз болот:

1) анын депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу же фракциядан чыгуу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бериүүсү;
2) Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгышы, жарандыгын жоготуусу, башка жарандыгынын бар экендиги

тууралуу фактынын айкындалышы, же болбосо башка жарандыкты кабыл алышы;
3) депутаттык ыйгарым укуктарын аткаруусуна сыйышпаган башка ишке өтүшү же мындай иштен кетпеши;
4) башка кеңештин депутаты болуп шайланышы;
   4-1) Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде административдик-аймактык түзүлүштүн жалпы түзүмүнүн жана чектеринин өзгөрүшү;
5) тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин жергиликтүү коомдоштугунда депутаттын мүчөлүгүнүн токтотулушу;
6) шайлоонун жараксыз деп таанылышы;
7) туруктуу жашоо үчүн Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары чыгып кетиши;
8) сот тарабынан депутаттын аракетке жөндөмсүз же дайынсыз жоголду деп таанылышы, ошондой эле өлдү деп жарыяланышы;
9) ага карата соттун айыптоо өкүмүнүн мыйзамдуу күчүнө кириши;
10) жүйөлүү себептерсиз жергиликтүү кеңештин жыйналыштарында бир жыл ичинде төрт жолудан ашык катышпоосу;
11) депутаттын өлүмү.

Депутаттын ыйгарым укуктары төш белги жана аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы кол койгон күбөлүк менен ырасталат. Алар шайлоонун жыйынтыгы аныкталгандан кийин депутат болуп шайланган адамга тапшырылат.

## 8. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫНЫН ИШМЕРДИГИ МУНИЦИПАЛДЫК СТАЖ КАТАРЫ ЭСЕПТЕЛИНЕБИ, ЭГЕРДЕ ЭСЕПТЕЛСЕ КАЙСЫ ЖЫЛДАН ТАРТЫП ЭСЕПТЕЛИНЕТ?

Ооба, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 25-беренесинин талаптарына ылайык, депутаттын жергиликтүү кеңештеги иштеген убактысы муниципалдык кызмат стажына, ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайланганга чейин иштеген адистиги боюнча иш (кызмат) стажына кошулуп эсептелет деп белгиленген. Бул депутаттык стажды муниципалдык стаж катары эсептөө мөөнөтү 2014-жылдын 17-июлунан башталат, анткени ошол учурдан тартып мыйзамга тийиштүү өзгөртүү киргизилген.

Ошол 2014-жылдын 17-июлунан баштап, КР “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамы депутаттык ишти муниципалдык кызматтын стажына эсептөөгө уруксат берип келет. Анткени жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү калк тарабынан калктын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарында жана башка уюмдарда шайлоочулардын эркин билдирүү максатында шайланат. Ошондой эле туруктуу (убактылуу) комиссияларда, сессияда депутаттык ишти жүргүзөт, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган айылдык аймактын/шаарлардын бардык тургундары үчүн жалпы милдеттүү ченемдик-укуктук актыларды кабыл алат, аймакты/шаарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү, калкты социалдык коргоо программаларын, жергиликтүү бюджетти кабыл алат жана аткарылышын көзөмөлдөйт.

## 9. ДЕПУТАТ ӨЗ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫНЫН ЧЕГИНДЕГИ ИШТЕР БОЮНЧА ШАЙЛООЧУЛАРГА ӨЗ АЛДЫНЧА ОТЧЕТ БЕРИШ КЕРЕКПИ ЖЕ АЙЫЛ ӨКМӨТ БАШЧЫСЫ МЕНЕН КОШУЛУП БЕРСЕ БОЛОБУ?

Шайлоочуларга биргелешип отчет берүү мүмкүн. Депутат өзү жалгыз шайлоочуларынын алдында же депутаттык топ менен биргеликте, же айыл өкмөт башчысы, мэр менен биргеликте шайлоочуларына отчет берсе болот. Бирок депутат өз шайлоочуларына өзүнүн депутат катары кандай иш аракеттерди аткарды, шайлоочулардын суроо-талаптарын кандай жол менен ишке ашырып чечти, жергиликтүү кеңеште кандай демилгелерди көтөрдү, кайсы көйгөйлөрдү чечти так маалымат берүүсү керек. Айыл өкмөт башчысынын же мэрдин маалыматы депутаттын отчету катары эсептелбейт.

Депутаттын отчету шайлоочулардын талабына ылайык каалаган убакта, бир жыл ичинде бир нече жолу да өткөрүлүшү мүмкүн. Депутаттын отчету анын шайлоо округунун шайлоочуларынын чогулуштарында, жыйындарында өткөрүлүшү мүмкүн.

Жергиликтүү кеңештин депутаты КР “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 13, 15-беренелеринин талаптарына ылайык, өзүнүн шайлоочулары менен дайыма байланышта болуп туруусу керек. Шайлоочуларына жергиликтүү кеңештин иши, аймактын/шаардын экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн пландарынын жана программаларынын, жергиликтүү кеңештин чечимдеринин жана шайлоочулардын суроо -

талаптарынын аткарылышы жөнүндө аларга үзбөй маалымат берип туруусу керек. Өзүнүн шайлоо округунун аймагында өткөрүлгөн массалык иш-чараларга катышып, коомдук ой-пикирди, калктын керектөөлөрүн иликтеп, алар тууралу жергиликтүү кеңешке маалымдап, шайлоочулардын муктаждыктарын жана мыйзамдуу талаптарын канааттандыруу боюнча иш аракеттерди жасоого милдеттүү.

Ошол эле учурда, жергиликтүү кеңештин депутаты шайлоочулардын алдында өзүнүн иши жана өзү шайланган жергиликтүү кеңештин иши жөнүндө мезгил-мезгили менен, бирок жылына бир жолудан кемитпей отчет берип турууга милдеттүү.

Ушул эле мыйзамдын талабы боюнча чогулуштун жыйынтыгы менен шайлоочулар тарабынан жергиликтүү кеңештин депутатынын ишине баа берилет, ал тиешелүү жергиликтүү кеңешке жиберилүүсү керек. Отчет берүүнү өткөрүү жөнүндө депутат жергиликтүү кеңешке же белгиленген тартипте анын туруктуу комиссиясына маалымат берет.

## 10. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫНЫН ШАЙЛООЧУЛАРДЫН АЛДЫНДА ОТЧЕТУН ТАПШЫРУУГА АЙЫЛ ӨКМӨТ ЖАРДАМ БЕРИШ КЕРЕКПИ ЖЕ ӨЗҮ УЮШТУРУП ОТЧЕТ БЕРЕБИ?

Жергиликтүү кеңештин депутатына КР “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесине ылайык анын отчетторун берүү жана шайлоочулар менен жолугушууларын өткөрүү үчүн айыл өкмөтү/мэрия зарыл шарттарды камсыз кылып берүүсү керек.

Ар бир жергиликтүү кеңеш өзүнүн депутаттарынын шайлоочулар алдында отчетторун берүүсү боюнча болжолдуу мөөнөтүн аныктап кайсы депутат, кайсы жерде, кайсы убакта отчет берүүсү боюнча график түзүп кеңештин тескемеси менен бекитип алса болот. Депутатты кеңештин катчысы, шаардык кеңештин аппараты, аткаруу органдары отчет үчүн зарыл болгон маалымат жана кабар материалдары менен өз убагында камсыз кылуусу керек.

Депутаттын отчету өткөрүлгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациялары чогулуштарды өткөрүү үчүн имарат-жай бөлүп беришет, алар өткөрүлүүчү убакыт жана жер жөнүндө шайлоочуларга кабарлайт, ошондой эле депутатка анын шайлоо округундагы ишин илгерилетүүчү башка чараларды көрөт.

Депутаттардын отчеттору жана шайлоочулар менен жолугушуулары массалык маалымат каражаттарында чагылдырылат.

Депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетторун өткөрүүгө байланышкан чыгымдар тийиштүү жергиликтүү бюджеттердин эсебинен алынат.

## 11. ДЕПУТАТТАР ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ФИРМАЛЫК БЛАНКАЛАРЫН КОЛДОНУП МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРГА КАТ ЖОЛДОЙ АЛАБЫ?

Ооба, КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы “Кыргыз Республикасынын иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама жөнүндө” № 120 токтому менен бекитилген Типтүү нускамага ылайык жергиликтүү кеңештин атайын расмий бланкасын, туруктуу комиссиялардын бланкаларын, депутаттын жеке бланкаларын тиешелүү реквизиттерди белгилөө менен типографиядан жасатуу боюнча буйрутма берсе болот. Бул расмий бланкалар жергиликтүү кеңештин жана туруктуу комиссияларынын чечимдерин тариздөөгө, жана кайрылууларын жолдоого, депутаттын расмий кайрылууларын мамлекеттик органдарга, жана башка тараптарга жолдоо үчүн колдонулат.

Жергиликтүү кеңештин депутаты КР “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 14-беренесине ылайык өзүнө түшкөн сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды карап чыгат, аларды туура жана өз убагында чечүүгө карата чара көрөт, жарандарды кабыл алат.

Ошол эле учурда депутат өзүнө түшкөн сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды чечүү анын ыйгарым укуктарына кирбесе тийиштүү мамлекеттик органдарга, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга жөнөтө алат. Алар бул сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды колдонуудагы мыйзамдарга ылайык карап чыгууга жана натыйжалары жөнүндө арыз ээсине, ошондой эле депутатка маалымдоого милдеттүү.

Депутат даттануулардын чыгышынын себептерин иликтөөгө жана аларды жоюу боюнча өз сунуштарын өзү шайланган жергиликтүү кеңешке, мамлекеттик органдарга, жарандардын бирикмелеринин органдарына, ишканаларына, мекемелерге жана уюмдарга киргизе алат.

Эгерде соттун чечимине же судьянын жүрүм-турумуна даттанылган депутатка кайрылуу түшкөн болсо, мындай соттун чечимине же судьянын жүрүм-турумуна даттануу тартибин түшүндүрүү менен, кайрылууну жиберген жаранга кайтарып берет.

## 12. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ, АЙЫЛ ӨКМӨТТӨ КОНТРАКТЫК НЕГИЗДЕ ИШКЕ ОРНОШО АЛАБЫ (МАДАНИЯТ ҮЙҮНҮН БАШЧЫСЫ, КИТЕПКАНАЧЫ, МУЗЕЙ БАШЧЫСЫ, АЙЫЛ БАШЧЫСЫ, ТОП, МОП)?

Жок болбойт. КР "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамынын 5-беренесинин талаптарына ылайык, эгерде депутат ошол эле айыл аймакта депутат болуп шайланып ошол эле айыл аймакта айыл өкмөт башчысы менен эмгек келишимин (контракт) түзүп жумушка орношконго болбойт. Же депутаттык ыйгарым укуктарды аткаруусу керек же айыл өкмөтү менен эмгек келишимдин (контракттын) негизинде иш алып баруусу керек.

Анткени КР Конституциясынын 112-беренесинин 2-пунктуна ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары (айыл өкмөт, мэрия) жана алардын жетекчилери өз иштеринде өкүлчүлүктүү органдарга (кеңештерге) отчет беришет деп белгиленген.

Бул жерде депутат менен айыл өкмөт башчысынын ортосунда кызыкчылыктардын кагылышуусу жаралат. Бир эле учурда айыл өкмөт башчы жумушка алган кызматкер депутат болсо, анда ал айыл өкмөт башчыга баш ийип, ошол эле учурда айыл өкмөт башчысы ал жумушка алган депутатка отчеттуу болуп калат. Бул туура эмес корунуш кызыкчылыктардын кагылышуусуна жана мыйзам бузууларга алып келет.

Андан сырткары, тиешелүү айыл аймактын же шаардын калкына республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик же муниципалдык ишкананын жетекчилери да депутат боло албайт экендигин эске сала кетуу керек, ошондой эле депутаттык ыйгарым укуктарды диний иш менен да айкалыштырууга болбойт.

Бирок депутатка депутат болуп саналбаган башка айыл аймакта/шаарда иштеген муниципалдык, айрым мамлекеттик кызматтарда, контракттык негизде айыл өкмөттө/мэрияда иштеген жумушчу болуп иштөөгө мыйзам тыйуу салбайт.

## 13. ДЕПУТАТ ТӨРАГАНЫН АТЫНА БАШКА ЖУМУШКА ОРНОШКОНДУГУН БЕЛГИЛЕП, ДЕПУТАТТЫК МАНДАТЫН ТАПШЫРУУ БОЮНЧА АРЫЗ ЖАЗГАН, КАЙСЫ МЫЙЗАМ БОЮНЧА АНЫН МАНДАТЫН ТОКТОТО АЛАБЫЗ?

Эгерде депутат депутаттык ыйгарым укуктарын аткаруусуна сыйышпаган башка ишке өтсө анда анын депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотуу КР “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 3-беренесине ылайык токтотулат.

Бул учурда, депутаттык мандатын тапшыруу боюнча төрагага арыз жазган депутаттын арызын төрага тиешелүү туруктуу комиссиянын кароосуна жөнөтөт.

Тиешелүү туруктуу комиссия депутаттын депутаттык ыйгарым укуктарын аткаруусуна сыйышпаган башка ишке өтүүсүн тастыктап, өз корутундусу менен кеңештин чечиминин (токтом, тескеме) долбоорун даярдап кеңештин сессиясына кароого киргизет.

Жергиликтүү кеңеш сессияда жогоруда көрсөтүлгөн негиздер боюнча депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимин депутаттардын жалпы санынын көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алат жана кабыл алынгандан кийин 3 күндөн кечиктирбестен тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтөт.

Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө маселени кеңештин тиешелүү сунуштамасынын негизинде 30 календарлык күндөн кечиктирбестен жүзөгө ашырат.

## 14. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНГА (МИСАЛЫ РАЙОНДУК СОЦ.ФОНДГО) БАШЧЫ БОЛУП ДАЙЫНДАЛДЫ, ДЕПУТАТТЫК МАНДАТЫН ТАПШЫРЫШЫ КЕРЕКПИ?

Жок, тапшырбайт. Себеби КР “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинин талаптарына ылайык, эгерде депутат айыл аймакта депутат болуп шайланып, бирок ошол эле айыл аймак боюнча эмес райондук мамлекеттик мекеменин жетекчиси болуп дайындалса (мисалы, райондук социалдык фонддун бөлүмүнө) жана ал мамлекеттик мекеме ал депутат болуп шайланган айылдык кеңешке отчеттуу болбосо, депутаттык ыйгарым укуктарын аткарууга мыйзам чектөө койбойт.

Тактап айтканда, бул учурда депутат мамлекеттик мекемеге жетекчи болуу менен райондук денгээлде жана райондун аймагында баардык айыл аймактар менен иш алып барат жана өзү депутат болгон айыл аймактагы жергиликтүү кеңешке отчеттуу эмес.

## 15. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ БАШКА АЙЫЛ ӨКМӨТТҮН МУНЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЫНДА ИШТӨӨГӨ УКУГУ БАРБЫ?

Ооба, иштөөгө укугу бар. Эгерде депутат өзүнүн жашаган жеринде депутат болуп шайланып, бирок башка айыл аймакта же шаарда муниципалдык кызматта эмгектенсе, жана ал аткаруу органы ал депутат болуп шайланган кеңешке отчеттуу болбосо, ага өзүнүн жашаган жеринде депутат болуп шайланган кеңеште депутаттык ыйгарым укуктарын аткарууга мыйзам тыйуу салбайт.

Ал эми депутат ошол эле айыл аймакта жашап жана депутат болуп шайланып, ошол эле айыл аймакта муниципалдык кызматта иштесе, анда мыйзам жол бербейт (КР “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинин талаптары).

Анткени КР Конституциясынын 112-беренесинин 2-пунктуна ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары (айыл өкмөт, мэрия) жана алардын жетекчилери өз иштеринде өкүлчүлүктүү органдарга (кеңештерге) отчеттуу деп белгиленген.

Бул жерде депутат менен муниципалдык кызматкердин ортосунда кызыкчылыктардын кагылышуусу жаралат.

## 16. МЕКТЕПТИН ЖАНА БАЛА БАКЧАНЫН БАШЧЫЛАРЫ ЖАНА КЫЗМАТКЕРЛЕРИ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ БОЛО АЛЫШАБЫ?

Ооба, боло алышат. Себеби азыркы колдонуудагы КР “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинин талаптарына ылайык, билим берүү жана саламаттык сактоо мекемелеринин жетекчилерине жана кызматкерлерине депутат болууга чектөөлөр мыйзамдан алынып салынган.

Ошондуктан жогорку, орто техникалык, орто билим берүүчү мектептердин директорлору, орун басарлары, мугалимдери, кызматкерлери, бала-бакчалардын жетекчилери, тарбиячылары,

кызматкерлери, ҮДТ, ФАП, оорукааналардын жетекчилери жана кызматкерлери жергиликтүү кеңештин депутаты боло алышат.

## 17. МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНАНЫН ЖЕТЕКЧИСИ ЖАНА КЫЗМАТКЕРЛЕРИ ДЕПУТАТ БОЛО АЛЫШАБЫ?

Жооп муниципалдык ишкананын кызмат ордуна жана жайгашкан жерине (отчеттуулук) жараша болот. Муниципалдык ишканалардын жетекчилеринин орун басарлары жана кызматкерлери эч кандай чектөөсүз депутат боло алышат. Бирок, муниципалдык ишканалардын жетекчилери өздөрү кызмат көрсөткөн ошол эле айылдык аймакта же шаарда жергиликтүү кеңештин депутаты боло алышпайт.

Ошол эле учурда, белгилей кетүү керек, эгерде депутат башка айыл аймактын же шаардын муниципалдык ишканасынын жетекчиси болсо жана өзү депутат болуп шайланган жергиликтүү кеңешке отчеттуу болбосо, анда депутаттык ыйгарым укуктарын токтотпостон аткарууга укуктуу.

КР "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамынын 5-беренесине киргизилген акыркы өзгөрүүлөргө ылайык, билим берүү жана саламаттык сактоо мекемелеринин жетекчилерине жана кызматкерлерине депутат болууга чектөөлөр мыйзамдан алынып салынды.

Бирок, тиешелүү айыл аймактын же шаардын калкына республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик же муниципалдык ишкананын жетекчилерине депутат болууга чектөө коюлган, ошондой эле чектөө диний мекемелерде иштеген жарандарга да коюлган.

## 18. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ ШАЙЛАНГАН АЙЫЛ АЙМАГЫНАН ТУРУКТУУ ЖАШООГО БАШКА ЖАКА КӨЧҮП КЕТСЕ, ДЕПУТАТТЫК МАНДАТЫНАН АЖЫРАЙБЫ?

Ооба, депутат туруктуу жашаган жериндеги каттоосун өзгөртсө, мандатынан ажырайт, себеби ал ошол жергиликтүү коомчулуктун мүчөсү болуп эсептелинбей калат жана депутаттык милдеттерин толук аткаралбай калат.

Жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайланууга 21 жаш куракка толгон, жалпы орто билимден төмөн эмес билими бар, мамлекеттик тилди билген, шайлоо жүрүп жаткан айыл аймактын же шаардын

жергиликтүү жамаатынын мүчөсү болуп катталган Кыргыз Республикасынын жараны ошол шайлоо жүрүп жаткан айыл аймактын же шаардын жергиликтүү кеңешинин депутаты болуп шайланууга укуктуу.

Ошол эле учурда, мыйзамдарда жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу негиздеринин бири катары депутаттын шайланган айыл аймакта же шаарда (административдик-аймактык бирдикте) жергиликтүү жамааттын мүчөлүгүнөн чыгып кетүүсү көрсөтүлгөн.

Бул учурда депутат ошол жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайланган айыл аймактан же шаардан жергиликтүү жамааттын мүчөлүгүнөн каттоодон чыгып башка айыл аймакка же шаарга туруктуу жашоо үчүн каттоого туруусу негиз болоору билдирилүүдө. Бирок, депутат каттодон чыкпай башка айыл аймакка же шаарга көчүп барып жашап, депутаттык милдеттерин аткарууга толук кандуу катыша алса, анда депутаттык мандатын сактап иштөөгө мыйзам уруксат берет.

(КР “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 3-беренесинин 5-пункту).

## 19. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ БИРДИКТҮҮ САЛЫК ДЕКЛАРАЦИЯЛАРЫН ТАПШЫРЫШЫ КЕРЕКПИ ЖЕ БОШОТУЛГАНБЫ?

Жергиликтүү кеңештин депутаттары отчеттук жыл үчүн Кыргыз Республикасында жана анын аймагынан тышкарыга, ошондой эле анын жакын туугандарына таандык болгон кирешелер, чыгымдар, милдеттенмелер жана мүлк, ошондой эле кирешелерди алуунун жана кетирген чыгымдардын негиздемеси жөнүндө маалыматтарды камтыган бирдиктүү салык декларациясын жашаган жери боюнча (паспорттук маалыматтарга ылайык) салык органына электрондук түрдө берүүгө милдеттүү.

Бирдиктүү салык декларациясы салык отчеттуулугу болуп саналат, анын максаты - субъекттин экономикалык иши тууралуу маалыматты, салыктык милдеттенмелерин эсептөө үчүн зарыл болгон кирешелер, чыгымдар жана мүлк жөнүндө, салыктардын эсептелген жана/же төлөнгөн суммасы жана колдонулуучу салык жеңилдиктери тууралуу маалыматтарды берүү.

Бирдиктүү салык декларациясын тапшыруу саясий жана административдик муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарга милдеттүү.

Тактап айтканда, жергиликтүү кеңештин депутаттары, айыл өкмөт башчысы жана мэр - муниципалдык саясий кызматкер болуп саналат, ал эми айыл өкмөтүнүн, мэриянын, айылдык, шаардык кеңештердин муниципалдык кызматкерлери – административдик муниципалдык кызматкерлерге киришет.

Депутаттын жакын туугандарына жубайы (жолдошу), жашы жете элек балдары, декларанттын багуусунда же толук камкордугунда турган, же декларант тарабынан багууга укугу бар адамдар, аларга карата декларанттар жашоого, билим алууга, саламаттык сактоого жана башка зарыл чыгымдарды жабуу бөлүгүндө финансылык чыгымдарды тарткан жашы жеткен балдары, ата-энелери, ага-инилери жана эже-карындаштары таанылат.

Бирдиктүү салык декларациясы өз убагынан кечигип берилген же берилбеген учурларда, ошондой эле берилген декларацияда толук эмес жана/же анык эмес маалыматтар аныкталган учурларда салык кызматынын органдары тийиштүү материалдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган чараларды көрүү үчүн прокуратура органдарына жөнөтүүгө милдеттүү. (КР Салык кодексинин 106, 107-беренелери).

## 20. ДЕПУТАТТАРДЫ СЕССИЯГА КАТЫШУУ БОЮНЧА ЧАКЫРУУ БАРАГЫ КЕЛГЕНДЕ, АНЫН НЕГИЗГИ ИШТЕГЕН ЖЕРИ СЕССИЯГА ЖИБЕРҮҮГӨ МИЛДЕТТҮҮБҮ ЖЕ АЛ ЧАКЫРУУ БАРАГЫ ЖАРАБАЙБЫ?

Ооба, жиберүүгө милдеттүү. "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4 жана 24-беренелерине ылайык, жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укуктарын өндүрүштүк же кызматтык ишинен кол үзбөй туруп жүзөгө ашырат жана ыйгарым укуктарын эч ким чектөөгө укуксуз.

Жергиликтүү кеңештер жана алардын органдары (туруктуу комиссиялар) жергиликтүү кеңештин аппараттары депутаттар өз ыйгарым укуктарын натыйжалуу жүзөгө ашыруусу үчүн зарыл шарттарды камсыз кылышат.

Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары жана жарандардын бирикмелеринин органдары, ишканалар, мекемелер, уюмдар, алардын кызмат адамдары депутаттардын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

Ошол эле учурда, белгилей кетүү керек, депутат жергиликтүү кеңештердин ишинин негизги уюштуруучулук-укуктук формасы болуп саналган алардын сессияларына, туруктуу (убактылуу) комиссияларынын жыйындарына сөссүз катышууга милдеттүү. Сессияларды, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарын өткөрүүнүн тартиби жана алардын мезгилдүүлүгү жергиликтүү кеңештин Регламенти менен аныкталат.

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары кеңештин карамагына кирген маселелерди алдын ала кароо жана даярдоо үчүн, ошондой эле кеңештин чечимдерин ишке ашырууга катышуу, чечимдердин ведомстволук аймакта жайгашкан мекемелер жана уюмдар тарабынан аткарылышына контролдук кылуу үчүн түзүлөт.

Жергиликтүү кеңештин карамагына кирген маселелер тиешелүү туруктуу комиссиялар тарабынан алдын ала каралбай туруп, жергиликтүү кеңештин сессиясында каралышы мүмкүн эмес. Ал эми туруктуу комиссияларда жана сессияларды кеңеш тарабынан ченемдик укуктук актылар, чечимдер кабыл алынуусу үчүн депутаттардын жалпы санынын көпчүлүгү катышуусу керек. Айрым маселелер үчүн депутаттардын жалпы санынын үчтөн экиси катышуусу милдеттүү болот.

Ошол себептен, депутаттын туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарына, сессияларга катышуусу боюнча ыйгарым укуктарын эч ким чектөөгө укуксуз. Депутат жергиликтүү кеңештин Регламентин, жергиликтүү кеңештин, анын органдарынын ишинин тартибин аныктоочу башка ченемдик укуктук актыларды сактоого, жергиликтүү кеңештин сессияларына, өзү курамына кирген туруктуу комиссиянын жыйындарына катышууга милдеттүү.

Жергиликтүү кеңештер, туруктуу (убактылуу) комиссиялар жана жергиликтүү кеңештин аппараттары депутаттарды өз убагында жыйындарга, сессияларга катыштыруу үчүн алдын ала кеңештин Регламентинде белгиленген мөөнөттөрдө депутат иштеген мекеме, ишканаларга чакыруу барактарын жөнөтүп билдирүү берүүсү керек. Депутат ал билдирүү (чакыруу барактарын) өзүнүн эмгек жамаатынын жетекчилигине билдирип, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын

жыйындарына, сессияларга милдеттүү түрдө катышуусу керек. (КР “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 9, 24-беренелери).

## 21. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА ТЕСТ ТАПШЫРУУГА МИЛДЕТТҮҮБҮ?

Ооба, жергиликтүү кеңештин депутаттары мамлекеттик тилди билүүсү милдеттүү жана аны билүү деңгээлин аныктоо үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилүүчү сертификат менен күбөлөндүрүлөт.

“Кыргызтест” системасы боюнча кызматтык жана функциялык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө депутаттар үчүн мамлекеттик тилди билүү деңгээлдери төмөнкүдөй белгиленген:

- 2025-жылдан тартып - орто деңгээлден (B1) төмөн эмес;
- 2027-жылдан тартып - ортодон жогору деңгээлден (B2) төмөн эмес.

Аткени, кыргыз тили Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат.

Кыргыз Республикасында расмий тил катары орус тили пайдаланылат. Расмий тилди пайдалануу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасы өзүнүн аймагында жашаган бардык этностордун өкүлдөрүнүн тилдерин эркин пайдалануу принцибин карманат жана бул тилдерди өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө кепилдик берет. Кыргыз Республикасынын ар бир жараны өз эне тилин сактоо, окуп үйрөнүү жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, менчиктин бардык формаларындагы ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ишинде милдеттүү түрдө пайдаланылууга тийиш.

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жумуш тили болуп мамлекеттик тил саналат.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын расмий документтери мамлекеттик тилде жол-жоболоштурулат жана мыйзамдарда каралган учурларда расмий тилге которулат жана эки тилде жарыяланат.

Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары мамлекеттик жана расмий тилдерде кабыл алынат.

Расмий документтердин жана ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик тилдеги нускасы түп нуска болуп саналат.

Тийиштүү айыл аймактын же шаардын аймагында мамлекеттик тилде сүйлөгөн адамдардын басымдуу саны жашаган жана жергиликтүү кеңештин тиешелүү чечими болгон шартта, жергиликтүү кеңештин ченемдик укуктук актыларын (токтомдорун) мамлекеттик тилде гана кабыл алууга жол берилет.

Мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, ошондой эле менчиктин бардык формаларындагы мекемелерде, ишканаларда, уюмдарда иш кагаздарын жүргүзүү жана документ жүгүртүү мамлекеттик тилде, ал эми зарыл учурларда расмий тилде жүргүзүлөт.

Жарандар мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга мамлекеттик же расмий тилдерде кайрылууга укуктуу. Жарандардын кайрылууларына жооптор кайрылуу жазылган тилде берилет.

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана башка ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилери өз кызматкерлерине мамлекеттик тилди үйрөнүүсү үчүн шарт түзүүгө, иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнү камсыз кылууга милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринде белгиленген тизмедеги мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар, Жогорку Кеңештин депутаттары, жергиликтүү кеңештердин депутаттары мамлекеттик тилди билүүгө жана аны кызматтык милдеттерин аткарууда пайдаланууга милдеттүү.

Мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, менчиктин бардык формаларындагы уюмдардын жана мекемелердин жетекчилери, ошондой эле юридикалык жана жеке жактар КР Мамлекеттик тил жөнүндө конституциялык мыйзамын жана мамлекеттик тил чөйрөсүн жөнгө салуучу башка мыйзам актыларын бузгандыгы жана сактабагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында жоопкерчилик тартат.

(КР Мамлекеттик тили жөнүндө конституциялык мыйзамы, КР Министрлер кабинетинин 2025-жылдын 17-апрелиндеги №211 “Мамлекеттик жарандык кызматчылардын, муниципалдык кызматчылардын, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык менчик түрүндөгү ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын

кызматкерлеринин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин белгилөө жөнүндө” токтому).

## 22. ЖЕРГИЛИКТУУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ АТА-ЭНЕЛЕРДИН АРЫЗ-ДАТТАНУУЛАРЫНЫН НЕГИЗИНДЕ МЕКТЕП, БАЛА-БАКЧАДАГЫ БАЛДАРДЫН БИЛИМ БЕРҮҮ САПАТЫН, ТАРБИЯСЫН, ТАМАК-АШЫНЫН САПАТЫН ТЕКШЕРЕ АЛАБЫ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңешке анын органдарына анын аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ишин менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле финансы-чарбалык иштен тышкары сотторду жана судьяларды кошпогондо, мамлекеттик органдарды жана жарандардын бирикмелеринин органдарынын ишин текшерүү зарылдыгы жөнүндө маселе коюуга укуктуу.

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары өзүнө караштуу аймакта жайгашкан уюмдардын жана мекемелердин оперативдик-чарбалык ишине кийлигишүүгө укуксуз.

Жергиликтүү кеңеш ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга депутат баяндаган фактылар боюнча текшерүү жүргүзүүнү сунуштоого укуктуу. Мында текшерүү колдонулуп жаткан мыйзамдарга ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган текшерүүнүн натыйжасын жергиликтүү кеңешке же текшерүү жүргүзүүнү сунуштаган анын органына билдирет.

Текшерүүнүн натыйжасы боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана иши текшерилген органдардын жетекчилерине (менчик ээлерине), ошондой эле жогору турган органдарга кетирилген кемчиликтерди жана бузууларды жоюу боюнча сунуш киргизет, жоопко тартуу тууралу маселе коет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бузулгандыгы аныкталган учурда, депутат ал боюнча тийиштүү мамлекеттик органдарга кайрыла алат.

Ошол себептүү, ата-энелерден кайрылуулар түшкөн учурда, жергиликтүү кеңештин депутаттары жергиликтүү кеңештин жана анын туруктуу комиссияларынын алдына мектептердеги жана бала бакчалардагы балдарды окутуунун, тарбиялоонун жана тамактандыруунун сапатын текшерүү зарылчылыгы жөнүндө маселени

коюуга укуктуу. Андан ары, жергиликтүү кеңеш чечим кабыл алат жана жергиликтүү кеңештин чечими боюнча текшерүү жүргүзүү үчүн тиешелүү тармактын ыйгарым укуктуу укук коргоо органдарына, инспекцияларына же жогору турган органдарына жөнөтөт. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган текшерүү жүргүзүү сунушун киргизген жергиликтүү кеңешке анын натыйжалары жөнүндө маалымдайт.

(КР "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамынын 12-беренеси, КР "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 37-беренсинин 2-бөлүгү).

## 23. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ ӨЗҮ ЖЕ АНЫН ЖАКЫН ТУУГАНДАРЫ ОШОЛ АЙМАКТАГЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ ӨТКӨРГӨН САТЫП АЛУУ КОНКУРСУНА КАТЫША АЛАБЫ ЖЕ МЫЙЗАМДА ЧЕКТӨӨЛӨР БАРБЫ?

Депутат өзү депутат болуп шайланган айыл аймактагы/шаардагы айыл өкмөтүнүн/мэриянын же муниципалдык ишкана, мекеменин мамлекеттик сатып алуу конкурстарына катышуусу же анын жакын туугандарынын, жакын адамдарынын катышуусу аффилирленген жак болуп эсептелип мыйзамда чектөөгө алып келет.

Ошол эле учурда белгилей кетүү керек, депутаттын, анын жакын туугандарынын, жакын адамдарынын башка айыл аймактардагы, шаардагы айыл өкмөтүнүн/мэриянын мекеме, ишканалардын, же башка мамлекеттик органдардын, мамлекеттик мекеме, ишканалардын сатып алууларына катышуусуна мыйзам чектөө койбойт.

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамында кимдерге мамлекеттик сатып алууга катышууга чектөө койулгандыгы жана кимдер аффилирленген жак болуп эсептелээри тууралуу аныктамалар берилген.

Аларды карап көрө турган болсок аффилирленген жак – бул сатып алуучу уюм (катышуучу же уюштуруучу болуп саналган мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерди кошпогондо), төмөндөгү мүнөздөмөлөрдүн бирине же бир нечесине ылайык келген жана иши атаандаштык жөнүндө мыйзамдарга карама-каршы келбеген жак:

- мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболору боюнча чечим кабыл алууга таасир көрсөтүүчү жак;

- сатып алуучу уюмдардын/Агенттин жетекчиси жана кызматкери, ошондой эле алардын жакын туугандары же жакын адамдары;
- саясий мамлекеттик кызматты, саясий муниципалдык кызматты, атайын мамлекеттик кызматты ээлеген жак болуп саналган берүүчүнүн (поставщиктин) же консультанттын катышуучусу (уюштуруучусу) жана берүүчүнүн (поставщиктин) же консультанттын уставдык капиталында үлүшкө ээ болгон анын жакын туугандары же жакын адамдары.

Ушул эле мыйзамда берүүчүнүн (поставщиктин), консультанттын жакын туугандарына - атасы жана энеси, асырап алуучулар, балдары, анын ичинде асырап алынгандар, бир ата-энеден тараган жана атасы же энеси башка ага-инилер жана эже-сиңдилер, чоң атасы, чоң энеси, неберелери кирет.

Ал эми берүүчүнүн (поставщиктин), консультанттын жакын адамдарына - катталган никеде турган жактар, анын ичинде чогуу жашаган, бирок никеде турбаган адамдар, ошондой эле өгөй ата, өгөй эне, өгөй бала, өгөй кыз, күйөө бала, келиндери кирет.

Бул жагдайда сатып алуучу уюм – айыл өкмөтү жана муниципалдык мекемелер, ишканалар же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттарынын эсебинен түзүлгөн фонддор жана башка юридикалык жактар саналат.

Берүүчү (поставщик) товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүү боюнча сатып алуулардын жол-жоболоруна катышкан ар кандай юридикалык же жеке жак.

Консультант бул консультациялык кызматтарды көрсөтүүчү жеке (жеке консультант) же юридикалык жак. Консультациялык кызмат көрсөтүүлөргө - зарыл адистештирилген кесиптик билими, тажрыйбасы жана тиешелүү квалификациясы бар консультанттар тарабынан берилүүчү интеллектуалдык же консультациялык мүнөздөгү консультанттардын кызмат көрсөтүүлөрү эсептелет.

## 24. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ КООМДУК БИРИКМЕНИН ЖЕТЕКЧИСИ БОЛО АЛАБЫ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ЖЕКЕ ИШКЕРЛИК МЕНЕН АЛЕКТЕНЕ АЛАБЫ?

Ооба, алектене алат. Жергиликтүү кеңештин депутаты бир эле учурда коомдук бирикменин, уюмдардын жетекчиси болуп

эмгектенүүсүнө, ошондой эле ошол эле айыл аймакта/шаарда жеке ишкерлик менен эмгектенүүсүнө мыйзамдар тыйуу салбайт.

Бирок, жергиликтүү кеңештин депутатына КР «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинде белгиленген айрым кызматтардын жана иштин түрлөрү менен бир эле учурда эмгектенүүсүнө чектөө киргизилген.

Тактап айтканда, жергиликтүү кеңештин депутаты ошол эле шайланган айыл аймактагы/шаардагы айыл өкмөтүнүн башчысы, шаардын мэри, айыл өкмөтүнүн, мэриянын муниципалдык кызматкери боло албайт. Ошол эле айылдык кеңештин жооптуу катчысы, шаардык кеңештин аппаратынын кызматкери боло албайт.

Ошондой эле, жергиликтүү кеңештин депутаты эмгек келишиминин же контракттын негизинде айыл өкмөт башчысы, мэр тарабынан жумушка алган кызматтарда иштей албайт.

Депутаттык ыйгарым укуктарды ошол эле айыл аймагынын же шаардын калкына республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик же муниципалдык ишкананын жетекчисинин кызмат орду, ошондой эле диний иш менен да айкалыштырууга болбойт.

Мындай мыйзамдагы чектөөлөр аткаруучу жана отчеттуу органдар менен контролдоочу жана отчет алуучу органдардын ортосунда кызыкчылыктардын кагылышуусун алдын алуу максатында киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 112-беренесинин 2-пунктуна ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары (айыл өкмөт, мэрия) жана алардын жетекчилери өз иштеринде өкүлчүлүктүү органдарга (кеңештерге) отчет беришет деп белгиленген.

Бирок депутаттын башка айыл аймактын/шаардын айыл өкмөтүндө, мэриясында, алардын муниципалдык ишкана, мекемесинде, эмгек келишимин же контракттык негизде бир эле учурда иштөөсүнө мыйзам тыйуу салбайт. (КР «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренеси).

## 25. ТУРУКТУУ КОМИССИЯНЫН ТӨРАГАСЫ ӨЗ КААЛООСУ МЕНЕН ТӨРАГАЛЫКТАН КЕТҮҮ БОЮНЧА АРЫЗЫН ЖАЗГАН УЧУРДА, ЖАҢЫ ТӨРАГАНЫ ШАЙЛОО ПРОЦЕДУРАСЫ КАНДАЙ ИШКЕ АШЫРЫЛАТ?

Жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссияларынын укуктары, милдеттери, уюштуруу жана иш тартиби жергиликтүү кеңештин Регламенти менен белгиленет.

Башкача айтканда, кеңештин Регламентинде туруктуу комиссиянын мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери, төрагасын, орун басарын шайлоо тартиби, аларды чакыртып алуу тартиби, анын негиздери, талапкерлерди демилгелөө, сунуштоо, комиссиянын ишин уюштуруу тартиби жана башка ички иш тартиптери так белгилениши керек. Бул маселелер мыйзамдарда аныкталган эмес ошондуктан кеңештин регламентинде аныктоосу боюнча сунуштама берилген.

Аталган жагдайда, эгерде туруктуу комиссиянын төрагасы өз каалоосу менен төрагалык милдетин тапшыруу жөнүндө арыз менен кеңештин төрагасына кайрылган учурда, кеңештин Регламентине ылайык кеңештин депутаттары тарабынан туруктуу комиссиянын төрагасын өз каалоосу менен бошотуу тууралуу сессияда чечим кабыл алынып, кайра депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добуштары менен сессияда жаны талапкер туруктуу комиссияга төрага болуп шайлануусу мүмкүн. Ошол эле учурда туруктуу комиссиянын төрагалык кызматын тапшырган депутат ошол эле туруктуу комиссияда мүчө болуп калуусу ыктымал же башка туруктуу комиссияга өтүп иштөөгө да мүмкүнчүлүгү бар.

Мыйзамда туруктуу комиссиялардын тизмегин, алардын сандык курамын жана шайлоо тартибин тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттык фракцияларынын, топторунун жана депутаттарынын сунушу боюнча жергиликтүү кеңеш аныктайт деп гана белгиленген. Демек ал тартипти аныктоону кеңеш өзүнүн регламентинде өздөрү макул болгон вариант менен белгилеп алуулары керек. (КР “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыны жөнүндө” Мыыйзамынын 36, 37-беренелери).

## 26. ТУРУКТУУ КОМИССИЯ ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН ДОЛБООРУН КАРАП ЖАТКАН УЧУРДА, АЛ ТУРУКТУУ КОМИССИЯГА КИРБЕГЕН ДЕПУТАТТАР АНЫН ЖЫЙЫНЫНА КАТЫШУУГА ЖАНА СУНУШТАРЫН БЕРҮҮГӨ УКУГУ БАРБЫ?

Жергиликтүү кеңештин кайсы бир туруктуу (убактылуу) комиссияларынын курамына мүчө болуп кирбеген депутат, туруктуу (убактылуу) комиссияларынын ишине кеңеш берүүчү добуш укугу менен катыша алат.

Жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңештин сессиясында жана өзү курамына мүчө болуп кирген анын туруктуу (убактылуу) комиссияларынын жыйындарында каралуучу бардык маселелер боюнча чечүүчү добуш укугуна ээ.

Ар бир депутат жергиликтүү кеңештин сессиясында жана өзү курамына кирген анын туруктуу (убактылуу) комиссияларында бир добушка ээ болот.

Жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссияларынын укуктары, милдеттери, уюштуруу жана иш тартиби, ошондой эле туруктуу (убактылуу) комиссиянын мүчөсү болуп курамына кирбеген депутаттардын туруктуу комиссиянын жыйындарына катышуу тартиби жана кеңеш берүүчү добушун колдонуу тартиптери жергиликтүү кеңештин Регламенти менен белгиленүүсү керек. (КР «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренеси).

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТУРУКТУУ ЖАНА УБАКТЫЛУУ КОМИССИЯЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

## 27. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРЫ КАНДАЙ ТАРТИПТЕ ЖАНА ЭМНЕ ҮЧҮН ТҮЗҮЛӨТ?

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары кеңештин карамагына кирген маселелерди алдын ала кароо жана даярдоо, ошондой эле кеңештин чечимдерин ишке ашырууга катышуу, ведомстволук аймакта жайгашкан мекеме-уюмдар тарабынан ал чечимдердин аткарылышын контролдоо үчүн түзүлөт. Кеңеш тарабынан убактылуу комиссиялар да түзүлүшү мүмкүн («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 36-беренеси). Жергиликтүү

кеңештин сессиясына чыгарыла турган маселелер туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү тарабынан кылдат изилдениши керек. Маселелерди алдын ала кароонун жыйынтыгы боюнча туруктуу комиссия өзүнүн тиешелүү сунуштамасы менен оң же терс корутундусун даярдайт, ал талкуулоо жана чечим кабыл алуу үчүн сессияга чыгарылат.

Жергиликтүү кеңештин ишинде туруктуу (убактылуу) комиссияларга өзгөчө рол берилет. Сессияда туруктуу комиссиялардын алдын ала кароосуз жана тиешелүү корутундусуз каралган маселелер «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын талаптарын бузуу болуп саналат.

Ошону менен бирге, туруктуу комиссиялардын кароосун талап кылбаган маселелер бар экенин эске алуу керек: булар арыздар, кайрылуулар, депутаттык суроо-талаптар жана күн тартибине киргизилип, «ар кандай маселелер» категориясында карала турган суроолор.

Корутундуларды иштеп чыгууда комиссиялар аялдар менен эркектердин жашоо шарттарындагы өзгөрүүлөрдүн натыйжаларынын теңчилик аспектилерин эске алууга тийиш. Иш жүзүндөгү гендердик теңчиликке жетүү үчүн жалпы формулалар жана ниеттер жетишсиз, башкарууда, анын ичинде пландоодо гендердик-сезимтал методдорду колдонуу зарыл. Гендердик методдор — бул кырдаалды баалоонун алгачкы стадиясынан тартып расмий чечимдерди кабыл алууга жана аткарууга чейинки бардык этаптарда аялдар менен эркектердин тең укуктуулугун камсыз кылуу ыкмасы.

Туруктуу комиссиялар жергиликтүү кеңештин токтому менен анын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө түзүлөт. Комиссиялардын тизмесин, алардын сандык курамын жана шайлоо тартибин жергиликтүү кеңеш аныктайт. Туруктуу комиссиялардын тизмеси, сандык курамы жана шайлоо тартиби депутаттык фракциялардын, топтордун жана депутаттардын сунушу боюнча аныкталат жана депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен бекитилет.

Туруктуу комиссиялар жергиликтүү кеңештин депутаттарынан куралат. Туруктуу комиссиянын жана кеңештин төрагасынын сунушу боюнча тиешелүү кеңеш комиссиянын курамына өзгөртүүлөрдү киргизет. Комиссия мүчөсүнүн ыйгарым укуктары анын өтүнүчү боюнча, ошондой эле өз милдеттерин аткарууга мүмкүн болбой калган жагдайларга байланыштуу мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

Жергиликтүү кеңештин депутаты бир гана туруктуу комиссиянын мүчөсү боло алат жана комиссиянын бардык мүчөлөрү бирдей укуктарга ээ. Зарыл болгон учурда, 11 депутаттан турган айылдык кеңештер депутаттын эки туруктуу комиссияга мүчө болуу укугу жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн. Мындай аракет туруктуу комиссияларда кворумду сактоо жана чечим кабыл алуу үчүн шарт түзөт.

Туруктуу комиссиялардын курамына жергиликтүү кеңештин төрагасы жана анын орун басары кире албайт.

Туруктуу комиссиялардын төрагалары жергиликтүү кеңештин сессиясында депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен бекитилет.

Өз ыйгарым укуктарынын мөөнөтүндө жергиликтүү кеңеш жаңы туруктуу комиссияларды түзүүгө, мурда түзүлгөндөрүн жоюуга, аларды кайра уюштурууга же алардын курамына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу.

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссияларынын укуктары, милдеттери, уюштуруу жана иш тартиби «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамы жана жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары өз ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары боюнча кичи комиссияларды түзө алышат.

## 28. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫНА КАНДАЙ МАСЕЛЕЛЕР КИРЕТ?

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары:

1) Кеңештин кароосуна киргизиле турган маселелерди даярдоого катышат;
2) Тиешелүү аймактагы социалдык-маданий жана өндүрүштүк инфратүзүмдү өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин чыңдоо маселелери боюнча кеңешке сунуштарды киргизет;
3) Жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган чечимдердин аткарылышына контролдукту жүзөгө ашырат;
4) Өз ишине окумуштууларды, адистерди, көз карандысыз эксперттерди, жарандык коомдун өкүлдөрүн жана жергиликтүү

жамааттын мүчөлөрүн, ошондой эле башка жактарды тартууга укуктуу;

5) Жергиликтүү кеңеш тарабынан белгиленген тартипте, кабыл алынган ченемдик укуктук актылардын натыйжалуулугун жана ийгиликтүүлүгүн аныктоо максатында аларга туруктуу негизде мониторинг жана баалоо жүргүзүп турат.

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары өздөрүнүн карамагына кирген маселелер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын, муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин жетекчилерин жана кызматкерлерин угууга укуктуу.

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары шаардын же айыл аймагынын аймагында жайгашкан уюмдардын жана мекемелердин ыкчам-чарбалык ишмердүүлүгүнө кийлигишүүгө укугу жок («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 37-беренеси).

## 29. ТУРУКТУУ КОМИССИЯНЫН ЖЫЙЫНЫН КИМ ЧАКЫРАТ ЖАНА АНЫ ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ КАНДАЙ?

Туруктуу комиссиянын жыйынын, өз демилгеси боюнча комиссиянын төрагасы же комиссия мүчөлөрүнүн үчтөн биринин сурамы боюнча, же болбосо жергиликтүү кеңештин төрагасынын талабы боюнча чакырылат. Туруктуу комиссиялардын жыйындары комиссиялардын иш планына ылайык өткөрүлөт. Туруктуу комиссиялар өздөрүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча чечимдерди же корутундуларды кабыл алышат.

Туруктуу комиссиянын маселелери анын мүчөлөрү тарабынан эркин талкуулоо жана чечимдерди жамааттык (коллегиялдуу) кабыл алуу жолу менен каралат.

Комиссиянын жалпы курамынын жарымынан көбү катышса, жыйын укуктуу (правомочно) деп эсептелет. Комиссиянын чечими комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

Туруктуу комиссиялардын жыйындары коомчулук үчүн ачык болуп саналат, бардык кызыкдар жактар жергиликтүү кеңештин регламентинде белгиленген тартипте туруктуу комиссиялардын жыйындарына катышууга укуктуу. Эгерде талкууланып жаткан маселе мыйзамга ылайык мамлекеттик сыр болуп эсептелсе, туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жабык жыйын өткөрүү жөнүндө чечим кабыл

алышат. Комиссиянын төрагасы жыйынга чейин үч жумуш күнүнөн кечиктирбестен комиссия мүчөлөрүнө, жергиликтүү кеңештин төрагасына жана анын орун басарына маалымдайт, ошондой эле жарандарга жана чакырылган жактарга жыйындын күнү жана талкуулана турган маселелер жөнүндө кабарлоо боюнча чараларды көрөт.

Туруктуу комиссиялардын жыйындарына комиссиянын мүчөсү болбогон жергиликтүү кеңештин депутаттары, ошондой эле жергиликтүү кеңештин төрагасы, анын орун басары жана аткаруучу органдын башчысы кеңеш берүүчү добуш укугу менен катыша алышат. Аларга кеңеш берүүчү добуш укугу менен катышып, чыгып сүйлөөгө жана талкууланып жаткан маселелер боюнча өз пикирлерин билдирүүгө укуктуу.

Комиссиянын чечимдерине жана корутундуларына комиссиянын төрагасы, ал жок болгон учурда — төраганын орун басары кол коет.

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссияларынын ишмердүүлүгүн материалдык-техникалык жактан камсыздоо (жайлар, эмеректер, канцеляриялык товарлар ж.б.) аткаруучу органдарга жүктөлөт.

## 30. ТУРУКТУУ КОМИССИЯНЫН ТӨРАГАСЫ КАНДАЙ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРГА ЭЭ?

Комиссиянын төрагасы:

- комиссиянын жыйындарын алып барат;
- келип түшкөн документтер жөнүндө комиссия мүчөлөрүнө түздөн-түз же жооптуу катчы (же аппарат кызматкери) аркылуу маалымдайт;
- комиссия мүчөлөрү, жооптуу катчы жана жергиликтүү кеңештин төрагасы менен биргеликте комиссиянын бир жылдык иш планын иштеп чыгат;
- комиссия мүчөлөрү менен биргеликте комиссиянын жыйынынын күн тартибинин долбоорун түзөт;
- комиссиянын жыйындарын чакырат жана зарыл болгон документтерди, материалдарды даярдоону уюштурат;
- комиссиянын ишине тиешелүү материалдар жана документтер менен комиссия мүчөлөрүн тааныштырат;
- комиссиянын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары жөнүндө жыл сайын жергиликтүү кеңештин сессиясында отчет берет.

## 31. ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРДЫН МҮЧӨЛӨРҮ КАНДАЙ УКУКТАРГА ЖАНА МИЛДЕТТЕРГЕ ЭЭ?

Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- комиссиянын жыйындарында карала турган маселелер боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- күн тартибинин долбоору, маселелерди кароонун тартиби жана талкууланып жаткан маселелердин маңызы боюнча сунуштарды жана сын-пикирлерди киргизүүгө;
- комиссия тарабынан каралып жаткан маселелер боюнча маалымат алуу үчүн кызмат адамдарын жана башка жактарды угууну сунуштоого;
- комиссиянын токтомдорунун жана корутундуларынын долбоорлору боюнча сунуштарды жана сын-пикирлерди киргизүүгө; өз сунуштарын негиздеп чыгып сүйлөөгө, комиссиянын жыйындарында маалымат берүүгө;
- комиссиянын компетенциясына кирген маселелер боюнча маалымат алууга.

Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- жергиликтүү кеңештин Регламентинин жоболорун сактоого;
- комиссиянын жыйындарына катышууга. Эгерде жүйөлүү себептер менен катыша албаса, комиссиянын төрагасына жазуу жүзүндө кабарлоого тийиш;
- айылдык кеңештин жана анын комиссияларынын компетенциясына кирген маселелерге тиешелүү иш-чараларга катышууга;
- кабыл алынган чечимдерди ишке ашырууга жана комиссиянын тапшырмаларын аткарууга активдүү катышууга.

## 32. ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРДЫН ДЕПУТАТТАРЫ БИРГЕЛЕШКЕН ЖЫЙЫНДАРДЫ ӨТКӨРӨ АЛЫШАБЫ?

Ооба, бир нече туруктуу комиссиянын карамагына кирген маселелерди изилдөө жана кароо туруктуу комиссиялар тарабынан өз алдынча каралышы мүмкүн же биргелешкен жыйындарда каралышы ыктымал.

Бир нече туруктуу комиссиялардын карамагына кирген маселелер комиссиялардын демилгеси боюнча, ошондой эле жергиликтүү кеңештин төрагасынын тапшырмасы боюнча туруктуу комиссиялар тарабынан биргелешип даярдалат жана каралат.

Эгерде биргелешкен жыйынга ар бир комиссиянын мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышса, ал укуктуу (правомочно) деп эсептелет. Биргелешкен жыйынды бул комиссиялардын төрагалары өз ара макулдашуу боюнча алып барышат.

Биргелешкен жыйында каралган маселелер боюнча чечим туруктуу комиссиялардын мүчөлөрүнүн жалпы санынын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана бул комиссиялардын төрагалары тарабынан кол коюлат. Кабыл алынган чечимдердин көчүрмөлөрүн жарыялоо такталарына илүү аркылуу коомчулукка маалымдалат.

## 33. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН УБАКТЫЛУУ КОМИССИЯЛАРЫ КАНДАЙ УЧУРЛАРДА ЖАНА КАНДАЙ ТАРТИПТЕ ТҮЗҮЛӨТ?

Жергиликтүү кеңеш зарылчылыкка жараша убактылуу комиссияларды түзүүгө укуктуу. Убактылуу комиссиялар жергиликтүү кеңештин төрагасынын, анын орун басарынын, туруктуу комиссиялардын төрагаларынын сунушу боюнча, ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринин демилгеси менен түзүлөт.

Убактылуу комиссияны түзүү жергиликтүү кеңештин токтому менен жөнгө салынат, анда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- убактылуу комиссиянын аталышы;
- убактылуу комиссиянын мүчөлөрүнүн сандык жана жеке курамы;
- убактылуу комиссия чече турган милдеттер;
- убактылуу комиссиянын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү.

Убактылуу комиссиянын мүчөлөрү жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан жалпы санынын көпчүлүк добушу менен шайланат. Ошондой эле убактылуу комиссиянын курамы боюнча добуш берүү өткөрүлөт. Добуш берүүнүн жыйынтыктары комиссия мүчөлөрүн шайлоо жөнүндө жергиликтүү кеңештин чечими менен бекитилет.

Комиссиянын төрагасын убактылуу комиссиянын мүчөлөрү өздөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен шайлашат.

Убактылуу комиссия өз ишинин жыйынтыктары жөнүндө жергиликтүү кеңешке отчет берет. Өзгөчө пикири бар комиссия мүчөсү аны сессияда жарыялоого укуктуу.

Убактылуу комиссия төмөнкү учурларда өз ишин токтотот:

- ал түзүлгөн мөөнөт аяктаганда;

- убактылуу комиссия түзүлгөн милдеттер аткарылганда;
- жергиликтүү кеңештин чечими боюнча башка учурларда.

Зарыл болгон учурда убактылуу комиссиянын ишине адистер, эксперттер, демилгелүү топтор жана башка кызыкдар жактар тартылышы мүмкүн. Каралып жаткан маселе боюнча убактылуу комиссия мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен чечим же корутунду кабыл алат.

Убактылуу комиссиянын жыйындары туруктуу комиссиялар үчүн белгиленген тартипте өткөрүлөт.

Жергиликтүү кеңештин убактылуу комиссияларынын ишин материалдык-техникалык жактан камсыздоо (жайлар, эмеректер, кеңсе товарлары ж.б.) аткаруучу органга жүктөлөт.

## 34. ТУРУКТУУ КОМИССИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ ЖАЛПЫ 5 АДАМ БОЛСО, ЖЫЙЫНГА АЛАРДЫН 2 ДЕПУТАТЫ КАТЫША АЛБАЙ КАЛСА, 3 ДЕПУТАТ ЖЫЙЫН ӨТӨ АЛАБЫ, АЛАР КАБЫЛ АЛГАН КОРУТУНДУЛАР МЫЙЗАМДУУ БОЛОБУ?

Эгерде туруктуу комиссиянын жалпы мүчөлөрү 5 депутат болсо, жыйынга 2 депутат катыша албай калса, 3 депутаттын катышуусу кворумдун түзүлгөндүгүн билдирет жана туруктуу комиссиянын жыйыны мыйзамдуу экендигин билдирет.

Ошол эле учурда, туруктуу комиссиянын чечимин кабыл алууда жыйынга катышып жаткан 3 депутат тең добуш берүүдө макул деген добуш берип чечим кабыл алынса, каралган маселе боюнча чечим мыйзамдуу кабыл алынды деп эсептелет. Анткени добуш берүүдө туруктуу комиссиянын жалпы депутаттарынын көпчүлүк саны менен чечим кабыл алынат.

Эгерде туруктуу комиссиянын жыйынына 5 депутаттан 3 депутат катышып 2 депутат маселени кароодо макул деген добуш берип 1 депутат каршы добуш берсе, чечим кабыл алынбагандыгын билдирет. Анткени туруктуу комиссиясынын 5 депутатынын 2 депутаты катышкан жок, ал эми 3 депутаттын бирөөсү каршы добуш бергендиктен чечим кабыл алуу учурунда каралып жаткан маселе боюнча жалпы депутаттардын копчүлүк добушуна ээ болбогондуктан маселе кабыл алынган жок деп эсептелет.

Жергиликтүү кеңештин, туруктуу комиссиянын депутаттары бир эле чечүүчү добушка ээ, добуштарын катышып жаткан депутаттарга өткөрүп бере албайт, ошондой эле онлайн да катышууга укуктары жок.

(КР «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамы).

## 35. ТУРУКТУУ КОМИССИЯНЫН ТӨГАРАСЫ ИШИН ТАПШЫРГАН УЧУРДА, БУГА ЧЕЙИНКИ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАРАП ТУРУП БОШОТОБУ ДЕПУТАТТАР, ТУРУКТУУ КОМИССИЯНЫН ТӨРАГАСЫ ОТЧЕТ БЕРИШИ КЕРЕКПИ?

Мыйзамдарда жергиликтүү кеңештин төрагасынын, анын орун басарынын, туруктуу комиссиялардын төрагасынын депутаттардын алдында отчет берүүсү тууралуу нормалар камтылган эмес. Бирок КР "Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамынын 7-беренесинде жергиликтүү кеңештин төрагасы сессияларда, туруктуу комиссиялардын төрагалары анын жыйындарында депутаттарга жергиликтүү кеңеш кабыл алган чечимдердин аткарылышынын, депутаттар киргизген сунуштардын жана сын-пикирлердин, шайлоочулардын сунуш-талаптарынын ишке ашырылышынын жүрүшү жөнүндө, ошондой эле жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын ишинин маанилүү маселелери боюнча мезгил-мезгили менен маалымат берилип турат деп белгиленген.

Демек, туруктуу комиссиянын төрагасы кызмат ордун тапшыруу учурунда ал иштеген убакта туруктуу комиссия аткарган ишмердүүлүгү тууралуу туруктуу комиссиянын депутаттарына, жалпы кеңештин депутаттарына маалымат берип койсо болот.

(КР "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыны жөнүндө" Мыыйзамынын 37-беренеси, КР «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамынын 7-беренеси).

## 36. ТУРУКТУУ КОМИССИЯНЫН КУРАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГЕН УЧУРДА ЖЕ ТӨРАГАСЫ ЖАҢЫ ШАЙЛАНГАН УЧУРДА СЕССИЯДА КАРАЛЫП, ЧЕЧИМ ЧЫГАРУУ КЕРЕКПИ?

Ооба, туруктуу комиссиялардын тизмегин, алардын сандык курамын жана шайлоо тартибин тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттык фракцияларынын, топторунун жана депутаттарынын сунушу боюнча жергиликтүү кеңеш аныктайт.

Тактап айтканда, жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссияларынын укуктары, милдеттери, уюштуруу жана иш тартиби жергиликтүү кеңештин регламенти менен белгиленет.

Туруктуу комиссиялар тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ичинен түзүлөт. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссияларынын курамына кеңештин төрагасы жана анын орун басары шайланышы мүмкүн эмес.

Туруктуу комиссиянын жана жергиликтүү кеңештин төрагасынын сунушу боюнча жергиликтүү кеңеш туруктуу комиссиянын курамына өзгөртүүлөрдү киргизе алат.

Мыйзамдын талаптарын жыйынтыктап айтканда, туруктуу комиссиянын курамына туруктуу комиссиянын төрагасынын жана жергиликтүү кеңештин төрагасынын сунушу боюнча өзгөртүү киргизүү, туруктуу комиссиянын төрагасын шайлоо жергиликтүү кеңештин сессиясында каралып кеңештин тиешелүү чечими менен бекитилүүсү керек.

(КР “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыны жөнүндө” Мыийзамынын 36-беренеси).

## 37. АЙЫЛ ӨКМӨТ БАШЧЫСЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШКЕ ОТЧЕТ БЕРЭЭР АЛДЫНДА, ТОКТОМ ДОЛБООРУН ДАЯРДОО ҮЧҮН МАСЕЛЕНИ КАЙСЫ ТУРУКТУУ КОМИССИЯ КАРАЙТ?

Бул учурда кеңештин төрагасы айыл өкмөт башчысынын отчету баардык багыттарды камтыгандыктан негизги бир туруктуу комиссияны тармактык комиссия катары аныктап, ошол эле учурда калган туруктуу комиссияларга да өз багыттары боюнча айыл өкмөт башчынын отчетун карап сын-пикир сунуштарын, корутундуларын тармактык туруктуу комиссияга жөнөтүүнү сунуштай алат. Ал эми негизги тармактык туруктуу комиссия баардык туруктуу комиссиялардын корутундуларын, сын-пикир, сунуштарын чогултуп маселени жалпылап карап чыгып, өз корутундусун жана токтомдун долбоорун даярдап аны расмий сайтка (маалымат тактайына) 15 календарлык күнгө коомдук талкууга жайгаштырып, андан соң кеңештин кароосуна киргизүүсү туура болот. (КР “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыны жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6-

пункту, 54-беренесинин 6-пункту, КР “КР ченемдик укуктук актылар жөнүндө” Мыймазынын 23-беренеси).

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 54-беренесинин 4-пунктуна ылайык айыл өкмөт башчысы айыл аймактагы иштин жалпы абалы, жергиликтүү бюджетти аткаруу жана муниципалдык менчикти пайдалануу, аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү, консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жана калкты социалдык коргоо программаларын аткаруу жөнүндө жарым жылда бир жолу жергиликтүү кеңештин алдында отчет берет деп белгиленген.

## 38. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРЫНЫН ОТУРУМДАРЫНЫН ПРОТОКОЛДОРУ КАНТИП ЖАЗЫЛАТ ЖАНА КИМ ЖАЗАТ, ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН КАТЧЫСЫБЫ ЖЕ ТУРУКТУУ КОМИССИЯ ДЕПУТАТТАРДЫН АРАСЫНАН КАТЧЫ ШАЙЛАП АЛЫШЫ КЕРЕКПИ?

Калкынын саны 6000 адамга чейинки айылдык кеңештерде анын сессияларын, туруктуу комиссиялардын жыйындарын протоколдорун түзүү, каттоо жана башка иш кагаздарын жүргүзүү айыл өкмөтүнүн аппаратына жүктөлгөн. Бул учурда айыл өкмөт башчысы айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин ичинен бир кызматкерди жооптуу кылып дайындоосу керек. Кызматкер туруктуу комиссиялардын жыйындарын бир учурда эмес мөөнөтү менен өз-өзүнчө өткөрүүнү төрагага сунуштап чечип алуусу мүмкүн.

Калкынын саны 6001ден 20000 адамга чейинки жергиликтүү кеңештердин протоколдорду тариздөө, каттоо ж.б. иш кагаздарын жүргүзүү, айылдык кеңештин жоопту катчыларына жүктөлгөн. Бул учурда айылдык кеңештин жоопту катчысына бир штаттык бирдик каралгандыктан, туруктуу комиссиялардын отурумдарын бир учурда эмес мөөнөтү менен өз-өзүнчө өткөрүүнү төрагага сунуштап чечип алуусу мүмкүн.

Калкынын саны 20001ден жогору болгон жергиликтүү кеңештердин сессияларынын, туруктуу комиссияларынын жыйындарынын протоколдорун тариздөө ж.б. иш кагаздарын жүргүзүү үчүн жергиликтүү кеңештерде түзүлүүчү аппараттардын кызматкерлери камсыз кылат деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 38-беренесине ылайык калкынын саны 6000 адамга чейинки жергиликтүү кеңештердин ишин айыл өкмөттөрүнүн аппараттары камсыз кылат, калкынын саны 6001ден 20000 адамга чейинкилерди - жергиликтүү кеңештердин жооптуу катчылары, калкынын саны 20001ден жогору болгондорду - Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу типтүү ченемдердин негизинде жергиликтүү кеңештер түзүүчү аппараттар камсыз кылат деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча” Типтүү нускаманын 3-главасынын 3-параграфынынын 30-35-пункттарында протоколду түзүү жана тариздөө тартиби көрсөтүлгөн. Ал эми ушул эле Типтүү нускаманын 13-тиркемесинде протоколду тариздөөнүн үлгүсү бекитилген.

(КР “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыны жөнүндө” Мыйзамынын 38-беренеси, КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген “КР иш кагаздарын жүргүзүү боюнча” Типтүү нускама).

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫ ЖАНА АНЫН ОРУН БАСАРЫ

### 39. ЭМГЕК АКЫ АЛБАГАН ТӨРАГАЛАРДЫН КОМПЕНСАЦИЯСЫ КАНДАЙ ЭСЕПТЕЛЕТ, КЕЗЕКТҮҮ СЕССИЯГА КАНЧА ЖАНА КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯГА КАНЧА ТӨЛӨНӨТ?

Калкынын саны 20001 адамдан аз жергиликтүү кеңештин төрагасы өзүнүн милдеттерин коомдук башталышта аткарат, ага жергиликтүү бюджеттен эмгек акы төлөнбөйт. Бирок жергиликтүү кеңештин сессиясы иштеген мезгилде 20001 адамдан ашык калкы бар жергиликтүү кеңештин төрагасы үчүн белгиленген бир күндүк эмгек акынын өлчөмүндө бир жолку компенсация алат.

Компенсация ар бир сессия өткөрүлгөн күн үчүн төлөнөт, кезексиз же кезектүү сессияга деп бөлүнбөйт, баардык өткөрүлгөн сессияларга бирдей компенсация төлөнөт.

2022-жылдын 13-январындагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин №4 буйругу менен “Коомдук башталышта иштеген

жергиликтүү кеңештердин төрагаларына жана аларды алмаштырган учурда орун басарларына төлөнүп берилүүчү бир жолку компенсациянын өлчөмүн аныктоо жөнүндө” Жобосу бекитилген. Ошондой эле бул буйрук менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү бюджеттеги каражаттардан айылдык кеңештин төрагаларына бир жолку компенсацияны төлөп берүү сунушталат.

Бул учурда, коомдук башталышта иштеген айылдык кеңештин төрагасынын бир жолку компенсациясын эсептөө үчүн айыл өкмөт башчысынын кызматтык эмгек акысы негиз катары болот. Эсептөө төмөнкүдөй жүргүзүлөт. Кызматтык эмгек акы тиешелүү айда иш күндөрдүн санына бөлүнөт, ошондо компенсациянын бир иш күндүк суммасын түзөт жана ошол сумма кеңеш иштеп жаткан сессиялык күндөргө көбөйтүлөт. Бир календардык айдын ичинде 23 жумушчу күнгө чейин болушу мүмкүн. Ошондуктан, айылдык кеңеште кайсыл айда сессия (кезектүү, кезексиз) өткөрүлгөнүн жана ошол айда канча иш күн болгонуна ылайык эсептөө жүргүзүлөт. Коомдук башталышта иштеген айылдык кеңештердин төрагаларынын бир жолку компенсациясы төмөнкү формулага ылайык аныкталат:

- БКС - сессия иштеген мезгилге бир жолку компенсациянын суммасы;
- К1- бир жумушчу күндүк компенсациянын суммасы;
- СКС – Сессия өткөрүлгөн күндөрдүн саны;
- КЭА – Башка иштерден бошотулган жергиликтүү кеңештин төрагасынын кызматтык маянасы;
- ЖК(N) - тиешелүү айдагы жумушчу күндөр.

Бир жолку төлөнүүчү компенсация, киреше салыгын жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөрдү кармап калуу менен жүргүзүлөт.

Ошондой эле, кызматтык маянага кошумча төлөмдөр (эмгек стажы, класстык чени) кошулат.

Мисалы: формулага ылайык, 1226(БКС)=613(К1)*2(СКС): 613(К1)=13500(КЭА)/22(ЖК).

Бир жолку компенсацияны эсептөөгө негиз болуп жергиликтүү кеңештин төрагасынын өткөрүлгөн сессия жөнүндө билдирүү каты саналат.

(КР “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыны жөнүндө” Мыйзамынын 40-беренеси, КР Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекттик

агенттигинин 2022-жылдын 13-январындагы №4 буйругу менен бекитилген "Коомдук башталышта иштеген жергиликтүү кеңештердин төрагаларына жана аларды алмаштырган учурда орун басарларына төлөнүп берилүүчү бир жолку компенсациянын өлчөмүн аныктоо жөнүндө" Жобосу).

## 40. ЭМГЕК АКЫ АЛБАГАН ТӨРАГАЛАРДЫН ОРДУНА УБАКТЫЛУУ МИЛДЕТИН АТКАРГАН ТӨРАГАНЫН ОРУН БАСАРЫ КОМПЕНСАЦИЯ АЛАБЫ, ЭГЕРДЕ АЛСА АЛ  КАНДАЙ ЭСЕПТЕЛЕТ?

Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басары жергиликтүү кеңештин төрагасынын алмаштырган учурда жергиликтүү кеңештин коомдук башталышта иштеген төрагасына төлөнүүчү компенсациянын суммасынан 50 пайыз өлчөмүндө компенсация алат.

Калкынын саны 20001 жетпеген жергиликтүү кеңештин төрагасынын бир орун басары болот, ал эми калкынын саны 20001 адамдан көп болсо, эки орун басары болот.

Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басары кеңештин төрагасынын тапшырмаларын аткарат, ал жок болгон же өз милдеттерин аткарууга мүмкүнчүлүгү болбогон учурда аны алмаштырат.

Республикалык маанидеги шаарлардын жергиликтүү кеңешинин төрагасынын орун басарларын кошпогондо (Бишкек, Ош), жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басарлары өзүнүн ишин коомдук башталышта аткарат.

Ал эми коомдук башталышта иштеген төраганын бир жолку компенсациясы 2016-жылдын 12-октябрындагы КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин №01-24/166 буйругу менен бекитилген "Коомдук башталышта иштеген айылдык кеңештердин төрагаларынын бир жолку компенсациясы жөнүндө" Жобосуна ылайык эсептелип төлөнөт.

(КР "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыны жөнүндө" Мыйзамынын 41-беренеси, КР Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекттик агенттигинин 2022-жылдын 13-январындагы №4 буйругу менен бекитилген "Коомдук башталышта иштеген жергиликтүү кеңештердин

төрагаларына жана аларды алмаштырган учурда орун басарларына төлөнүп берилүүчү бир жолку компенсациянын өлчөмүн аныктоо жөнүндө” Жобосу).

## 41. БИЗДИН АЙЫЛ АЙМАКТА КАЛКТЫН САНЫ КӨБӨЙҮП ЖЫЛ БАШЫНДА 20 МИҢ АДАМДАН АШТЫ. ОШОГО БАЙЛАНЫШТУУ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНА АЙЛЫК АКЫ ТӨЛӨӨ ҮЧҮН КАЙСЫ ЧУАНЫН НЕГИЗИНДЕ КАНДАЙ КАДАМДАР ЖАСАЛЫШЫ КЕРЕК?

Эгерде айыл аймакта расмий катталган жашоочулардын саны 20001 ден ашса, бул боюнча расмий маалымат Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинен тастыкталуусу керек. Андан соң тиешелүү маалыматтар Кыргыз Республкасынын финансы министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу агенттигине маалымдалып, жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү менен төраганын айлык акысын каржылоо жүргүзүлүшү керек. (КР “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыны жөнүндө” Мыйзамынын 40-berенeнин 5-бөлүгү).

Калкынын саны 20001 адамдан кем эмес жергиликтүү кеңештин төрагалары илимий, педагогикалык жана башка чыгармачылык ишти кошпогондо, акы төлөнүүчү башка иш менен алектенүүгө укуксуз. Анткени ал төрагаларга жергиликтүү бюджеттен ишмердүүлүгүн туруктуу алып баруусу үчүн эмгек акы төлөнөт.

Калкынын саны 20001 адамдан көп болгон жергиликтүү кеңештин төрагасына эки орун басары шайлоого мыйзам уруксат берет. Бирок республикалык маанидеги шаарлардын жергиликтүү кеңешинин төрагасынын орун басарын кошпогондо (Бишкек, Ош), жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басарлары эмгек акы албастан өзүнүн ишин коомдук башталышта жүзөгө ашырат.

## 42. КЫЗМАТТЫК УНАА БАР БОЛГОН УЧУРДА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНА АЙДООЧУ АЛСА БОЛОБУ?

Эгерде муниципалдык менчикте кошумча кызматтык автоунаа бар болсо, аны пайдалануу тартибин бекитүү менен бирге, төраганын ошондой эле туруктуу комиссиялардын, депутаттардын

керектөөлөрүнө колдонуу үчүн айдоочуну алса болот жана ага кеңеш бир штаттык бирдигин киргизүүгө укуктуу.

“КР жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык санынын чегин, түзүмүн жана штаттык расписаниесин бекитүү жөнүндө” КР Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-февралындагы №81 токтомунун 3-тиркемеси менен облустук жана райондук маанидеги шаарлардын шаардык кеңештеринин, айылдык кеңештердин штаттык санынын чеги бекитилген.

Токтомдо жергиликтүү кеңештердин түзүмү жана штаттык расписаниеси жергиликтүү кеңештердин төрагасы тарабынан бекитилет деп белгиленген.

Аталган токтомдун 3-тиркемесине ылайык, жергиликтүү кеңештердин (облустук жана райондук маанидеги шаарлардын шаардык кеңештеринин, айылдык кеңештердин) штаттык санынын чеги төмөндөгүдөй бекитилген:

**Жергиликтүү кеңештердин (облустук жана райондук маанидеги шаарлардын шаардык кеңештеринин, айылдык кеңештердин) штаттык санынын чеги**

| № | Кызмат орундарынын аталышы | Калкынын саны 6001ден 20000 адамга чейинки айыл аймактары жана шаарлар үчүн штаттык бирдиктердин саны | Калкынын саны 20001ден 100000 адамга чейинки айыл аймактары жана шаарлар үчүн штаттык бирдиктердин саны | Калкынын саны 100001 адамдан ашык айыл аймактары жана шаарлар үчүн штаттык бирдиктердин саны |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Төрага | - | 1 | 1 |
| 2 | Жооптуу катчы | 1 | 1 | 1 |
| 3 | Башкы адис | - | - | 1 |
| | **Бардыгы:** | **1** | **2** | **3** |
| | Техникалык жана кенже тейлөөчү персонал | - | 1 | 1 |
| | **Бардыгы:** | **1** | **3** | **4** |

Эскертүү. Жергиликтүү кеңештин чечими менен катчы-иш кагаздарын жүргүзүүчүнүн бир штаттык бирдиги, кызматтык автомобиль болгондо айдоочунун бир штаттык бирдиги киргизилиши мүмкүн. Жергиликтүү кеңештин бухгалтердик эсебин жана отчеттуулугун жүргүзүүнү мэриянын/айыл өкмөтүнүн башкы бухгалтери жүзөгө ашырат.

## 43. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫ ДЕПУТАТТАРДЫ, ЖАРАНДАРДЫ МАМЛЕКТТИК СЫЙЛЫКТАРГА СУНУШТАЙ АЛАБЫ?

Ооба, жергиликтүү кеңештердин төрагалары жергиликтүү кеңештин депутаттарын, айыл аймактын/шаардын жарандарын тиешелүү мыйзамдарга ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоо, ардак наамдарын ыйгаруу жөнүндө өтүнүчтөрүн жолдой алышат. (КР “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыны жөнүндө” Мыйзамынын 40-беренесинин 9-бөлүгү, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары, ардак наамдары жана мамлекеттик сый акылары жөнүндө” Мыйзамынын 19-беренси).

Бул өтүнүчтөр Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, министрликтерге, мамлекттик агенттиктерге, мамлекеттик кызматтарга, облустардагы Президенттин ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнө, райондук мамлекеттик администрацияларга жөнөтүлүшү мүмкүн. Тиешелүү мамлекеттик органдар жергиликтүү кеңештерден келип түшкөн өтүнүчтөрдү кароого алып мыйзамдардын, жоболордун талаптарына туура келсе Кыргыз Республикасынын Президентине мамлекеттик сыйлыктарга жана ардак наамдарга сунуштоосу мүмкүн, же мамлекттик органдарга тиешелүү ведомстволук сыйлыктар менен сыйлоого сунуштоосу мүмкүн.

## 44. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН ЭСЕБИНЕН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН РЕЗЕРВДИК ФОНДУН ТҮЗҮҮГӨ БОЛОБУ?

Жергиликтүү бюджеттин эсебинен жергиликтүү кеңештин төрагасынын резервдик фондун түзүүгө болбойт, андай ченемдер мыйзамдарда аныкталган эмес.

Бирок, КР Бюджеттик кодексинин 24-беренесине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары (айыл өкмөт, мэриялар) бюджеттик жылда кечиктирилгис каржылоону талап кылган

күтүлбөгөн чыгашаларды каржылоо үчүн жергиликтүү бюджеттердин курамында резервдик фонд түзүшү мүмкүн. Бул резервдик фонд айыл өкмөт башчысынын же мэрдин резервдик фонду деп эсептелинбейт. Бул ошол айыл аймакта же шаарда кечиктирилгис каржылоону талап кылган күтүлбөгөн чыгашаларды каржылоо үчүн түзүлүүчү резервдик фонд болуп саналат.

Резерв жергиликтүү бюджетке өздүк кирешелердин түшүүлөрүнүн эсебинен түзүлөт. Жергиликтүү бюджеттин резервдик фондунун өлчөмү тийиштүү жергиликтүү бюджеттин чыгымдарынын көлөмүнүн 2 пайызынан ашпашы керек.

Резервдик фонддордун каражаттарын төмөнкүлөргө пайдаланууга жол берилбейт:

1) шайлоо, референдум өткөрүүгө;
2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү кеңештердин жетекчилеринин ишин чагылдырууга;
3) муниципалдык кызматчылардын эмгегине акы төлөөгө жана аларга материалдык сыйакы берүүгө;
4) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин учурдагы материалдык-техникалык жана каржылык камсыз кылуу боюнча иш-чараларга.

Жергиликтүү бюджеттердин резервдик фонддорун пайдалануу жөнүндө маалыматтар аларды аткаруу жөнүндө отчетторго тиркелет жана милдеттүү жарыялануууга жатат. (КР Бюджеттик кодексинин 24-беренеси).

## 45. КОМПЕНСАЦИЯ АЛГАН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫ ЭМГЕК ӨРГҮҮГӨ ЧЫГА АЛАБЫ ЖАНА МАТЕРИАЛДЫК ЖАРДАМ ЖЕ БАШКА ЖЕҢИЛДИКТЕР КАРАЛАБЫ?

Коомдук башталышта иштеген айылдык кеңештин төрагасы менен эмгек келишими түзүлбөйт жана ага акы төлөнүүчү эмгек өргүү жана башка материалдык жардамдар жергиликтүү бюджеттен төлөнбөйт. Анткени ал коомдук башталышта төрагалык кызматты алып барып, ошол эле учурда башка мыйзам жол берген кызматта же жумушта туруктуу эмгектенүүсү мүмкүн, же жеке ишкерлик менен алектенүүсү да мүмкүн. Акы төлөнүүчү өргүүнү депутат өзүнүн негизги кызматынан алуусу мүмкүн.

Коомдук башталышта иштеген төрага ар бир өткөргөн сессия күнү үчүн жергиликтүү бюджеттен бир жолку компенсация алууга укуктуу.

Коомдук башталышта иштеген айылдык кеңештин төрагасынын компенсациясы КР Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекттик агенттигинин 2022-жылдын 13-январындагы №4 буйругу менен бекитилген “Коомдук башталышта иштеген жергиликтүү кеңештердин төрагаларына жана аларды алмаштырган учурда орун басарларына төлөнүп берилүүчү бир жолку компенсациянын өлчөмүн аныктоо жөнүндө” Жобого ылайык эсептелет.

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ЖООПТУ КАТЧЫСЫ (АППАРАТЫ)

### 46. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН КАТЧАСЫН КИМ КЫЗМАТКА АЛАТ ЖАНА КАНДАЙ ТАРТИПТЕ?

Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысын жумушка алууда жергиликтүү кеңештин төрагасы буйрук чыгарып, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 17-беренесине ылайык, кызмат ордуна өзгөчө (конкурстан тышкары) тартипте кабыл алат.

Өзгөчө тартип - бул айрым административдик муниципалдык кызмат орундарына өзгөчө (конкурстан тышкары) тартипте дайындоо. Тактап айтканда, кенже, улук жана башкы кызмат орундарына дайындалуучу адамдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кадрлар резервинде болуусу жөнүндө талаптарды эсепке албастан, бирок муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарда белгиленген квалификациялык жана башка талаптарга шайкеш келген шартта дайындоо. Өзгөчө тартип КР Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы ПЖ №17 Жарлыгы менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринде” аныкталган кызмат орундарына колдонулат. Бул кызмат орундарына айылдык кеңештин жооптуу катчысы киргизилген.

### 47. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ЖООПТУУ КАТЧЫСЫ ЭМГЕК ӨРГҮҮГӨ ЧЫГУУ ҮЧҮН АРЫЗДЫ КИМГЕ ЖАЗАТ ЖАНА КИМ БУЙРУК ЧЫГАРАТ?

Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы эмгек өргүүгө чыккан учурда арызын кеңештин төрагасынын атына жазат (төрага иш берүүчү

болуп саналат), ал эми төрага тиешелүү буйрук чыгарат. Кеңештин жооптуу катчысы муниципалдык кызматчы болуп эсептелет. КР «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 28-беренесине ылайык, муниципалдык кызматчыга мыйзамдарда белгиленген тартипте жыл сайын ден соолугун чыңдоо үчүн жөлөкпул төлөө менен 30 календардык күнгө созулган акы төлөнүүчү өргүү берилет.

Эгерде мамлекеттик жана муниципалдык кызматта жыйындысы боюнча 5, 10, 15 жана 20 жылдан ашык иш стажы болгон болсо ар жылдык акы төлөнүүчү өргүү тиешелүүлүгүнө жараша 2, 4, 6 жана 8 календардык күнгө узартылат.

Кызматчынын каалоосу боюнча өргүү бөлүп берилиши мүмкүн. Мында биринчи бөлүктүн узактыгы 14 календардык күндөн аз болушу мүмкүн эмес.

Өргүү бүткүл мезгилге же жарым-жартылай таризделгенине карабастан, акы төлөнүүчү өргүүнүн бүткүл суммасы өргүү таризделгенде төлөнөт.

Кызматчынын жазуу жүзүндөгү макулдугусуз ал өргүүдөн мөөнөтүнөн мурда чакыртылышы мүмкүн эмес.

Өргүүнүн пайдаланылбаган күндөрү үчүн эс алуудан баш тартылган учурда өргүүнүн пайдаланылбаган күндөрүнө пропорциялуу өлчөмдө компенсациялык сумма төлөнөт.

## 48. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ЖООПТУУ КАТЧЫСЫ КАНДАЙ ЖУМУШТАРДЫ АТКАРУУСУ КЕРЕК?

Айылдык кеңештин жооптуу катчысына кеңештин, туруктуу комиссиялардын ишин уюштуруу, сессияларга, жыйындарга материалдарды даярдоо, каттоо ж.б. бир топ жоопкерчиликтүү ыйгарым укуктар бекитилген, тактап айтсак:

- кеңештин сессиясын, туруктуу комиссиялардын жыйындарын уюштуруу, таратылуучу материалдарды дайындоо жана депутаттарга жөнөтүү;
- кеңештин сессиясына, туруктуу комиссиялардын жыйындарына чакыруу барактарын Регламентте белгиленген мөөнөттө жөнөтүү;
- кеңештин сессиясына келбеген депутаттардын жүйөөлүү себептерин тактоо, сессиянын, туруктуу комиссиялардын протоколдорун жүргүзүү;

- туруктуу комиссияда даярдалган токтомдун долбоорлорун расмий булактарга жарыялоо тиркемелери менен кошо;
- сессияда кабыл алынган чечимдерди расмий булактарга жарыялоо, кеңеште каттоо, КР Юстиция министрлигин аймактык бөлүмдөрүнө мыйзам талаптарына ылайык убакытта жана тартипте көчүрмөлөрүн ченемдик укуктук актылардын базасына киргизүү үчүн жөнөтүү;
- кеңештин иш планын, туруктуу комиссиялардын иш пландарын даярдоого катышуу жана алардын аткарылышы боюнча төрагага маалымат берип туруу, туруктуу комиссияларга иш пландарынын чегинде иш алып баруусу боюнча уюштуруучулук жактан камсыз кылуу жана шарт түзүү;
- кеңештин иш-кагаздарын жүргүзүү, архивдик жумуштарды аткаруу ж.б. мыйзамдарда, ченемдик укуктук актыларда аныкталган кеңештин ыйгарым укуктарына таандык иштерди аткаруу үчүн уюштуруучулук ишмердүүлүктү аткаруу.

## 49. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ЖООПТУУ КАТЧЫСЫ СЕБЕПСИЗ ИШКЕ ЧЫКПАЙ ЖАТСА ЖЕ ӨЗ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ТАЛАПТАГЫДАЙ АТКАРБАСА КАНДАЙ ЧАРА КӨРҮЛҮШҮ КЕРЕК?

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 24-беренесине ылайык, мамлекеттик жарандык кызматчыга жана муниципалдык кызматчыга карата колдонулуучу тартиптик жоопкерчилик айылдык кеңештин жооптуу катчысына да жайылтылат.

Тартиптик жоопкерчилик деп күнөөлүү, укукка каршы жүрүм-туруму, өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы (тартиптик жорук жасаганы) үчүн кызматчыга карата тартиптик таасир этүү (жаза) чараларын колдонуу түшүнүлөт.

Тартиптик жазалардын түрлөрү:

- эскертүү;
- сөгүш;
- катуу сөгүш;
- кызмат ордунан төмөндөтүү;
- ээлеген кызмат ордунан бошотуу.

Тартиптик жазалар жорук түздөн-түз аныкталгандан кийин, бирок ал жасалган күндөн тартып 6 айдан кечиктирилбестен колдонулат.

Кызматчы өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарбаган ар бир учур үчүн же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн бир гана тартиптик жаза салынышы мүмкүн.

Кызматчыга салынган тартиптик жаза күчүндө турган мезгилде аны кызмат орду боюнча жогорулатуу мүмкүн эмес.

Жооптуу катчыга тартиптик жаза ал тарабынан жасалган жоруктун оордугун жана мүнөзүн, ошондой эле жорук жасалган жагдайларды эске алуу менен жергиликтүү кеңештин төрагасы тарабынан салынат. Жасалган жоруктун оордугу жана мүнөзү, ошондой эле башка жагдайлар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында түзүлүүчү кызматтык териштирүү жүргүзүү боюнча комиссия тарабынан аныкталат, анын ишинин натыйжасы жергиликтүү кеңештин төрагасына жазанын конкреттүү түрүн колдонуу жөнүндө сунушту киргизүү болуп саналат.

Кызматтык териштирүү жүргүзүү тартиби КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 29-декабрындагы N 356 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык териштирүүнү уюштуруу жана жүргүзүү тартиби жөнүндө” жүргүзүлөт.

Тартиптик жазаны салууда жорук жасалганга чейинки кызматтык иштин бардык жагдайлары эске алынууга тийиш.

Тартиптик жаза колдонулганга чейин кызматчыдан жазуу жүзүндөгү түшүндүрмө талап кылынууга тийиш. Мындай түшүндүрмө берүүдөн баш тартылган учурда электрондук документ жүгүртүү тутуму аркылуу бир нече адам тарабынан түзүлгөн кызматтык кат (акт) таризделет. Түшүндүрмө берүүдөн баш тартуу жазаны колдонуу үчүн тоскоолдук боло албайт.

Жергиликтүү кеңештин төрагасынын тартиптик жаза колдонуу жөнүндө чечими ал чыккан күндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде кызматчыга кол койдуруу менен жарыяланат же таанышуу үчүн ага электрондук документ жүгүртүү тутуму аркылуу жиберилет. Кызматчы аталган чечим менен таанышуудан баш тарткан учурда, электрондук документ жүгүртүү тутуму аркылуу бир нече адам тарабынан түзүлгөн тиешелүү кызматтык кат (акт) таризделет.

Тартиптик жаза салынган күндөн тартып бир жыл бою күчүндө турат. Эгерде ушул мөөнөттүн ичинде кызматчы жаңы тартиптик жазага кабылбаса, анда анын тартиптик жазасы жок деп эсептелет.

Кеңештин төрагасы тартиптик жаза салынган мөөнөт аяктаганга чейин, бирок жаза салынган күндөн тартып 6 айдан эрте эмес тартиптик жазаны алып салууга укуктуу.

Кызматтык териштирүү төмөнкү учурларда токтотулат же өткөрүлбөйт:

1) фактылар чындыкка дал келген учурда - кызматчы жорук жасагандыгы боюнча өзүнүн күнөөсүн чын дилинен моюнга алганда;
2) эгерде жасалган жорукта кылмыш-жаза курамынын белгилери аныкталса, мында материалдар тиешелүү мамлекеттик органга өткөрүлүп берилет.

(КР «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 24-беренеси, КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 29-декабрындагы N 356 токтому менен бекитилген "КР мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык териштирүүнү уюштуруу жана жүргүзүү тартиби жөнүндө тартиби”).

## 50. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН КАТЧЫСЫНА КЛАССТЫК ЧЕН ЫЙГАРУУ ЧЕЧИМИН КИМ КАБЫЛ АЛАТ, КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫБЫ ЖЕ АЙЫЛ ӨКМӨТ БАШЧЫСЫБЫ?

Класстык чен - административдик кызмат ордун ээлеген ар бир кызматчыга жекече ыйгарылуучу атайын наам. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы – административдик муниципалдык кызмат ордуна кирет.

Класстык чендер административдик кызмат оруундарынын реестриндеги топторго жана категорияларга ылайык берилет.

Муниципалдык кызматчыларга төмөнкүдөй класстык чендер ыйгарылышы мүмкүн:

1) муниципалдык кызматтын кенже инспектору;
2) муниципалдык кызматтын 1, 2 жана 3-класстагы инспектору;
3) муниципалдык кызматтын 1, 2 жана 3-класстагы кеңешчиси;
4) муниципалдык кызматтын 1, 2 жана 3-класстагы муниципалдык кеңешчиси.

Муниципалдык кызматтын кенже инспектору, муниципалдык кызматтын 1, 2 жана 3-класстагы инспектору, муниципалдык кызматтын 1, 2 жана 3-класстагы кеңешчиси класстык чендерин

ыйгаруу, ажыратуу тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан жүзөгө ашырылат.

Муниципалдык кызматтын 1, 2 жана 3-класстагы муниципалдык кеңешчиси класстык ченин ыйгаруу, ажыратуу, төмөндөтүү тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин сунушу боюнча Президент тарабынан жүзөгө ашырылат.

Ыйгарылган класстык чен кызматтык күбөлүктө көрсөтүлөт.

Административдик кызматчыларга класстык чендерди ыйгаруу, төмөндөтүү жана ажыратуу тартиби КР Президентинин 2016-жылдын 30-декабрындагы ПЖ N 308 Жарлыгы менен бекитилген "КР мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына класстык чендерди ыйгаруу маселелери жөнүндө" Жобосуна ылайык жүргүзүлөт.

Аталган Жобонун 27-пунктуна ылайык, кеңештин жооптуу катчысына класстык ченди тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси ыйгарат, башкача айтканда, жергиликтүү кеңештин төрагасы.

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ ЖАНА СЕССИЯЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

### 51. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН КОМПЕТЕНЦИЯСЫНА КАНДАЙ МАСЕЛЕЛЕР КИРЕТ?

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамга ылайык, шаардык жана айылдык кеңештер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктардын алкагында маселелерди кароого жана алар боюнча шаардык, айылдык кеңештин сессияларында чечимдерди кабыл алууга укуктуу. Алсак, шаардык жана айылдык кеңештин сессиясында төмөнкү маселелер чечилет:

1. Жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруу тартибин белгилөө.
2. Жергиликтүү бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддордун пайдаланылышы тууралуу маалыматтарды угуу.
3. Аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларын бекитүү, программанын аткарылышы жөнүндө отчетту угуу.

4. Жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана алар боюнча жеңилдиктерди киргизүү, ошондой эле КР мыйзамдарында каралган учурларда алардын ставкаларын белгилөө.
5. Жергиликтүү жамааттын муниципалдык менчигин пайдалануу жана тескөө тартибин белгилөө, анын ичинде муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү программасын бекитүү жолу менен муниципалдык менчиктин пайдаланылышына контролдук кылуу.
6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысынын аткаруучу органдын ишмердүүлүгү жөнүндө отчетун угуу.
7. Тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарына киргизүү максатында административдик-аймактык түзүлүш боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.
8. Кеңештин төрагасын жана анын орун басарын шайлоо, аларды кызматтан бошотуу, кеңештин төрагасынын КР мыйзамдарына карама-каршы келген чечимдерин жокко чыгаруу.
9. Кеңештин Регламентин кабыл алуу.
10. Өз чечимдеринин аткарылышына контролдук кылуу.
11. Муздак сууну пайдалануу, канализация, жылуулук менен камсыздоо, ошондой эле катуу тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу үчүн, ошондой эле КР мыйзамдарына ылайык башка коммуналдык кызматтарга тарифтерди бекитүү.
12. Жалпы пайдалануудагы автомобиль транспортунда жүргүнчүлөрдү ташуу тарифтерин бекитүү.
13. Алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуунун убактысы жана орду боюнча чектөөлөрдү белгилөө, ал тургай сатууга тыюу салуу.
14. Ритуалдык иш-чараларды өткөрүү эрежелерин бекитүү.
15. Ирригациялык тармактарды, үйлөрдү жана үй жанындагы участокторду күтүү тартибин белгилөө.
16. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысына ишеним көрсөтпөө.
17. Бюджет, аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программалары аткарылбагандыгына байланыштуу жана анын компетенциясына кирген башка маселелер боюнча аткаруучу

органдын башчысынын ээлеген кызматына шайкештиги жөнүндө маселени карoo тууралуу сунуштарды киргизүү.

18. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка маселелерди чечүү.

(«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 34-беренеси).

## 52. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫН КАНДАЙ УЮШТУРУУ КЕРЕК (КВОРУМ, КАБАРЛОО, ДЕПУТАТТАРДЫ КАТТОО ТАРТИБИ)?

Жергиликтүү кеңештин сессиясы — бул анын ишинин негизги уюштуруучулук-укуктук формасы болуп саналат. Анда айылдык кеңештин компетенциясына кирген маселелер талкууланат жана тиешелүү чечимдер кабыл алынат.

Айылдык кеңештин сессиясына депутаттардын жалпы санынын жарымынан көбү катышса, ал укуктуу (кворум бар) деп эсептелет.

Эгерде депутаттарды каттоо башталгандан кийин 15 мүнөттүн ичинде кворум чогулбаса, төрагалык кылуучу 30 мүнөткө тыныгуу жарыялайт (бул учурда убакытты депутаттар өз каалоосу боюнча белгилей алышат). Эгерде тыныгуудан кийин да кворум камсыз кылынбаса, кворумдун жоктугуна байланыштуу сессия башка убакытка жылдырылат.

Айылдык кеңештин сессиясы төмөнкү учурларда чакырылышы мүмкүн:

- төраганын өз демилгеси менен;
- депутаттардын жалпы санынын кеминде үчтөн биринин демилгеси (жазуу жүзүндө) боюнча;
- айыл өкмөт башчысынын сунушу менен;
- жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысынын (акимдин) сунушу менен.

Айылдык кеңештин сессиясы чейрегине кеминде бир жолу өткөрүлөт. Пландык сессиялардан тышкары, кезексиз сессиялар да өткөрүлүшү мүмкүн.

Айылдык кеңештин сессиясы коомчулук үчүн ачык. Бардык кызыкдар жактар айылдык кеңештин регламентинде белгиленген тартипте сессияга катышууга укуктуу. Эгерде каралып жаткан маселе мыйзамдарга ылайык мамлекеттик сыр болсо, айылдык кеңеш жабык сессия өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алат.

Сессияны чакыруу жөнүндө кулактандыруу сессияга чейин 5 жумуш күнүнөн кечиктирилбей илиниши керек жана ал депутаттар менен айыл аймагынын тургундары үчүн көрүнүктүү жерлерде жеткиликтүү болушу зарыл.

Сессияга катышкан депутаттардын саны каттоонун жыйынтыгы боюнча аныкталат. Каттоону жооптуу катчы жүргүзөт; ал сессия башталганга чейин башталып, сессия аяктаганга чейин улануусга тийиш. Депутаттарды каттоо журналы жооптуу катчыда (же айылдык кеңештин төрагасында) сакталат.

Депутаттын сессияда жоктугунун жүйөлүү себептерине документ менен тастыкталган фактылар кирет. Мындай учурда депутат төраганын атына жүйөлүү себептерден улам катыша албастыгы жөнүндө жазуу жүзүндө арыз жөнөтөт.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 3-беренесине ылайык, төмөнкүлөр жүйөлүү себеп деп таанылат:

1. убактылуу эмгекке жарамсыздык;
2. кош бойлуулук жана төрөт боюнча, баланы багып алууга байланыштуу өргүү;
3. үй-бүлөлүк жагдайлар (никеге туруу, баланын төрөлүшү, баланы кароо, жакын туугандарынын каза болушу), окуу өргүүсү, негизги иш орду боюнча иш сапарында болуу, мамлекеттик аземдерге жана расмий кабыл алууларга, семинарларга, конференцияларга кеңештин жетекчилигинин уруксаты менен катышуу;
4. транспорттук тоскоолдуктар жана башка тиешелүү документтер менен тастыкталган форс-мажордук жагдайлар.

Эгерде депутат бир жыл ичинде төрттөн ашык сессияга жүйөлүү себептерсиз келбесе, бул депутаттардын көпчүлүк добушу менен анын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотууга негиз болушу мүмкүн. Мындай чечим кабыл алынгандан кийин ал аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

Жергиликтүү кеңештин сессияларында арыздар жана кайрылуулар күн тартибиндеги «ар кандай маселелер» бөлүгүндө каралат. Сессиянын же төрагалык кылуучунун чечими менен бул бөлүккө билдирүүлөр, кайрылуулар жана протоколдук чечимдер үчүн 30 мүнөткө чейин убакыт бөлүнүшү мүмкүн.

## 53. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЖАЛПЫ САНЫНЫН ҮЧТӨН БИРИ ТАРАБЫНАН КАНДАЙ МАСЕЛЕЛЕР ДЕМИЛГЕЛЕНЕТ?

Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн бири төмөнкү маселелерди демилгелөөгө укуктуу:

- жергиликтүү кеңештин төрагасы жана анын орун басары өз милдеттерин аткарбаган же тийиштүү түрдө аткарбаган учурда, аларды кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотуу;
- жергиликтүү кеңештин сессиясын чакыруу;
- мурда кабыл алынган Жергиликтүү жамааттын Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
- убактылуу комиссияларды түзүү.

Депутаттардын үчтөн биринин демилгелери кайрылуу же арыз түрүндө таризделет, алардын колу коюлат жана тийиштүү чараларды көрүү үчүн жергиликтүү кеңештин төрагасына жөнөтүлөт.

Жергиликтүү кеңештин төрагасы жогоруда көрсөтүлгөн маселелер боюнча депутаттардын үчтөн биринин демилгеси жазылган кайрылуу же арыз келип түшкөн күндөн тартып 5 (беш) календардык күндүн ичинде (кароо мөөнөттөрү депутаттардын каалоосу боюнча өзгөрүшү мүмкүн) алардын демилгесин канааттандыруу жөнүндө чечим кабыл алат.

## 54. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ КАЙСЫ МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА ДЕПУТАТТАРДЫН ЖАЛПЫ САНЫНЫН КӨПЧҮЛҮК ДОБУШУ МЕНЕН, АЛ ЭМИ КАЙСЫЛАР БОЮНЧА — ЖАЛПЫ САНЫНЫН ҮЧТӨН ЭКИ ДОБУШУ МЕНЕН ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛУУГА УКУКТУУ?

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамга ылайык, эгерде ушул же башка мыйзамда башкача каралбаса, жергиликтүү кеңеш төмөнкү маселелер боюнча депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен чечим кабыл алат:

- жергиликтүү кеңештин төрагасын жана анын орун басарын шайлоо;
- жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басарын ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу;
- кеңештин төрагасынын мыйзамдарга карама-каршы келген чечимдерин жокко чыгаруу;
- жергиликтүү жамааттын уставын бекитүү;

- депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечим;
- мыйзам тарабынан депутаттардын жалпы санынын үчтөн эки добушу менен чечим кабыл алуу белгиленбеген башка жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча.

Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн эки добушу менен төмөнкү маселелер боюнча чечимдер кабыл алынат:

- жергиликтүү кеңештин төрагасы өз милдеттерин аткарбаган же тийиштүү түрдө аткарбаган учурда, аны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу;
- айылдык кеңештин депутаттарынын демилгеси боюнча жергиликтүү кеңешти мөөнөтүнөн мурда таркатуу;
- шаардын мэрине, айыл өкмөтүнүн башчысына ишеним көрсөтпөө;
- мыйзамдар тарабынан депутаттардын жалпы санынын үчтөн эки добушу менен чечим кабыл алуу белгиленген башка жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча.

Сессияга катышып жаткан депутаттардын санынын көпчүлүк добушу менен процедуралык маселелер боюнча чечимдер кабыл алынат.

## 55. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯЛАРЫ КАНДАЙ УЧУРЛАРДА ЧАКЫРЫЛАТ?

Кезек күттүрбөгөн маселелерди чечүү үчүн айылдык кеңештин төрагасы өз демилгеси боюнча же айыл өкмөтүнүн башчысынын, жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысы – акимдин жана депутаттардын жалпы санынын үчтөн биринин сунушу боюнча айылдык кеңештин кезексиз сессиясын чакырууга укуктуу.

Айылдык кеңештин төрагасы депутаттардын дарегине кезексиз сессиянын зарылчылыгы жөнүндө маалыматты жөнөтөт, анда карала турган маселелерди көрсөтөт жана аны өткөрүүнүн зарылчылыгын негиздейт.

Кезексиз сессия сунуш түшкөн учурдан тартып 5 календардык күндөн кечиктирилбестен чакырылышы керек.

Өзгөчө кырдаалдар (ӨК) келип чыккан учурда, айылдык кеңештин төрагасы депутаттарды, чакырылган жактарды жана тургундарды кабарлоонун белгиленген мөөнөттөрүн сактабастан кезексиз сессияны чакырууга укуктуу.

Кезексиз сессияда каралуучу маселелер боюнча материалдар депутаттардын жана чакырылган жактардын дарегине сессияга чейин 3 календардык күндөн кечиктирилбестен жөнөтүлүүгө тийиш.

## 56. СЕССИЯЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ЭҢ УЗАК ЖАНА ЭҢ КЫСКА МӨӨНӨТҮ КАНЧА?

Жергиликтүү кеңештин сессиясынын узактыгын депутаттар жергиликтүү кеңештин Регламентинде өз каалоолору боюнча белгилей алышат.

Мисалы, сессиянын иштөө убактысын эртең мененки саат 09:00дөн кечки 18:00гө чейин белгилеп, ар бир 2 сааттык иштен кийин 20 мүнөттүк тыныгууну, ошондой эле 1 сааттык түшкү тамактануу тыныгуусун караштырууга болот.

Мында каралып жаткан маселелердин санына жана алардын маанилүүлүгүнө жараша, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын чечими менен сессиянын иштөө убактысы кыскартылышы же алар тарабынан белгиленген убакытка узартылышы мүмкүн.

## 57. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫНЫН КҮН ТАРТИБИНИН ДОЛБООРУ КАНДАЙ ТҮЗҮЛӨТ ЖАНА АНЫ КАБЫЛ АЛУУ ТАРТИБИ КАНДАЙ?

Жергиликтүү кеңештин сессиясынын күн тартибинин долбоору — бул сессияда карала турган маселелердин тизмеси, анда ар бир маселе боюнча кароо кезектүүлүгү жана баяндамачылар (кошумча баяндамачылар) көрсөтүлөт.

Сессиянын күн тартибинин долбоору жергиликтүү кеңештин иш планынын, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын, депутаттардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысынын сунуштарынын негизинде түзүлөт жана сессияга чейин 5 күн калганда даярдалууга тийиш. Өзгөчө кырдаалдар жаралган учурда долбоор токтоосуз (шашылыш) түзүлүшү мүмкүн.

Күн тартибинин долбооруна киргизилген маселелер алдын ала туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында каралат жана ошол комиссиялардын төрагалары менен макулдашылат, андан соң алар жергиликтүү кеңештин төрагасы тарабынан киргизилет.

Сессиянын күн тартибинин долбоору, ошондой эле токтомдордун долбоорлору жана башка документтер депутаттардын жана чакырылган жактардын дарегине сессия башталганга чейин 3

календардык күндөн кечиктирилбестен жөнөтүлүүгө тийиш. Күн тартибинин долбоору ошондой эле маалыматтык стенддерге жайгаштырылат.

Эгерде жергиликтүү кеңештин депутаттары зарыл деп тапса, күн тартибинин долбоору жергиликтүү жалпыга маалымдоо каражаттарына (ММК) жарыяланышы мүмкүн.

Төрага тарабынан аныкталган күн тартибинин долбоору бекитүү үчүн добушка коюлат. Сессиянын жүрүшүндө күн тартибинин долбооруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

Негиз катары кабыл алынган күн тартибинин долбоорун жаңы маселе менен толуктоо жөнүндө сунуш, эгерде сунушталган маселе алдын ала туруктуу комиссиялар тарабынан каралган болсо гана киргизилиши мүмкүн жана ал катышкан депутаттардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

## 58. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫН КИМ АЛЫП БАРАТ? ТӨРАГАНЫН ТАПШЫРМАСЫ БОЮНЧА ОРУН БАСАРЫ, ТУРУКТУУ КОМИССИЯНЫН ТӨРАГАСЫ, ФРАКЦИЯ ЛИДЕРИ ЖЕ ДЕПУТАТТАРДЫН БИРИ СЕССИЯНЫ АЛЫП БАРА АЛАБЫ?

Жергиликтүү кеңештин сессиясын жергиликтүү кеңештин төрагасы алып барат. Төрага жок болгон учурда же ал өз милдеттерин аткара албаган учурда, ошондой эле төраганын тапшырмасы менен сессияны алып барууга жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басары укуктуу.

Туруктуу комиссиянын төрагасы, фракциялардын, фракциялар коалициясынын лидерлери, депутаттар топтору же депутаттар жергиликтүү кеңештин сессиясын алып барууга укугу жок. Жергиликтүү кеңештин төрагасы жана анын орун басары жүйөлүү себептер менен жок болгон учурда, сессия өткөрүлбөйт.

## 59. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫНЫН «АЧЫКТЫГЫ» ЭМНЕНИ ТҮШҮНДҮРӨТ? ДЕПУТАТ ЭМЕС АДАМДАР СЕССИЯЛАРГА ЖАНА КОМИССИЯЛАРДЫН ЖЫЙЫНДАРЫНА КАНДАЙЧА КАТЫША АЛЫШАТ?

Жергиликтүү кеңештердин сессиялары ачык өткөрүлөт. Бардык кызыкдар жактар жергиликтүү кеңештин регламентинде белгиленген тартипте сессияга катышууга укуктуу.

Айыл өкмөтүнүн башчысы, шаардын мэри, ошондой эле айыл аймагында же шаарда иштеген башка кызмат адамдары, айыл өкмөтүнүн же мэриянын аппарат кызматкерлери, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү жана башка кызыкдар жактар сессияларга жана туруктуу комиссиялардын жыйындарына атайын уруксатсыз катышууга укуктуу. Аталган жактар сессияга же анын органдарынын жыйынына катышуу ниетин билдиришсе, катчы тарабынан атайын журналга катталат. Алар жөнүндө маалымат сессиянын же жыйындын протоколуна киргизилет.

Жергиликтүү кеңештин депутаты эмес адамдардын маалыматтары (аты-жөнү, жашаган жери, кызматы) катышып жаткан депутаттарды кабардар кылуу үчүн катчы тарабынан төрагага берилет.

Сессияга же туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарына катышып жаткан адамдарга катышуу тартиби жана Регламентти бузгандыгы үчүн жоопкерчилик жөнүндө маалымат берилет.

Сессияга же жыйындарга катышуучулар үчүн жыйындар залында атайын орундар бөлүнөт. Эгерде катышууну каалагандар өтө көп болуп, зал баарын батыра албаса, анда аталган адамдардын өкүлдөрүнүн катышуусуна жол берилет. Өкүлчүлүк бир көчөдөн, бир кварталдан, бир айылдан, бир уюмдан же бирикмеден бир (же эки-үч) адамды камтышы мүмкүн.

## 60. СЕССИЯЛАРГА ЖАНА ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРДЫН ЖЫЙЫНДАРЫНА КАТЫШКАН ДЕПУТАТТАР ЖАНА БАШКА ЖАКТАР ҮЧҮН КАНДАЙ ЭТИКА ЭРЕЖЕЛЕРИ БЕЛГИЛЕНГЕН?

Өз ишмердүүлүгүндө депутат моралдын жалпы кабыл алынган ченемдерин сактоого, өзүнүн кадыр-баркын коргоого, башка депутаттардын, кызмат адамдарынын жана жарандардын ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого милдеттүү. Ал тиешелүү жергиликтүү кеңешке, шайлоочуларга жана жалпы мамлекетке шек келтире турган аракеттерден, билдирүүлөрдөн жана жоруктардан алыс болушу керек.

Депутаттык мандатты жеке кызыкчылыктарга пайдаланууга жол берилбейт. Депутат өз ишинде Депутаттык этика кодексинин талаптарын жетекчиликке алат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери

боюнча мамлекеттик агенттиктин буйругу менен Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын типтүү этика кодекси (мындан ары – Типтүү кодекс) бекитилген.

Этика кодексинен айрым эрежелер:

- Депутаттар коркутуу, ультиматум же ушул сыяктуу башка аракеттер аркылуу өз позициясын таңуулабастан, кеңештин ишине активдүү жана конструктивдүү катышуусу керек. Ар бир депутат кеңеште иштиктүү кызматташтык, өз ара колдоо жана ак ниеттүүлүк атмосферасын түзүүгө көмөктөшөт.
- Депутаттар калктын кызыкчылыгын коргоодо башка депутаттардын ишенимдерине, каада-салттарына, этникалык жана социалдык топтордун маданий өзгөчөлүктөрүнө, диний конфессияларга урмат-сый жана сабырдуулук менен мамиле кылып, улуттар аралык жана диндер аралык тынчтыкка жана келишимге көмөктөшүүсү зарыл.

Депутаттык этика эрежелери ошондой эле айылдык жана шаардык кеңештердин иш Регламенттеринде да келтирилген. Депутат сессиянын регламентин, күн тартибин жана төраганын мыйзамдуу талаптарын сактоого, этика ченемдерин бузбоого милдеттүү.

Эгерде каралып жаткан маселеде депутаттын жеке кызыкчылыгы болсо (маселенин маңызына карабастан), ал талкуу башталганга чейин же кароо процессинде төрагага кызыкчылыктар кагылышы жөнүндө билдирүүгө жана ал маселе боюнча талкууга катышуудан жана добуш берүүдөн баш тартууга милдеттүү. Бул жоболор бузулган учурда, маселе комиссияда каралып, сессияда кароо үчүн корутунду даярдалат.

Тартип бузуулар үчүн колдонулуучу чаралар:

Эгерде депутат сессиянын өтүшүнө тоскоолдук кылса, тартипти сактабаса, башка катышуучулар менен кайым айтышса же Регламентти бузса, ага карата төмөнкү чаралар колдонулушу мүмкүн:

- эскертүү берүү;
- сессия аяктаганга чейин сүйлөө укугунан ажыратуу.

Тартип кайталап бузулган учурда, депутат жыйындар залынан чыгарылып, анын аракеттери боюнча материалдар карап чыгуу үчүн тиешелүү этика комиссиясына жөнөтүлөт. Депутатка же сессиянын башка катышуучуларына карата көрүлгөн чаралар сессиянын протоколуна сөзсүз түрдө жазылууга тийиш.

## 61. ДЕПУТАТ ДОБУШ БЕРҮҮ УКУГУН БАШКА ДЕПУТАТКА ИШЕНИМ КАТ АРКЫЛУУ ӨТКӨРҮП БЕРЕ АЛАБЫ ЖЕ СЫРТТАН ДОБУШ БЕРСЕ БОЛОБУ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн добуш берүү укугун жеке өзү жүзөгө ашырат. Депутаттын добуш берүүсү ишеним кат аркылуу же башка кандайдыр бир жол менен, анын ичинде онлайн-добуш берүү аркылуу башка депутатка өткөрүлүп берилиши мүмкүн эмес.

Депутат маселе боюнча чечим кабыл алууда «макул» же «каршы» деп добуш бере алат. Ар бир депутаттын ар бир маселе боюнча бир гана добушу болот.

Добуш берүү учурунда жок болгон жергиликтүү кеңештин депутаты добуш берүү аяктагандан кийин добуш берүүгө укугу жок. Эгерде депутат жыйындар залында болуп, бирок добуш бербесе, бул добуш берүүнүн жыйынтыгын кайра кароого негиз болбойт. Добуш берүүнүн башталышы жарыялангандан кийин аны эч ким токтото албайт.

Мыйзамдарда сырттан (заочно) добуш берүү каралган эмес.

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзү мүчө болгон жергиликтүү кеңештин сессияларында жана туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында каралуучу бардык маселелер боюнча чечүүчү добуш укугунан пайдаланат. Жергиликтүү кеңештин сессиясында жана ал мүчө болгон туруктуу (убактылуу) комиссияларда ар бир депутат бир добушка ээ. Жергиликтүү кеңештин кайсы бир органынын курамына кирбеген депутат анын ишине кеңеш берүүчү добуш укугу менен катыша алат («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 10-беренеси).

## 62. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМДОРУНУН АТКАРЫЛЫШЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨ КАНДАЙ ЖҮРГҮЗҮЛӨТ?

Өз чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө — сессияда чечилүүчү маанилүү маселелердин бири. Туруктуу комиссиялар аймактагы мекеме-уюмдар тарабынан кеңештин чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө үчүн түзүлөт.

Ар бир токтомдо тапшырманын аткарылышы үчүн жооптуу жак же орган, ошондой эле аткарылышын ким көзөмөлдөй тургандыгы көрсөтүлөт.

Көзөмөлдүн максаты:

1) Токтомдун аткарылышынын натыйжалуулугун аныктоо;
2) Аткарууну кыйындаткан себептерди аныктоо;
3) Аткарууга тоскоолдук кылган жактарды аныктап, зарыл болсо аларды жоопкерчиликке тартуу.

Аткарылышы жөнүндө отчетту уккандан кийин кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:

- айрым пункттар боюнча көзөмөлдү токтотуу;
- аткаруу мөөнөтүн узартуу;
- көзөмөлдү башка жака же органга жүктөө;
- токтомду жокко чыгаруу же өзгөртүү киргизүү.
- аткарылды деп табылган токтомду көзөмөлдөн алуу;
- кошумча токтом кабыл алуу.

Отчет берүү мөөнөтү токтомдун өзүндө көрсөтүлөт. Төрага каалаган убакта жооптуу жактан аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты сессияда берүүнү талап кыла алат.

## 63. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН РЕГЛАМЕНТИНЕ КАНЧА ЖОЛУ ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮГӨ БОЛОТ?

Регламентке өзгөртүүлөр жана толуктоолор депутаттардын каалоосу боюнча чектөөсүз киргизилиши мүмкүн. Бирок, киргизилип жаткан ар бир өзгөртүү жана толуктоо колдонуудагы мыйзамдарга шайкеш келиши керек.

Регламенттин жаңы редакциясы, ошондой эле ага киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор сессияда жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

Депутаттар же туруктуу комиссиялар тарабынан демилгеленген өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштар сессиянын күн тартибине киргизилет жана тиешелүү туруктуу комиссияларда талкуулангандан кийин сессияда каралат.

Регламенттин жоболоруна түшүндүрмө берүү жана анын сакталышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссияларынын бирине жүктөлөт. Регламенттин жоболорун чечмелөө (түшүндүрмө берүү) жергиликтүү кеңештин сессиясында жүргүзүлөт.

Жергиликтүү кеңештин Регламенти — бул ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген Типтүү регламенттин негизинде жана мыйзамдарга ылайык жергиликтүү кеңештин депутаттары өздөрү иштеп чыккан документ. Регламент жергиликтүү кеңештин сессияларын, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарын өткөрүүнүн тартибин жана процедураларын, туруктуу комиссиялардын, депутаттык фракциялардын жана топтордун укуктарын, милдеттерин, уюштуруу жана иш тартибин аныктайт, ошондой эле КР мыйзамдарына ылайык депутаттардын башка ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартибин жөнгө салат.

Жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан кабыл алынган Регламент жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында каттоого алынууга тийиш. Регламентти бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому каттоого алынгандан кийин ММКларга ж.б. жарыяланат. Андан соң токтомдун жана Регламенттин көчүрмөлөрү Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн аймактык юстиция органдарына жөнөтүлөт. Ушундан кийин гана Регламент юридикалык күчүнө кирди деп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 6-декабрындагы № 01-25/330 буйругу менен Шаардык кеңештин типтүү регламенти жана Айылдык кеңештин типтүү регламенти бекитилген. Бул типтүү регламенттер Өнүктүрүү саясат институтунун же Кыргыз Республикасынын ЖӨБ Союзунун эксперттери тарабынан иштелип чыккан. Алар жергиликтүү кеңештин ишмердүүлүгүнүн толук процедураларын жөнгө салат жана өлкөнүн жергиликтүү кеңештерине колдонуу үчүн сунушталат. Типтүү регламенттердин тексттерин www.mkk.gov.kg сайтынан («ЖӨБ» бөлүмүнөн) тапса болот.

## 64. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУДА МЫЙЗАМДА БЕЛГИЛЕНГЕН ПРОЦЕДУРАЛАР БУЗУЛСА, КАНДАЙ ЖООПКЕРЧИЛИК КАРАЛГАН?

Жергиликтүү кеңештер токтом кабыл алууда жана тескеме кабыл алууда мыйзамдарда белгиленген талаптар бузулса, процедуралар сакталбай жатканын байкаса (мисалы, кворумдун жоктугу, добуш берүү тартибинин сакталбашы, туруктуу комиссияда каралбашы, коомдук талкуугa коюлбашы, кабыл алынгандан кийин расмий жарыяланбашы, мамлекеттик реестрден өткөрүлбөшү ж.б.), кызмат

адамдары жергиликтүү кеңешке маалымдоосу керек. Процедуралар бузулган учурда кабыл алынган чечим мыйзамсыз деп таанылат.

Мыйзамдарды жоопкерчилик жана жооп кайтаруу чараларын каралган (“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 39-беренеси, “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 4-22-23-28-беренелери).

Прокуратуранын көзөмөлү: прокурор мыйзамсыз чечимге каршы талап (протест) келтирет. Бул учурда кеңеш өзүнүн чечимин кайра карап чыгууга же жокко чыгарууга милдеттүү.

Соттук тартип: ар кандай кызыкдар тарап (жарандар, юридикалык жактар же мамлекеттик органдар) сотко кайрыла алат. Эгерде сот процедуралык бузууларды аныктаса, чечимди толугу менен же жарым-жартылай жокко чыгарат.

Процедуралык бузууларга жол берген конкреттүү кызмат адамдары (төрага, жооптуу катчы ж.б.) кызматтык милдеттерди тийиштүү деңгээлде аткарбоо катары бааланса, тартиптик чаралар көрүлөт.

Эгерде процедураны бузуу атайылап жасалса жана мамлекетке же жарандарга чоң зыян келтирсе (мисалы, кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдалануу), анда Кылмыш-жаза кодексинин негизинде иш козголушу мүмкүн.

КР “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 39-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык жергиликтүү кеңеш эки түрлүү чечим кабыл алат: биринчиси - токтом, экинчиси - тескеме.

**Токтом** – ченемдик укуктук акт болуп саналат жана ал «Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндө» мыйзамы менен жөнгө салынат. Аталган мыйзамдын 4-беренесинде «жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын токтомдору - өздөрүнөн жогору юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актылардын негизинде жана аларды аткаруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары тарабынан өз компетенциясынын чегинде, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү максатында кабыл алынуучу, тиешелүү аймакта милдеттүү юридикалык күчкө ээ болгон жана ушул Мыйзамда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык келген ченемдик укуктук актылар.» деп белгиленген. Демек, жергиликтүү кеңештер өз чечимин токтом түрүндө кабыл алган учурда аталган мыйзамдагы талаптарга ылайык кабыл алуусу зарыл.

Жергиликтүү кеңештин токтомунун долбоору тиешелүү туруктуу комиссияда даярдалгандан кийин коомдук талкууда (сайтта) 15 күндөн кем эмес илинип туруусу керек. Токтом долбоорун коомдук талкуу мөөнөтү аяктаган соң, жергиликтүү кеңештин сессиясынын күн тартибине киргизилет жана ал токтом долбоору сессияда депутаттардын талкуусунан өтүп кабыл алынат. Андан соң кабыл алынган токтом кайра сайтка расмий жарыяланууга тийиш же башка расмий жарыялоо булактарында жарыяланат. Андан кийин токтомду ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлөт.

Ал эми **тескеме** – бул ченемдик эмес укуктук акт болуп саналат. Жергиликтүү кеңештер өз чечимин тескеме түрүндө кабыл алган учурда, тескеменин долбоору тиешелүү туруктуу комиссияда каралып, тескеменин долбоору даярдалган соң жергиликтүү кеңештин сессиясына кароого жөнөтүлөт. Тескемени коомдук талкууга коюу жана Юситиция министрлигине жөнөтүп Мамлекеттик реестрден өткөрүүнүн зарылчылыгы жок.

## 65. СЕССИЯНЫН ПРОТОКОЛДОРУНУН КӨЧҮРМӨСҮН СУРАГАН ДЕПУТАТКА, КӨЧҮРМӨ КАНДАЙ ТАРТИПТЕ БЕРИЛЕТ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укуктарын натыйжалуу ишке ашыруу үчүн сессиянын протоколдоруна жана башка документтерине эркин жетүүгө укуктуу. Бул процесс негизинен Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамы жана тиешелүү жергиликтүү кеңештин Регламенти менен жөнгө салынат.

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» мыйзамынын 7-беренесинин 2-абзацында «Жергиликтүү кеңеш жана анын органдары тийиштүү шарттарды түзүү, депутаттарды документтер, маалымат-кабардык жана депутаттык ыйгарым укуктарды натыйжалуу жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон башка материалдар менен камсыз кылуу жолу менен депутаттардын ишине көмөк көрсөтөт, депутаттардын колдонуудагы мыйзамдарды, жергиликтүү кеңештердин иш тажрыйбасын окуп-үйрөнүүсүн уюштурушат.» деп белгиленген.

Ал эми КР Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2024-жылдын 6-декабрындагы №01-25/330 буйругу менен бекитилген Жергиликтүү кеңештин типтүү регламенттин 31.6 пунктунда «Сессиялардын жана туруктуу комиссиялардын жыйындарынын протоколдору ачык жана жеткиликтүү болууга тийиш. Жооптуу катчы жергиликтүү кеңештин депутаттарына жана башка кызыкдар адамдарга протоколдордун жана токтомдордун көчүрмөлөрүн берет, алар көчүрүп алууларды жүргүзөт.» деп жазылган.

(Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамы; Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2024-жылдын 6-декабрындагы №01-25/330 буйругу менен бекитилген Жергиликтүү кеңештин типтүү регламенти)

## 66. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ СЕССИЯЛАРЫН ОНЛАЙН ӨТКӨРҮҮГӨ МЫЙЗАМ ЖОЛ БЕРЕБИ?

Жок, жергиликтүү кеңештердин сессияларын онлайн өткөрүүгө болбойт. Анткени, жергиликтүү кеңеш караган маселелердин жыйынтыгында чечим (токтом же тескеме) кабыл алат. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2024-жылдын 6-декабрындагы №01-25/330 буйругу менен бекитилген Жергиликтүү кеңештин типтүү регламенттинин 28.3 пунктунда «жергиликтүү кеңештин депутаты добуш берүүгө өзүнүн укугун жеке өзү ишке ашырат. Депутаттын добуш берүү укугун башка депутатка ишеним кат же башка жол менен өткөрүп берүүсүнө, онлайн добуш берүүсүнө жол берилбейт.» деп белгиленген.

## 67. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ РАЙОНДУК МЕКЕМЕ, ИШКАНАЛАРДЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНЕ ЖЕ РАЙОНДУН АКИМИНЕ СУРОО-ТАЛАП КОЁ АЛАБЫ?

Ооба, жергиликтүү кеңештин депутаттары райондук мекеме, ишканалардын жетекчилерине жана райондун акимине суроо-талап коюуга толук укуктуу. КР «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын

статусу жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесинде, жергиликтүү кеңешке тиешелүү аймакта жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилерине, ошондой эле тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысына, анын орун басарына, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын бөлүмдөрүнүн, башкармаларынын жана башка кызматтарынын жетекчилерине билдирген маселени чечүү, коомдук мааниге ээ болгон жана жергиликтүү кеңештин тескөөсүнө кирген маселелер боюнча расмий түшүндүрмө берүү боюнча депутаттык суроо-талап кое ала тургандыгы белгиленген.

Депутат эки жол менен маалымат же түшүндүрмө сурай алат:

- Жеке суроо-талап: Депутат өз алдынча тиешелүү жетекчиге кат жүзүндө кайрылат.
- Жергиликтүү кеңештин суроо-талабы: Бул сессия учурунда көпчүлүк добуш менен кабыл алынган расмий кайрылуу.

## 68. МУРУНКУ ЧАКЫРЫЛЫШТАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ КАБЫЛ АЛГАН ТОКТОМДУ, КИЙИНКИ ЧАКЫРЫЛЫШТАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ЖОККО ЧЫГАРА АЛАБЫ?

Ооба, кийинки чакырылыштын депутаттары мурунку чакырылыш кабыл алган токтомду жокко чыгарууга же ага өзгөртүүлөрдү киргизүүгө толук укуктуу. Бийликтин укук улантуучулук принциби боюнча, жаңы курам мурункулардын чечимдерин кайра карап чыгуу укугуна ээ.

Бирок, бул процесс өзүм билемдик менен эмес, белгилүү бир укуктук тартипте жана чектөөлөр менен коштолот.

Мурунку токтомду күчүн жоготту деп табуу үчүн жаңы чакырылыш:

1) Тийиштүү туруктуу комиссиянын маселени изилдеп, корутундусун алуусу зарыл.
2) Сессияда депутаттардын көпчүлүк добушу менен мурунку токтомду "күчүн жоготту" деп тааныган же ага өзгөртүү киргизген жаңы токтом кабыл алуусу керек.
3) Токтомду жокко чыгаруунун жүйөлүү себептери (мыйзамга карама-каршы келиши, актуалдуулугун жоготкону ж.б.) көрсөтүлүшү кажет.

Эгерде мурунку токтомдун негизинде укуктук мамилелер түзүлүп кеткен болсо, аны жөн эле жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Мисалы, мурунку кеңештин токтому менен жаранга жер тилкеси же мүлк бекитилип берилсе жана ал адам мулккө ээлик кылуу укугун (Госакт) алып койсо, кеңеш бул токтомду өз алдынча жокко чыгара албайт. Мындай учурда маселе сот аркылуу гана чечилет. Андан тышкары, эгерде токтомдун негизинде инвестициялык же чарбалык келишимдер түзүлгөн болсо, аны жокко чыгаруу жергиликтүү бюджетке чоң зыян (айып пулдар) алып келиши мүмкүн.

Жергиликтүү кеңеш — бул туруктуу орган. Анын курамы (чакырылышы) алмашса дагы, ал өзүнүн мурунку чечимдерин кайра карап чыгууга укуктуу жана жергиликтүү кеңештердин токтомдоруна өзгөртүү киргизүү «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамынын алкагында иш алып барат.

## 69. СЕССИЯДА КАРАЛЫП ЖАТКАН МАСЕЛЕГЕ ЧАКЫРЫЛГАН ТИЕШЕЛҮҮ АДИСТЕР КАТЫШПАЙ КАЛСА, АЛ МАСЕЛЕНИ КИЙИНКИ СЕССИЯГА ЖЫЛДЫРУУНУН ТАРТИБИ КАНДАЙ?

Сессияга чакырылган тиешелүү адистердин же баяндамачылардын катышпай калышы — маселени маңызы боюнча кароого тоскоолдук кылган олуттуу жагдай. Бул маселени кийинки сессияга жылдыруу процесси жергиликтүү кеңештин Регламентине ылайык ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2024-жылдын 6-декабрындагы №01-25/330 буйругу менен бекитилген Жергиликтүү кеңештин Типтүү регламенттин 24.9 пунктунда төмөнкүдөй белгиленген: «Талкуулоонун жүрүшүндө баяндамачы каралып жаткан маселени кийинки сессияга жылдыруу тууралуу билдирүү менен төрагага расмий түрдө жазуу же оозеки түрүндө кайрылууга укуктуу.» Бул учурда "Тиешелүү адистин жоктугунан улам маселени ар тараптуу жана терең талкуулоо мүмкүн эмес" деген жүйө келтирилет. Бул процедуралык маселе болгондуктан, ал сессияда катышып жаткан депутаттардын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен чечилет. Эгерде катышып жаткан депутаттардын жарымынан көбү "макул" деп добуш берсе, маселе ошол күнкү күн тартибинен чыгарылат жана кийинки сессияда каралууга жатат.

## 70. АЙЫЛДАН ШААРГА КАТТАГАН КИЧИ АВТОБУСТАР (МАРШРУТКАЛАР) ЖОЛ КИРЕНИН БААСЫН КӨТӨРҮП ЖАТЫШАТ. ЖОЛ КИРЕ БААСЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШ БЕКИТИП БЕРИШИ КЕРЕКПИ?

КР “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 27-беренесинин 12-пунктунда «муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу» жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесине кирээри белгиленген. Бул учурда, калктуу конуштун чегинде б.а. айыл аймактын же шаардын ичиндеги муниципалдык коомдук транспорттун тарифтерин тиешелүү жергиликтүү кеңештер бекитүүгө укуктуу.

Эгерде кичи автобустар бир нече айыл аймагын басып өтүп, райондук борборго же шаарга каттаса, ошондой эле жеке жактарга таандык болсо, анда тарифтерди макулдашуу же бекитүү процессине жергиликтүү кеңештер катыша албайт.

## 71. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЭЛГЕ КӨРСӨТҮЛГӨН КЫЗМАТТАР ҮЧҮН ТАРИФТЕРДИ БЕКИТҮҮДӨ КАЙСЫ МЫЙЗАМГА ЖАНА КАЙСЫ БЕРЕНЕЛЕРГЕ ТАЯНАТ?

Жергиликтүү кеңештердин тарифтерди бекитүү боюнча ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын бир нече негизги ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат. Депутаттар өз чечимдеринде төмөнкү мыйзамдарга жана беренелерге таянышат: КР "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 11-пунтуна ылайык жергиликтүү кеңештер муздак сууну, канализацияны, жылуулук менен жабдууну пайдалануу үчүн, ошондой эле турмуш-тиричиликтин катуу калдыктарын чогултуу, ташып чыгаруу жана жок кылуу, башка коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн, ошондой эле жалпы пайдалануудагы автомобиль транспортунда жүргүнчүлөрдү ташууга тарифтерди мыйзамдарга ылайык бекитээри белгиленген.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын «Ичүүчү суу жөнүндө» Мыйзамынын 21-беренесинде «Суу менен жабдуу жана суу агызып чыгаруу тармактары менен курулмаларын эксплуатациялоону жана күтүүнү жүзөгө ашыруучу ишканалардын сунушу боюнча аймактык монополияга каршы органдар менен макулдашуу боюнча жергиликтүү

өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары тарабынан киргизилүүчү чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу жана коммуналдык-тиричиликтик муктаждыктар үчүн берилүүчү ичүүчү суу менен калкты камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилет.» деп белгиленген.

Андан тышкары, тарифтерди бекитүүдө Кыргыз Республикасынын «Монополияга каршы жөнгө салуу жөнүндө» Мыйзамы да абдан маанилүү. Анткени, баалар негизсиз көтөрүлбөшү керек. Бул мыйзамдын талабына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарифтерди белгилөөдө Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы тарабынан бекитилген методикага таянышат. Тарифтин долбоору алгач ушул кызмат менен макулдашылышы абзел экендигин белгилейт.

## 72. АВТОМОБИЛЬДЕРДИ ТОКТООЧУ ЖАЙЛАРДА УНАА ЭЭЛЕРИНЕН ЖЫЙЫМ АЛУУ ҮЧҮН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН МАКУЛДУГУ КЕРЕКПИ?

Ооба, эгерде токтоочу жай муниципалдык жерде уюшулса жана аны башкаруу жагы муниципалдык ишканага тапшырылса. Бул маселе жергиликтүү бюджетти толтуруунун жана шаардык/айылдык инфраструктураны тартипке келтирүүнүн маанилүү куралы болуп саналат. КР Бюджеттик кодекси жана КР Салык кодекси менен жөнгө салынат. Автоунаа токтотуучу жайлар үчүн жыйым — бул салыктык эмес кирешелердин катарына кирет.

Жергиликтүү кеңештин ролу: мыйзам боюнча, жергиликтүү кеңеш жыйымдын бар экендигин гана бекитпестен, анын өлчөмүн (ставкасын), төлөө тартибин жана жеңилдик бериле турган категорияларды (мисалы, майыптыгы бар адамдар үчүн) аныктайт.

КР Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин 13-пунктуна ылайык автотранспортту парковкалоо жана токтотуу үчүн жыйымдар жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин бири болуп эсептелинет. Ал эми жыйымдардын ставкаларын бекитүү жергиликтүү кеңештердин компетенциясына кирет. Ошондуктан, КР “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 4-пунктуна ылайык автотранспортту парковкалоо жана токтотуу үчүн жыйымдардын ставкасын жергиликтүү кеңеш аныктап бериши керек.

Жергиликтүү кеңештин макулдугу жана чечими төмөнкү учурларда милдеттүү:

- муниципалдык жерлерде: эгерде токтоочу жай муниципалдык менчиктеги жерде (көчөлөрдүн жээгинде, муниципалдык базарлардын жанында) жайгашса, анда жыйымдын ставкасын кеңеш гана бекитет.
- муниципалдык ишканалар: эгерде токтоочу жайларды атайын түзүлгөн муниципалдык ишкана башкарса, анын көрсөтө турган кызматынын баасы жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген тарифтерге ылайык болушу шарт.

Депутаттар ставканы бекитүүдө унаа токтотуучу жайдын жайгашкан орду (борбордук көчөлөрдө кымбатыраак, чет жакада арзаныраак болушу мүмкүн), унаанын түрү (жеңил унаа, жүк ташуучу унаа же автобус), токтотуу убактысы (саатына же бир жолку токтотууга) эске алынышы керек.

Эгерде токтоочу жай жеке менчик жерде жайгашса, анда анын ээси бааны өзү аныктайт. Бирок, ал ишкердик субъект катары мамлекеттик салыктарды төлөөгө милдеттүү. Жергиликтүү кеңештин компетенциясы ортодогу муниципалдык жерлерге жана жалпы пайдалануудагы аймактарга гана жайылат.

## ДЕПУТАТТЫН ИШТӨӨ ТАРТИБИ ЖАНА ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

### 73. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ИШ ПЛАНЫ ЭМНЕ ҮЧҮН КЕРЕК ЖАНА АГА ЭМНЕ КИРИШИ КЕРЕК? АЛ БАШКА ПЛАНДАР, ПРОГРАММАЛАР ЖАНА СТРАТЕГИЯЛАР МЕНЕН КАНДАЙ БАЙЛАНЫШТА?

Ар бир уюм үчүн иш планы анын ишмердүүлүгү жүзөгө ашырыла турган негизги документ болуп саналат. Жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын (туруктуу комиссиялардын) иш планынын өзгөчөлүгү — Конституцияга жана мыйзамдарга ылайык, кеңеш жергиликтүү жамааттын жашоо-турмушун кантип өнүктүрүү жана камсыз кылуу керектиги жөнүндө чечимдерди кабыл алуучу өкүлчүлүктүү орган болуп саналат. Ал эми жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү жана жамаатты өнүктүрүү боюнча иш жүзүндөгү аракеттерди аткаруучу орган — айыл өкмөтү же мэрия аткарат.

Ошондуктан, идеалдуу вариантта кеңештин иш планынын негизи катары айыл өкмөтүнүн же мэриянын иш планы алынышы керек. Бирок мазмуну жагынан аткаруучу органдын планы кеңештин планынан айырмаланат. Аткаруучу органдын планына жергиликтүү маанидеги

маселелерден тышкары, мамлекеттик программаларды ишке ашыруу боюнча өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар да кирет.

Жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын ишмердүүлүгүн пландоо — бул ЖӨБдүн аткаруучу органы менен биргеликте жүзөгө ашырылуучу үзгүлтүксүз процесс.

КР Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин буйругу менен “Айылдык кеңештин жана туруктуу комиссиялардын иш пландарын иштеп чыгуу боюнча усулдук колдонмо” жана “Айылдык кеңештин типтүү иш планы бекитилген”. Бул колдонмо ресурстарды оптималдуу бөлүштүрүү жана ыйгарым укуктарды сапаттуу аткаруу боюнча сунуштарды камтыйт.

Иш пландары бекитилгенден кийин маалыматтык стенддерге, расмий сайттарга же ММКларга жарыялануусуга тийиш. «Маалыматка жетүү укугу жөнүндө» Мыйзамга ылайык, жарандардын бул пландарга жетүүсү ачык болушу керек.

Иш пландарын иштеп чыгууда төмөнкүлөр эске алынат:

- «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамда белгиленген жергиликтүү маанидеги маселелер;
- Жергиликтүү кеңештин жана туруктуу комиссиялардын мыйзамдуу ыйгарым укуктары;
- Жергиликтүү жамаатты өнүктүрүү программалары жана пландары (СЭӨП, КСКП ж.б.);
- Тармактык мамлекеттик программалар (ЖӨБ органдарынын компетенциясына тиешелүү бөлүгү);
- Коомчулуктун муктаждыктарын изилдөөдө аныкталган артыкчылыктуу маселелер;
- Өткөн жылы каралбай калган маселелер ж.б.

Иш планын иштеп чыгуунун этаптары:

Биринчи этап: Мурунку тажрыйбаны талдоо, шайлоочулардын аманатын чогултуу жана калктын кеңештин ишине болгон реакциясын (кайтарым байланыш) анализдөө.

Экинчи этап: Ишмердүүлүктүн эң маанилүү багыттарын жана милдеттерин талкуулоо жана аныктоо.

Үчүнчү этап: Кеңештин жана аткаруучу органдардын иштөө формаларын жана ыкмаларын аныктоо.

Төртүнчү этап: Планды даярдоо жана бекитүү, жана аткарууну уюштуруу.

Жыйынтыгында бир жылга түзүлгөн иш планы даярдалат. Планда негизги иштер, өткөрүү убактысы, жооптуулар жана аткарылышы тууралуу белгилер көрсөтүлөт.

Жергиликтүү кеңештин жана анын комиссияларынын иши кандай уюштурулганынан депутаттардын шайлоочулар менен иштөөсү, муниципалитеттин жашоо-тиричилигин камсыздоо тутумунун өнүгүшү жана калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапаты көз каранды.

## 74. ПАРТИЯЛЫК ТИЗМЕ БОЮНЧА ШАЙЛАНГАН ШААРДЫК КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ КАЙСЫ АЙМАКТА ИШ АЛЫП БАРЫШЫ КЕРЕК?

Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоодо шаардын бүткүл административдик аймагы бирдиктүү шайлоо округу болуп эсептелет, буга шаардын курамына кирген айылдардын аймактары да кирет (эгерде алар бар болсо). Ушуга байланыштуу, шаардык кеңештин депутаттары бирдиктүү шайлоо округу боюнча шаардын административдик аймагында жана анын курамына кирген айылдарда жашаган бардык шайлоочулар тарабынан шайланат.

Демек, шаардык кеңештин депутаттары шаардын жана анын курамына кирген айылдардын бүткүл аймагында бардык шайлоочулар менен иш алып барууга милдеттүү, тиешелүүлүгүнө жараша, шаарда жана анын курамына кирген айылдарда (эгерде алар бар болсо) жашаган бардык шайлоочулардын алдында отчет бериши керек.

Шайлоонун жыйынтыгы боюнча шаардык кеңештин депутаттары депутаттык фракцияларга же фракциялардын коалицияларына биригишет. Тиешелүүлүгүнө жараша, саясий партиянын атынан чыккан ар бир фракция же бир нече саясий партиядан куралган фракциялардын коалициясы — фракциянын, коалициянын чечими, жергиликтүү кеңештин чечими же Регламенти менен шайлоочулар менен иштөө тартибин бекитүүгө жана аны сессиялар аралык мезгилде уюштурууга укуктуу («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 21-беренесинин 5-бөлүгү).

Фракциянын же фракциялар коалициясынын депутаттары өз курамынын ичинде иш алып барууга ыңгайлуу болушу үчүн шайлоочулардын участокторун (аймактарын) бөлүп алышса болот же башка фракциялардын депутаттары менен биргеликте шаардын жана анын курамына кирген айылдардын бүткүл аймагында ишмердүүлүгүн жүргүзө алышат.

## 75. АЙЫЛ ӨКМӨТҮ ДЕПУТАТТАРГА ОТЧЕТ БЕРҮҮ ЖАНА ШАЙЛООЧУЛАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ ҮЧҮН ШАРТ ТҮЗҮП БЕРҮҮГӨ (ЖАРАНДАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ ҮЧҮН ИШ ОРДУН БӨЛҮҮГӨ) МИЛДЕТТҮҮБҮ?

Жергиликтүү кеңештин депутатына өз ыйгарым укуктарын ишке ашырууга көмөктөшүү максатында, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары — айыл өкмөттөрү жана мэриялар — жергиликтүү кеңештин сессияларын, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарын өткөрүү үчүн имарат берүүгө жана зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү. Мүмкүнчүлүк болгон учурда аткаруучу органдар жарандарды кабыл алуу үчүн депутаттарга өзүнчө кабинет бөлүп берүүгө, ал эми кошумча кабинет жок болгон учурда — жыйындар залын тоскоолдуксуз пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүүгө милдеттүү.

Шаардык кеңештер жергиликтүү кеңештердин ишмердүүлүгүн уюштуруучулук жактан камсыз кылуу, туруктуу, убактылуу комиссияларга жана депутаттарга жардам көрсөтүү, зарыл материалдарды даярдоо үчүн Өкмөт тарабынан аныкталган типтүү ченемдердин негизинде өз аппараттарын түзө алышат.

Айыл өкмөтү айылдык кеңештин депутаттарына өз ыйгарым укуктарын ишке ашырууда, шайлоочулардын алдында отчетторду даярдоодо жана өткөрүүдө көмөк көрсөтөт.

Жергиликтүү кеңештердин аппараттарынын ишмердүүлүгүн материалдык-техникалык жактан камсыздоо (имарат, эмерек, кеңсе товарлары жана башка шарттар менен камсыз кылуу) ЖӨБдүн аткаруучу органдарына (айыл өкмөтү, мэрия) жүктөлөт («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 38-беренеси).

Депутатка отчетторду жана шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүү үчүн зарыл шарттар камсыз кылынат. Жергиликтүү кеңеш депутаттардын шайлоочулар алдында отчет берүүсүнүн болжолдуу мөөнөттөрүн аныктайт, аларды отчет үчүн зарыл болгон маалымдама жана маалыматтык материалдар менен өз убагында камсыз кылат.

Айыл өкмөтүнүн аппараты, шаардык кеңештин аппараты, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясы, жарандардын бирикмелеринин органдары (депутаттын отчету өткөрүлө турган жерлерде) жыйындарды өткөрүү үчүн имараттарды бөлүп беришет, шайлоочуларга алардын өткөрүлүүчү убактысы жана

орду жөнүндө кабарлашат, ошондой эле депутаттын шайлоо округундагы ишине көмөктөшүүчү башка чараларды көрүшөт.

Депутаттардын отчеттору жана шайлоочулар менен жолугушуулары жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдырылат. Депутаттардын отчетторун өткөрүүгө байланышкан чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланат («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 16-беренеси).

Мындан тышкары, жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнө келип түшкөн сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды карап чыгат, аларды туура жана өз убагында чечүү боюнча чараларды көрөт жана жарандарды кабыл алууну жүргүзөт.

## 76. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ДОКУМЕНТТЕРДИ ЖЕ ДОЛБООРЛОРДУ ЭКСПЕРТТИК БААЛОО ҮЧҮН АДИСТЕРДИ ТАРТА АЛАБЫ? МУНДАЙ КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК ЧЫГЫМДАР КАЙСЫ КАРАЖАТТАРДЫН ЭСЕБИНЕН КАРЖЫЛАНАТ?

Албетте, жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары өз карамагындагы маселелерди алдын ала кароодо жана аларды сессияга даярдоодо өз ишине окумуштууларды, адистерди, көз карандысыз эксперттерди, жарандык коомдун өкүлдөрүн, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн жана башка жактарды тартууга укуктуу («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 37-беренеси).

Жергиликтүү кеңештердин ишмердүүлүгүн материалдык-техникалык жактан камсыздоо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына жүктөлөт («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 37-беренеси).

Бюджеттик кодекстин 51-беренесине ылайык, мыйзамдарда белгиленген жергиликтүү маанидеги маселелерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан чечүү боюнча иш-чараларга чыгымдар жергиликтүү бюджеттен каржыланат. Жергиликтүү маанидеги маселелер жергиликтүү кеңештин сессиясында чечилет. Демек, консультациялык кызмат көрсөтүүлөргө байланыштуу чыгымдар жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан каржыланышы

мүмкүн. Мында мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарда каралган жол-жоболор эске алынууга тийиш.

Зарылчылык болгондо, жергиликтүү кеңештин депутаттары сессияда каралып жаткан айрым маселелерди түшүндүрүп (чечмелеп) берүү үчүн туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйынына же жергиликтүү кеңештин сессиясына адистерди жана эксперттерди чакыра алышат.

## 77. КАЛКЫНЫН САНЫ 6001 АДАМДАН АШКАН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТЕРДЕ ЖООПТУУ КАТЧЫНЫН КЫЗМАТ ОРДУ КАЙСЫ ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАРДЫН НЕГИЗИНДЕ КИРГИЗИЛЕТ?

Айылдык кеңештерде жооптуу катчынын кызмат ордун киргизүүдө колдонулуучу негизги ченемдик укуктук актылар төмөнкүлөр болуп саналат:

- КР Мыйзамы «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө»;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө» 2017-жылдын 31-январындагы № 17;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Айылдык кеңештердеги акы төлөнүүчү кызмат орундарынын тизмесин бекитүү жөнүндө» 2020-жылдын 5-февралындагы № 64;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматчыларын жана муниципалдык кызматчыларын аттестациялоо тартиби жөнүндө жобо» 2017-жылдын 1-мартындагы № 131.

Жергиликтүү кеңештерге жана алардын жооптуу катчыларына көмөк көрсөтүү максатында, КР Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин буйругу менен «Айылдык кеңештин жана туруктуу комиссиялардын иш пландарын иштеп чыгуу боюнча усулдук колдонмо» жана «Айылдык кеңештин типтүү иш планы»

бекитилген. Бул документтер Өнүктүрүү саясат институту менен кызматташтыкта ЖӨБ Союзу тарабынан иштелип чыккан. Айылдык кеңештердин жооптуу катчыларына өз ишинде аталган колдонмону жана планды колдонууну сунуштайбыз. Кошумча маалымат алуу үчүн төмөнкү сайттарга кириңиздер: www.mkk.gov.kg, www.soyuzmsu.kg жана www.dpi.kg.

## 78. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ИШ ПЛАНЫ БАРДЫК ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРГА ТИЕШЕЛҮҮБҮ? ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАР ӨЗДӨРҮНӨ ТИЕШЕЛҮҮ ИШ ПЛАНДАРЫ БОЛУШУ КЕРЕКПИ?

Ооба, жергиликтүү кеңештин жалпы иш планынан сырткары, ар бир туруктуу комиссиянын өзүнүн деталдуу иш планы болушу керек. Жыл башында алгач жергиликтүү кеңеш бир жылга карата башкы иш планын бекитет.

Анда каралуучу маселелердин тизмеси, туруктуу комиссиялардын жыйындарынын өткөрүлүүчү мөөнөттөрү, жергиликтүү кеңештин сессияларынын өткөрүлүүчү күндөрү, жооптуу аткаруучулар, жооптуу туруктуу комиссиялар, жарандардын катышуусу жана жергиликтүү кеңештин чечимдеринин түрлөрү (токтом, буйрук) көрсөтүлөт. Каралуучу маселелердин графасына жергиликтүү маанидеги маселелер жана каралышы жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарына кирген башка маселелер киргизилет.

Ар бир туруктуу комиссия (Бюджет, Жер, Социалдык маселелер, Этика ж.б.) өзүнүн багыты боюнча ишти тереңдетүү үчүн башкы иш пландын негизинде жеке иш пландарын иштеп чыгат. Туруктуу комиссиянын иш планын тиешелүү туруктуу комиссиянын төрагасы жана мүчөлөрү, жооптуу катчы, жергиликтүү кеңештин төрагасы менен бирдикте түзүлөт.

Туруктуу комиссиялар маселени алдын ала изилдеп кароочу жана чечим кабыл алуу учун жергиликтүү кеңештин чечимдерин (токтомдорун, тескемелерин) даярдоочу жана аткарылышын көзөмөлдөөчү негизги орган болуп саналат. Эгер туруктуу комиссиянын планы жок болсо, анда анын иши системасыз болуп калат жана сессияга даярдалган маселелер чийки келет. Ошондой эле, депутаттардын ишинин натыйжалуулугун баалоо кыйын болот.

## 79. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ, КЕҢЕШТИН ИШИНЕ БАЙЛАНЫШТУУ ИШ САПАРЫ МЕНЕН ЧЕТ ӨЛКӨГӨ ЧЫГУУДА, НЕГИЗГИ ИШТЕГЕН ЖЕРИНЕН УРУКСАТ АЛУУНУН ТАРТИБИ КАНДАЙ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн негизги ишинен ажырабастан иштегендиктен, чет өлкөгө иш сапарга чыгуу процесси эмгек мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

Бул жерде негизги иштеген жеринен (ишканадан, мекемеден) уруксат алуунун жана процессти мыйзамдаштыруунун жолу КР «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» мыйзамынын 24-беренесине ылайык жүргүзүлөт. Ага ылайык, тийиштүү жергиликтүү кеңештер жана алардын органдары депутаттар өз ыйгарым укуктарын натыйжалуу жүзөгө ашыруусу үчүн зарыл шарттарды камсыз кылышат. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жарандардын бирикмелеринин органдары, ишканалар, мекемелер, уюмдар, алардын кызмат адамдары депутаттардын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна көмөк көрсөтүүгө милдеттүү деп белгиленген.

Демек, алгач жергиликтүү кеңештин депутатын иш сапарга жиберүү боюнча расмий чечим же төраганын буйругу болушу керек. Бул документте сапардын максаты жана мөөнөтү так жазылат. Андан соң, жергиликтүү кеңеш депутаттын негизги жумушуна расмий кат жөнөтөт.

Депутат өзү дагы негизги иштеген жери боюнча жетекчилигине арыз жазат. Арызга жергиликтүү кеңештин жогорудагы катын жана буйругун тиркейт. Мекеменин жетекчиси депутатты депутатык милдеттерди аткарууга байланыштуу жумуштан убактылуу бошотуу боюнча ички буйрук чыгарат. Эгерде мекеменин ички эрежелеринде же жамааттык келишимде каралган болсо, иш берүүчү депутаттын орточо айлык акысын сактап калышы мүмкүн, бирок бул милдеттүү эмес. Көп учурда иш берүүчү депутатты өз эсебинен (без содержания) өргүүгө чыгарат.

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ЧЕЧИМДЕРИ (ТОКТОМ ЖАНА ТЕСКЕМЕ) ЖӨНҮНДӨ

### 80. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ КАНДАЙ ДОКУМЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛАТ?

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 34-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңештин чечимдери токтом жана буйрук формасында чыгарылат.

Жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актылары токтом формасында, ал эми башка актылары — буйрук формасында кабыл алынат.

Кабыл алынган токтомдорго жана буйруктарга (нускамаларга) кеңештин төрагасы, ал жок болгон учурда — төраганын орун басары кол коёт.

Кабыл алынган актылар — токтомдор жана буйруктар тиешелүү аймакта милдеттүү юридикалык күчкө ээ.

Жергиликтүү кеңештин токтомдору «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирет.

Башка актылар — жергиликтүү кеңештин буйруктары, эгерде актынын өзүндө башкача каралбаса, кабыл алынган учурдан тартып күчүнө кирет.

Жергиликтүү кеңештин токтому — бул жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү максатында, жергиликтүү кеңештин компетенциясынын чегинде, жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актылардын негизинде жана аларды аткаруу үчүн кабыл алынган, тиешелүү аймакта милдеттүү юридикалык күчкө ээ болгон жана «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамда көрсөтүлгөн талаптарга жооп берген ченемдик укуктук акт.

Жергиликтүү кеңештин төрагасынын өз ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алган чечимдери ал тарабынан жеке өзү жергиликтүү кеңештин төрагасынын буйругу формасында кабыл алынат. Жергиликтүү кеңештин төрагасынын буйруктары, эгерде актылардын өзүндө башкача каралбаса, кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

Жергиликтүү кеңештердин чечимдери алар кабыл алынган тартипте эле жокко чыгарылышы же күчүн жоготту деп таанылышы мүмкүн.

Жергиликтүү кеңеш белгилүү бир маселе боюнча өз позициясын билдирүү үчүн кайрылууларды жана билдирүүлөрдү кабыл алууга укуктуу.

## 81. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМДОРУНА САЛЫШТЫРМАЛУУ КАНДАЙ ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАР ЖОГОРКУ ЮРИДИКАЛЫК КҮЧКӨ ЭЭ?

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамга ылайык, ченемдик укуктук актыларды (ЧУА) кабыл алуу (чыгаруу), ошондой эле аларды жокко чыгаруу, күчүн жоготту деп таануу, өзгөртүү жана толуктоо укугуна төмөнкү ченем жаратуучу органдар жана кызмат адамдары ээ:

- Президент;
- Жогорку Кеңеш;
- Министрлер Кабинети;
- Улуттук банк;
- Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссия (БШК);
- Ченемдик укуктук актыларды чыгарууга ыйгарым укуктуу башка мамлекеттик органдар;
- Жергиликтүү кеңештер;
- Өзгөчө укуктук режими жана статусу бар «Тамчы» атайын каржылык-инвестициялык аймагынын башкаруучу компаниясы.

Юридикалык күчүнүн даражасы боюнча жогоруда аталган органдар жана кызмат адамдары тарабынан кабыл алынган ченемдик укуктук актылар төмөнкүдөй иерархияда (иретте) жайгашат:

1. Конституция, Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүчү мыйзам;
2. Конституциялык мыйзам;
3. Кодекс;
4. Мыйзам;
5. Президенттин жарлыгы;
6. Жогорку Кеңештин токтому;
7. Министрлер Кабинетинин токтому;
8. Улуттук банктын, Борбордук шайлоо комиссиясынын актылары;

9. Министрлер Кабинетинин ченем жаратуучу ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү (делегирлөө) актыларына ылайык, ЧУАларды кабыл алууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актылары;
10. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын (жергиликтүү кеңештердин) ченемдик укуктук актылары;
11. «Тамчы» атайын каржылык-инвестициялык аймагынын башкаруучу компаниясынын ченемдик укуктук актылары.

Мында ченемдик укуктук акт иерархияга ылайык өзүнөн жогору турган юридикалык күчкө ээ актыга карама-каршы келбеши керек.

Эгерде ченемдик укуктук актынын мамлекеттик тилдеги тексти расмий тилдеги текстке карама-каршы келсе, мамлекеттик тилдеги текст түп нуска болуп эсептелет жана колдонулууга тийиш («КР ЧУАлары жөнүндө» Мыйзамдын 4, 5, 6-беренелери).

Ошондой эле, жергиликтүү кеңеш өзүнүн ченем жаратуу ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин эске алууга тийиш. Конституциянын 6-беренесине ылайык, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле КР мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Жергиликтүү ченемдик актыларды кабыл алууда аялдардын саясий укуктары (добуш берүү, шайлануу, кызматтарды ээлөө) жана Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө БУУнун конвенциясын (1979-ж.) эске алуу маанилүү. Конвенция айыл жергесиндеги аялдардын өнүгүүгө катышуусун жана анын пайдасын көрүүсүн камсыз кылуу үчүн төмөнкү укуктарды камсыз кылууга чакырат:

- Өнүктүрүү пландарын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу;
- Медициналык тейлөөгө жана маалыматка жетүү;
- Социалдык камсыздандыруу программаларынын пайдасын көрүү;
- Билим алууга жана даярдыктан өтүүгө жетүү;
- Өз ара жардамдашуу топторун жана кооперативдерди уюштуруу;
- Жамааттык ишмердүүлүккө катышуу;

- Кредиттерге, сатуу тутумуна, технологияга жетүү, жер жана агрардык реформаларда тең укуктуулукка ээ болуу;
- Тийиштүү жашоо шарттарына, өзгөчө турак жайга, санитардык кызматтарга, электр жана суу менен камсыздоого, ошондой эле транспортко жана байланыш каражаттарына ээ болуу.

## 82. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН АР БИР ТОКТОМУН ЖАРЫЯЛОО МИЛДЕТТҮҮБҮ? АНЫ КАНТИП ЖАСОО КЕРЕК? ЖАРЫЯЛООНУ КАЙСЫ КАРАЖАТТАРДАН КАРЖЫЛОО КЕРЕК?

Конституцияга жана «КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, бардык мыйзамдар жана ченемдик укуктук актылар (ЧУА) күчүнө кириши үчүн милдеттүү түрдө расмий жарыяланышы, ошондой эле юстиция органдарындагы Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилиши керек (КР Конституциясынын 6-беренесинин 4-бөлүгү).

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын ченемдик укуктук актылары КР Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган басма же электрондук басылмаларда, же болбосо жергиликтүү кеңеш тарабынан аныкталган атайын көрүнүктүү жерлерде (такталарда, стенддерде) жарыяланышы мүмкүн. Жергиликтүү кеңештин токтому ЧУАлардын тизмесине киргендиктен, ал милдеттүү түрдө жалпыга маалымдоо каражаттарында (жергиликтүү гезиттерде) жарыяланууга же ЖӨБ органдарынын веб-сайтына (эгер бар болсо), же маалымат тактайларына жайгаштырылууга тийиш. Ошондой эле жергиликтүү кеңештин токтомдорун жарыялоонун булактары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- жергиликтүү мамлекеттик администрациянын (акимиаттын) веб-сайттары;
- КР Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн веб-сайттары;
- мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин веб-сайты.

Жергиликтүү кеңештин токтомдорун жарыялоо үчүн депутаттар жергиликтүү бюджетти түзүүдө жана бекитүүдө зарыл болгон каражаттарды «башка чыгымдар» категориясына киргизүүгө укуктуу.

Кабыл алынган токтомдор күчүнө кириши үчүн айыл аймагында же шаарда таралган гезиттерге жарыяланышы мүмкүн; алар ЖӨБ

органынын интернет-сайтына же жогоруда аталган мамлекеттик органдардын веб-сайттарына жайгаштырылышы мүмкүн. Жергиликтүү кеңештин токтомдорун сөзсүз түрдө «Эркин Тоо» гезитине жарыялоо же Министрлер Кабинетинин, Жогорку Кеңештин жана Юстиция министрлигинин сайтына илүү милдеттүү эмес.

Ченемдик укуктук актылар мамлекеттик жана расмий тилдерде кабыл алынат жана жарыяланат. Бирок, «КР ЧУАлары жөнүндө» Мыйзамы менен жергиликтүү кеңештерге, эгерде айыл аймагынын же шаардын аймагында мамлекеттик тилди билген адамдардын саны басымдуулук кылса, өз токтомдорун өзгөчө мамлекеттик тилде кабыл алууга жана жарыялоого уруксат берилет. Бирок, ЧУАны өзгөчө мамлекеттик тилде кабыл алуу жана жарыялоо үчүн жергиликтүү кеңештин тиешелүү чечими болушу зарыл.

Жергиликтүү кеңештин токтомдорун каттоо төмөнкүлөр тарабынан ишке ашырылат: 1) Республикалык, облустук жана райондук маанидеги шаардык кеңештердин токтомдоруна карата — шаардык кеңештердин аппараттары; 2) Айылдык кеңештердин токтомдоруна карата — айыл өкмөтүнүн аппараты.

Каттоо ЧУАларды каттоо журналына жазуу киргизүү аркылуу жүргүзүлөт, анда төмөнкү реквизиттер көрсөтүлөт: 1) актынын түрү; 2) актынын аталышы (жөнгө салуу предмети); 3) кабыл алынган орду жана күнү; 4) каттоо номери. Андан соң, расмий жарыялангандан кийин, токтомдордун көчүрмөлөрү Юстиция министрлигинин тиешелүү аймактык бөлүмдөрүнө Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн эки нускада (мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук түрдө) жөнөтүлөт.

Бул талаптар аткарылбаган учурда, жергиликтүү кеңештердин токтомдору юридикалык күчүнө кире албайт, ал эми бул токтомду аткарууга багытталган аракеттер мыйзамсыз болуп саналат.

## 83. ЖЫЛ ЖАҢЫРГАНДА ТОКТОМ, ТЕСКЕМЕ, ПРОТОКОЛДОР КАНДАЙ ТАРТИПТЕ НОМЕРЛЕНЕТ?

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускамасынын 45-пунктунун акыркы абзацында «Жаңы календардык жылда документтерди каттоо №1 ирети боюнча башталат» деп белгиленген. Демек, жыл

жаңырганда документтер жаңы номер менен башталышы керек. Жыл башында жаңы каттоо журналдары ачылат же мурунку журналда жаңы жыл башталганы тууралуу атайын белги коюлуп, номерлөө кайрадан №1ден башталат.

Эмне үчүн №1ден баштоо маанилүү? Анткени, биринчиден документти издөөнү жеңилдетет. Мисалы, архивде документтер жылдар боюнча сакталат. "2026-жылдын №5 токтому" десе, аны табуу оңой. Экинчиден, бул статистика чыгарууга жакшы. Мисалы, бир жыл ичинде канча чечим кабыл алынганын көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет.

## 84. ЖЕРГИЛИКТУУ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ БИР ЭЛЕ НУСКАДА ЧЫГЫШЫ КЕРЕКПИ, КЭЭ БИР МЕКЕМЕЛЕР ОРИГИНАЛ СУРАП ЖАТЫШАТ, КАНДАЙ КЫЛЫШ КЕРЕК?

Ооба, жергиликтүү кеңештин токтому бир эле нускада (оригиналда) кабыл алынат, бирок анын юридикалык күчүн жайылтуу үчүн көчүрмөлөрдү берүүнүн атайын тартиби бар. Мекемелердин "оригинал" сурап жатканы - бул иш кагаздарын жүргүзүүдөгү кадимки көрүнүш.

Токтомдун эң биринчи, кол коюлган жана мөөр басылган түп нускасы (оригиналы) жергиликтүү кеңештин аппаратында (же жооптуу катчыда) сакталат. Бул нуска эч жакка берилбейт, ал архивдик документ болуп саналат. Мекемелер "оригинал" деп сураганда, алар иш жүзүндө "Көчүрмөсү туура" (Копия верна) деген мөөр жана кол менен күбөлөндүрүлгөн нусканы сурап жатышат. Сиз аларга түп нусканы бере албайсыз, бирок токтомду ксерокөчүрмөдөн өткөрүп, ага жооптуу катчы же төрага "Көчүрмөсү туура", деп колун коюп жана мөөр басып берет. Бул документ юридикалык жактан түп нускага барабар деп эсептелет.

Эгер токтом абдан көлөмдүү болуп, бирок мекемеге анын бир эле бөлүгү керек болсо, анда "Токтомдон көчүрмө" даярдалат. Ал дагы мөөр менен күбөлөндүрүлөт.

Эмне үчүн оригиналды берүүгө болбойт?  Эгер, сиз түп нусканы (оригиналды) кайсы бир мекемеге берип жиберсеңиз, жергиликтүү кеңештин архивинде далил калбай калат. Документ жоголсо же бузулса, аны калыбына келтирүү өтө кыйын жана мыйзам бузуу болуп саналат.

## 85. «АРДАКТУУ АТУУЛ» НААМЫ КАНДАЙ ТАРТИПТЕ ЫЙГАРЫЛАТ, ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ БУЛ БОЮНЧА ТОКТОМ КАБЫЛ АЛАБЫ ЖЕ ТЕСКЕМЕБИ?

"Ардактуу атуул" наамын ыйгаруу жөнүндө атайын бир ченем мыйзамдарда жок. Мындай наамдар жергиликтүү демилгелерден улам пайда болот жана жергиликтүү жамааттын Уставында белгиленет. Эгер, Жергиликтүү жамааттын Уставында бул айыл аймакта өзгөчө эмгек сиңирген, татыктуу тургундарга "Ардактуу атуул" наамы ыйгарылат деп белгиленсе, анда "Ардактуу атуул" наамы жөнүндө Жобо иштеп чыгып айылдык кеңеш тарабынан бекитүү керек. Андан соң бул наамды ыйгаруу боюнча иш-аракеттер ошол Жободо жазылган эрежелерге ылайык аткарылат.

Мындан башкача аталыштагы наамдарды дагы демилгелесе болот. Болгону кандай наам демилегенсе дагы ал боюнча Жобо иштеп чыгып анын ыйгаруу тартиптери белгилеп алуу керек. Жободо, ким аныктайт (комиссиябы), ким ыйгарат, кимдерге ыйгарылат, кандай жасаган эмгектери үчүн ж.б. тартиптер белгилениши керек. Ошол эле Жободо жергиликтүү кеңештин токтому же айыл өкмөт башчысынын буйругу менен ыйгарылат деп аныктап алуу керек, ошого жараша чечим чыгарылат.

## 86. ЖЫЛ БАШЫНДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТ БЕКИТИЛГЕН СОҢ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ ОШОЛ БЮДЖЕТКЕ ЫЛАЙЫК ИШ АЛЫП БАРА БЕРЕБИ ЖЕ АР БИР ИШ-ЧАРАНЫН ЧЫГЫМДАРЫ ҮЧҮН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ КАЙРАДАН ТОКТОМ ЧЫГАРЫП БЕРИП ТУРУШУ КЕРЕКПИ?

Жок, кайрадан токтом чыгаруунун кажети жок. Бул суроо жергиликтүү бюджеттин аткарылышындагы эң орчундуу маселелердин бири. Жыл башында жергиликтүү кеңеш бюджетти бекиткенде, ал айыл өкмөтүнө бир жыл ичинде кайсы тармакка канча акча коротууга жалпы уруксат берет. Эгерде бюджетте "Көчөлөрдү жарыктандырууга — 500 000 сом" деп бекитилсе, айыл өкмөтү бул акчаны сарптоо үчүн жарыктандырууга тиешелүү ар бир товар, кызмат сатып алган сайын кеңештен токтом сурабайт. Ал бекитилген беренелер боюнча сатып алуу конкурсун өткөрүп тийиштүү келишимдерди түзүп, иш алып барат.

Айыл өкмөтү — аткаруучу орган. Ал кеңеш бекиткен жергиликтүү бюджетти аткарууга алат жана анын аткарылышы жөнүндө кеңешке

отчет берет. Эгерде иш-чара бюджеттик пландын алкагында болсо, кошумча токтомдун кереги жок. Эгерде бюджетке өзгөртүү киргизүү зарыл болсо, бюджет жөнүндө токтомго өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу токтомдун долбоору жергиликтүү кеңештерге жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары тарабынан жылдын 1-июнунан жана 1-ноябрынан кечиктирилбестен киргизилет.

### 87. КЕҢЕШТИН ЧЕЧИМДЕРИ ЖАЛПЫ ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЖАЛПЫ САНЫНЫН КӨПЧҮЛҮГҮ МЕНЕН ЖЕ СЕССИЯГА КАТЫШЫП ЖАТКАН ДЕПУТАТТАРДЫН КӨПЧҮЛҮГҮ МЕНЕН КАБЫЛ АЛЫНАБЫ?

Бул жергиликтүү кеңештерде эң көп талаш-тартыш жараткан маселелердин бири. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 33-беренесинин 2-бөлүгүндө “Жергиликтүү кеңеш чечимди жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алат.» деп так жазылган. Демек, добуш берүүдө сессияга катышкан депутаттардын эмес, жергиликтүү кеңештеги жалпы депутаттардын санынан эсептөө керек. Мисалы, кеңеште 31 депутат бар, сеесияга 27 депутат катышып жатат. Токтом кабыл алуу үчүн 16 депутат «макул» деп добуш берген учурда токтом кабыл алынды болуп эсептелинет. Бирок, жалпы 31 депутаттын 15 депутаты гана добуш берип, тиешелүү добуш алынбагандыктан, ал токтом долбоору кабыл алынган жок деп эсептелет.

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН ТОКТОТУУ ЖАНА ЧЕЧИМДЕРИН ЖОККО ЧЫГАРУУ ЖӨНҮНДӨ

### 88. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ КАЙСЫ УЧУРЛАРДА ТОКТОТУЛАТ?

Жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктары үч учурда токтотулат.

Биринчи учурда — алар шайланган мөөнөттүн мыйзамдуу аякташына байланыштуу. Жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктары жаңы шайланган жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясы ачылган күнү аяктайт.

Экинчи учурда — жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктары кеңештин жаңы курамын түзүүгө (формалдаштырууга) байланыштуу токтотулат. Калктуу конуштарды республикалык же областтык маанидеги шаарлардын категориясына киргизүүдө, аталган калктуу конуш баш ийген жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктары алардын аймагында токтотулат. Иштеп жаткан жергиликтүү кеңештердин базасында жаңыдан түзүлгөн жергиликтүү кеңештерге шайлоо өткөрүүдө, бул жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктары токтотулат.

Үчүнчү учурда — жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда таркатууга байланыштуу токтотулат, ал эми жергиликтүү кеңеш Президенттин таркатуу жөнүндө Жарлыгы расмий жарыяланган күндөн тартып таркатылды деп эсептелет. Президент жергиликтүү кеңештерди төрт себеп боюнча мөөнөтүнөн мурда таркатышы мүмкүн:

1) өзүн-өзү таркатуу - жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн эки добушунун чечими боюнча;
2) Министрлер Кабинетинин Төрагасынын же акимдин сунушу боюнча;
3) тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин чек аралары өзгөргөндө, бул кайра уюштурууга (реорганизация) алып келсе, же болбосо айыл аймактарынын жана шаарлардын деңгээлинде Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн жалпы структурасы өзгөргөндө;
4) эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына, мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына шайкеш келбеген актыларды кабыл алса же аракеттерди жасаса, конституциялык түзүлүшкө жана улуттук коопсуздукка түздөн-түз коркунуч келтирген аракеттерди жасаса, ошондой эле мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн бузууга, улуттар аралык жана диний кастыкты үгүттөөгө жана козутууга багытталган аракеттерди жасаса. Бул учурда Президент Конституцияда, өзгөчө абал жөнүндө конституциялык мыйзамда каралган чараларды көрүүгө, анын ичинде буга күнөөлүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин токтото турууга жана соттун чечими чыкканга чейин аталган аймакка түз мамлекеттик башкарууну киргизүүгө укуктуу. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аталган бузууларды жана аракеттерди жасоо фактысы сот тартибинде аныкталган учурда,

Президент жергиликтүү кеңешти таркатууга жана жергиликтүү кеңештин жаңы курамына шайлоо жарыялоого укуктуу.

Жергиликтүү кеңештин өзүн-өзү таркатуу жөнүндө чечими кеңештин төрагасы тарабынан жарлык чыгаруу үчүн Президентке жөнөтүлөт.

Административдик-аймактык бирдиктин чек аралары өзгөртүлбөстөн атын өзгөртүү кайра уюштуруу болуп саналбайт жана жергиликтүү кеңештин таркатылышына алып келбейт. Кайра уюштурууга байланыштуу жергиликтүү кеңешти таркатуу жөнүндө Президенттин Жарлыгы, эгерде мыйзамдын өзүндө башка мөөнөт белгиленбесе, тиешелүү административдик-аймактык бирдик жөнүндө мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып 30 күндөн кечиктирилбестен чыгарылууга тийиш.

Жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктарын токтотуунун тартиби жана учурлары «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзам (2 жана 42-беренелер) менен деталдуу түрдө жөнгө салынган.

## 89. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ АЙЫЛ ӨКМӨТ БАШЧЫСЫНЫН ЧЕЧИМИН ЖАРАКСЫЗ ДЕП ТААНЫЙ АЛАБЫ?

Жергиликтүү кеңештин депутаттары, эгерде башчынын чечими мыйзамдарга карама-каршы келсе, аны жокко чыгарууну сунуштай алышат.

Айыл өкмөтүнүн атынан актыларды (чечимдерди) айыл өкмөт башчысы токтом жана буйрук түрүндө чыгарат, алар, эгерде актылардын өзүндө башкача каралбаса, кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

Токтомдор Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын негизинде жана аларды аткаруу үчүн чыгарылат. Буйруктар ыкчам, уюштуруучулук жана кадрдык маселелер боюнча чыгарылат.

Жергиликтүү кеңештердин, айыл өкмөт башчысынын, курултайлардын, жарандардын жыйындарынын (чогулуштарынын), аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеши керек. Айыл өкмөт башчысынын чечимдери укуктук актылар болуп саналат, алар ченемдик укуктук актылар эмес жана айылдык кеңештин токтомдору сыяктуу ченемдик укуктук актыларга караганда төмөнкү юридикалык күчкө ээ.

Жергиликтүү кеңештин компетенциясында айыл өкмөт башчысынын чечимдерин жараксыз деп таануу каралган эмес, бирок айыл өкмөт башчысынын чечими айылдык кеңештин токтомдоруна, мыйзамдарга же андан жогору юридикалык күчкө ээ болгон Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ачыктан-ачык карама-каршы келген учурда, жергиликтүү кеңештин депутаттары айыл өкмөт башчысына мындай чечимди жокко чыгаруу сунушу менен айылдык кеңештин токтомун кабыл ала алышат. Ошондой эле жергиликтүү кеңеш айыл өкмөт башчысына ишеним көрсөтпөө жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн. Бирок, укуктук актыны жокко чыгаруу укугу ошол укуктук актыны кабыл алган органга же кызмат адамына — айыл өкмөт башчысына же сотко таандык. «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 56-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, чыгарылган актылар (чечимдер) өзгөртүлүшү, толукталышы, жокко чыгарылышы же күчүн жоготту деп таанылышы мүмкүн, тагыраагы, бул аракеттер айыл өкмөт башчысы тарабынан ишке ашырылат.

## 90. БИР ЖЫЛДЫН ИЧИНДЕ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ЖЫЙЫНДАРЫНА ЖҮЙӨЛҮҮ СЕБЕПТЕРСИЗ ТӨРТТӨН АШЫК ЖОЛУ КАТЫШПАГАНДЫГЫ ҮЧҮН ДЕПУТАТТЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУНУН ТАРТИБИ КАНДАЙ?

Мындай жагдай келип чыккан учурда, жергиликтүү кеңеш «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 3-беренесине ылайык, депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу маселесин толук талкуулоо процедурасы аркылуу карайт.

Депутат бир жылдын ичинде жергиликтүү кеңештин жыйындарына жүйөлүү себептерсиз төрттөн ашык жолу катышпагандыгы үчүн анын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечим жергиликтүү кеңеш тарабынан депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Бул чечим кабыл алынгандан кийин 3 күндөн кечиктирилбестен тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

Депутаттын жыйындарга катышпай калышынын жүйөлүү себептери төмөнкүлөр болуп саналат:

1. убактылуу эмгекке жарамсыздыгы;
2. кош бойлуулугу жана төрөтү боюнча өргүүсү, баланы асырап алууга байланыштуу өргүүсү;
3. үй-бүлөлүк жагдайлар боюнча келбей калуу (никеге турууну каттоо, баланын төрөлүшү, баланы кароо, жакын туугандарынын каза болушу учурларында), окуу өргүүсү, негизги иштеген жери боюнча иш сапарында болуу, тиешелүү жергиликтүү кеңештин жетекчилигинин уруксаты менен мамлекеттик аземдерге жана расмий кабыл алууларга, семинарларга, конференцияларга жана башка иш-чараларга жазуу жүзүндөгү чакыруу боюнча катышуу;
4. тиешелүү документтер менен тастыкталган транспорттук тоскоолдуктар жана башка форс-мажордук жагдайлар.

## 91. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ ЖӨНҮНДӨ ЧЕЧИМДИ КАЙСЫ ОРГАН КАБЫЛ АЛАТ?

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» КР Мыйзамынын 3-беренесине ылайык, депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясынын чечими менен жүзөгө ашырылат. Бул чечим негиздер келип чыккан күндөн тартып 30 календардык күндөн кечиктирилбестен кабыл алынууга тийиш. Тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясы депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу маселесин тийиштүү арыздын же сунуштаманын негизинде карайт.

Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө сунуштама тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясына төмөнкү органдар тарабынан берилет:

Тийиштүү мамлекеттик орган (Калкты каттоо кызматы) тарабынан төмөнкү негиздер боюнча:

- Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканда, жарандыгын жоготкондо, башка мамлекеттин жарандыгы бар экендиги аныкталганда же башка жарандыкты алганда;
- Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоого чыгып кеткенде;
- депутат каза болгондо.

Сот тарабынан:

- шайлоолор жараксыз деп таанылганда;
- сот тарабынан депутат аракетке жөндөмсүз деп табылганда же дайынсыз жоголду деп таанылганда, ошондой эле өлдү деп жарыяланганда;
- депутатка карата соттун айыптоочу өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде.

Тийиштүү жергиликтүү кеңеш тарабынан:

- депутаттык ыйгарым укуктарды аткаруу менен айкалышпаган ишке өткөндө же мындай ишин калтырбаганда;
- башка кеңештин депутаты болуп шайланганда;
- тийиштүү административдик-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатына мүчөлүгү токтотулганда;
- бир жылдын ичинде жергиликтүү кеңештин жыйындарына жүйөлүү себептерсиз төрттөн ашык жолу катышпаганда.

Депутаттык ыйгарым укуктарды токтотуу же фракциядан чыгуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз депутат тарабынан аймактык шайлоо комиссиясына түздөн-түз жеке өзү берилет.

## 92. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ӨЗҮНҮН КАБЫЛ АЛГАН ТОКТОМУН КАЙСЫ МЫЙЗАМДЫН НЕГИЗИНДЕ ЖОККО ЧЫГАРА АЛАТ?

Жергиликтүү кеңеш өзү кабыл алган токтомду жокко чыгарууда КР «Укуктук ченемдик актылар жөнүндө» Мыйзамына таянат. Аталган мыйзамдын 10-беренеси ченемдик укуктук актынын колдонулушун токтотуу жана аны жокко чыгаруу тартибин жөнгө салат. Бул беренеге ылайык, актыны кабыл алган орган (жергиликтүү кеңеш) аны төмөнкү учурларда жокко чыгара алат:

1) актынын колдонуу мөөнөтү бүтсө;
2) акты жаңы кабыл алынган башка мыйзамдарга же жогорку турган актыларга карама-каршы келип калса;
3) актыны кабыл алуу зарылчылыгы жоголсо.

Андан сырткары, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 39-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык жергиликтүү кеңештер өзүнүн кабыл алган токтомдорун жокко чыгара алуусу белгиленген.

Ошондой эле, КР «Прокуратура жөнүндө» конституциялык Мыйзамына ылайык прокурордук көзөмөл катары көбүнчө учурда жергиликтүү кеңештин токтомдорун жокко чыгарууга прокурордун каршылыгы (протест) себеп болот. Эгерде прокуратура токтомду мыйзамсыз деп тапса, ал кеңешке каршылык билдирет. Жергиликтүү кеңеш бул каршылыкты сессияда карап, эгер макул болсо, өзүнүн токтомун жокко чыгаруу боюнча жаңы токтом кабыл алат.

Эгерде токтомдун негизинде үчүнчү тараптар укуктарга ээ болуп калган болсо, аны жөн эле токтом менен жокко чыгарууга болбойт. Мындай учурларда токтом көбүнчө сот аркылуу жокко чыгарылат.

## ЖАРАНДАР МЕНЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

### 93. АЙЫЛ ӨКМӨТ БАШЧЫСЫ ЖАНА ШААРДЫН МЭРИ ӨЗ ИШИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ КАЛККА ОТЧЕТ БЕРҮҮГӨ МИЛДЕТТҮҮБҮ?

Жалпысынан алганда, ооба, эгерде Конституциянын жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын калк алдындагы отчеттуулугу көрсөтүлгөн жалпы жоболоруна таяна турган болсок:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзамдардын аткарылышы үчүн мамлекеттин жана анын органдарынын алдында, өз ишинин натыйжалары үчүн жергиликтүү коомчулуктун алдында жоопкерчилик тартышат (КР Конституциясынын 114-беренесинин 3-бөлүгү);
- жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу ачык-айкындуулук, коомчулуктун катышуусу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү коомчулукка отчеттуулугу принциптерине ылайык жүзөгө ашырылат (КР Конституциясынын 111-беренесинин 5-бөлүгүнүн экинчи абзацы);
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн натыйжалары боюнча тиешелүү аймактын жергиликтүү коомчулугуна отчет беришет («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 26-беренесинин 4-бөлүгү).

Бирок белгилей кетүүчү нерсе, азырынча мыйзамдарда шаардын мэринин, айыл өкмөт башчысынын калк алдында өз ишинин натыйжалары жөнүндө отчет берүүсүнүн кандайдыр бир механизмдери жана жол-жоболору каралган эмес. Бүгүнкү күндө мыйзамдар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын жергиликтүү кеңештин алдындагы отчеттуулугун бекиткен. Ошондуктан, жергиликтүү кеңештин сессиясында шаардын мэри, айыл өкмөт башчысы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын ишмердүүлүгү жөнүндө отчет берет.

«Маалыматка жетүү укугу жөнүндө» Мыйзамга ылайык, ар бир адам маалымат ээлеринин карамагында болгон маалыматтарга белгиленген тартипте жетүүгө укуктуу. Мамлекет ар бир адамдын маалымат ээсинин карамагындагы маалыматты издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана жайылтуу укугун кепилдейт. Мамлекеттик сектордун субъекттери, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары маалымат ээлери болуп саналат. Маалыматка жетүү укугу улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти коргоо, калктын ден соолугун жана адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында зарыл болгон учурда гана мыйзам менен чектелиши мүмкүн.

## 94. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ ШАЙЛООЧУЛАРГА КАНЧА ЖОЛУ ОТЧЕТ БЕРҮҮГӨ ТИЙИШ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты мезгил-мезгили менен, бирок жылына кеминде бир жолу өзүнүн иши жана өзү шайланган жергиликтүү кеңештин иши жөнүндө шайлоочулардын, жарандардын жамааттарынын жана бирикмелеринин, ошондой эле аны депутаттыкка талапкер катары көрсөткөн саясий партиянын алдында отчет берүүгө милдеттүү.

Шайлоочулар өз депутаттарына тапшырмаларды бере алышат. Депутат өзү шайланган шайлоо округунун шайлоочуларынын алдында жоопту жана аларга отчет берет («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 6-беренеси).

Депутаттын шайлоочулар менен иштөө тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылуусу жана депутаттын ыйгарым укуктарынын кепилдиктерине байланыштуу башка маселелер Депутаттын статусу жөнүндө мыйзам жана жергиликтүү кеңештин

регламенти менен аныкталат. Бул иш жергиликтүү кеңештин сессияларынын ортосундагы мезгилде жүргүзүлөт.

Сессиялар аралык мезгилде жергиликтүү кеңеш жана анын аппараты шайлоочулар менен иштөөнү уюштурат, ага төмөнкүлөр кирет:

- шайлоочуларды кабыл алуу;
- арыздарды, кайрылууларды жана сунуштарды кароо;
- шайлоочулар менен жолугушууларды, тегерек столдорду жана ачык эшик күндөрүн уюштуруу;
- шайлоочулардын кайрылуулары боюнча мамлекеттик органдарга депутаттык суроо-талаптарды жөнөтүү.

Аппараттын кызматкерлери шайлоочулар менен иштөө боюнча жылдык анализ жүргүзүшөт, ал айылдык кеңештин сессиясында каралат.

Депутаттын отчету аны депутаттыкка талапкер катары көрсөткөн жарандардын жамаатынын же бирикмесинин жана саясий партиянын талабы боюнча, ошондой эле шайлоочулардын чогулушунун талабы боюнча каалаган убакта өткөрүлүшү мүмкүн.

Депутаттын отчету тиешелүү шайлоо округунун шайлоочуларынын чогулуштарында, ошондой эле эмгек жамааттарынын, жарандардын бирикмелеринин жана аны депутаттыкка талапкер катары көрсөткөн саясий партиянын чогулуштарында (конференцияларында) өткөрүлөт. Чогулуштун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү кеңештин ар бир депутатынын ишмердүүлүгүнө баа берилет жана ал тиешелүү кеңешке жөнөтүлөт.

Отчетто төмөнкүдөй маалыматтар камтылууга тийиш:

- депутаттын жергиликтүү кеңештеги жана анын туруктуу (убактылуу) комиссияларындагы иши жөнүндө;
- шайлоо округундагы иши жөнүндө;
- жергиликтүү кеңештин чечимдери жана алардын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө;
- жергиликтүү кеңештин чечимдерин талкуулоого жана аткарууга жеке катышуусу жөнүндө;
- жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган маселелерди жеке демилгелөөсү жана алардын натыйжалары жөнүндө;
- шайлоочулардын тапшырмаларынын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө;
- шайлоочуларды кабыл алуу жөнүндө;

- өз округунун (же бирдиктүү округдун) шайлоочуларынын кайрылууларын, даттанууларын кароонун натыйжалары жөнүндө.

Депутат отчет берүү убактысы жана орду жөнүндө шайлоочуларга, жарандардын жамааттарына жана бирикмелерине, ошондой эле аны талапкер катары көрсөткөн саясий партияга 7 күндөн кечиктирбестен (мөөнөт депутаттардын каалоосу боюнча белгилениши мүмкүн) ЖМК же башка жолдор аркылуу кабарлайт. Кабарлоо убактысы депутаттын каалоосу боюнча, регламентке же жергиликтүү кеңештин чечимине ылайык өзгөрүшү мүмкүн.

Отчет өткөрүлө тургандыгы жөнүндө депутат жергиликтүү кеңешке маалымдайт, ал эми кеңеш отчетторду жана жолугушууларды өткөрүү үчүн зарыл шарттарды камсыз кылат. Жергиликтүү кеңеш депутаттардын отчетторун өткөрүүнүн болжолдуу мөөнөттөрүн аныктайт, аларды отчет үчүн зарыл болгон сурап-билүү жана маалыматтык материалдар менен өз убагында камсыз кылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары, шаардык кеңештердин аппараттары, депутаттын отчету өтүп жаткан ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациялары, жарандардын бирикмелеринин органдары чогулуштарды өткөрүү үчүн жайларды бөлүп беришет, шайлоочуларга алардын өтүү убактысы жана орду жөнүндө кабарлашат, ошондой эле депутаттын шайлоо округундагы ишине көмөктөшүүчү башка чараларды көрүшөт.

Айыл өкмөтү айылдык кеңештин депутаттарына алардын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда, шайлоочулардын алдында отчетторду даярдоодо жана өткөрүүдө көмөк көрсөтөт («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 50-беренеси).

Депутаттардын отчеттору жана шайлоочулар менен жолугушуулары жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдырылат. Депутаттардын шайлоочулардын алдында отчетторун өткөрүүгө байланышкан чыгымдар тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин эсебинен каржыланат («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 6, 13, 15, 16-беренелери).

## 95. «КООМДУК УГУУЛАР» ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА АЛАР ЭМНЕ ҮЧҮН КОЛДОНУЛАТ?

Коомдук угуулар – бул, биринчи кезекте, калк менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы диалогдун

натыйжалуу формасы. Бул диалог маанилүү маселени талкуулоого жана пикир алмашууга гана жол бербестен, жергиликтүү бийликке жергиликтүү өз алдынча башкаруу саясатын жарандардын муктаждыктарына ылайык оңдоп-түзөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Бюджеттик кодекстин 127-беренесине ылайык, коомдук бюджеттик угуулар – бул калктын кызыкчылыктарын эсепке алуу менен сунуштарды, сунуштамаларды алуу жана чечимдерди кабыл алуу үчүн аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын демилгеси боюнча өткөрүлүүчү, кезектеги бюджеттик жылга жана пландык мезгилге бюджеттердин долбоорлорун түзүү, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин аткарылышы боюнча маселелерди ачык талкуулоо түрүндөгү иш-чара. Коомдук угуунун негизги максаты – бардык кызыкдар тараптардын катышуусу менен муниципалитеттин маанилүү маселелерин ачык жана айкын талкуулоо жана коомчулуктун кызыкчылыктарын эске алуу менен чечимдерди кабыл алуу.

Коомдук угуулар калкты тигил же бул маанилүү маселени талкуулоо процессине тартуу механизмдеринин бири катары натыйжалуу маалыматтык жана коммуникациялык канал болуп кызмат кылат. Коомдук угуулар коомчулук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан сунушталган чечимди канчалык деңгээлде колдой тургандыгы жөнүндө баалуу маалыматтарды берет, калкка талкууланып жаткан маселе боюнча өз көз карашын билдирүүгө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн, уюмдардын жана мекемелердин жетекчилеринен суроолоруна жооп алууга жана айрым фактыларды тактоого мүмкүнчүлүк берет. Экинчи жагынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерине, анын ичинде жергиликтүү кеңештердин депутаттарына коомдук угуулар өз иштеринин сапаты жөнүндө калктын пикирин билүүгө, зарыл болгон учурда стратегияны жана тактиканы коомчулуктун кызыкчылыгында оңдоп-түзөөгө эң сонун мүмкүнчүлүк түзөт.

Коомдук угуулар айылдык аймактын же шаардын бардык тургундарына тиешелүү болгон жергиликтүү маанидеги ар кандай маселелерге арналышы мүмкүн. Мисалы, иш жүзүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары көбүнчө төмөнкү маселелер боюнча коомдук угууларды өткөрүшөт, бул маселелер боюнча жергиликтүү коомчулуктун пикири милдеттүү жана туура чечим кабыл алуу үчүн өзгөчө маанилүү:

- жергиликтүү бюджетти түзүү боюнча коомдук угуулар;
- жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча коомдук угуулар;
- муниципалдык менчикти башкаруу боюнча коомдук угуулар;
- тарифтерди бекитүү боюнча коомдук угуулар (ичүүчү суу, сугат суу, канализация, жылуулук менен камсыздоо, катуу тиричилик калдыктарын чогултуу жана чыгаруу ж.б.);
- жергиликтүү коомчулуктун тиричилигин камсыз кылууга байланышкан башка маселелер.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси 2017-жылдын январь айынан тартып күчүнө кирген. Ошол убакыттан бери ЖӨБ органдары жыл сайын коомдук бюджеттик угууларды өткөрүп турушу керек. Коомдук бюджеттик угууларды өткөрүү жана жарандык бюджетти түзүү – бул Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарынын талабы, ал эми угууларга катышуу, өз пикирин билдирүү жана сунуштарды киргизүү – Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын конституциялык укугу.

Коомдук бюджеттик угуулардын жана жарандык бюджеттин негизги максаты – калкка жергиликтүү бюджеттин долбоору жөнүндө маалымат берүү, жарандардын сын-пикирлерин жана сунуштарын чогултуу. Жергиликтүү кеңештер жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору боюнча коомдук угууларды жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары менен биргеликте уюштурушат жана өткөрүшөт, ал эми айыл өкмөттөрү жана шаарлардын мэриялары жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору жана жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет боюнча коомдук угууларды уюштурушат жана өткөрүшөт (Бюджеттик кодекстин 78 жана 127-беренелери). Коомдук угуулар жылына эки жолу өткөрүлөт: кийинки жылга бюджеттин долбоору боюнча жана өткөн жыл үчүн жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет боюнча.

Коомдук бюджеттик угуулардын материалдары коомдук бюджеттик угуулар өткөрүлгөнгө чейин 10 күн калганда тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий веб-сайтында жарыялануууга тийиш. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы коомдук бюджеттик угуулардын катышуучуларын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн (зарыл болгон учурда) каттоону, протокол жүргүзүүнү жана жыйынтыктоочу документтерди тариздөөнү камсыз кылат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы коомдук бюджеттик угуунун жыйынтыгы боюнча катышуучулардан түшкөн сунуштарды жалпылайт жана аларды кароонун натыйжалары

боюнча кабыл алынган чечимдер жөнүндө аларга жоопторду жөнөтөт. Коомдук бюджеттик угууларды өткөрүүнүн тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат (Бюджеттик кодекстин 127-беренеси).

## 96. «ЖАРАНДЫК БЮДЖЕТ» ДЕГЕН ЭМНЕ? АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕ ШААРДЫН ЖАРАНДЫК БЮДЖЕТИН КАЙДАН ТАПСА БОЛОТ?

Жарандык бюджет – бул калк үчүн жеткиликтүү тилдеги бюджеттик маалымат. Жарандык бюджет жарандарга шаардын же айыл аймагынын бюджетин сырттан жардамсыз эле түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 126-беренесине ылайык, шаарлардын мэриялары жана айыл өкмөттөрү жыл сайын жергиликтүү бюджеттер боюнча жарандык бюджеттерди түзүүгө тийиш.

Жарандык бюджеттин бирдиктүү форматын бүткүл республика боюнча жайылтуу, ошондой эле шаарлардын мэрияларынын жана айыл өкмөттөрүнүн финансы кызматкерлеринин ишин жеңилдетүү максатында веб-тиркеме иштелип чыккан. Бул тиркеменин жардамы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ЖӨБ) органдары кыска убакыттын ичинде өзүнүн Жарандык бюджетин түзө алышат. Бул тиркеме КР Финансы министрлигинин сайтында төмөнкү шилтеме боюнча жайгашкан: www.gb.minfin.kg.

Жарандык бюджет маалыматты (белгилүү бир финансылык мезгилге бюджеттик параметрлер, артыкчылыктар жана чечимдер жөнүндө) жеткиликтүү жана жөнөкөйлөтүлгөн формада баяндоону билдирет жана ал ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын сайттарына жайгаштырылат.

Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-майындагы № 249 токтому менен Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жарандык бюджетти түзүүнүн усулу бекитилген жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөнкүлөр сунушталган:

- жергиликтүү бюджеттер боюнча жарандык бюджетти Усулга ылайык түзүү;
- жергиликтүү бюджеттер боюнча жарандык бюджетти түзүү үчүн бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сайтында жайгаштырылган веб-тиркемени колдонуу.

Мисалы, эпидемиологиялык коркунучтан улам коомдук иш-чараларды уюштурууга чектөөлөр киргизилген шарттарда бул тиркемени колдонуу өзгөчө актуалдуу болуп калат. Ар кандай муниципалитеттин бюджетинин долбоору жөнүндө маалыматка жетүү каалаган тургун үчүн ачык жана жөнөкөй. Сайттагы кадимки бюджеттик маалыматты толтуруп жана өз айылынын тургундарына шилтеме аркылуу өтүүнү суранып кыска билдирүү (SMS) жөнөтүү менен, ЖӨБ органы мыйзамдын талаптарын камсыз кылат жана тургундардын кеңири чөйрөсүнө бюджеттик маалыматты жеткиликтүү формада сунуштай алат.

Практиктер – бир катар айыл өкмөттөрүнүн финансы-экономикалык бөлүмдөрүнүн жетекчилери жана кызматкерлери – тиркеме жөнүндө оң пикирлерин беришкен. Толтуруунун жөнөкөйлүгү жана жыйынтыкты алуунун тездиги, маалыматты мүмкүн болушунча көп сандагы тургундарга жеткирүү мүмкүнчүлүгү – анын негизги артыкчылыктары болуп саналат.

## 97. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ТУРГУНДАРДЫН ӨТҮНҮЧҮ МЕНЕН КӨЧӨНҮН АТЫН ӨЗГӨРТҮҮ КАНДАЙ ТАРТИПТЕ ЖҮРГҮЗҮЛӨТ?

Көчөнү атоо, кайра атоо (атын өзгөртүү) «Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө» КР мыйзамынын жана КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы № 149 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында географиялык объекттерди атоо, кайра атоо, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоо тартиби жөнүндө» Жобонун негизинде жүргүзүлөт.

Алгач, жогорудагы ченемдик-укуктук актыларды жетекчилике алуу менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан тийиштүү айыл аймагынын/мэриянын калктуу конуштардын көчөлөрүн атоо, аталышын өзгөртүү тартиби жөнүндө Жобону иштеп чыгып, жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитүү керек.

Жергиликтүү тургундардын өтүнүчү менен көчөнү атоо, кайра атоо төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:

Айылдын көчөсүн атоо, кайра атоо жарандардын демилгелери менен ишке ашырылат. Бул максатта демилгелүү топ түзүлөт, демилгелүү топтун саны Жободо көрсөтүлөт. Көчөнү атоо, кайра атоо жөнүндө сунуш ЖӨБ органынын башчысынын атына демилгечилер тарабынан жазуу жүзүндө киргизилет.

Көчөнү атоо, кайра атоо боюнча демилгечилери тарабынан төмөнкү негизги документтер берилет:

- көчөнү атоо, кайра атоо жөнүндө өтүнүч кат;
- сунушталган атоонун географиялык жана тарыхый-маданий негиздемеси;
- көрүнүктүү адамдардын элесин түбөлүккө калтырууда алардын өмүрү, ишмердиги жөнүндө баяндалган окуяларды, биографиялык маалыматтарды тастыктаган документтер тиркелет жана алардын сиңирген эмгеги, ошондой эле мурастоо укугуна ээ үй-бүлөсүнүн жана туугандарынын (бар болсо) макулдугу көрсөтүлөт;
- эгер өтүнүч кат менен демилгелүү топ кайрылган учурда кол коюу барагы. Кол коюу барагына демилгелүү топтун мүчөлөрү өздөрүнүн аты-жөнүн, өздүгүн тастыктаган документтеги маалыматтарды (номерин, өздүгүн тастыктаган документ ким тарабынан жана качан берилгенин), жашаган жеринин дарегин көрсөтөт, кол коюп, аны киргизүү күнүн белгилешет. Кол коюу барагы кол топтоону ишке ашырып жаткан демилгелүү топтун мүчөсү тарабынан күбөлөндүрүлөт.

Өтүнүч кат төмөнкү маалыматтарды камтышы керек:

- болжолдонгон атоону;
- көчөнүн жайгашкан жерин, белгиленген карта-схемасын;
- көчөнү атоону, аталышын өзгөртүү сунушташкан демилгечилер жөнүндө маалыматты, алардын даректерин, телефондорун.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары аталган көчөнү атоо, кайра атоо жөнүндө сунуштарды ар тараптуу изилдейт, бул максаттарга чыгымдарды эсептейт, каржылоо булактарын аныктайт жана жергиликтүү коомдоштуктун пикирин эске алуу менен жергиликтүү кеңешке сунуш киргизет.

Көчөнү атоо, кайра атоо жергиликтүү коомдоштуктун пикирин эске алуу менен кабыл алынуучу жергиликтүү кеңештердин чечими менен жүзөгө ашырылат.

Көчөгө атоону ыйгарууда негизги талаптар.

- аймактын тиешелүү бөлүгүнүн географиялык, тарыхый, шаар куруучулук жана башка өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келүүсү;
- көчөгө ыйгарылуучу атоо эки-үч сөздөн ашпаган, айтууда уккулуктуу жана ыңгайлуу;
- туунду сөздөрдү оңой түзүүгө жана топонимиканын талаптарына ылайык келүү;

- жазуу жана сүйлөө эрежелеринин адабий ченемдерине шайкеш келүү;
- жаңы атоолор колдонуудагы атоолорду кайталабоо;

Көчөнү атоого жана өзгөртүп атоого чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт. Эгерде демилгелөөчү тараптар өз ыктыяры менен көчөнү атоого тиешелүү чыгымдарды төлөөгө макулдук берсе мыйзам актылары тыйуу салбайт.

## 98. АЙЫЛДЫН АТЫН ӨЗГӨРТҮҮ КАЙСЫ МЫЙЗАМ МЕНЕН ЖӨНГӨ САЛЫНАТ?

Айылдын атын өзгөртүү «Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө» КР Мыйзамынын жана КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы № 149 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында географиялык объекттерди атоо, кайра атоо, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоо тартиби жөнүндө» Жобонун негизинде жүргүзүлөт.

Айылдын атын кайра атоо мамлекеттик кызыкчылыктарды, ошондой эле географиялык, тарыхый, улуттук, турмуш-тиричилик жана башка жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

Айылдын атын кайра атоо менен байланышкан маселелерди кароодо улуттук идеологияны өнүктүрүү жана чыңдоо маселелери артыкчылыктуу тартипте эске алынышы керек.

Айылга ыйгарылуучу атоо айлана-чөйрөнүн кыйла мүнөздүү белгилерин чагылдырууга, эки-үч сөздөн ашпаган, туунду сөздөрдү оңой түзүүгө жана топонимиканын талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасында айылдын атын кайра атоого (өзгөртүү) төмөнкүдөй учурларда жол берилет:

- эгерде бир нече ар башка айылдын аталыштары бирдей болуп, ал аталыштар чарбалык же башка иште кыйынчылыктарды жаратса;
- айрым объекттерге жоголгон, бирок буга чейин жана азыркы учурда кеңири белгилүү болгон аталыштарды кайтарып берүү максатында.

Жоголгон аталыштары расмий картографиялык, маалымдама басылмалары жана башка булактар боюнча жергиликтүү калкты, географтарды жана башка адистерди сурамжылоо жолу менен аныкталат.

Айылды атоо жана кайра атоо Кыргыз Республикасынын мыйзамын кабыл алуу жолу менен жүзөгө ашырылат.

Чек ара тилкесинде жайгашкан айылдарды атоо жана кайра атоо өзгөчө учурларда гана жүргүзүлөт жана тышкы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, чек ара маселеси боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылууга тийиш.

Айылды атоо жана кайра атоо менен байланышкан маселелерди кароодо олуттуу чыгымдарды талап кыларын, байланыш, транспорт ишканаларынын ишинде кыйынчылыктарды жаратарын, жергиликтүү калкка ыңгайсыздыктарды алып келерин, ошондой эле кээде этностук топтордун жана уруулар ортосундагы чыр-чатактуу кырдаалдарга алып келээрин эске алуу менен аларды терең жана ар тараптуу изилдөө зарыл.

Айылды атоо же кайра атоодо, географиялык объекттерди ачууга, изилдөөгө, өздөштүрүүгө же негиздөөгө түздөн-түз катышкан адамдардын аттары, ошондой эле көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин, илимдин, маданияттын өкүлдөрүнүн жана мамлекет алдында өзгөчө эмгек сиңирген тарыхый инсандардын аттары ыйгарылышы мүмкүн. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- географиялык объекттерди ачууга, изилдөөгө жана өздөштүрүүгө түздөн-түз катышкан, эл аралык жана мамлекеттик деңгээлде таанылган, ошондой эле өзүнүн экономикалык жана илимий жетишкендиктери менен мамлекеттин жана коомдун өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон адамдар;
- жогорку мамлекеттик кызмат орундарын жана республикалык деңгээлдеги мамлекеттик органдардын жетекчилери кызмат орундарын ээлеген, кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүүгө, калыптандырууга жана өнүктүрүүгө түздөн-түз салым кошкон, элдин бакубатчылыгынын деңгээлин жогорулатууга жана коомду өнүктүрүүгө багытталган максаттарды иш жүзүндө ишке ашырган адамдар;
- калктын жашоосун жакшыртууну өнүктүрүү багытындагы процесске, тынчтыкты сактоого салым кошкон тарыхый инсандар, коомдук ишмерлер;
- илимий ачылыштары дүйнөлүк, эл аралык, мамлекеттик масштабдагы илимий коомчулук тарабынан ири илимий ачылыш деп таанылган, анын практикада колдонулушу коомду жана мамлекетти өнүктүрүүгө, ошондой эле улуттун өз аң-

сезимин өнүктүрүүгө, адамдын коомдогу өзүнүн ролун билүүсүнө өбөлгө түзгөн окумуштуулар;
- дүйнөлүк маданиятта, кыргыз элинин маданиятында жогорку баалуулукту чагылдырган өзүнүн чыгармалары жана аткарган ролдору аркылуу дүйнөлүк жана эл аралык коомчулук тарабынан таанылган маданият өкүлдөрү;
- өмүргө коркунуч туудурган кырдаалдарда аскердик, кызматтык же жарандык парзын аткарып, жан аябаган эрдикти, туруктуулукту көрсөткөн адамдар;
- "Ак Шумкар" өзгөчө белгисин тапшыруу менен "Кыргыз Республикасынын Баатыры" жогорку артыкчылык даражасы ыйгарылган, Советтер Союзунун Баатыры, Социалисттик Эмгектин Баатыры наамдарына ээ болгон, үч даражадагы "Манас" ордени, Ленин, үч даражадагы Даңк, үч даражадагы Эмгек Даңкы (СССР) ордендери менен сыйланган адамдар;
- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыктарынын лауреаттары, СССРдин Ленин жана Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаттары.

Айылды атоо жана кайра атоо жөнүндө сунуштар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары, юридикалык жана жеке жактары тарабынан киргизилет жана бул объекттер аймагында жайгашкан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жиберилет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары жергиликтүү коомчулуктун пикирин аныктайт, зарыл чыгымдар жөнүндө жергиликтүү коомчулукка маалымдайт, андан кийин айылды атоо же кайра атоо жөнүндө келип түшкөн сунушту жергиликтүү кеңештин кароосуна киргизет.

Жергиликтүү кеңеш жергиликтүү коомчулуктун пикирин эске алуу менен айылды атоо же кайра атоону ыйгаруу жөнүндө сунушту колдоо же четке кагуу жөнүндө чечим кабыл алат.

Эгерде чечим менен сунуш колдоого алынса, жергиликтүү кеңештин чечими тиешелүү материалдар менен жергиликтүү мамлекеттик администрацияга жиберилет.

Жергиликтүү мамлекеттик администрация жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын материалдарынын негизинде чечим кабыл алат.

Сунуш колдоого алынган шартта, чечим тиешелүү материалдар менен Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө жиберилет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын материалдарынын негизинде чечим кабыл алат. Сунуш жактырылган учурда чечим тиешелүү материалдар менен Ведомстволор аралык комиссияга жиберилет.

Сунуш Ведомстволор аралык комиссия тарабынан жактырылгандан кийин тиешелүү мыйзамдын долбоору иштелип чыгат жана белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизилет.

Мыйзамдын долбоору Ведомстволор аралык комиссиянын сунушун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жактырган шартта Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилет.

Айылды атоого жана өзгөртүп атоого чыгымдар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы менен демилгелөөчү тараптын ортосунда түзүлүүчү эки тараптуу келишимдин негизинде бардык чыгымдарды көрсөтүү менен демилгелөөчү тараптын эсебинен же жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

## 99. КАЛКТУУ КОНУШКА АЙЫЛ СТАТУСУН АЛУУ КАНДАЙ ТАРТИПТЕ ЖҮРГҮЗҮЛӨТ?

Калктуу конушка айыл статусун берүү “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы № 149 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү маселелерин кароо тартиби жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Административдик-аймактык түзүлүш жана географиялык аталыштар маселелерин кароо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын иши жөнүндө” жобонун негизинде жүргүзүлөт.

Жарандардын туруктуу жашоочу орду болуп эсептелген, жарандардын турмуш-тиричилигин камсыздоо үчүн зарыл керектүү турак жайы жана курулуштары, өзүнүн аталышы жана тийиштүү тартипте аныкталган аймактык чектери бар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте эсепке алынган жана катталган Кыргыз Республикасынын аймагынын калк тыгыз отурукташкан бөлүгү калктуу конуш болуп саналат.

Калктуу конуштар шаардык жана айылдык болуп бөлүнөт.

Ыңгайлуулуктардын белгилүү деңгээлине жетишкен, калкынын саны 50 адамдан кем болбогон, айыл чарба өндүрүшүндө алектенишкен жана алардын үй-бүлөө мүчөлөрү калктын санынын жарымынан көбүн түзгөн калктуу конуштар айыл категориясына киргизилиши мүмкүн. Айылдын курамында кыштактар жана конуштар уюштурулушу мүмкүн.

Өзгөчө учурларда алыс жана баруу кыйын болгон, калкынын саны аз конуштар айыл категориясына киргизилиши мүмкүн.

Калктуу конушка айыл статусун берүү менен байланышкан маселелерин изилдөө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- тиешелүү калктуу конуштун жашоочуларынын чогулушунда айыл статусун алуу маселелерин кароону жана жергиликтүү коомдоштуктун кабыл алган чечимдерин протоколдук тариздөөнү;
- тиешелүү жергиликтүү кеңештин сессиясында жергиликтүү кеңештин токтомун кабыл алуу менен жергиликтүү коомдоштуктун кабыл алынган чечимин кароону.

Маселе жергиликтүү кеңештин сессиясында каралганга чейин жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы тарабынан айыл статусун алчуу калктуу конуштун өлчөмдөрү, калктын саны жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле социалдык-маданий объекттер, ишканалар жана мекемелер жөнүндө маалыматтарды камтыган зарыл документтердин тизмеги даярдалат.

Жергиликтүү кеңештин чечими жогоруда аталган документтер менен бирге жергиликтүү мамлекеттик администрацияда каралат.

Жактырылган учурда бул маселе боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациянын чечими бардык документтер жана материалдар менен бирге Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын кароосуна киргизилет.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын чечими Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан каралат, жактырылган учурда Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн чечими жана документтердин топтому Ведомстволор аралык комиссиянын кароосуна киргизилет.

Ведомстволор аралык комиссия берилген документтерди изилдегенден кийин тиешелүү корутунду чыгарат жана илимий

экспертизанын актысын, өзгөртүп түзүүлөрдүн жана кайра атоолордун экономикалык эсебин даярдайт.

Ведомстволор аралык комиссиянын корутундусунун негизинде тиешелүү мыйзамдын долбоору иштелип чыгат жана белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизилет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы мыйзамдын долбоорун белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизет.

## 100. ЭГЕРДЕ БИЗДИН ДЫЙКАНДАР ЖЕ ИШКЕРЛЕР ТАБИГЫЙ КЫРСЫКТАН (АЛ ЖЕТКИС КҮЧТӨН) ЗЫЯН ТАРТЫШСА, ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ТАРАБЫНАН АЛАРГА ЖАРДАМ БЕРЕ АЛАБЫЗБЫ?

Ооба, дыйкандар же ишкерлер табигый кырсыкка учурап, зыян тартышса, аларга жергиликтүү кеңештин деңгээлинде конкреттүү жардам берсе болот. Кыргыз Республикасынын Салык кодекси мындай учурларда салыктык жеңилдиктерди берүү укугу каралган. Эгерде аймактагы салык төлөөчү же жерди пайдалануучу "ал жеткис күчтүн" (табигый кырсыктар, өзгөчө кырдаалдар) кесепетинен материалдык зыян тартса, жергиликтүү кеңеш төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алууга укуктуу:

Биринчиден, Салык кодексинин 412-беренесинин 1-пунктунун "а" пунктчасына ылайык, зыян тарткан тарапты имараттарга жана жайларга болгон мүлк салыгын төлөөдөн 3 жылга чейинки мөөнөткө толук же жарым-жартылай бошото алат.

Экинчиден, эгерде кеп айыл чарба багытындагы жерлер жөнүндө болуп жатса, ошол эле 412-берененин 1-пунктунун "б" пунктчасы дыйкандарды жер салыгынан (мүлк салыгынын бир түрү катары) 3 жылга чейинки мөөнөткө толук же жарым-жартылай бошотуу укугун берет. Мындан тышкары, Салык кодексинин 410-беренесинин 4-пунктунда эгерде жерлер табигый кырсыктан же башка себептерден улам бузулуп (деградация болуп), кайра калыбына келтирүүнү (рекультивацияны) талап кылса, андай жерлерди салыктан бошотуу мөөнөтүн жергиликтүү кеңеш белгилей алары жазылган. Ошондой эле, 412-берененин 2-пунктунда пайдаланылбаган айыл чарба жерлери үчүн салыкты көбөйтүү тартиби каралган, бирок ал жерде "ал жеткис күчтүн учурлары" өзгөчө жагдай катары көрсөтүлгөн. Демек, эгер

дыйкан кырсыктын айынан жерин иштете албай калса, ага салыкты көбөйтүү чараларын колдонбошу керек.

Жалпылап айтканда, жергиликтүү кеңеш дыйкандар менен ишкерлер табигый кырсыктан (ал жеткис күчтөн) зыян тарткан учурда аларды колдоо үчүн мыйзамдуу механизмдер бар. Болгону зыяндын көлөмүн аныктап, жергиликтүү кеңештин сессиясында тиешелүү токтомду кабыл алышы керек.

### 101. БИЗДИН ШААРДЫН ЭЛИ «ЭМНЕ СЕБЕПТЕН ЛИФТТИН БААСЫ КЫМБАТ?» ДЕП СУРАП ЖАТЫШАТ. ШААРДЫК КЕҢЕШ БУЛ БАГЫТТА КАНДАЙ ИШ АЛЫП БАРА АЛАТ?

Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексине ылайык, лифттин баасы боюнча чечим кабыл алуу түздөн-түз жергиликтүү кеңештин компетенциясына кирет.

Турак жай кодексинин 77-беренесинин 4-бөлүгүндө минтип так жазылган:

"Лифттик жабдууларды техникалык тейлөө тарифтери жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы (жергиликтүү кеңеш) тарабынан белгиленет."

Бул дегендик — лифт үчүн төлөмдөрдүн өлчөмүн (тарифти) шаардык мэрия же лифт тейлөөчү ишкана өз алдынча каалагандай бекитип албашы керек дегенди билдирет. Алар тарифтин долбоорун иштеп чыгып, негиздеп беришет, бирок аны акыркы болуп шаардык кеңештин депутаттары токтом менен бекитет.

Шаардык кеңеш кандай иш алып бара алат? Элдин нааразычылыгын чечүү үчүн шаардык кеңеш төмөнкү кадамдарды жасай алат:

- Негиздүүлүгүн текшерүү: Кодекстин 12-беренесине таянып, жергиликтүү кеңеш турак жай-коммуналдык кызматтарга тарифтерди белгилөө укугуна ээ. Шаардык кеңеш мэриядан же лифт кызматынан баа эмне үчүн кымбат экенин, ага кандай чыгымдар (электр энергиясы, тетиктер, айлык акы ж.б.) кирерин деталдуу эсептеп берүүнү талап кыла алат.
- Ачык талкуу уюштуруу: Эгер эл баага нааразы болсо, жаңы тарифти бекитүүдөн мурун коомдук угууларды өткөрсө болот. Бул Бюджеттик кодекстин 78-беренесиндеги ачыктык принцибине да төп келет.

- Тарифти кайра карап чыгуу: Эгерде эсептөөлөр негизсиз деп табылса, жергиликтүү кеңеш тарифти төмөндөтүү же аны оптималдаштыруу боюнча токтом кабыл алса болот.

Кыскача айтканда, лифттин баасы боюнча жоопкерчилик — бул жергиликтүү кеңештин депутаттарынын мойнундагы иш. Турак жай кодексинин 77-беренесине таянып, тарифти элдин чөнтөгүнө оор келбей тургандай жана ошол эле учурда лифттин коопсуздугу сактала тургандай кылып бекитип бериши керек.

Бул маселе көп кабаттуу үйлөрдүн жашоочулары үчүн эң орчундуу маселелердин бири. Жергиликтүү кеңеш бул жерде жөн гана байкоочу эмес, бааны жөнгө салуучу негизги тарап болуп саналат.

## МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ МЕНЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

### 102. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕР СЕССИЯЛАРДА ЖАНА ТУРУКТУУ (УБАКТЫЛУУ) КОМИССИЯЛАРДЫН ЖЫЙЫНДАРЫНДА РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК УЮМДАРДЫН (МАМКАТТОО, СОЦФОНД, РАЙАРХИТЕКТУРА ЖАНА БАШКАЛАР) КАТЫШУУСУ МЕНЕН МАСЕЛЕЛЕРДИ КАРАЙ АЛАБЫ?

Ооба, жергиликтүү кеңештин сессиясында же туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн өкүлдөрүнүн катышуусун талап кылган маселелер каралышы мүмкүн. Ошондой эле депутаттарда жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн бул органдардан тиешелүү маалыматтарды алуу зарылчылыгы келип чыгышы мүмкүн. Мындай учурда жергиликтүү кеңештин депутаттары райондук мамлекеттик уюмдардын өкүлдөрүн жергиликтүү кеңештин сессиясына катышууга чакырууга жана тиешелүү маалыматтарды суроого укуктуу («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 10-беренесинин 8-пункту).

Жергиликтүү кеңештердин өз компетенциясынын чектеринде кабыл алынган чечимдери айыл аймагынын, шаардын аймагында жайгашкан бардык ишканалар, уюмдар, мекемелер тарабынан, менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле кызмат адамдары, коомдук бирикмелер жана жарандар тарабынан аткарылышы милдеттүү («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 68-берени).

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 12-беренесинде жергиликтүү кеңештин депутаты өз аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын ишин, менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле мамлекеттик органдардын (соттордү жана соттордү кошпогондо) жана жарандардын бирикмелеринин органдарынын ишин (финансы-чарбалык ишмердүүлүгүн кошпогондо) текшерүү жүргүзүү зарылчылыгы жөнүндө маселени жергиликтүү кеңеште жана анын органдарында коюуга укуктуу экендиги каралган. Жергиликтүү кеңеш ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга депутаттар тарабынан баяндалган фактылар боюнча текшерүүлөрдү жүргүзүүнү сунуштоого укуктуу. Текшерүүлөрдүн жыйынтыктары жана алар боюнча сунуштар жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жергиликтүү кеңешке же анын органына маалымдайт. Мыйзам бузуулар аныкталган учурда депутат бул боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга кайрыла алат.

## 103. ДЕПУТАТ МАМЛЕКЕТТИК ЖЕ БАШКА ТҮЗҮМДӨРДӨН КАНТИП ЖООП АЛА АЛАТ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты депутаттык ишмердүүлүккө байланыштуу маселелер боюнча бардык мамлекеттик органдарга (соттордү жана соттордү кошпогондо), айыл өкмөтүнө, шаардын мэриясына, жарандардын бирикмелерине, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга, менчигинин түрүнө карабастан, кызмат адамдарына оозеки жана жазуу жүзүндө кайрылууга, ошондой эле өзү койгон маселелерди кароого катышууга укуктуу. Аталган органдар жана кызмат адамдары анын кайрылуусун карап, токтоосуз жооп берүүгө, ал эми кошумча изилдөө же текшерүү зарыл болгон учурда — бир айлык мөөнөттөн кечиктирбестен жооп берүүгө милдеттүү.

Депутаттык ишмердүүлүк маселелери боюнча жергиликтүү кеңештин депутаты айыл аймагынын же шаардын аймагындагы мамлекеттик органдарга, ЖӨБ органдарына жана жарандардын бирикмелерине, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга, менчигинин түрүнө карабастан, тоскоолдуксуз кирүү укугунан, ошондой эле алардын жетекчилери жана башка кызмат адамдары тарабынан кечиктирилбестен кабыл алынуу укугунан пайдаланат.

Айыл аймагынын же шаардын аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилери депутаттын суроосу боюнча ага депутаттык ыйгарым укуктарды жүзөгө

ашыруу үчүн зарыл болгон сурап-билүү материалдарын жана башка маалыматтарды беришет.

Ишмердүүлүгү мамлекеттик же мыйзам менен корголуучу башка сырга байланыштуу болгон ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга депутаттардын кирүү тартиби өзүнчө мыйзам актылары менен белгиленет.

Мындан тышкары, жергиликтүү кеңештин депутаты жарандардын укуктарынын бузулушун же мыйзамдуулуктун башка бузулушун аныктаган учурда, бузууларды токтотууну талап кылууга, ал эми зарыл учурларда тиешелүү органдарга жана кызмат адамдарына (сотторду жана сотторду кошпогондо) бузууну токтотуу талабы менен кайрылууга укуктуу.

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандардын бирикмелеринин кызмат адамдары, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясы, менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле депутаттын талабы багытталган милиция кызматкерлери бузууларды четтетүү боюнча токтоосуз чараларды көрүүгө, ал эми зарылчылык болгондо — күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартууга жана бул жөнүндө кийинчерээк депутатка маалымдоого милдеттүү. Чаралар көрүлбөгөн учурда, депутат кайрылган кызмат адамдары мыйзамда белгиленген тартипте тартиптик, административдик же кылмыш-жаза жоопкерчилигин тартышат («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 18, 19, 20-беренелери).

Жарандардын (анын ичинде жергиликтүү кеңештин депутатынын) кайрылууларын өз убагында карабагандыгы үчүн мыйзамдарды бузгандыгы үчүн органдардын жетекчилери, менчигинин түрүнө карабастан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат. Мисалы: Кыргыз Республикасынын «Укук бузуулар жөнүндө кодексинин» 435-1-беренесине (Жарандардын кайрылууларын кароо тартибин бузуу) ылайык, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары тарабынан жарандардын кайрылууларын кабыл алуудан жана кароодон мыйзамсыз баш тартууда, аларды кароо мөөнөттөрүн бузууда, жазуу жүзүндө (электрондук түрдө) жооп бербөөдө, ошондой эле жарандын бузулган укуктарын калыбына келтирүүнү камсыз кылбоодо билдирилген жарандардын кайрылууларын кароонун белгиленген тартибин бузуу — кызмат

адамдарына 100 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

Депутаттар тарабынан жергиликтүү кеңештин сессиясында айтылган сунуштар жана сын-пикирлер тиешелүү органдарга жана кызмат адамдарына (сотторду жана сотторду кошпогондо) кароого жөнөтүлөт. Алар бул сунуштарды жана сын-пикирлерди, эгерде жергиликтүү кеңеш тарабынан башка мөөнөт белгиленбесе, бир айдан кечиктирбестен кароого жана кароонун жыйынтыктары жөнүндө түздөн-түз сунуш жана сын-пикир киргизген депутаттарга, ошондой эле жергиликтүү кеңештин төрагасына билдирүүгө милдеттүү.

Депутат тиешелүү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысына, анын орун басарларына, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын бөлүмдөрүнүн, башкармалыктарынын жана башка кызматтарынын жетекчилерине маселени чечүү, расмий түшүндүрмө берүү же коомдук мааниге ээ болгон жана жергиликтүү кеңештин карамагына кирген маселелер боюнча позициясын билдирүү үчүн депутаттык суроо-талап жөнөтүүгө укуктуу. Жергиликтүү кеңештин төрагасы суроо-талаптын текстин тиешелүү органга же кызмат адамына жеткирет. Суроо-талап багытталган орган же кызмат адамы жергиликтүү кеңеш белгилеген мөөнөттө ага оозеки же жазуу жүзүндө жооп берүүгө милдеттүү.

Жергиликтүү кеңештин депутаты өз аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын ишин, менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле мамлекеттик органдардын (сотторду жана сотторду кошпогондо) жана жарандардын бирикмелеринин органдарынын ишин (финансы-чарбалык ишмердүүлүгүн кошпогондо) текшерүү жүргүзүү зарылчылыгы жөнүндө маселени жергиликтүү кеңеште жана анын органдарында коюуга укуктуу. Текшерүүлөрдүн жыйынтыктары жана алар боюнча сунуштар жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жергиликтүү кеңешке же анын сунуштамасы боюнча бул текшерүүлөр жүргүзүлгөн органга маалымдайт.

Депутат өзүнө келип түшкөн жарандардын сунуштарын, арыздарын жана даттануусларын тиешелүү органдарга, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга жөнөтө алат, алар аларды карап чыгууга жана жыйынтыктары жөнүндө арыз ээсине, ошондой эле депутатка билдирүүгө милдеттүү («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 10, 11, 12, 14-беренелери).

## 104. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮГӨ КАНТИП ТААСИР ЭТЕ АЛЫШАТ?

Депутаттын статусу мыйзам чыгаруу демилгеси жагынан өзгөчө ыйгарым укуктарды бербейт.

КР Конституциясынын 85-беренесине ылайык, мыйзам чыгаруу демилгеси укугу төмөнкүлөргө таандык:

1) 10 миң шайлоочуга (элдик демилге);
2) Президентке;
3) Жогорку Кеңештин депутаттарына;
4) Министрлер Кабинетинин Төрагасына;
5) Жогорку сотко (өзүнүн карамагындагы маселелер боюнча);
6) Элдик Курултайга;
7) Башкы прокурорго (өзүнүн карамагындагы маселелер боюнча).

Элдик демилге укугу жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан «Кыргыз Республикасындагы элдик мыйзам чыгаруу демилгеси жөнүндө» КР Мыйзамында белгиленген тартипте, жарандар жана шайлоочулар катары гана жүзөгө ашырылат. Кеминде 10 миң шайлоочу эркин жана өз ыктыяры менен мыйзамдын жаңы редакциясынын долбоорун же иштеп жаткан мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган мыйзам долбоорун демилгелеп, Жогорку Кеңештин кароосуна киргизе алышат.

Жергиликтүү жамаат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен консультациялардан жана талкуулардан кийин, жергиликтүү кеңештин депутаттары өздөрүнүн же жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарына түздөн-түз тийиштүү болгон мыйзам долбоорлорун кароо тууралуу Жогорку Кеңештин депутаттарына жамааттык жазуу жүзүндөгү кайрылууну (почта, факс же Жогорку Кеңештин каттар бөлүмүнө колмо-кол тапшыруу аркылуу) жөнөтө алышат.

Эгерде Жогорку Кеңеш жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБ органдарынын укуктарына жана кызыкчылыктарына тийиштүү болгон мыйзам долбоорун биринчи окууда карай баштаса, жергиликтүү кеңештин депутаттары аны экинчи окууда караганга чейин өз сын-пикирлерин жана сунуштарын Жогорку Кеңештин депутаттарына жөнөтө алышат (мыйзам долбоору боюнча ар бир окуунун

ортосундагы убакыт 10 жумушчу күндөн кем эмес жана 30 жумушчу күндөн ашык болбошу керек). Жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан киргизилген сын-пикирлер жана сунуштар боюнча Жогорку Кеңештин жооптуу комитети 14 жумушчу күндүн ичинде жооп берүүгө милдеттүү.

Жергиликтүү кеңештин депутаттары ошондой эле төмөнкү иш-чараларга катыша алышат:

- Мыйзам долбоору Жогорку Кеңешке киргизилгенге чейин демилгечилер тарабынан өткөрүлүүчү коомдук угууларга;
- Мыйзам долбоору биринчи жана экинчи окууда каралып жатканда Жогорку Кеңештин жооптуу комитети тарабынан өткөрүлүүчү парламенттик угууларга.

Жергиликтүү кеңештин депутаттары өз сын-пикирлерин жана сунуштарын Жогорку Кеңештин интернет-сайттары аркылуу жөнөтүүгө укуктуу, ал жерде мыйзам долбоорлору кароого киргизилгенге чейин жана киргизилгенден кийин ар дайым жайгаштырылат. Мындай талап «КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамдын 22 жана 23-беренелери менен бардык мыйзам долбоорлоруна карата белгиленген.

## 105. ДЕПУТАТ МАМЛЕКЕТТИК УЮМДАРДЫН ЖАНА МЕКЕМЕЛЕРДИН КАДР САЯСАТЫНА КИЙЛИГИШЕ АЛАБЫ?

Жок. Айылдык аймактын жана шаардын аймагында жайгашкан мамлекеттик уюмдардагы жана мекемелердеги кызмат орундарына дайындоо, бошотуу, дайындоого жана бошотууга макулдук берүү, кызмат ордуна дайындоо үчүн талапкерлерди сунуштоо маселелери жергиликтүү кеңештин компетенциясына кирбейт. Андан сырткары, жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары айылдык аймактын, шаардын аймагында жайгашкан уюмдардын жана мекемелердин ыкчам-чарбалык ишмердүүлүгүнө кийлигишүүгө укуксуз («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 37-беренеси).

## 106. ДЕПУТАТ УЮМДАРДЫН, МЕКЕМЕЛЕРДИН, ИШКАНАЛАРДЫН, МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮМДӨРДҮН АЙМАКТЫК БӨЛҮМДӨРҮНҮН ЖАНА ЖЕКЕ КОМПАНИЯЛАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ТЕКШЕРЕ АЛАБЫ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты өз алдынча текшерүүлөрдү жүргүзө албайт, бирок ал жергиликтүү кеңештин сессиясында жана туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында өзүнүн аймагында жайгашкан менчигинин түрүнө карабастан (анын ичинде жеке компанияларды да) ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын ишмердүүлүгүн, ошондой эле сотторду жана сотторду кошпогондо, мамлекеттик органдардын жана жарандардын бирикмелеринин органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүү зарылчылыгы жөнүндө маселени коюуга укуктуу. Депутат каржы-чарбалык ишмердүүлүктү текшере албастыгын, атүгүл аны текшерүү жөнүндө маселени да коё албастыгын эстен чыгарбоо маанилүү. Каржы-чарбалык ишмердүүлүктү тиешелүү мамлекеттик органдар гана текшере алат. Тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан мындай текшерүү депутаттар тарабынан жергиликтүү кеңештин токтомунда же кайрылуусунда баяндалган фактылар боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн. Бул учурда текшерүүлөр колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган текшерүүлөрдүн жыйынтыктары жөнүндө жергиликтүү кеңешке же сунушу боюнча бул текшерүүлөр ишке ашырылган анын туруктуу (убактылуу) комиссияларына маалымат берүүгө милдеттүү. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан ишмердүүлүгү текшерилген ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана органдардын жетекчилерине же менчик ээлерине, ошондой эле жогору турган органдарга аныкталган кемчиликтерди жана мыйзам бузууларды четтетүү жөнүндө сунуш киргизилет, мыйзам бузууга күнөөлүү болгон адамдарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселе коюлат.

Мыйзам бузуулар аныкталган учурда депутат бул боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга кайрыла алат. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары өздөрүнүн карамагына кирген маселелер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын, муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин жетекчилерин жана кызматкерлерин гана угууга укуктуу.

Депутаттар сессияга, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйынына менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жетекчилерин чакырууга жана алардан керектүү маалыматтарды, ошондой эле айылдык аймактын же шаардын аймагында жайгашкан мамлекеттик органдардын жана жарандардын бирикмелеринин органдарынын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат алууга укуктуу. Маалыматты (же отчеттуу уюмдардын отчетун) угуунун жыйынтыгы боюнча, эгерде текшерүү жүргүзүү зарылчылыгы болсо, жергиликтүү кеңеш менчигинин түрүнө карабастан тигил же бул уюмдардын ишмердүүлүгүн текшерүү жөнүндө маселе коюуга укуктуу. Бирок текшерүүнү бул тармакта адистешкен тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар ишке ашырышы керек. Мисалы, эгерде жеке пансионат салык төлөөнү азайтуу үчүн кирешелерин төмөндөтүп көрсөтсө, анда депутаттар салык постун орнотуу үчүн салык органдарына кайрыла алышат. Мыйзам бузуулар аныкталган учурда депутаттар укук коргоо органдарына кайрыла алышат, бирок депутаттар өздөрү бул тармактын адиси болуп эсептелбегендиктен жана мындай түрдөгү текшерүүлөрдү жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктарга ээ болбогондуктан, текшерүү жүргүзүүгө укуксуз.

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары ведомстволук аймакта жайгашкан уюмдардын жана мекемелердин ыкчам-чарбалык ишмердүүлүгүнө кийлигишүүгө укуксуз («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 37-беренеси).

## 107. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ПРОКУРАТУРАНЫН, СОТТОРДУН ЖАНА БАШКА ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ОРГАНДАРДЫН АКТЫЛАРЫН КАНДАЙ ТАРТИПТЕ КАРАЙТ?

Жергиликтүү кеңештин төрагасы прокуратурадан, соттордон жана башка ыйгарым укуктуу органдардан келип түшкөн документтер катталгандан кийин үч күндүн ичинде аларды корутундуларды же чечимдерди даярдоо жана сунуштоо үчүн тийиштүү туруктуу комиссияга жөнөтөт.

Прокуратуранын, соттордун жана башка ыйгарым укуктуу органдардын актыларын жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясында талкуулоо кызыкдар кызмат адамдарын чакыруу менен ачык жана жарыя түрдө өтөт.

Төмөнкү актылар алынган күндөн тартып 10 күндүк мөөнөттө каралууга тийиш:

- Жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актыга карама-каршы келген укуктук актыга карата прокурордун протести;
- Ченемдик укуктук актынын бузулушун четтетүү жөнүндө жазма буйрук;
- Административдик же тартиптик укук бузуу жөнүндө өндүрүштү козгоо тууралуу прокурордун токтому.

Төмөнкү актылар киргизилген күндөн тартып бир айдын ичинде каралууга тийиш:

- Ченемдик укуктук актынын бузулушун четтетүү жөнүндө прокурордун сунуштамасы;
- Сот актылары;
- Башка мамлекеттик органдардын жазма буйруктары.

Жергиликтүү кеңештин сессиясында кабыл алынган чечимге жергиликтүү кеңештин төрагасы кол койгондон кийин, ал актыларды, протесттерди, жазма буйруктарды жөнөткөн органдарга билдирилет.

## 108. ТАЗА СУУ БОЮНЧА ТАРИФТИ АНТИМОНОПОЛИЯ СУНУШТАГАН СОҢ, ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ БЕКИТИП БЕРЕБИ, ЖЕ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ТАРИФТИ ӨЗҮ ЭЛЕ БЕКИТИП КОЕ АЛАБЫ?

Жергиликтүү кеңеш таза суу боюнча тарифти антимонополдук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик орган менен макулдашкандан кийин гана беките алат. Тарифти эсептөө жана бекитүү тартиби төмөнкүдөй.

Ичүүчү суу менен камсыздоочу ишкана (муниципалдык ишкана) тарифтин долбоорун жана анын экономикалык негиздемесин (калькуляциясын) иштеп чыгат.

Андан соң айыл өкмөтү бул тарифти бекитүү үчүн демилге көтөрөт жана тарифтин наркын эсептеп, аны антимонополдук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү менен милдеттүү түрдө макулдашууга тийиш.

Антимонополия кызматы тарифтин экономикалык жактан негизделгенин, ашыкча чыгымдар кошулуп калбаганын текшерет. Антимонополия кызматынан оң корутунду (макулдашуу) алынгандан кийин гана тарифтин долбоору жергиликтүү кеңештин кароосуна киргизилет.

Жергиликтүү кеңеш макулдашылган тарифти өз сессиясында бекитип берет.

## 109. РАЙОНДУН АРДАКТУУ АТУУЛДУГУН АЛУУ БОЮНЧА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫ КАЙСЫЛ МЫЙЗАМДЫН НЕГИЗИНДЕ СУНУШ БЕРЕ АЛАТ?

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 40-беренесинин 9-бөлүгүнө ылайык жергиликтүү кеңештин төрагалары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоо, ардак наамдарын ыйгаруу жөнүндө өтүнүч бере алат. Бул жерде "ардак наамдар" деген түшүнүккө республикалык деңгээлдеги наамдар гана эмес, жергиликтүү (райондук, шаардык) деңгээлдеги өзгөчө белгилер да кирет.

Ошол эле учурда, ар бир райондун өзүнүн ички Жобосу болот. Мыйзам жалпы багытты берсе, Жобо конкреттүү тартипти аныктайт:

1) Ким сунуш бере алат? Көпчүлүк учурда сунушту айылдык кеңештин төрагасы берет, анткени төраганын сунушу расмий статус катары каралат.
2) Критерийлер: Талапкердин райондун өнүгүшүнө кошкон салымы, эмгек стажы жана коомдук кадыр-баркы каралат.
3) Чектөөлөр: Кээ бир райондордо жылына 3 же 5 гана адамга наам берүү боюнча квоталар белгилениши мүмкүн.

Ошондуктан, тиешелүү райондун «Райондун Ардактуу атуулу жөнүндө» Жобосу менен таанышып чыгуу керек.

## 110. БИЗДИН АЙЫЛДАГЫ МЕКТЕПТИН ЖАНЫНАН ТРАНСПОРТ МИНИСТРЛИГИНЕ ТИЕШЕЛҮҮ ЖОЛ ӨТӨТ. ОКУУЧУ БАЛДАРГА КООПТУУ ЖАГДАЙЛАР ЖАРАЛЫП ЖАТАТ. ЖОЛ ЭРЕЖЕЛЕРИНИН БЕЛГИЛЕРИН КАНТИП КОЙСОК БОЛОТ?

Алгач, айыл өкмөтү же айылдык кеңеш КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы тиешелүү Жол тейлөө ишканасына (ДЭП) жана райондук Жол кыймылынын коопсуздугун

камсыздоо бөлүмүнө (ЖКККБ/МАИ) расмий кат жолдошу керек. Каттын негизинде Жол тейлөө ишканасынын өкүлдөрү жана МАИ инспекторлору келип, мектептин жанындагы жолду изилдеп чыгып, төмөнкүлөрдү аныктайт:

1) Жол кайсы категориядагы жолго кирет, кимдин менчигинде, кимдин тейлөөсүндө?
2) Кайсы жерге "Балдар" же "Ылдамдыкты чектөө" белгилери керек?
3) Жөө өтмөк "Жаткан полицейский" (жасалма жол босогосу), орнотуу зарылбы?
4) Жөө өтмөк (зебра) чийилиши керекпи?

Жыйынтыгында, аталган жол изилденип анын муктаждыктары аныкталгандан кийин, изилдөө жүргүзгөн органдар тиешелүү чечим чыгарып, ар бир тарап өзүнүн ыйгарым укуктарына ылайык тиешелүү иш аракеттерди аткаруусу керек. Эгерде жол мамлекттик маанидеги жолго кирсе Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тиешелүү чараларды көрөт, тактап айтканда белгилерди орнотуу жана өтмөк чийиндерин чийүү иштери ошол жолду тейлеген Жол тейлөө ишканасы (ДЭП) тарабынан Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо бөлүмүнүн (ЖКККБ/МАИ) макулдашуусу менен жүргүзүлөт.

## ЖӨБ АТКАРУУ ОРГАНДАРЫ (АЙЫЛ ӨКМӨТ/МЭРИЯ) МЕНЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

### 111. АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН РЕГЛАМЕНТИН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШ БЕКИТЕ АЛАБЫ?

Жок, беките албайт. “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, айыл өкмөтү — бул өз алдынча юридикалык жак болуп саналган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы, ал эми айылдык кеңеш — бул ошондой эле өз алдынча юридикалык жак болуп саналган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы. Айыл өкмөтүнүн ички иштөө тартиби, кызматкерлердин өз ара аракеттенүүсү, документ жүгүртүү жана жарандар менен иштөө графиги — бул аткаруу органынын ички

ишмердүүлүгү. Ошондуктан, аны айыл өкмөт башчысы өз алдынча өзүнүн буйругу менен бекитет.

Айыл өкмөтүнүн регламенти төмөнкү маселелерди камтыйт:

- аппараттык кеңешмелерди өткөрүүнүн тартиби;
- аткаруу органынын ченемдик актыларынын (токтомдордун, буйруктардын) долбоорлорун иштеп чыгуу жана макулдашуу;
- жарандарды кабыл алуу күндөрү жана тартиби;
- документтер менен иштөө;
- айыл өкмөтүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өз ара аракеттенүүсү ж.б.

Айыл өкмөтүнүн регламенти мыйзамдарга каршы келбеши керек. Эгерде айыл өкмөтүнүн регламенти мыйзамдарга карама-каршы келген пункттарды караса (мисалы, жарандарды кабыл алуудан баш тартуу, жарандардын маалыматка жетүүсүн камсыз кылбоо, коррупциялык тобокелдиктер, мыйзамда белгиленбеген ыйгарым укуктарды киргизүү ж.б.), жергиликтүү кеңеш же прокуратура бул документке макул эместигин билдирүүгө жана аны мыйзамдарга ылайык келтирүүнү талап кылууга укуктуу.

## 112. МУРДАГЫ АЙЫЛ ӨКМӨТ БАШЧЫБЫЗ АЛТЫ АЙ ИШТЕП, КЫЗМАТТАН КЕТТИ. УЧУРДАГЫ АЙЫЛ ӨКМӨТ БАШЧЫСЫ КЫЗМАТКА КЕЛГЕНИНЕ БИР АЙ БОЛДУ. ЖАРЫМ ЖЫЛДАГЫ ИШТЕРДИН ЖЫЙЫНТЫГЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ АЛУУДА БААНЫ КИМГЕ БЕРЕБИЗ АЗЫРКЫ АЙЫЛ ӨКМӨТ БАШЧЫГАБЫ ЖЕ МУРУНКУ ИШТЕП КЕТКЕН БАШЧЫГАБЫ?

Жергиликтүү кеңештин алдында алты айдын жыйынтыгы менен отчетту учурдагы иштеп жаткан айыл өкмөт башчысы берет. Ал мекеменин жетекчиси катары өткөн мезгилдеги (6 ай ичиндеги) бардык иштердин аткарылышы боюнча маселелер менен таанышып чыгып, жалпы маалымат берет. Бул жерде ошол учурдагы аткаруу органынын жетекчиси жок болгондугуна байланыштуу баа "айыл өкмөтүнө – аткаруу органына" берилиши мүмкүн. Анткени, 6 ай ичиндеги негизги көрсөткүчтөр (бюджеттин аткарылышы, пландардын, программалардын ишке ашырылышы) мурунку башчынын мезгилине туура келет. Эгер иш начар болсо, депутаттар: "Мурунку башчынын тушунда иш аксаган" деп белгилеп кетүүгө укуктуу. Ал эми, учурдагы

башчы болгону бир ай иштегендиктен, ага толук кандуу баа берүү максатка ылайыксыз болот.

## 113. АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШКЕ БЕРГЕН ОТЧЕТУН УГУУ ЖАНА АГА БАА БЕРҮҮНҮН ТАРТИБИ КАНДАЙ? БУЛ БОЮНЧА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШ ТОКТОМ КАБЫЛ АЛАБЫ ЖЕ ТЕСКЕМЕБИ?

Айыл өкмөтүнүн башчысынын отчету саясий маанилүү маселе болгондуктан, жергиликтүү кеңеш бул маселе боюнча өз чечимин токтом түрүндө кабыл алат.

Айыл өкмөт башчысынын отчетун угуу жана баалоо — бул жергиликтүү кеңештин маанилүү контролдук функциясы. Айыл өкмөтүнүн башчысы «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» КР Мыйзамынын 54-беренесине ылайык, жарым жылда бир жолу жергиликтүү кеңештин алдында айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жана муниципалдык менчиктин колдонулушу, аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларынын аткарылышы, калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жана социалдык жактан коргоо жөнүндө отчет берет.

Айыл өкмөт башчысынын отчету аткаруу органдын өкүлчүлүктүү органдын алдындагы иши жөнүндө отчету катары каралат. Отчетту айыл өкмөтүнүн башчысы өзү берет, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери өз ишмердүүлүгү боюнча отчет бере алышпайт. Айыл өкмөтүнүн башчысынын отчету алдын ала туруктуу комиссия (же туруктуу комиссиялар) тарабынан каралат, андан соң жергиликтүү кеңештин сессиясына чыгарылат.

Жергиликтүү кеңештин сессиясында айыл өкмөтүнүн башчысынын отчетун угуунун жыйынтыгы боюнча төмөнкүдөй чечим кабыл алынат:

- «Канааттандырарлык» (иш талаптарга жооп берет).
- «Канааттандырарлык эмес» (иш канааттандырарлык эмес, пландар аткарылган эмес).

## 114. АЙЫЛ ӨКМӨТ БАШЧЫСЫНЫН ЖАРЫМ ЖЫЛДЫК ЖАНА ЖЫЛДЫК ОТЧЕТУ «КАНААТТАНДЫРАРЛЫК ЭМЕС» ДЕП ТАБЫЛДЫ ЖАНА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ЖАЛПЫ ДЕПУТАТТАРЫНЫН ҮЧТӨН ЭКИ ДОБУШУ МЕНЕН ИШЕНБЕСТИК КӨРСӨТҮЛҮП, ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯ БАШЧЫСЫНА СУНУШ БЕРИЛДИ. АКИМДИН ЧЕЧИМИ КАНДАЙ БОЛУШУ КЕРЕК?

Бул маселе жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы балансты жана акимдин чечим кабыл алуу эркиндигин аныктаган орчундуу учурлардын бири.

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 53-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн эки добушу менен ишенбестик билдирилген учурда, айыл өкмөтүнүн башчысы ээлеген кызматынан аким тарабынан бошотулушу мүмкүн деп белгиленген.

Мыйзамда, айыл өкмөт башчысын кызматтан бошотуу акимдин милдети эмес, укугу катары жазылган ("бошотулушу мүмкүн" деген түшүнүк колдонулат). Бул аким айылдык кеңештин сунушун алгандан кийин, кырдаалды өз алдынча талдоого укуктуу дегенди билдирет. Аким отчеттун эмне үчүн "канааттандырарлык эмес" деп табылганын, депутаттардын жүйөлөрү канчалык негиздүү экенин жана бул жерде саясий кызыкчылыктар жокпу, ошону текшерет.

Сунуш түшкөндөн кийин аким эки жолдун бирин тандайт:

- Кызматтан бошотуу: Эгерде аким депутаттардын жүйөлөрү (мисалы, бюджеттин аткарылбашы, мыйзам бузуулар, программалардын үзгүлтүккө учурашы) негиздүү деп тапса, анда ал өзүнүн буйругу менен айыл өкмөт башчысын кызматтан бошотот.
- Кызматта калтыруу: Эгерде аким айыл өкмөт башчысынын ишин канааттандырарлык деп эсептесе же депутаттардын чечимин негизсиз (мисалы, жеке жактырбоо же саясий куугунтук) деп тапса, анда ал башчыны кызматта калтырууга укуктуу.

## 115. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШКЕ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН 6 АЙДЫН, 9 АЙДЫН ЖАНА ЖЫЛДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ МЕНЕН ОТЧЕТТУ ТАПШЫРУУ БОЮНЧА МЫЙЗАМДА КӨРСӨТҮЛГӨНБҮ?

Айыл өкмөт башчысы айылдык кеңештин алдында жарым жылдын жыйынтыгы менен бир жылда эки жолу отчет берүүгө милдеттүү. Айыл өкмөт башчысынын айылдык кеңешке отчет берип туруу мөөнөттөрү мыйзамда так көрсөтүлгөн. КР "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын негизинде айыл өкмөтү аткаруучу орган катары өкүлчүлүктүү орган болгон жергиликтүү кеңешке отчет берүүгө милдеттүү. Аталган мыйзамдын 54-беренесинин 4-пунктуна ылайык, айыл өкмөт башчысы айылдык кеңешке айылдык аймактагы иштин жалпы абалы, жергиликтүү бюджетти аткаруу жана муниципалдык менчикти пайдалануу, аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү, консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жана калкты социалдык коргоо программаларын аткаруу жөнүндө жарым жылда бир жолу кеңештин алдында отчет берет деп так белгиленген.

## 116. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШ АЙЫЛ ӨКМӨТТҮН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕН ОТЧЕТ АЛА АЛАБЫ?

Жок, айылдык кеңеш айыл өкмөтүнүн катардагы кызматкерлеринен (адистеринен) отчет талап кыла албайт. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери (финансы-экономикалык бөлүмдүн башчысы, жооптуу катчы, жер адиси ж.б.) түздөн-түз айыл өкмөтүнүн башчысына баш ийишет жана анын алдында отчет беришет.

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» КР Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6-пунктунда жергиликтүү кеңеш жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын иши жөнүндө анын башчысынын отчетун угары белгиленген. Бул мыйзамда жана аталган нормада айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин отчет берүүсү каралган эмес.

Жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан айыл өкмөтүнүн башчысынын отчету боюнча берилген суроолорго так жоопторду же кошумча маалыматтарды берүү үчүн сессияга айыл өкмөтүнүн кызматкерлери катыша алышат. Бирок, кызматкерлер отчет берүүнүн

өз алдынча субъектиси болуп эсептелбейт. Ал болгону жетекчинин отчетунун алкагында маалымат же түшүндүрмө гана бере алат.

## 117. БЮДЖЕТТИК УГУУНУ ӨТКӨРҮҮГӨ КИМ ЖООПТУ, АЙЫЛ ӨКМӨТҮБҮ ЖЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШПИ?

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси бюджеттик угууларды уюштурууну жана өткөрүүнү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органына (айыл өкмөтү, мэрия), ошондой эле жергиликтүү кеңешке (бюджеттик комиссия) жүктөйт.

Алсак, Бюджеттик кодекстин 78-беренесинин 6-пунктуна ылайык, жергиликтүү кеңеш жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору боюнча коомдук угууларды жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары менен бирдикте уюштурат жана өткөрөт деп белгиленген.

Ошол эле учурда КР Бюджеттик кодексинин 79-беренесинин 8-пунктуна ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары (айыл өкмөтү, мэрия) жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору жана жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет боюнча коомдук угууларды уюштурушат жана өткөрүшөт деп аныкталган.

Мындан тышкары, КР Бюджеттик кодексинин 79-беренесинин 2 жана 3-пункттарына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүүгө жооптуу жана алар жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилгенден кийин алардын аткарылышын камсыз кылышат. Андан ары жергиликтүү кеңештердин кароосуна жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө кварталдык жана жылдык отчетторду беришет.

Бюджеттик кодекстин жогоруда аталган ченемдеринин негизинде, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары аткаруучу орган катары бюджеттик угууларды уюштуруу жана өткөрүү үчүн көбүрөөк жоопкерчиликтүү экенин белгилей кетүү керек. Бул учурда жергиликтүү кеңештин депутаттары, бюджеттик комиссия (өкүлчүлүктүү орган катары) да бюджеттик угууларды уюштуруу жана өткөрүү процессине тартылышы керек. Алар жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча жарандардын сунуштарын жана сын-пикирлерин каттоого алып, зарылчылыкка жараша бюджеттин долбоору боюнча суроолорго жоопторду берип, жарандардын сунуштарына макул болгон учурда жергиликтүү калктын пикирин эске алууга тийиш.

## КАДРЛАР ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮЛӨРҮ ЖӨНҮНДӨ

### 118. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ МЭРИЯНЫН, ШААРДЫК КЕҢЕШТИН, АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫЛАРЫН ТАНДОО ПРОЦЕССИНЕ КАТЫША АЛАБЫ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты айыл өкмөтүнүн жана шаар мэриясынын муниципалдык кызматчыларын тандоо процессине катышпайт, бирок жергиликтүү кеңештин муниципалдык кызматчыларын тандоо процессине катыша алат.

Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдын 16-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка кирүү бош кызмат ордуна талапкерди кадрлар резервинен дайындоо жолу менен жүзөгө ашырылат. Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрлар резерви (мындан ары – кадрлар резерви) – административдик кызмат орундарын ээлөөгө талапкерлердин тобу. Кенже кызмат орундарына кадрлар резерви ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлөт. Улук жана башкы кызмат орундарына кадрлар резерви ар бир мамлекеттик орган жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан өз алдынча түзүлөт, ал кенже, улук жана башкы кызмат орундарына талапкерлерден турат. Кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн, аны түзүүнүн (анын ичинде конкурстан тышкары тартипте) жана иштөөсүнүн тартиби Президент тарабынан аныкталат («Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдын 10-беренеси).

Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын башкы жана улук административдик кызмат орундарына кадрлар резервин түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын конкурстук комиссиясынын курамы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан бекитилет. Конкурстук комиссиянын курамына милдеттүү түрдө төмөнкүлөр киргизилет:

- облустук маанидеги шаардын мэриясында конкурс өткөрүүдө — Кыргыз Республикасынын Президентинин тиешелүү облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн өкүлү;

- райондук маанидеги шаардын мэриясында жана айыл өкмөтүндө конкурс өткөрүүдө — жергиликтүү мамлекеттик администрациянын өкүлү;
- персоналды башкаруу кызматынын өкүлү же персоналды башкаруу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу адам (эгер бар болсо);
- коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу адам (эгер бар болсо);
- жарандык коомдун өкүлү жана/же мамлекеттик же муниципалдык кызматтын ардагери (макулдашуу боюнча).

Конкурстук комиссиянын төрагасы жана катчысы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинен аныкталат. Жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын конкурстук комиссиясынын курамына киргизилбейт. Жергиликтүү кеңештердин муниципалдык кызматчыларынын штаттык санын эске алуу менен, жергиликтүү кеңештин төрагасы тарабынан аныкталуучу жергиликтүү кеңештин депутаты (депутаттары) жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын өкүлү (комиссиянын катчысы катары, аткаруучу органдын башчысы менен макулдашуу боюнча) жергиликтүү кеңештин конкурстук комиссиясынын курамына киргизилиши мүмкүн.

### 119. МЭРИЯНЫН ЖАНА АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН АППАРАТЫНЫН ШТАТТЫК РАСПИСАНИЕСИН КИМ АНЫКТАЙТ, ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ БУЛ ПРОЦЕССКЕ КИЙЛИГИШҮҮГӨ УКУКТУУБУ?

Жергиликтүү кеңештер айыл өкмөтүнүн жана шаар мэриясынын штаттык саны, түзүмү жана штаттык расписаниеси боюнча маселелерге кийлигишүүгө укуктуу эмес.

Муниципалдык кызматчынын чектүү штаттык саны жана эмгекке акы төлөөнүн бирдиктүү тутуму «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын чектүү штаттык саны жана эмгекке акы төлөө шарттары жөнүндө» Мыйзамга ылайык аныкталат.

Аталган мыйзамга ылайык, муниципалдык кызматчылардын чектүү штаттык санын жана эмгекке акы төлөө шарттарын аныктоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жүктөлгөн. Ал өзүнүн 2026-жылдын 10-февралындагы № 81 «Кыргыз Республикасынын

жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чектүү штаттык санын, түзүмүн жана штаттык расписаниесин бекитүү жөнүндө» токтому менен төмөнкүлөрдү бекиткен:

- айыл өкмөттөрүнүн чектүү штаттык санын;
- облустук жана райондук маанидеги шаарлардын мэрияларынын чектүү штаттык санын;
- жергиликтүү кеңештердин (облустук жана райондук маанидеги шаардык кеңештердин, айылдык кеңештердин) чектүү штаттык санын;
- облустук жана райондук маанидеги шаарлардын мэрияларынын типтүү түзүмүн;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын штаттык расписаниесинин типтүү формасын.

Бул токтом менен төмөнкүлөр белгиленген:

- айыл өкмөтүнүн түзүмү жана штаттык расписаниеси айыл өкмөт башчысы тарабынан бекитилет;
- облустук жана райондук маанидеги шаарлардын мэрияларынын түзүмү жана штаттык расписаниеси мэр тарабынан бекитилет;
- облустук жана райондук маанидеги шаардык кеңештердин, ошондой эле айылдык кеңештердин түзүмү жана штаттык расписаниеси жергиликтүү кеңештердин төрагалары тарабынан бекитилет.

Аталган токтом менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бул токтомдо жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандардан сырткары, атайын каражаттардын же башка каржылоо булактарынын эсебинен штаттык кызматкерлерди алуудан карманууу сунушталган.

## 120. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА МЭРИЯНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ КЫЗМАТТЫК АКЫЛАРДЫ (ОКЛАДДАРДЫ) БЕЛГИЛЕЙ АЛАБЫ?

Жок, белгилей алышпайт. «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 31-беренесинде жана башка мыйзамдарда көрсөтүлгөн жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктарында айыл өкмөтүнүн же мэриянын кызматкерлеринин кызматтык айлык акыларын белгилөө же бекитүү боюнча укуктар каралган эмес.

Айыл өкмөтүнүн, мэриянын кызматкерлеринин кызматтык айлык акылары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган нормативдерге ылайык, ошондой эле Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-февралындагы № 81 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруучу органынын чектүү типтүү түзүмүн жана штаттык санын, түзүмүн жана штаттык расписаниесин бекитүү жөнүндө» токтому менен бекитилген айыл өкмөтүнүн жана мэриянын аппараттарынын түзүмүнө жана штаттык санына ылайык айыл өкмөт башчысы, шаардын мэри тарабынан белгиленет.

Ошону менен бирге, жергиликтүү кеңештин депутаттары муниципалдык кызматчынын эмгегине акы төлөөнүн бирдиктүү тутуму кызматтык айлык акыдан, көп жылдык кызматы, класстык чини жана ченемден тышкары жумуш күнү үчүн кошумча төлөмдөрдөн, ошондой эле транспорттук чыгымдар жана тамак-аш үчүн компенсациялык суммалардан турган эмгек акыны камтыгандыгын эске алуусу зарыл. Эмгек акыны эсептөө тартиби, кызматтык айлык акынын, кошумча төлөмдөрдүн жана компенсациялык суммалардын өлчөмдөрү Президент тарабынан аныкталат. Эмгекке акы төлөө тутуму кызмат орундарынын иерархиясына негизделет жана муниципалдык кызматчылардын материалдык мотивациясы болуп саналат («Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдын 21-беренеси).

### 121. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН, МЭРИЯНЫН АППАРАТЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИН (МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫЛАРДЫ) ЭЭЛЕГЕН КЫЗМАТЫНАН БОШОТО АЛАБЫ?

Жок, бошото алышпайт. Айыл өкмөтүнүн же мэриянын аппаратынын кызматкерлерин ээлеген кызматынан бошотуу укугу өзгөчө тартипте гана айыл өкмөтүнүн башчысына жана шаардын мэрине таандык.

Алсак, шаардын мэри мыйзамдарга ылайык мэриянын кызматкерлерин кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот, аларга карата сыйлоо жана тартиптик жаза чараларын колдонот. Айыл өкмөтүнүн башчысы мыйзамдарга ылайык айыл өкмөт башчысынын орун басарын, айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлерин кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 48, 54-беренелери).

«Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдын 16-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси бош кызмат ордуна кадрлар резервинде турган адамды же муниципалдык кызматчыны, эгерде алар мыйзамда белгиленген квалификациялык талаптарга жооп берсе, ротация тартибинде дайындоого укуктуу. Кызматчыны жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын демилгеси менен кызматтан бошотууну жетекчи ишке ашырат.

Жергиликтүү кеңештин депутаты, катардагы жаран сыяктуу эле, айыл өкмөтүнүн же мэриянын аппаратынын каалаган кызматкеринин канааттандырарлык эмес иши тууралуу айыл өкмөт башчысына же шаардын мэрине оозеки же жазуу жүзүндө кайрылууга укуктуу. Айыл өкмөтүнүн, мэриянын кызматкери же башка бирөө тарабынан жарандардын укуктарынын бузулушу же башка мыйзам бузуулар аныкталса, депутат мыйзам бузууну токтотууну талап кылууга, ал эми зарыл учурларда мыйзам бузуунун алдын алуу талабы менен тиешелүү органдарга жана кызмат адамдарына кайрылууга укуктуу.

Депутаттын талабы багытталган мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандардын бирикмелеринин жетекчилери, менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясы, ошондой эле милиция кызматкерлери мыйзам бузууларды четтетүү боюнча токтоосуз чараларды көрүүгө, ал эми зарыл болгон учурда күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартууга жана бул тууралуу депутатты маалымдоого милдеттүү. Чара көрүлбөгөн учурда, депутат кайрылган жетекчилер мыйзамда белгиленген тартипте тартиптик, административдик же кылмыштык жоопкерчиликке тартылышат («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 20-беренеси).

Айыл өкмөтүнүн же мэриянын кызматкерине тартиптик жазалар жасалган жоруктун оордугун, мүнөзүн жана ал жасалган жагдайларды эске алуу менен айыл өкмөт башчысы же шаардын мэри тарабынан берилет.

Муниципалдык кызматчы өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарбагандыгы же талапка ылайык аткарбагандыгы, этикалык ченемдерди сактабагандыгы, кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн ага төмөнкүдөй тартиптик жазалар колдонулат:

1) эскертүү; 2) сөгүш; 3) катуу сөгүш; 4) кызмат ордун төмөндөтүү; 5) ээлеген кызматынан бошотуу («Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдын 24-беренеси).

## СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫ (СЭӨП) ЖАНА КАЛКТЫ СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН КОРГОО ПРОГРАММАСЫ ЖӨНҮНДӨ

### 122. ЭГЕРДЕ ДЕПУТАТТАРДЫН ПИКИРЛЕРИ АР ТҮРДҮҮ БОЛСО, МУНИЦИПАЛИТЕТТИН СЭӨПТҮН (СЭӨП – СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫ) ПРИОРИТЕТТҮҮ БАГЫТТАРЫН КАНТИП АНЫКТОО КЕРЕК?

СЭӨПтүн артыкчылыктуу багыттары (приоритеттери) депутаттардын гана пикирине негизделиши мүмкүн эмес. СЭӨП калктын түздөн-түз катышуусу менен жана КР Министрлер Кабинетинин алдындагы экономика жана коммерция министрлиги менен Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 9-апрелиндеги №32 биргелешкен буйругу менен бекитилген Методикага ылайык иштелип чыгат.

СЭӨПтү иштеп чыгуунун, анын ичинде артыкчылыктарды тандоонун ар кандай ыкмалары жана мамилелери бар. Эң негизгиси – талкууга жана артыкчылыктарды тандоого мүмкүн болушунча көп сандагы тургундарды жана бардык кызыкдар топтордун өкүлдөрүн, анын ичинде аялдарды, майыптыгы бар адамдарды, кары-картаңдарды жана жалгыз бой жарандарды, улуттук азчылыктарды, ишкерлерди жана башкаларды тартуу зарыл. Бул тургундардын СЭӨПтү колдоосуна жана аны ишке ашырууга катышуусуна, ал эми муниципалитеттин шайкеш өнүгүүсүнө кепилдик болот.

Ошондуктан СЭӨПтү иштеп чыгуу – бул кыйла узак процесс, өзгөчө ал жалпы стратегия болсо. Депутаттар, эреже катары, көптөгөн адамдардын катышуусу менен даярдалган стратегиянын долбоорлорун талкуулашат жана аны бекитүү жөнүндө чечим кабыл алышат.

Бирок муниципалитеттин конкреттүү багыттагы стратегиялары да болушу мүмкүн. Мисалы, жергиликтүү экономикалык өнүктүрүү стратегиясы, маданий-тарыхый мурастарды сактоо стратегиясы, үй-

бүлөлүк же жаштар стратегиясы. Мындай конкреттүү стратегияларды иштеп чыгуу процессине биринчи кезекте кызыкчылыктары козголгон калктын максаттуу топторун тартуу максатка ылайыктуу. Бирок бул жерде муниципалитеттин стратегиялары бири-бирине карама-каршы келбегени, бирин-бири жокко чыгаруучу максаттарды жана милдеттерди камтыбаганы маанилүү. Бул конкреттүү (же тармактык) стратегиялардын бардыгы биригип, муниципалитеттин жалпы стратегиясын түзөт ("Шаарлардын жана айылдык аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу методологиясы", Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция Министрлигинин буйругу (09.04.2024, № 32) жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин буйругу (09.04.2024, №01-25/114) менен бекитилген https://dpi.kg/ru/press-room/news/full/2013.html).

## 123. КАЛКТЫ СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН КОРГОО ПРОГРАММАСЫН КАНТИП ИШТЕП ЧЫГАБЫЗ? ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ПРОГРАММАНЫ БЕКИТҮҮ КЕРЕКПИ?

Калкты социалдык жактан коргоо программасын иштеп чыгуу — бул жергиликтүү маанидеги маселелердин негизгилеринин бири. Аталган программа тууралуу КР Конституциясынын 113-беренесинде жана КР "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-45-51-беренелеринде белгиленген. Бул программаны иштеп чыгуу, бекитүү, аткаруу процесси бир нече кадамдарды талап кылат.

Программаны адатта айыл өкмөтү иштеп чыгат. Бул үчүн төмөнкү иш-аракеттер жасалат:

- Муктаждыктарды талдоо: Айылдагы социалдык жактан аярлуу катмардын (аз камсыз болгон үй-бүлөлөр, майыптыгы бар адамдар, жалгыз бой карылар ж.б.) тизмесин жана алардын негизги көйгөйлөрүн аныктоо.
- Максаттарды коюу: Программа эмнеге багытталат? (Мисалы: көмүр менен камсыздоо, дары-дармекке жардам, балдардын тамак-ашы ж.б.).
- Каржылоо булактарын аныктоо: Жергиликтүү бюджеттен канча каражат бөлүнөрүн жана демөөрчүлөрдөн же башка каржы булактарынан келе турган каражаттарды эсептөө.

- Иш-чаралардын планын түзүү: Кимге, качан жана кандай өлчөмдө жардам берилери так көрсөтүлгөн документ даярдоо.

Калкты социалдык жактан коргоо программасынын долбоорун айыл өкмөтү иштеп чыккан соң айылдык кеңешке аны карап бекитүүгө киргизет. Айылдык кеңештин депутаттары туруктуу комиссияларда жана сессияда программанын долбоорун карап чыгып, талкуулап, өзгөртүү-толуктоолорду киргизип (эгер зарыл болсо), андан соң токтом кабыл алуу менен бекитип беришет.

## 124. ЖӨБ ОРГАНДАРЫ СЭӨПКӨ МАССАЛЫК СПОРТ ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА КАНДАЙ ИШ-ЧАРАЛАРДЫ КИРГИЗЕ АЛЫШАТ?

Кыргыз Республикасында ЖӨБ органдары массалык спортту жана дене тарбияны өнүктүрүүдө негизги ролду ойнойт. Алардын ишмердүүлүгү бир катар ченемдик укуктук актылар, анын ичинде бул тармактын укуктук, социалдык жана экономикалык негиздерин белгилеген 2000-жылдын 21-январындагы № 36 "Дене тарбия жана спорт жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат. Бул мыйзам жарандардын дене тарбия жана спорт менен алектенүү боюнча тең укуктарын бекемдейт жана бул тармактагы мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын аныктайт: (7-берене. Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык бирдиктеринде дене тарбияны жана спортту өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлөт жана чаралар көрүлөт).

Дене тарбия жана спортту өнүктүрүү республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен каржыланат.

Ошондой эле, бул жаатта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жана алардын ыйгарым укуктарын жөнгө салуучу 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы колдонулат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына спортко байланыштуу төмөнкү маселелер кирет:

- спорттук жайлардын иштешин камсыз кылуу;
- дене тарбия жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү.

Калктын бардык категориялары, анын ичинде аялдар, улгайган адамдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жана социалдык жактан аялуу топтор үчүн дене тарбия жана спорттун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга өзгөчө көңүл буруу керек. Спорттук инфраструктуранын жана иш-чаралардын туруктуу өнүгүшүн камсыз кылуу үчүн жеке сектордун, эл аралык донорлордун жана өкмөттүк эмес уюмдардын каражаттарын кошо алганда, бюджеттен тышкаркы ресурстарды тартуу зарыл.

**ЖӨБ деңгээлиндеги Кызмат көрсөтүүлөр жана социалдык инфраструктура бөлүмүнүн учурдагы спорттук абалын талдоо мисалы**

ХХХ айылдык аймагында болжол менен 12 000 киши калкы бар. Учурда дене тарбия жана массалык спорт түрлөрү негизинен мектептерде уюштурулат, ал жерде спорт аянтчалары жана спорт залдары бар. Волейбол жана мини-футбол секциялары иштейт, ал эми кээде мектеп командаларынын ортосунда турнирлер уюштурулат. Айыл аймагынын жалпы калкынын болжол менен 25% түзгөн мектеп окуучулары негизинен спорт менен активдүү алектенишет, алар болжол менен 3000 адамды түзөт.

Бирок, мектеп системасынан тышкары спорт менен машыгууга мүмкүнчүлүк чектелүү бойдон калууда. Айыл аймагында суук мезгилде колдонууга ылайыктуу толук кандуу спорт комплекси же жабык жайлар жок. Көпчүлүк спорттук жайлар начар абалда же заманбап талаптарга жооп бербейт.

Спорттук кызматтарга мүмкүнчүлүк айрым топтор үчүн өзгөчө чектелүү. Калктын дээрлик жарымын түзгөн аялдар жана кыздар спорт менен сейрек алектенишет — алардын катышуусу 10%дан ашпайт. 18 жаштан 30 жашка чейинки жаштар, жалпы калктын болжол менен 30%, мектепти аяктагандан кийин спорт менен машыгууга дээрлик эч кандай мүмкүнчүлүккө ээ эмес. Андан тышкары, жалпы калктын 2% түзгөн ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар спорт жана дене тарбия менен машыгууга мүмкүнчүлүктөрү жок.

Ошентип, айыл аймактын тургундарынын болжол менен 75% же болжол менен 9000 адам дене тарбия жана массалык спорт системасы менен камтылган эмес. Негизги себептери - спорттук инфраструктуранын жоктугу, класстан тышкаркы программалардын

чектелүүсү, ошондой эле аялдар, жаштар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн атайын шарттардын жана иш-чаралардын жоктугу.

**ЖӨБ деңгээлинде СЭӨПтүн иш-аракеттер планына киргизүү үчүн иш-чаралардын мисалы (спорт жана дене тарбия кызматтарынын мисалында)**

1. Айыл аймакта жыл бою спорт менен машыгууга мүмкүнчүлүк түзүү үчүн көп функциялуу жабык спорт зал куруу.
2. Массалык спорттук иш-чараларды үзгүлтүксүз өткөрүү: мектеп жана айылдык спартакиадалар, футбол жана волейбол турнирлери, күрөш боюнча мелдештер жана үй-бүлөлүк спорттук иш-чаралар.
3. Калк арасында дени сак жашоо образын жана дене тарбияны жайылтуу боюнча маалыматтык кампанияларды жүргүзүү.
4. Инклюзивдүү спорт үчүн шарттарды түзүү: ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар жана чоңдор үчүн спорт менен машыгууга мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу.
5. Аялдар үчүн фитнес борборун ачуу.

## 125. ЖӨБ ОРГАНДАРЫ МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖАНА МЕКТЕПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДАГЫ КАНДАЙ ЧАРАЛАРДЫ ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАГА (СЭӨП) КИРГИЗЕ АЛЫШАТ?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бала бакчаларда жана мектептерде билим берүү процессин түздөн-түз уюштурбайт, анткени билим берүү мамлекеттин негизги функцияларынын бири. Бирок, ЖӨБ органдары жогорку сапаттагы билим берүү үчүн шарттарды түзүүдө маанилүү **колдоочу жана көмөктөшүүчү** ролду ойношот. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусу төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

1. **Материалдык-техникалык шарттарды жакшыртуу.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мектеп жана бала бакча имараттарын оңдоого, жылытуу системаларын жаңыртууга, короолорду жана ага жакын жайгашкан аймактарды жашылдандырууга жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүшү мүмкүн. Кошумча бул имараттарга келүүчү жолдорду оңдоо, спорт аянтчаларын куруу, суу жана электр энергиясы менен камсыздоону жакшыртуу да мүмкүн.

2. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен билим берүү мекемелеринин ортосундагы кызматташуу,** райондук билим берүү бөлүмдөрү жана мектеп администрациялары менен бирге муктаждыктарды биргелешип аныктоо, иш-чараларды пландаштыруу жана ата-энелер менен мугалимдердин жолугушууларын, патриоттук жана билим берүүчү иш-чараларды колдоо үчүн тыгыз кызматташууну камтыйт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары билим берүү программаларынын мазмунуна таасир этпесе да, алар ыңгайлуу жана коопсуз окуу чөйрөсүн түзүүгө жана билим берүү мекемелерин колдоодо жергиликтүү коомчулуктун катышуусун камсыз кылууга олуттуу салым кошо алышат.

## 126. "ИНКЛЮЗИВДҮҮ ӨНҮГҮҮ" ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА АНЫН МААНИСИ ЭМНЕДЕ?

Инклюзивдүү өнүгүү – бул коомдун бардык мүчөлөрү үчүн, социалдык абалына, жынысына, жашына, улутуна, майыптыгына же башка факторлоруна карабастан бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган ыкма. Өнүгүүнүн бул түрү ар бир адамдын жашоо сапатын жана экономикалык прогрессин жакшыртуу процессине катышуусун, ошондой эле эч ким четте калбаган шарттарды камсыздайт.

Инклюзивдүү өнүгүүнүн мааниси анын социалдык теңсиздикти азайтуу жана жалпы коомдун өнүгүшүнө стимул берүү жөндөмүндө. Ал билим берүү, саламаттыкты сактоо жана экономикалык мүмкүнчүлүктөргө жетүүдөгү кыйынчылыктарга туш болгондордун жашоосун жакшыртууга гана салым кошпостон, бүтүндөй аймактын же мамлекеттин өнүгүшүн камсыз кылат. Калктын бардык катмарларын экономикалык жана социалдык процесстерге катыштыруу узак мөөнөттүү өнүгүү үчүн абдан маанилүү болгон туруктуу жана тең салмактуу жергиликтүү коомчулуктарды түзүүгө өбөлгө түзөт.

Инклюзивдүү өнүгүү ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар, аялдар, этникалык азчылыктар жана кедейлер сыяктуу аялуу топтордун жашоо сапатын жакшыртат, аларга экономикага, билим берүүгө жана социалдык системаларга активдүү катышууга мүмкүнчүлүк берет. Бул теңчиликти гана камсыз

кылбастан, жалпы коомдун өсүшүнө жана өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк ачат.

Инклюзивдүү өнүгүүнүн негизги белгилери:

- Ар бир адам үчүн билим алууга жана жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүнүн болушу;
- Жардамга муктаж болгондорду колдоо;
- Калктын жашоо шарттарын жакшыртуу;
- Региондордун ортосундагы теңсиздикти/айырмачылыктарды азайтуу.

**Бул эмне үчүн маанилүү?** Эгерде өнүгүү байларга же чон шаарларда жашагандарга гана пайда алып келсе, ал эми башкалар артта калса, коомдогу теңсиздик күчөйт. Бул жашоо шарттарынын начарлашына, нааразычылыктын өсүшүнө жана туруктуулуктун бузулушуна алып келет.

**Инклюзивдүү өнүгүү** - бул калктын бардык катмарлары үчүн экономикалык өсүүгө мүмкүнчүлүк берет. Жашоо деңгээлин жакшыртат, экономикалык туруктуулук бекемдейт жана узак мөөнөттүү экономикалык өнүгүү камсыздалат. Мындай өнүгүү аймактык экономикага төмөнкү өзүнүн оң таасирин тийгизет:

- **Адам капиталынын көбөйүшү:** Аярлуу топторго билим алууга жана саламаттык сактоо кызматтары жетикиликтүү болуу менен, алардын өз потенциалын толук ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул квалификациялуу жумушчу күчүнүн көбөйүшүнө алып келет.
- **Ички рыноктун кеңейиши:** Калктын бардык катмарларынын кирешелеринин көбөйүшү менен товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө болгон суроо-талаптар жогорулайт, ошону менен жергиликтүү бизнестин өсүшүнө түрткү берет.
- **Социалдык туруктуулук:** Кирешелердин айырмасын азайтуу жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү менен социалдык чыңалууну азайтат жана социалдык туруктуулукту камсыз кылат.
- **Жаңы идеялар жана инновациялар:** Калктын ар кайсыл катмарларынын экономикалык процесстерге катышуусу жаңы идеялардын жана инновациялардын пайда болушуна шарт түзөт.
- **Экономикалык өсүштүн туруктуулугу:** Кеңири катышуу менен шартталган экономикалык өсүш узак мөөнөттүү жана туруктуу болот.

## 127. АЯРЛУУ ТОПТОРДУ ЭКОНОМИКАГА КОШУУ МАКСАТТА ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАГА (СЭӨП) КАНДАЙ ИНКЛЮЗИВДҮҮ ЧАРАЛАРДЫ КИРГИЗҮҮГӨ БОЛОТ?

Аярлуу топторду экономикалык өнүгүүгө интеграциялоодо кийинки чаралар натыйжалуу болмок. Мындай чаралардын бири - аярлуу топтор үчүн инклюзивдүү билим берүү жана кесиптик окутуу программаларын ишке ашыруу. Ошол эле учурда жеткиликтүү жумуш орундарын түзүү маанилүү. Маданий жана спорттук иш-чараларга катыштыруу жана коомдук уюмдар менен кызматташуу аярлуу топторду өнүгүү процесстерине интеграциялоого жардам берет. Андан тышкары, аярлуу топтордун укуктарын коргоо жана коомдогу басмырлоонун алдын алуу үчүн маалымат кампанияларын жүргүзүү натыйжалуу болмок.

Төмөндөгү таблицада жергиликтүү социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына киргизилген инклюзивдүү өнүктүрүү чараларынын мисалдары келтирилди.

| | Инклюзивдүү өнүгүүгө багытталган чаралар |
|---|---|
| 1. | "Ден соолук" борборун куруу үчүн жер тилкесин берүү |
| 2. | 30 аярлуу үй-бүлөнү кол өнөрчүлүккө жана тигүүгө окутуу |
| 3. | Колдоо топторун түзүү жана кол өнөрчүлүккө окутуу |
| 4. | Айыл чарба муктаждыктары үчүн 49 кедей үй-бүлөгө жер ижарасын субсидиялоо |
| 5. | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана майыптарга жардам берүү үчүн кайрымдуулук уюмдар менен иштөө |
| 6. | Аярлуу топторду коомдук маданий иш-чараларга тартуу |
| 7. | 40 жарым жетим балага жайкы лагерге жолдомо берүү |
| 8. | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды жумуш менен камсыздоо практикасын өнүктүрүү жана алар үчүн жумуш орундарын түзүү |
| 9. | Жетим балдарга жер участокторун берүү, документтерди толтурууга жардам берүү |
| 10. | Аярлуу топтор, жаштар жана аялдар үчүн өз бизнесин баштоо боюнча курстарды уюштуруу |
| 11. | 148 аз камсыз болгон үй-бүлөгө социалдык келишимдерди түзүү, бизнес-пландарды иштеп чыгууга жардам берүү |

| | |
|---|---|
| 12. | Аялдарга чакан бизнес баштоого жардам берүү, курстарга катыштыруу |
| 13. | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга жардам берүү, ден соолуктарын чыңдоого шарттарды түзүү, ден соолукту чыңдоо борборун ачуу |
| 14. | Аялуу топтордун жашоо деңгээлин жакшыртуу үчүн багбанчылыкты жана жашылча өстүрүүнү өнүктүрүү |
| 15. | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн бизнестерди/ишканаларды колдоо (тигүү, кол өнөрчүлүк) |
| 16. | Эмгке мигранттарды жана алардын балдарын окутууга көмөктөшүү, агартуу иштери жүргүзүү |
| 17. | Ишкерлер менен сүйлөшүүлөр аркылуу аярлуу топтордогу аялдар үчүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүү |
| 18. | Аялуу топтордун маданий жана билим берүү иш-чараларына активдүү катышуусу үчүн шарттарды түзүү |

## 128. ЖӨБ ОРГАНДАРЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЭКОНОМИКАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН ШАРТТАРДЫ ТҮЗҮҮ МАКСАТЫНДА ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАГА (СЭӨП) КАНДАЙ ЧАРАЛАРДЫ КИРГИЗЕ АЛЫШАТ?

Ооба, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө укуктуу.

**Инфраструктураны өнүктүрүү:** жолдорду оңдоо, суу менен камсыздоону жана башка маанилүү инфраструктураны жакшыртуу аркылуу ишкердик үчүн жагымдуу шарттарды түзүү.

**Жерлерди башкаруу:** ишкердүүлүк үчүн жер тилкелерин бөлүп берүү жана анын максаттуу пайдаланылышын көзөмөлдөө.

**Салык саясаты:** жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды аныктоо жана ишкердикти колдоо үчүн стимулдарды берүү.

**Инвестицияларды тартуу:** аймактын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу боюнча чараларды ишке ашыруу жана инвесторлор менен кызматташуу.

**Ишкердикти колдоо программалары:** чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө багытталган тренингдерди, консультацияларды жана башка колдоо чараларын уюштуруу.

**Жергиликтүү экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу:** аймактын өзгөчөлүктөрүнө жана муктаждыктарына жооп берген экономикалык өнүгүү стратегияларын иштеп чыгуу.

**Маалыматтык колдоо:** ишкерлерди зарыл маалымат менен камсыз кылуу жана маркетингдик изилдөөлөрдү жүргүзүүгө көмөктөшүү.

Бул ыйгарым укуктарды ишке ашыруу менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү экономиканын өсүшүнө, жаңы жумуш орундарын түзүүгө жана калктын жашоо шартынын жогорулашына салым кошо алышат.

## 129. ЖӨБ ОРГАНДАРЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КАЛКТЫ, АНЫН ИЧИНДЕ АЯЛДАРДЫ, ЖАШТАРДЫ ЖАНА ИШКЕРЛЕРДИ ТУРИЗМ ТАРМАГЫНА ТАРТУУ МАКСАТЫНДА ӨЗДӨРҮНҮН ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНА (СЭӨП) КАНДАЙ ЧАРАЛАРДЫ КИРГИЗЕ АЛЫШАТ?

Туризм тармагын натыйжалуу өнүктүрүү жана жергиликтүү тургундарды, анын ичинде аялдарды, жаштарды жана ишкерлерди тартуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана райондук бийлик органдарынын ыйгарым укуктарын эске алуу зарыл. Бул чаралар инфраструктураны жакшыртууну, чакан бизнести колдоону жана адам капиталын өнүктүрүүнү камтышы мүмкүн.

Биринчиден, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана райондук бийлик органдары жергиликтүү калк үчүн керектүү окутууларды уюштурууга жана катышууга көмөктөшүүсү мүмкүн. Буга меймандостук, гиддер, туризм, ашпозчулук, маркетинг жана чет тилдери боюнча курстар кирет. Андан тышкары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кесиптик окутууну сунуш кылган билим берүү мекемелери жана уюмдар менен кызматташа алат.

Экинчиден, чакан жана орто бизнести колдоо. Райондук бийликтер конок үйлөрү, кафелер жана кол өнөрчүлүк ишканалар сыяктуу туристтик объектилерди ачуу максатында райондук өнүктүрүү фонддор аркылуу насыяларды бере алышат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ошондой эле бизнести башкаруу боюнча окутууларды жана ишкердик инкубаторлорду түзүү аркылуу ишкерлерди колдой алышат.

Мындан тышкары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары туризмдин ажырагыс бөлүгү болгон инфраструктураны өнүктүрүүгө активдүү катыша алышат. Жергиликтүү бийлик органдары туристтик маршруттарды, байкоо аянтчаларын жана кемпингдер менен санитардык зоналардын инфраструктурасын жакшыртууга бюджеттик каражаттарды бөлө алышат. Ошондой эле транспорттук логистиканы, интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүн жана мобилдик байланышты

өнүктүрүү маанилүү, бул багытта жеке компаниялар жана мамлекеттик органдар менен өнөктөштүк аркылуу иш алып барууга болот.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү туризмди өнүктүрүүнү да колдой алышат. Буга жергиликтүү туристтик бренддерди түзүү, регионго кызыгууну арттыра турган жана туристтерди тарткан фестивалдарды, жарманкелерди жана башка маданий иш-чараларды уюштуруу кирет. Жергиликтүү бийлик органдары маалыматтык кампанияларды жүргүзүп, сувенирлерди өндүрүү үчүн аймакты бренддештирип, санариптик платформалар жана социалдык медиа аркылуу туризмди жайылта алышат.

Этно, агро жана экотуризмди өнүктүрүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү коомчулуктарды, анын ичинде аялдарды жана жаштарды салттуу продукцияларды өндүрүүгө жана турларды, семинарларды жана фестивалдарды уюштурууга активдүү тарта алышат.

Акырында, координациялоо жана өнөктөштүк маселелеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишкерлер, коммерциялык эмес уюмдар, мамлекеттик органдар жана эл аралык донорлор менен кызматташууда маанилүү ролду ойной алышат. Райондук бийликтер бул тармактын туруктуу өсүшүнө салым кошо турган туризмди өнүктүрүү стратегияларын түзүү жана ишке ашырууну координациялай алышат. Методология төмөнкү натыйжалуу чараларды белгилейт:

- **Маалымдоо жана билим берүү:** жергиликтүү калкка туризмдин артыкчылыктары жана мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат берүү. Аялдар жана жаштар үчүн туризмге байланыштуу кесиптер боюнча окутуу курстарын уюштуруу (гид, мейманкана кызматкери, кол өнөрчү, ашпозчу ж.б.). Ишкерлер үчүн туризм бизнесин жүргүзүү боюнча семинарларды жана мастер-класстарды өткөрүү.
- **Инфраструктураны жакшыртуу:** туристтер үчүн зарыл болгон жолдорду, коопсуздукту жана тазалыкты камсыз кылуу. Жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү чагылдырган чакан мейманканаларды, конок үйлөрүн жана эс алуу жайларын курууга колдоо көрсөтүү.
- **Каржылык колдоо:** Туристтик бизнесин баштаган же кеңейткендерге жеңилдетилген насыяларды же гранттарды берүү. Аялдар жана жаштар тарабынан демилгеленген бизнестерге өзгөчө көңүл буруу.

- **Өнөктөштүк жана кызматташтык:** Жергиликтүү бийлик органдарынын, туристтик компаниялардын, коомдук уюмдардын жана ишкерлердин ортосундагы кызматташтыкты бекемдөө. Туристтик маршруттарды биргелешип иштеп чыгуу жана жайылтуу.
- **Жергиликтүү продукцияларды жана кызматтарды колдоо:** Туристтерге жергиликтүү кол өнөрчүлүк буюмдарын, айыл чарба продукцияларын жана башка товарларды сунуштоо үчүн шарттарды түзүү. Жергиликтүү гиддердин жана башка кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишин колдоо.
- **Маданий жана жаратылыш мурастарын сактоо:** Туристтер үчүн жагымдуу болгон тарыхый жерлерди жана жаратылыш чөйрөсүн коргоо жана жакшыртуу. Жергиликтүү коомчулуктарга жергиликтүү маданиятты жана каада-салттарды туристтерге көрсөтүү менен киреше табуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүү.
- **Активдүү катышууну камсыз кылуу:** Туризмди өнүктүрүү пландарын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда жергиликтүү коомчулуктардын, анын ичинде аялдардын, жаштардын жана ишкерлердин пикирлерин эске алуу. Аларды чечим кабыл алуу процесстерине активдүү катыштыруу.

Бул чараларды комплекстүү түрдө ишке ашыруу туризм тармагынын туруктуу өнүгүшүнө жана жергиликтүү коомчулуктун пайда алышына өбөлгө түзөт.

**Туризм фестивалын уюштуруунун жана райондук брендингдин мисалы**

2025-жылдын 7-февралында Ат-Башы районунда аймакта кышкы туризмди жайылтууга арналган кышкы фестиваль өттү. Иш-чарага жергиликтүү бизнес өкүлдөрү, Координациялык кеңештин мүчөлөрү, туризм дестинициясынын катышуучулары, эл аралык уюмдар, чет элдик өкүлдөр жана Ысык-Көлдөн келген коноктор сыяктуу кеңири аудитория катышты.

Фестиваль жаратылышынын кооздугу жана уникалдуу атмосферасы менен белгилүү болгон Кел-Суу аймагында өттү. Иш-чаранын негизги максаты аймактагы кышкы туризмге көңүл буруу, мамлекеттик жана жеке уюмдарды менен биргеликте, ар кандай

кызыкдар тараптардын ортосунда тажрыйба алмашуу жана кызматташуу үчүн платформа түзүү болуп саналат.

Фестивалдын программасына ар кандай кызыктуу иш-чаралар камтылды. Жергиликтүү аткаруучулардын концерттери ачык сахнада өтүп, көрүүчүлөр үчүн чыныгы майрамдык маанай түздү. Фестивал учурунда ар кандай улуттук оюндар боюнча мелдештер өттү, анда катышуучулар салттуу кыргыз оюндарындагы шамдагайлыктарын, күчүн жана чеберчиликтерин көрсөтүштү. Эң таасирдүү учурлардын бири каскадерлордун экстремалдык трюктарды жасоодогу чеберчилигин көрсөтүп, чоңдорду да, балдарды да көнүлүн бурду.

Бул иш-чара Ат-Башы районунда кышкы туризмди жайылтууда маанилүү этап гана болбостон, жергиликтүү коомчулук менен эл аралык өнөктөштөрдүн ортосундагы байланышты чыңдоого да жардам берди. Фестиваль ошондой эле аймактын туризм инфраструктурасына инвестицияларды тартуу, туризм жана меймандостукту өнүктүрүү, жумуш орундарын түзүү үчүн эң сонун мүмкүнчүлүк болду.

Брендинг – бул брендди түзүүдө, өнүктүрүү жана башкаруу процессин башкаруу. Ал продукт, кызмат, компания же аймак менен байланышкан уникалдуу имиджди, ассоциацияларды жана баалуулуктарды калыптандыруу менен байланыштуу. Бренд түзүү объектти атаандаштардан айырмалап, сапат, ишеним жана уникалдуулук менен байланышкан күчтүү жана позитивдүү керектөөчүлөрдүн кабылдоосун түзүүгө багытталган.

Мисал катары өз брендин өнүктүрүү үчүн кадамдарды жасап жаткан Базар-Коргон районун келтирсек болот. Район өзүнүн бай маданий мурасын, жаратылыш ресурстарын жана туристтик мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү менен өзүнүн уникалдуулугун баса белгилөөгө умтулат. Райондук брендди өнүктүрүү туристтердин, инвесторлордун жана жергиликтүү тургундардын көңүлүн бурууга багытталган. Бул райондун оң имиджин түзүүгө, анын таанылышын жакшыртууга, инфраструктура жана жергиликтүү экономикалык өнүгүү үчүн кошумча ресурстарды тартууга жардам берет. Райондук бренд анын табигый кооздугун, тарыхый эстеликтерин жана маданий өзгөчөлүктөрүн жайылтат, бул өз кезегинде аймакта туризмди жана бизнести өнүктүрүүгө чоң түрткү берет.

## 130. ИРРИГАЦИЯЛЫК ТҮЙҮНДӨРДҮ (СУГАТ СУУ ТАРМАГЫ) БАШКАРУУДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН РОЛУ КАНДАЙ?

Сугат суу тармагын башкарууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролу бир нече багыттарды камтыйт.

Биринчиден, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү сугат системаларын пландаштырууга жана өнүктүрүүгө катышат. Алар бул системаларды курууга, оңдоого жана модернизациялоого көзөмөл жүргүзүшөт.

Экинчиден, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары сугат суу ресурстарын бөлүштүрүүдө жана пайдаланууда маанилүү ролду ойношот. Алар сугат сууну калыс бөлүштүрүү үчүн эрежелерди жана графиктерди иштеп чыгышат жана суу колдонуучулардын ортосундагы чыр-чатактарды чечүүгө көмөктөшөт.

Үчүнчүдөн, алар сугат суу инфраструктурасын тейлөөнү жана оңдоону уюштурушат. Бул системалардын үзгүлтүксүз жана натыйжалуу иштешин камсыз кылуу үчүн зарыл.

## 131. "ЭКОНОМИКАЛЫК АДИСТЕШТИРҮҮ" ДЕГЕН ЭМНЕ?

Экономикалык адистештирүү – бул белгилүү бир аймактын же шаардын экономикасынын негизги багыты, башкача айтканда, аймакта кайсы тармактар же өндүрүш багыттары башка аймактарга караганда көбүрөөк өнүккөн. Мисалы, бир аймак айыл чарбасына, экинчиси туризмге, ал эми үчүнчүсү өндүрүшкө адистешиши мүмкүн. Экономикалык адистешүүнү аныктоодо төмөнкү ыкмаларды колдонсо болот.

- **Жергиликтүү экономиканын структурасын талдоо:** аймактагы ишканалардын түрлөрүн, алардын санын, кызматкерлеринин санын жана өндүрүш көлөмүн изилдөө. Негизги басымдүү бөлүк ээлеген тармактарды аныктоо.
- **Жумуш менен камсыз болуу структурасын талдоо:** аймактагы жумушчулардын көпчүлүгү кайсы тармактарда иштээрин аныктоо. Эң көп жумуш орундарын түзгөн тармактарды аныктоо.
- **Продукциялардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортун талдоо:** аймактан тышкары сатылган товарларды жана кызмат

көрсөтүүлөрдү изилдөө. Негизги экспорттук багыттарды аныктоо.

- **Салыштырмалуу артыкчылыктарды талдоо:** кайсы тармактардын белгилүү бир аймакта башка аймактарга салыштырмалуу өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк экенин аныктоо. Бул ар бир тармак үчүн өндүрүш чыгымдарын, ресурстарды жана башка факторлорду салыштырууну талап кылат.

**Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнө экономикалык адистештирүүнүн мисалы**

Баткен облусунун Кадамжай районунун экономикалык адистешүүсүнө мөмө-жемиш өсүмдүктөрү үчүн жагымдуу климаттык шарттардан улам малина жана кулпунай өстүрүү кирет. Көптөгөн үй чарбалары бул өсүмдүктөрдү бакчаларында өстүрүшөт. Эң сонун даамы жана товардык көрүнүшү менен белгилүү болгон жергиликтүү малина акыркы жылдары популярдуулукка ээ болуп, "Кадамжай малинасы" деген наамга ээ болду. Жакынкы жылдары дыйкандар күнөсканаларда европалык сортторду колдонуп кулпунай өстүрө башташты, бул эрте түшүм алууга мүмкүндүк берет. Райондо Орусияга, Казакстанга жана Өзбекстанга экспорттоого багытталган мөмө-жемиштерди тоңдуруучу жайлар да түзүлдү.

Дыйкандар Полка, Пригородный жана Голландия сыяктуу түшүмдүү малина сортторуна өтүп, айдоо аянттарын көбөйтүп жатышат. Мөмө-жемиштерге болгон суроо-талаптын жогорулашы жана баалардын жогорулашы экономикалык көрсөткүчтөрдүн жакшырышына өбөлгө түздү, ал эми малинанын баасы акыркы жылдары бир топ жогорулады. Кулпунай өстүрүү да өнүгүп жатат жана акыркы бир нече жылда айдоо аянттары көбөйдү. Региондо тоңдуруучу цехтердин түзүлүшү мөмө-жемиштерге болгон кызыгуунун жогорулашына жана коңшу рыноктордо позициянын бекемделишине да өбөлгө түздү.

Бул тармактагы негизги катышуучулар - мөмө-жемиш өстүрүү аянттарын кеңейтип жаткан чакан дыйкандар.

2024-жылы Кыргызстан 15 000 тоннадан ашык мөмө-жемиш экспорттогон, алардын негизги рыноктору Россия, Казакстан жана Өзбекстан.

Баасы жана кирешелүүлүгү боюнча малина өстүрүүнүн баасы гектарына орточо эсеп менен 3526 долларды түзөт. Бул чыгымдарга өсүмдүктөрдү коргоо, талаа иштери, таңгактоо жана логистика кирет. Бир гектардан 4000 кг түшүм жана бир килограммга орточо сатуу баасы 150 сом болгондо, киреше болжол менен 6897 долларды түзөт. Экспорттук суроо-талаптын туруктуулугуна жана малинанын жогорку түшүмдүү сортторун колдонуунун аркасында эки түшүм алуу мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу кирешелүүлүк 96%ды түзөт.

Кадамжай району жагымдуу климатынын, экспорттук каналдарынын жана өсүп жаткан суроо-талаптын аркасында мөмө-жемиш бизнесин өнүктүрүү үчүн жогорку потенциалга ээ. Кошумча нарк чынжырчасынын (КНЧ) туруктуу өнүгүшү үчүн айыл чарба технологияларын өркүндөтүү, сертификацияланган көчөт өндүрүшүн түзүү, дыйкандарды окутуу, кайра иштетүүнү модернизациялоо, каржылоого жетүүнү камсыз кылуу жана мөмө-жемиш рыногун расмийлештирүү зарыл.

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТ ЖӨНҮНДӨ

### 132. БЮДЖЕТТИК ПРОЦЕССТЕ ДЕПУТАТТАРДЫН РОЛУ КАНДАЙ?

Аныктамага ылайык, жергиликтүү бюджет – түзүлүшүн, бекитилишин жана аткарылышын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жүзөгө ашыруучу, айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети.

Депутаттардын бюджеттик процесстеги негизги ролу – айыл өкмөтү же мэрия даярдаган бюджеттин долбоорун бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту кабыл алуу. Жергиликтүү кеңеш чечимдерди кабыл алууда коллегиалдуулук принциби боюнча иштейт. Мисалы, бюджет маселелери боюнча чечим шайланган депутаттардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Жергиликтүү кеңештин депутаттары ошондой эле бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө процессине катышуулары тийиш. Жергиликтүү кеңештин депутаттары бюджеттик саясатты түзүшөт, б. а. колдонуудагы мыйзамдардын алкактарында эрежелерди аныкташат, алар боюнча жергиликтүү бюджет түзүлөт жана аткарылат. Мисалы, депутаттар аткаруучу органдан бюджеттик каражаттардын чыгымдалышынын натыйжалуулугун көрсөтүүнү талап кыла алышат.

Депутат, “Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамга ылайык төмөнкүлөргө укуктуу:

- жергиликтүү кеңештин сессиясын даярдоодо күн тартибине бюджет маселесин киргизүүгө;
- бюджеттик маселе боюнча чечимдин же токтомдун долбоорун сунуштоого;
- бюджеттик маселелер боюнча аткаруучу органдын отчетун талап кылууга;
- шайлоочулардын кайрылууларын жарыялоо боюнча сунуштарды киргизүүгө.

## 133. ДЕПУТАТТАР КАНТИП БЮДЖЕТТИН КИРЕШЕ БӨЛҮГҮНҮН КӨБӨЙҮШҮНӨ ТААСИР ТИЙГИЗЕ АЛЫШАТ?

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун көрсөтүүдө жергиликтүү кеңештин депутаттары айыл өкмөтүнөн же мэриядан кирешелердин булактарын кеңири негиздөөнү (акчалар кайдан келерин), кирешелердин келип түшүү болжолдорун (жергиликтүү бюджет канча алат), алдыдагы өткөн жыл үчүн киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоону (өткөн жылы эмнеге жана канча корогонун) талап кылуулары керек. Депутаттар айыл өкмөтүнө салык калдыктары боюнча, жергиликтүү бюджеттин карызкорлору пайда боло баштагандыгы, мисалы, салыктарды өз убагында төлөшпөгөндөрдүн көйгөйлөрүн чечүүдө жардам бере алышат. Депутаттар өздөрү тараптан жергиликтүү бюджеттин каражаттары кайда багытталары жана бул иштин калк үчүн маанилүүлүгү жөнүндө маалыматтарды ачуу менен калк арасында салыктарды төлөөнүн зарылдыгын түшүндүрүү жумуштарын жүргүзө алышат.

Бюджетти сапаттуу пландаштыруу үчүн кирешелердин божомолдорунун эсебин жүргүзүү зарыл. Бул эсептөөлөр экономикалык көрсөткүчтөргө таянат (мисалы, бизнес-объекттердин саны, киреше салыктарын төлөөчүлөрдүн саны жана башкалар).

Жергиликтүү бюджеттин көлөмү көп жагынан жергиликтүү экономиканын абалына көз каранды болорун эсте тутуу маанилүү, ошондуктан депутаттар жергиликтүү экономикалык өнүгүү үчүн

шарттарды түзүүгө багытталган программаларды иштеп чыгуулары жана кабыл алуулары керек.

## 134. ДЕПУТАТТАР КАНТИП ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫ ТАРТУУГА ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЭКОНОМИКАНЫН ӨНҮГҮШҮНӨ ШАРТ ТҮЗӨ АЛЫШАТ?

Жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу милдети жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, анын ичинде жергиликтүү кеңештердин депутаттары чечүүсү тийиш болгон артыкчылыктуу маселелердин бири болуп саналат. Жергиликтүү бюджеттердин иштеп жаткан киреше базасы жергиликтүү экономиканын абалына көз каранды болот. Жеке ишкердик объекттер, жумушчу орундар канчалык көп түзүлсө жергиликтүү бюджетке ошончолук көп салыктар келип түшөт. Мисалы, киреше салыгынын 90% түздөн-түз жумушчу орундарынын санына жана кызматкерлердин айлык маяналарынын деңгээлине жараша болот.

Депутаттар жер салыгынын чөлкөмдүк коэффицентинин мааниси боюнча 0,3төн 1,2ге чейин деп чечим кабыл алуу менен, айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы боюнча келип түшүүлөрдүн гана көлөмүн жөндөбөстөн, бизнес үчүн инвестициялык жагымдуулукту дагы аныктайт. Мындан тышкары, жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү өз ыктыярдуу жана милдеттүү патенттөөдөн, 2-жана 3-топтогу (коммерциялык кыймылсыз мүлк) мүлк салыгынан, жер казынасына салыктан (роялти) кирешелерге түздөн-түз таасирин тийгизет.

Бизнестин өнүгүүсүнө өбөлгө түзүү менен, жергиликтүү кеңештин депутаттары ишкерлер үчүн жер, имараттар жана курулмалар, автоунаа, жабдуулар ж. б. түрүндөгү муниципалдык менчиктин объекттерин пайдалануунун ачык-айкын, түшүнүктүү эрежелерин түзүү менен, муниципалдык менчикти башкаруу боюнча стратегияны же программаны кабыл алышат.

Мындан тышкары, айыл жеринде жайыттар жана айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун (АЖМФ) жерлери түрүндөгү жер ресурстарын башкаруу боюнча саясат чоң мааниге ээ. Бул жерлерди

бөлүштүрүү эрежелерин аныктоого жергиликтүү кеңештин депутаттары түздөн-түз катышышат, мисалы, АЖМФ жерлерин ижарага берүү боюнча конкурстук комиссиянын мүчөлөрү же жайыт билеттерин бөлүштүрүүдө жана жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымдын өлчөмүн аныктоо жана бекитүү жолдору менен.

ЖӨБ органдары экономикалык ишке түздөн-түз катышкан кырдаалдарда жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ролу өзгөчө маанилүү. Жергиликтүү кеңештин депутаттары аткаруу органдары менен бирдикте акционердик коомдорду, өкмөттүк эмес уюмдарды түзгөн учурларда же мыйзамдардын талаптарына ылайык аларга белгилүү ыйгарым укуктарды өткөрүп бергенде, алар менен келишимдик мамилелерге кирүүдө бизнес менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара аракеттенишүүлөрүнүн формалары жөнүндө чечим кабыл алышат. Жергиликтүү кеңештин депутаттары өз чечими менен зарыл болгон учурда муниципалдык мүлктү пайдалануу укугун бекемдешет.

Көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана натыйжалуулугун жакшыртуу, ошондой эле жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү максаттарында, жергиликтүү кеңештин депутаттары конкурстук негизде коммерциялык эмес же бизнес-уюмдар үчүн муниципалдык тапшырыкты түзүү жөнүндө чечим кабыл ала алышат.

## 135. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТКЕ АКЧА КАРАЖАТТАРЫ КАЙДАН КЕЛИП ТҮШӨТ?

Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери төмөнкү булактардан турат:

1. Салык кирешелери – жергиликтүү салыктар, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөр, анын ичинде атайын салыктык режимдер (патенттерди кошуп алганда). Салыктык кирешелер жеке менчик компаниялар, ишкерлер, фермерлер, бириккен дыйканчылык чарбалары, өкмөттүк эмес уюмдар сыяктуу салык төлөөчүлөрдөн, б.а. муниципалитеттин

аймагында кандайдыр бир ишти жүзөгө ашырып жаткандардын барынан келип түшөт.

2. Салыктык эмес кирешелер – бул жергиликтүү бюджетке жыйымдар, төлөмдөр, кирешелер жана санкциялар түрүндө келип түшкөн кирешелер. Жергиликтүү бюджеттерге келип түшүүчү салыктык эмес кирешелерге төмөнкүлөр кирет:
   - муниципалитеттик мүлктү башкаруудан жана тескөөдөн кирешелер;
   - жерлерди, анын ичинде Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдалануу укугунан алынуучу, жер үчүн ижара төлөмдөрү;
   - мамлекеттик алымдар;
   - жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген реестрге ылайык алар тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар жана аткарылган иштер үчүн муниципалдык мекемелердин кирешелери;
   - “Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө” Мыйзамда каралган башка салыктык эмес кирешелер.

Салыктык эмес кирешелер муниципалдык мүлктүн ижарачыларынан, АЖМФ жерлеринин ижарачыларынан, калкка кызматтарды көрсөткөн муниципалдык мекемелерден келип түшөт.

3. Трансферттер – бул белгилүү максаттарга же максаттуу байламтасы жок эле республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке берилген каражаттар. Трансферттер көптөгөн жергиликтүү бюджеттердин негизги булагы болуп саналат.

Азыркы учурда трансферттердин негизги 3 түрү бар: теңдөөчү, кызыктыруучу (дем берүүчү) гранттар жана жогору турган деңгээлден төмөнкү деңгээлге берилүүчү каражаттар. Азыркы учурда трансферттер түздөн-түз жергиликтүү бюджеттерге келип түшүүдө.

## 136. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕН КАРЖЫЛАНУУЧУ ТАРМАКТАРДЫН ТИЗМЕГИ БАРБЫ? БЮДЖЕТТИК КАРАЖАТТАРДЫ ЧЫГЫМДООНУН АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫН КИМ АНЫКТАЙТ?

Жергиликтүү бюджеттин чыгымдар бөлүгүн түзүүнүн тартибин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы өзү аныктайт. Кыргыз Республикасындагы Бюджеттик кодекси жана "Республикалык бюджет жөнүндө" Мыйзамдар биринчи кезекте корголгон статьяларды (айлык маяна, Социалдык фондго жана салыктык чегерүүлөрдү, тамак-аш, мектеп жана мектеп жашына чейинки мекемелердин дары-дармектери, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр) каржылоону гана сунуштайт.

Корголгон статьяларды жапкандан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары артыкчылыктуу иш-чараларды каржылай алышат.

Чыгымдоолордун артыкчылыктуулугу айылдык аймактын же шаардын планына же өнүгүү стратегиясына байланыштуу болот. Башкача айтканда, өнүгүү планын кабыл алган жергиликтүү кеңештин депутаттары жергиликтүү бюджеттин артыкчылыктуу чыгымдоолорун да аныктайт.

Чыгымдоолордун тизмеги «Бюджеттик классификация» документинде аныкталат, анда чыгымдоолордун көптөгөн түрлөрү бар, алардын ар бири өзгөчө код менен белгиленген. Бюджеттик классификация ЖӨБ органдарына бюджетке кандай болбосун чыгымдоолорду киргизүүгө мүмкүнчүлүк берет. ЖӨБ органдарынын бюджеттик классификацияны өзгөртүү жана коддорду кошумчалоо боюнча негиздеме менен КР Экономика жана коммерция министрлигине кайрылууга укуктары бар.

## 137. ДЕПУТАТ КАНДАЙ САЛЫКТАРГА ТААСИР ТИЙГИЗЕ АЛАТ?

Депутаттар Салык кодексинде аныкталган тизмектен жергиликтүү салыктарды киргизе алышат.

Ошондой эле Салык кодексинин алкактарында (412 берене) депутаттар муниципалитеттин аймагында жашаган салык төлөөчүлөр

үчүн жеңилдиктерди белгилей алышат. Мисалы, жергиликтүү кеңештер жеңип өтүүгө болбос жагдайлардын кесепетинен жер пайдалануучу материалдык зыян тарткан учурларда, 3 жылдык мөөнөткө чейин айыл чарба багытындагы жерлерге жер салыгынан толук же жарым-жартылай бошотуу укугун бере алышат. Өкүнүчтүүсү, ушул убакка чейин Кыргыз Республикасын Министирлер кабинети бул ченемди колдонуунун тартибин аныктай элек, ошондуктан иш жүзүндө мындай мисалдар дээрлик жок.

Мындан тышкары, жергиликтүү кеңештер төмөнкүлөргө укуктуу:

1) салык төлөөчү жеңип өтүүгө болбос жагдайлардын келип чыгуусунун кесепетинен материалдык зыян тарткан учурларда, 3 жылдык мөөнөткө чейин мүлк салыгынан толук же жарым-жартылай бошотууга. Бирок жер салыгынан бошотуу учурундагыдай эле КР Өкмөтү бул ченемди колдонуунун тартибин аныктай элек;
2) өндүрүштүн жана\же чыгарылып жаткан продукцияны кайра иштетүүнүн көлөмүн жылына 30,0 миллион сомдон кемитпөөнү камсыз кылган шартта, өндүрүш жана\же продукцияны кайра иштетүү ишин жүзөгө ашыруучу жаңыдан түзүлгөн уюм үчүн 5 жылдык мөөнөткө чейин мүлк салыгын төлөөдөн бошотууга. Бул ченем жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүгө каражат салып жаткан инвесторлорго колдоо көрсөтүүгө багытталган.

Депутаттар өздөрүнүн жеке салык саясатын кабыл алууга жана бекитүүгө мүмкүнчүлүгү бар, анын ичинде Салык кодексине кийинки түзөтүүлөрдүн негизинде жергиликтүү бюджетке келип түшүүчү салыктардын айрым түрлөрүн администрлөө боюнча да укугу бар. Бул жер салыгына жана мүлк салыгына, ошондой эле өз ыктыярдуу жана милдеттүү патенттөө негизиндеги салыктарга да тийиштүү.

## 138. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН КИРЕШЕ БУЛАКТАРЫ КАЙСЫЛАР?

Жергиликтүү бюджеттин киреше булактары – бул айыл аймактын жана шаарлардын бюджеттерин түзгөн каражаттар. Негизги булактар –

бул салыктык кирешелери, мисалы мүлк жана жер салыктары, ошондой эле жалпы мамлекеттик салыктардын бир бөлүгү (киреше салыгы, жер казынасын пайдалануу салыгы жана патенттин негизинде салыгы). Бул каражаттар муниципалитеттин аймагында чогултулуп, түз эле жергиликтүү бюджетке түшөт.

Салыктык эмес кирешелер да маанилүү ролду ойнойт – булар калкка акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүдөн, муниципалдык мүлктү ижарага берүүдөн, айып пулдарды, жыйымдар жана башка жергиликтүү салыктарды төлөөдөн алынган каражаттар.

Жергиликтүү бюджеттин олуттуу бөлүгү республикалык бюджеттен түшөт. Булар региондордун ортосундагы финансылык мүмкүнчүлүктөрдү теңдөө же белгилүү бир программаларды жана долбоорлорду ишке ашыруу үчүн бөлүнгөн трансферттер.

Мындан тышкары, бюджетке башка кирешелер да түшүшү мүмкүн, мисалы, эл аралык донорлордун каражаттары, гранттар, кайрымдуулук жардамдары, инвестициялар жана башкалар.

Бул булактардын туруктуулугу жана көлөмү жергиликтүү бюджеттин өз функцияларын аткаруу жана аймактын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнө түздөн-түз таасир этет.

## 139. БЮДЖЕТТИК БОЛЖОЛДООГО КИМ КАТЫШАТ?

Бюджеттик болжолдоого жергиликтүү жана улуттук деңгээлдердеги ар кандай катышуучулар тартылат.

Негизги ролду жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы – айыл өкмөтү же мэрия ойнойт. Алар учурдагы кырдаал боюнча маалымат чогултушат, кирешелерди жана чыгашаларды эсептешет жана ошонун негизинде үч же беш жылга бюджеттик болжолдоону иштеп чыгышат. Негизги эсептөөлөрдү каржы бөлүмдөр жана башкармалыктар жүргүзөт.

Жергиликтүү кеңештин депутаттары да маанилүү ролду ойношот. Алар бюджеттик болжолдоону  карап чыгып, бекитишет жана өзгөртүүлөр менен артыкчылыктуу багыттарды сунуштай алышат.

Жергиликтүү кызматтар жана мекемелер (мектептер, медициналык мекемелер, коммуналдык кызматтар ж.б.) өздөрүнүн муктаждыктары, чыгымдары жана келечектеги пландары жөнүндө маалымат беришет.

Андан тышкары, жарандар жана жергиликтүү жамааттар бюджеттик параметрлерди аныктоо процессине СЭӨПтүн жумушчу тобуна жана коомдук угууларга катышуу менен бюджетти бөлүштүрүү же артыкчылыктуу багыттар боюнча сунуштарын киргизе алышат.

Улуттук деңгээлде финансы министрлиги жана башка мамлекеттик органдар да бюджеттик болжолдоого таасир этет, айрыкча трансферттер, салык саясаты же республикалык бюджеттен каржыланган ири долбоорлорго келгенде.

## 140. СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТ МЕНЕН КАНТИП БАЙЛАНЫШТЫРСА БОЛОТ?

Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы (СЭӨП) реалдуу болушу керек жана жеткиликтүү ресурстарга негизделиши керек. Биринчи кезекте СЭӨП жергиликтүү бюджет менен тыгыз байланышта болушу керек. СЭӨПтү иштеп чыгуу методологиясынын 8-бөлүмү "Жергиликтүү бюджеттин божомолу" деп аталат жана СЭӨПтү иштеп чыгуу процессинин маанилүү бөлүгү болуп саналат.

СЭӨПтүн алкагында пландаштырылган бардык иш-чаралар жана долбоорлор жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүнүн негизинде аныкталат. Башкача айтканда, СЭӨПтүн артыкчылыктуу багыттарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон каражаттар алдын ала эсептелинип чыгат жана бул багыттарды жергиликтүү бюджетен каржылоо мүмкүнчүлүгү каралат.

Жергиликтүү бюджеттин божомолун даярдоодо келе жаткан жылдар үчүн күтүлүп жаткан кирешелер (салыктар, жыйымдар ж.б.) жана чыгымдар ("корголгон беренелер", жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү, инфраструктураны өнүктүрүү жана тейлөө ж.б.) болжолдонот. СЭӨПтүн бардык негизги иш-чараларынын наркы аныкталат жана аларды каржылоо булактары көрсөтүлөт (7-тиркеме.

Бюджеттин 2-формасы). Эгерде жергиликтүү бюджет программага кирген бардык иш-чараларды толук каржылай албаса, анда башка каржылоо булактары (мисалы, гранттар, инвесторлор, демөөрчүлөр) каралат.

Ошондуктан, СЭӨП жергиликтүү бюджеттин чыныгы мүмкүнчүлүктөрүнө негизделиши керек, ошондо гана программаны ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн шарттар түзүлөт. Бюджеттин божомолу программанын ар бир бөлүгүндө пландаштырылган иш-чараларды каржылоо булактарын жана көлөмүн аныктоого жардам берет.

"Санарип аймак" системасынын "Пландаштыруунун комплекстүү система" модулунда толтуруу үчүн бюджеттик формалар камтылган. СЭӨПтү иштеп чыгуу методологиясынын 6-тиркемесиндеги "Бюджеттин 1-формасы" ЖӨБ аткаруу органдары менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин райондук бөлүмдөрүнүн ортосундагы байланыш үчүн колдонулган стандарттуу бюджеттик формаларга туура келет. Бул Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 88-беренесинин талаптарынын сакталышын камсыз кылат.

## 141. ЭГЕР ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН КАРАЖАТТАРЫ КОРГОЛГОН БЕРЕНЕЛЕРГЕ ГАНА ЖЕТСЕ, ӨНҮКТҮРҮҮ ЧАРАЛАРЫН КАРЖЫЛООНУ КАНТИП ПЛАНДОО КЕРЕК?

Эгерде жергиликтүү бюджетте "корголгон беренелерге" гана каражат жетиштүү болуп, өнүктүрүү чараларына каражат жетишсиз болсо, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын (СЭӨП) пландаштырууда бир нече маанилүү кадамдарды эске алуу керек:

1. **Артыкчылыктарды аныктоо:** Каржылык ресурстар чектелүү болгондуктан, эң артыкчылыктуу жана кечиктирилгис маселелерин аныктоо зарыл. Бул калктын муктаждыктарын жана аймактын өзгөчөлүктөрүн кылдат талдоону талап кылат.
2. **Кошумча каржылоо булактарын издөө:** Жергиликтүү бюджеттен тышкары башка каржылоо булактардан карап чыгуу керек. Мисалы республикалык бюджеттен кошумча трансферттер (дем берүүчү гранттар), райондук жана аймактык

өнүктүрүү фонддорунан долбоорлорду каржылоо, эл аралык донордук долбоорлорго катышуу, жеке инвесторлорду тартуу же мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун ишке ашыруу болушу мүмкүн.

3. **Арзан жана натыйжалуу долбоорлорду пландаштыруу:** Каражаттын тартыштыгы шартында, аз ресурстарды талап кылган, бирок жогорку социалдык жана экономикалык натыйжага ээ болгон долбоорлорго басым жасалышы керек. Мисалы, кичи долбоорлорду жергиликтүү ресурстарды пайдалануу, ыктыярчыларды тартуу же инновациялык ыкмаларды колдонуу менен ишке ашырууга болот.
4. **Этап менен пландаштыруу:** Бардык өнүгүү максаттарына бир эле учурда жетүү мүмкүн болбогондуктан, программаны этап-этабы менен пландаштыруу зарыл. Биринчи этапта каржылоо булактары аныкталган эң маанилүү долбоорлор ишке ашырылышы мүмкүн, андан кийинки этаптарда башка максаттарды чечүүгө болот.
5. **Коомчулуктун жана бизнестин катышуусун күчөтүү:** Жергиликтүү калкты жана бизнес коомчулугун өнүктүрүү долбоорлорун ишке ашырууга активдүү катыштыруу өтө маанилүү. Алардын мүмкүнчүлүктөрүн жана ресурстарын пайдалануу менен көптөгөн маселелерди чечүүгө болот.

Ошентип, СЭӨП реалдуу каржылык мүмкүнчүлүктөргө негизделип, кошумча каржылоо булактарын табууга жана натыйжалуу долбоорлорду ишке ашырууга багытталышы керек.

## 142. ДЕПУТАТТАР ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН ЧЫГЫМДАРЫН ТЕКШЕРЕ АЛЫШАБЫ?

Депутаттардын баштапкы бухгалтердик документтерди текшерүүгө укуктары “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамда жергиликтүү бюджеттин чыгымдоолорун көзөмөлдөө боюнча жергиликтүү кеңешке ыйгарым укук берилген өзүнчө ченем жок.

Мындай укук текшерүүчү органдарда гана бар. Бирок депутаттардын бюджеттик чыгымдоолор менен тыгыз байланышкан социалдык-экономикалык өнүгүү пландарынын жана программаларынын аткарылышын көзөмөлдөөгө укуктары бар. Ошондой эле депутаттардын жергиликтүү кеңештин чечимдеринин аткарылышын, анын ичинде бюджет боюнча чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырууга укуктары бар.

Жергиликтүү кеңеш бюджеттик процесстин мониторингин жүргүзүү, натыйжалуулугун көзөмөлдөө жана баа берүү боюнча өзүнчө чечим кабыл алууга укуктуу.

Мындан тышкары, жергиликтүү кеңештин депутаттары аткаруу органынын ишин текшерүүнү демилгелөө үчүн КР Эсептөө палатасына же башка фискалдык органдарга кайрыла алышат. Бул учурда мындай суроо-талаптар финансылык бузууларды эле табууга багытталбастан, ошондой эле андай бузуулардын алдын алуу боюнча профилактикалык чаралар катары демилгеленүүсү мүмкүн.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын суроо-талаптары боюнча текшерүүчү органдар аларды текшерүүнүн натыйжалары менен тааныштырууга милдеттүү.

## 143. ДЕПУТАТ ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН КАРАЖАТЫНА ТОВАРЛАРДЫ ЖАНА КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ САТЫП АЛУУГА КАНТИП КАТЫШАТ?

Мыйзамдарда жергиликтүү кеңештин депутаттарын сатып алуу процессине тартуу жөнүндө талаптар камтылган эмес. Бирок жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү бюджеттин каражаттарына товарларды жана жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу процессине конкурстук комиссиянын мүчөсү катары катыша алат, анткени “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамынын 9-беренеси жергиликтүү кеңештин депутаттарынын сатып алуу жол-жоболоруна катышууларына тыюу салбайт.

Иш жүзүндө көпчүлүк учурларда бюджет, экономика жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиянын курамында

турган жергиликтүү кеңештин депутаттары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысынын тескемеси менен тендердик комиссиялардын курамына кошулушат.

Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тендердик комиссиялардын иштерине катышуулары ЖӨБ өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдарынын ортосундагы өнөктөштүктү жана бири-бирине ишенүүчүлүк мамилени көрсөтөт. Жергиликтүү кеңештин депутаты белгилүү чөйрөдөгү кесипкөй тажрыйбага ээ адис болуу менен, Тендердик комиссиянын ишине чоң пайда келтириши мүмкүн. Бир эле убакта жергиликтүү бюджеттин каражаттарына сатып алуулар жол-жоболору боюнча ЖӨБ аткаруучу органдарынын ишинин ачык-айкындуулугун, тунуктугун камсыз кылат.

## 144. БИЗДИН ШААРДА УНАА ТОКТОТУУЧУ ЖАЙЛАР ҮЧҮН ТӨЛӨМДӨРДҮ КАЙСЫ ОРГАН БЕКИТЕТ? КАЙСЫ МЫЙЗАМГА ТАЯНСАК БОЛОТ?

Унаа токтотуучу жайлар үчүн төлөмдөрдү бекитүү түздөн-түз жергиликтүү кеңештин компетенциясына кирет. Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексине 68-беренесинде унаа токтотуучу жайлар үчүн жыйымдар боюнча төмөнкүдөй тартип так жазылган:

- Ыйгарым укук: Унаа токтотуучу жайлар үчүн жыйымдарды киргизүү, анын ставкаларын (баасын) белгилөө жана төлөө тартибин аныктоо укугу жергиликтүү кеңештерге берилген. Бул багытта сунушту шаар мэриясы берет.
- Төлөмдүн өлчөмү: Жергиликтүү кеңештин депутаттары, шаардын шартына жараша (борбордук көчөлөр же чет жакалар) төлөмдүн көлөмүн өзүңүздөр чечесиздер.
- Төлөөчүлөр: Бул жыйымды атайын бөлүнгөн жерлерде унаасын токтоткон жеке жана юридикалык жактар төлөшөт.

Ошондой эле, мындай жыйымдардан түшкөн каражаттар толугу менен жергиликтүү бюджетке түшөт. Бул акчаны кийин шаардын жолдорун оңдоого же башка социалдык муктаждыктарга жумшаса болот.

## 145. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН КИРЕШЕЛЕРИНИН КЕЛИП ТҮШҮҮСҮН ТЕКШЕРҮҮГӨ УКУГУ БАРБЫ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты депутаттык суроо-талаптын алкактарында кандай болбосун маалыматты, анын ичинде жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин келип түшүүлөрү (Мамлекеттик салык кызматынан жана Казыначылыктын аймактык бөлүмүнөн) боюнча маалыматтарды алууга укугу бар.

Мындан тышкары, азыркы убакта www.okmot.kg сайтында («ИС разделы: портал «Ачык бюджет») реалдуу убакыт тартибинде кирешелердин түрлөрүнүн катышында жана түздөн-түз салык төлөөчүлөр боюнча келип түшүүлөрдү көрүп туруугa болот.

## 146. БЮДЖЕТТИ ТАЛКУУЛООНУН УБАГЫНДА АЗЧЫЛЫКТЫН ПИКИРИН КАНТИП ЭСКЕ АЛУУГА БОЛОТ?

Жергиликтүү кеңеш жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен, ал эми айрым маселелер боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин добуштары менен чечим кабыл алат. (“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР Мыйзамы 34-берене). Бюджетти көпчүлүк бекитет.

Бирок жергиликтүү кеңештин депутаттарынын азчылыгы да өздөрүн угузуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Алып айтканда, жергиликтүү бюджет маселелери боюнча депутаттардын азчылыгынын пикири, эгерде ал жүйөлүү жана негизделген болсо, эгерде, азчылыктын пикири аны жергиликтүү кеңеште кабыл алганга чейин жергиликтүү бюджеттин долбоорун талкуулоо убагында калк тарабынан колдоого алынса, көпчүлүктүн көңүлүнө алынышы мүмкүн.

Депутаттардын азчылыгынын пикири ошондой эле бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиянын жыйналыштарында уктурулушу мүмкүн. Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү макул болгон учурда, азчылыктын пикири туруктуу комиссиянын корутундусуна

кошулат, андан кийин ал жергиликтүү кеңештин сессиясында талкууланат. Бирок азчылыктын сунуштары жүйөлөнгөн, реалдуу, негизделген жана жергиликтүү маанидеги олуттуу маселелерди чечүүгө багытталган болушу керек, ушул учурда алар жергиликтүү кеңештин көпчүлүгү тарабынан колдоого алынат.

Айылдык кеңештин депутаттарынан айырмалуу шаардык кеңештин депутаттары депутаттык фракцияларга же фракциялардын коалициясына биригишет. Мында шаардык кеңеште депутаттык мандаттардын жарымынан көбүнө ээ болгон фракция же фракциялардын коалициясы көпчүлүк болуп саналат. Көпчүлүктүн курамына кирбеген фракция же фракциялар азчылык деп эсептелет. Бул учурда фракциялардын же фракцияларынын коалициясынын азчылыгына бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссия берилет. (“ЖӨБ жөнүндө” КР Мыйзамы 21-бер. 5-б.). Шаардык кеңештеги депутаттардын азчылыгы бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссияны жетектөөгө укуктуу, бул бюджеттик маселелерди кароодо артыкчылык болуп саналат.

## 147. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЭЛДИН ҮНҮН УГУУ ЖАНА АЛАР МЕНЕН ТЫГЫЗ БАЙЛАНЫШТЫ ТҮЗҮҮ МАКСАТЫНДА ЧОГУЛУШТАРДЫ, ЭЛДИК ЖЫЙЫНДАРДЫ ӨТКӨРҮҮГӨ АКЧА БӨЛҮНӨБҮ? ЭГЕР БӨЛҮНСӨ КАЙСЫ МЫЙЗАМГА ТАЯНЫП КАРАЖАТ БӨЛӨ АЛАБЫЗ?

Ооба, жергиликтүү эл менен тыгыз байланыш түзүү үчүн чогулуштарды жана жыйындарды өткөрүүгө бюджеттен акча бөлүүгө толук мүмкүнчүлүк бар. Бюджеттик кодекстин 52-беренесинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ар кандай формаларын, анын ичинде курултайларды, чогулуштарды жана жарандардын жыйындарын өткөрүүгө кетүүчү чыгашаларды каржылоо каралган. Мыйзам боюнча, мындай иш-чараларды каржылоо жергиликтүү жамааттардын уставдарына жана өлкөбүздүн мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт. Бул процессти ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй тартипте иш алып барсак болот:

- Жергиликтүү кеңештин чечими: Эң башкысы, бул чыгашалар жергиликтүү кеңештин токтомунун негизинде гана жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.
- Программаларды кабыл алуу: Бюджеттик кодекстин 78-беренесинин 1-пунктуна ылайык, жергиликтүү кеңеш социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын кабыл алат жана анын аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. Бул программанын алкагында эл менен байланышты күчөтүү иш-чараларын алдын ала пландап койсо болот.
- Коомдук угуулар: Ошондой эле, Бюджеттик кодекстин 78-беренесинин 6-пунктунда жергиликтүү кеңеш бюджеттин долбоорлору боюнча аткаруучу органдар менен биргеликте коомдук угууларды уюштурууга милдеттүү экени жазылган. Демек, бул максаттар үчүн каражат бөлүү мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Жыйынтыктап айтканда, эгерде жергиликтүү кеңеш эл менен жолугушууларды өткөрүүнү зарыл деп тапса, анда Бюджеттик кодекстин 52-беренесине таянып, токтом кабыл алуу менен жергиликтүү бюджеттен тиешелүү каражатты бөлө алат. Бул, эл алдындагы ачыктыкты жана жоопкерчиликти бекемдейт.

## 148. АЙЫЛ АЙМАККА КАРАШТУУ 3 АЙЫЛ БАР, ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕН КАРАЖАТТАРДЫ БӨЛҮШТҮРҮҮДӨ АЛ АЙЫЛДАРГА КАНДАЙ БӨЛҮНӨТ, КАЛКТЫН САНЫНА ЖАРАШАБЫ ЖЕ БААРЫНА БИРДЕЙ ТЕҢ БӨЛҮНӨБҮ?

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесине ылайык, жергиликтүү коомчулуктун социалдык-экономикалык өнүгүү программасы жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүү үчүн негиз болуп саналат.

Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы — бул жергиликтүү кеңеш тарабынан белгилүү бир мөөнөткө бекитилген, аймактарды жана жергиликтүү коомчулукту социалдык жана экономикалык өнүктүрүү боюнча чаралардын комплекстүү системасы.

Демек, жергиликтүү бюджеттин долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ЖӨБ) органдары тарабынан аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн бекитилген программасынын негизинде иштелип чыгат. Жергиликтүү бюджеттин каражаттарын бөлүштүрүү «айылдар боюнча» эмес, жергиликтүү коомчулуктун социалдык-экономикалык өнүгүү программасында жана аны ишке ашыруу пландарында белгиленген иш-чараларга ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

Бюджеттик кодекс жана башка мыйзамдар бюджетти калктын санына жараша же айылдык аймактагы айылдарга теңме-тең бөлүштүрүү боюнча ченемдерди карабайт. Бул бюджеттик мыйзамдардын талаптарын одоно бузуу болуп саналат. Ошондуктан, аймакты социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын долбоорун иштеп чыгууда бардык айылдардын муктаждыктарын эске алуу, айылдардын жана жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу көйгөйлөрүн изилдөө сунушталат. Жергиликтүү бюджеттин каражаттарын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы менен бекитилген иш-чаралар планына ылайык, калыс жана тен салмактуу бөлүштүрүү зарыл.

Муну менен катар, тийиштүү айылдык аймактын калкын социалдык коргоо программасында каралган иш-чараларды да эске алуу керек. Бул программа да жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы тарабынан иштелип чыгат жана жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет.

## 149. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИ КООМДУК УГУУГА ЧЫГАРБАЙ ТУРУП БЕКИТСЕ БОЛОБУ?

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 125, 126 жана 127-беренелерине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бюджеттин жана бюджеттик процесстин айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуусу керек.

Бюджеттин жана бюджеттик процесстин айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу төмөндөгү иш-чаралар менен камсыздалат:

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттерин аткаруу,

кезектеги бюджеттик жылга жана пландуу мезгилге бюджеттердин долбоорлорун түзүү маселелерин ачык талкуулоо максатында коомдук бюджеттик угууларды өткөрүүгө милдеттүү.

- Коомдук бюджеттик угууларга материалдар коомдук бюджеттик угууларды өткөргөнгө чейин 10 күн мурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий веб-сайтында жарыяланууга тийиш.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы коомдук бюджеттик угуулардын катышуучуларын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн (зарыл болгон учурда) каттоону, протокол жүргүзүүнү жана жыйынтыктоо документтерин жол-жоболоштурууну камсыз кылат.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы коомдук бюджеттик угуулардын жыйынтыктары боюнча коомдук бюджеттик угуулардын катышуучуларынан түшкөн сунуштарды жалпылайт, аларды кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечимдер жөнүндө аларга жоопторду жиберет.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүнүн маалымат такталарына, расмий сайттарына, социалдык баракчаларына жана башка коммуникация каражаттарына бекитилгенден (жактырылгандан) кийин 15 күндүн ичинде жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун жайгаштырууга милдеттүү.
- Бюджеттин долбоору, анан чинде бюджеттик параметрлер, белгилүү бир каржылык мезгилге карата артыкчылыктар жана чечимдер жөнүндө маалымат жарандарга түшүнүктүү жана жөнөкөйлөтүлгөн формада баяндоо максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандык бюджет даярдашат. Жарандык бюджет атайын билими жокторду кошуп алганда, жарандарга мамлекеттик каржылар жөнүндө маалымат алууга мүмкүндүк берет.

Демек, жергиликтүү бюджетти бекитүү алдында бюджетти элге алып чыгып, эл менен талкуулап, ачык-айкын коомдук угууну өткөрүү сөзсүз аткарылууга тийиш.

## 150. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН ЭСЕБИНЕН ФАПТЫН ЧАТЫРЫН АЛМАШТЫРУУГА ЖАНА «АКЫЛДУУ МЕШ» КОЮУГА МЫЙЗАМ ЖОЛ БЕРЕБИ?

“Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 3-беренесине ылайык муниципалдык менчикте төмөндөгү мүлктөр болушу мүмкүн: билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, спорт жана туризм объекттери.

Айылдын фельдшердик-акушердик пунктунун (ФАП) имараты муниципалдык менчик катарында эсепке алынып жана муниципалдык мүлктүн бирдиктүү реестринде каттоодо турса анда жергиликтүү бюджеттен анын чатырын алмаштыруу жана “акылдуу меш” орнотууга мыйзам жол берет.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 51 беренесине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелеринде саламаттык сактоо мекемелерин жана объекттерин күтүү жактары каралган.

## 151. АЙЫЛДАРДАГЫ МҮРЗӨЛӨРДҮН ТЕГЕРЕГИН КОРУУ ҮЧҮН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕН АКЧА БӨЛСӨ БОЛОБУ?

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 27-беренесине ылайык, көрүстөндөрдүн иштешин жана расымдык кызматтардын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу жергиликтүү маанидеги маселеле катарында каралган.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 51 беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелери биринчи кезекте Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарында белгиленген жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүсүнө жумшалат.

Демек, айылдардагы мүрзөлөрдүн тегерегин коруу (курчоо) үчүн жергиликтүү бюджеттен акча бөлүүгө мыйзам жол берет.

## 152. РЕЗЕРВДИК ФОНДГО КАРАЛГАН КАРАЖАТТАРДЫ АЙЫЛ ӨКМӨТ БАШЧЫСЫ КАЙСЫ БАГЫТКА ЖУМШАЙ АЛАТ ЖАНА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШКЕ РЕЗЕРВДИК ФОНД БОЮНЧА ОТЧЕТ БЕРИШИ КЕРЕКПИ?

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24 беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары учурдагы бюджеттик жылда кечиктирилгис каржылоону талап кылган күтүлбөгөн чыгашаларды каржылоо үчүн жергиликтүү бюджеттердин курамында резервдик фонд түзүгө мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Резерв жергиликтүү бюджетке өздүк кирешелерден учурдагы түшүүлөрдүн эсебинен түзүлөт.

Жергиликтүү бюджеттин резервдик фондунун өлчөмү тийиштүү жергиликтүү бюджеттин чыгымдарынын көлөмүнүн 2 пайызынан ашпашы керек.

Резервдик фонддордун каражаттарын төмөнкүлөргө пайдаланууга жол берилбейт:

1) шайлоо, референдум өткөрүүгө;
2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү кеңештердин жетекчилеринин ишин чагылдырууга;
3) муниципалдык кызматчылардын эмгегине акы төлөөгө жана аларга материалдык сыйакы берүүгө;
4) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин учурдагы материалдык-техникалык жана каржылык камсыз кылуу боюнча иш-чараларга.

Жергиликтүү бюджеттердин резервдик фонддорун пайдалануу жөнүндө маалыматтар айыл өкмөт башчынын кеңештин алдында берилүүчү отчетуна тиркелет жана аларды аткарылыш жөнүндө маалымат милдеттүү жарыяланууга жатат.

### 153. БЫЛТЫРКЫ ЖЫЛДЫН АЯГЫНДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТИБИЗДЕ ПЛАНДАН АШЫКЧА АКЧА КАЛЫПТЫР. БУЛ КАРАЖАТТЫ ЖАҢЫ ЖЫЛДЫН ПЛАНЫНА КИРГИЗИП ПАЙДАЛАНА АЛАБЫЗБЫ ЖЕ ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИ БУЛ АШЫК КАРАЖАТТЫ АЛЫП КЕТЕБИ?

Бюджеттеги ашыкча калган акчанын тагдыры боюнча Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде так жооптор жазылган.

Биринчиден, Финансы министрлиги же башка мамлекеттик органдар ал акчаны алып кете албайт. Бюджеттик кодекстин 44-беренесинин 4-бөлүгүндө: «Бюджеттик жылдын аягында түзүлгөн жергиликтүү бюджетти аткарууда алынган кошумча кирешелер, ошондой эле кирешелердин чыгашалардан ашып түшкөн суммалары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тескөөсүндө калат.» деп так белгиленген. Демек, бул каражат толугу менен сиздерде сакталат.

Экинчиден, бул акчаны жаңы жылдын планына киргизип, пайдалануу сиздердин түздөн-түз укугуңуздар. Ошол эле 44-берененин 4-бөлүгүндө: «Көрсөтүлгөн кирешелер алып коюуга жатпайт жана жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актыларына ылайык кезектеги бюджеттик жылда жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын жүзөгө ашырууга пайдаланылат.» деп жазылган.

Бул каражатты жумшоо үчүн жергиликтүү кеңештер жергиликтүү бюджеттин негизги жана артыкчылыктуу багыттарын аныктоого жана муниципалдык карыздарды же башка өзгөртүүлөрдү кошуп алганда, жергиликтүү бюджетти бекитүүгө укуктуу.

Кыскача айтканда, былтыркыдан ашкан акча "күйүп" кетпейт. Жергиликтүү кеңеш аткаруучу органдар (айыл өкмөтү же мэрия) менен биргеликте бул сумманы кайсы тармакка жумшоону чечип, токтом менен бекитип бересиздер.

СЭӨП иштеп чыгуу методологиясында каралган ыкмаларга ылайык, ашыкча каражаттарды программага кирген жана тиешелүү финансылык эсептөөлөр менен колдоого алынган артыкчылыктуу иш-чараларды жана долбоорлорду ишке ашыруу жагы сунушталат.

## МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК ЖӨНҮНДӨ

### 154. «МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК» ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА АНЫН КУРАМЫНА ЭМНЕЛЕР КИРЕТ?

Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык, муниципалдык менчик – бул жергиликтүү жамааттардын (жергиликтүү калктын) менчиги. Ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (айыл өкмөтү, айылдык кеңеш, мэрия, шаардык кеңеш) ээлигинде, колдонуусунда жана тескөөсүндө болот. Муниципалдык менчик жергиликтүү өз алдынча башкаруунун киреше булагы катары кызмат кылат жана анын функцияларын жүзөгө ашыруу үчүн зарыл.

Муниципалдык менчикте төмөнкүдөй мүлктөр болушу мүмкүн:

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын карамагындагы ишканалардын имараттары, жабдуулары жана башка кыймылдуу мүлктөрү;
- Билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, спорт жана туризм объекттери;
- Турак жай-коммуналдык, оңдоо-курулуш жана транспорт чарбасынын объекттери, ЖӨБ органдарынын ишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон жабдуулар жана материалдар;
- Тийиштүү аймакты тейлеген жана мамлекеттик же жеке менчик ишканаларга таандык болбогон транспорттук, энергетикалык инфратүзүмдөр, суу менен камсыздоо, канализация курулмалары жана коммуникациялар;
- Соода, коомдук тамактануу жана турмуш-тиричилик ишканаларынын мүлк комплекстери, ошондой эле аларды иштетүү жана тейлөө үчүн курулмалар менен жабдуулар;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таандык болгон менчиктештирилбеген турак жай жана турак эмес фонддор;
- Калктуу конуштардын көчөлөрү, көпүрөлөрү жана жолдору;
- Коомдук парктар, парктарга бөлүнгөн жерлер жана башка жашылдандыруу, көрктөндүрүү объекттери;

- Эгерде алар мамлекеттик жаратылыш ресурстарынын тизмесине киргизилбесе, жергиликтүү маанидеги токойлор жана айыл чарба жерлери, көлдөр, суу булактары жана пайдалуу кендердин кен казуучу жерлери;
- Жергиликтүү маанидеги тарыхый жана маданий эстеликтер;
- Жер тилкелери, анын ичинде муниципалдык мүлк объекттеринин астындагы жерлер, ошондой эле өздөштүрүлбөгөн жерлер;
- Курулушу бүтө элек объекттер;
- Тийиштүү аймактын калкынын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу маселелерин чечүү үчүн зарыл болгон башка объекттер («Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамдын 3-беренеси).

Жалпысынан муниципалдык менчиктин курамына төмөнкүлөр кирет:

- Жер;
- Кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк;
- Жергиликтүү бюджеттин каражаттары;
- Муниципалдык баалуу кагаздар жана башка мүлктүк укуктар.

## 155. МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК КАНТИП КАЛЫПТАНАТ?

Баштапкы этапта муниципалдык менчик мамлекеттик менчикти жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ЖӨБ) органдарына өткөрүп берүү жолу менен калыптанган. Адегенде ЖӨБ органдарына социалдык-маданий турмуш-тиричилик объекттери, андан кийин инфратүзүмдүк курулмалар, имараттар жана коммуникациялар өткөрүлүп берилген.

Бирок муниципалдык менчикке толук кандуу укукка ээ болуу үчүн ЖӨБ органдары бул укукту иш жүзүндө бекитүүчү бир катар зарыл процедуралардан өтүшү керек. Калдык наркын баалоодон, муниципалдык менчикти айыл өкмөтүнүн же мэриянын балансына коюудан жана объекттерди Реестрге киргизүүдөн тышкары, муниципалдык менчик объекттерине укуктарды биротоло бекитүү үчүн

мамлекеттик каттоо органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүү зарыл.

Ошентип, «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамга ылайык, муниципалдык менчикте турган кыймылсыз мүлккө болгон укуктар, ошондой эле бул укуктар боюнча чектөөлөр, алардын келип чыгышы, өзгөрүшү, өткөрүлүшү же токтотулушу тийиштүү аймактын мамлекеттик каттоо органдарында КР мыйзамдарында белгиленген тартипте катталат. Объекттер мамлекеттик менчиктен муниципалдык менчикке өткөрүлгөн учурда, мамлекеттик каттоого байланышкан бардык чыгымдар жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт (аталган Мыйзамдын 7-беренеси).

Учурда мүлккө муниципалдык менчик төмөнкү жолдор менен калыптанат:

- Мыйзамдарга ылайык жана КР Министрлер Кабинети (Өкмөтү) тарабынан аныкталган тартипте мамлекеттик менчик объекттерин ЖӨБ органдарына өткөрүп берүү жолу менен;
- Жергиликтүү бюджетке жергиликтүү салыктар, жыйымдар жана мыйзамда белгиленген башка милдеттүү төлөмдөр түрүндө түшкөн каражаттардан; жарандар жана юридикалык жактар, мамлекеттик органдар жана мекемелер тарабынан муниципалдык мүлктү ижарага алгандыгы жана колдонгондугу үчүн төлөнгөн суммалардан; дивиденддерден жана пайыздардан, конфискацияланган мүлктү сатуудан түшкөн каражаттардан, кайрымдуулуктардан жана мыйзам тарабынан тыюу салынбаган башка кирешелерден;
- Жарандардан жана юридикалык жактардан жарандык-укуктук бүтүмдөр (сатып алуу-сатуу, алмаштыруу, тартуулоо, экинчи тараптын келишимдик милдеттенмелерин аткарбоосу) аркылуу объекттерди менчикке алуу жолу менен;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдындагы милдеттенмелери боюнча менчик укугунан ажыратуу же башка мажбурлап алып коюу аркылуу же соттун чечими боюнча башка ыкма менен;

- Соттун чечими менен муниципалдык менчикке өткөн ээсиз буюмду таануунун натыйжасында;
- ЖӨБ органдарынын каражаттарынын эсебинен жаңы объекттерди куруу, өндүрүү же түзүү натыйжасында;
- КР мыйзамдарында каралган башка учурларда («Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамдын 5-беренеси).

## 156. МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИККЕ БОЛГОН УКУКТАР КАЙСЫ УЧУРЛАРДА ТОКТОТУЛАТ?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары муниципалдык менчикке болгон укуктардын токтотулушунун учурларын аныктайт. Алсак, «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамына ылайык, мүлккө муниципалдык менчик укугу төмөнкү учурларда токтотулушу мүмкүн:

- Мүлктү мамлекеттик менчикке, юридикалык жактардын жана жарандардын менчигине ажыратып бергенде (өткөрүп бергенде);
- Мүлк жок болгондо же жок кылынганда, же мүлккө менчик укугу жоготулганда;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттенмелери боюнча мүлккө болгон укуктардан ажыратылганда;
- Муниципалдык менчикке укугу бар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жоюлганда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда («Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамдын 10-беренеси).

## 157. «МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИКТИ БАШКАРУУ» ДЕГЕН ЭМНЕНИ ТҮШҮНДҮРӨТ?

Заманбап тажрыйбада муниципалдык менчикти башкаруу — бул мүлктү сатып алуу, ага ээлик кылуу, аны колдонуу жана ажыратуу

(башка бирөөнүн менчигине өткөрүү) боюнча чечимдерди кабыл алуу жана ишке ашыруу дегенди билдирет. Мүлктү башкарууга тиешелүү бир нече мүнөздүү жагдайларды карап көрөлү.

1-кырдаал: Айыл өкмөтүнүн менчигинде мурунку бала бакчанын жарымы бош турган имараты бар, анын бир бөлүгүн айылдык почта бөлүмү ээлеп турат. Андан ары эмне кылуу керектиги боюнча чечим кабыл алуу зарыл. Почтаны башка кичирээк имаратка көчүрүп, ал эми бул имаратты конкурстук негизде сатууга коюу керекпи? Кайсынысы жакшы: сатуубу же узак мөөнөткө ижарага берүүбү?

2-кырдаал: Жергиликтүү ишкер айыл өкмөтүнөн муниципалдык менчикте турган конкреттүү жер тилкесин акы төлөнүүчү унаа токтотуучу жай үчүн берүүсүн сурануууда. Берүү же бербөө боюнча чечим кабыл алуу керек. Жерди ушул ишкерге эле берип коюу керекпи же унаа токтотуучу жай куруу укугун ачык аукцион аркылуу сатууга аракет кылуу керекпи? Жер тилкесин берүүнү кантип тариздөө керек: жөн гана айыл өкмөт башчысынын буйругу мененби? Колдонуу жөнүндө келишимге кол коюу керекпи? Же ижара келишиминеби? Эгерде ижара болсо, анда акысын канча деп белгилөө керек?

3-кырдаал: Муниципалдык жер тилкелерин кантип берүү керек? Жеке жактарга түз эле ижарага берүү керекпи? Же конкурс аркылуу ижарага берүүбү? Кайсы жол жергиликтүү бюджетке көбүрөөк пайда алып келет жана адилеттүү болот?

Бул үч кырдаал тең «мүлктү башкаруу» түшүнүгүнө эмнелер кирерин көрсөткөн мүнөздүү мисалдар болуп саналат. Муниципалдык менчикти башкаруу — бул объекттерди жөн гана күтүү жана иштетүү эмес, бул чечимдерди кабыл алуу жана аларды ишке ашыруу дегенди билдирет.

## 158. ЭМНЕ ҮЧҮН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНА МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИКТИ НАТЫЙЖАЛУУ БАШКАРУУ МААНИЛҮҮ?

Анткени муниципалдык менчикти башкаруу ыкмаларын өркүндөтүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн, биринчи кезекте, финансылык жактан пайдалуу. Бул айыл өкмөтүнүн

же мэриянын кирешелеринин өсүшүнө жана чыгымдарынын азайышына алып келет.

Кошумча кирешелер түздөн-түз калктын жыргалчылыгы үчүн колдонулушу мүмкүн. Мисалы, эгерде айыл өкмөтү же мэрия муниципалдык мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн кирешени көбөйтүп, ал каражатты мектептин чатырын оңдоого жумшаса, анда бүтүндөй калк анын пайдасын көрөт.

Экономикалык көз караштан алганда, муниципалдык менчикти башкарууну жакшыртуу айыл аймагындагы же шаардагы жалпы экономикалык абалды оңдоого таасирин тийгизет. Жеке ишкерлер бул муниципалитетке инвестиция салууга көбүрөөк кызыкдар болушат, бул болсо өз кезегинде калктын иш менен камсыз болушуна жана кирешелеринин өсүшүнө алып келет. Мисалы, эгерде айыл өкмөтү же мэрия капиталдык курулуш үчүн жер тилкелерин аукцион аркылуу жеке менчикке сата баштаса жана ал жерге эмнени, кандай өлчөмдө куруу керектиги боюнча ашыкча талаптарды койбосо, мындай кадам баарына пайдалуу болот.

Муниципалдык менчикти башкарууну жакшыртуу жергиликтүү бийлик үчүн саясий көз караштан алганда да пайдалуу. Муниципалдык менчикке байланыштуу маселелер калкка түшүнүктүү жана жакын, анткени алар көзгө көрүнүп турган материалдык дүйнөгө тиешелүү. Ошондуктан муниципалдык менчикти ачык-айкын, демократиялуу жана калкка пайдалуу колдонуу сөзсүз түрдө калктын ишеническинин артышына жана акырында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилиги үчүн саясий кадыр-барктын (капиталдын) өсүшүнө алып келет.

## 159. МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИКТИ БАШКАРУУ МАСЕЛЕЛЕРИНДЕ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ЖАНА АНЫН АТКАРУУЧУ ОРГАНЫНЫН КАНДАЙ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ БАР?

Өз менчигин натыйжалуу башкаруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аткаруучу орган (айыл өкмөтү, мэрия) менен өкүлчүлүктүү органдын (айылдык, шаардык кеңеш) ортосунда

жоопкерчиликти колдонуудагы мыйзамдарга ылайык туура бөлүштүрүүсү жана аны так сактоосу маанилүү.

Жергиликтүү кеңеш өзүнүн ченемдик укуктук актылары аркылуу «оюндун эрежелерин», тагыраагы, бул чөйрөдөгү саясатты жана муниципалдык менчикти башкаруу принциптерин, процедураларын белгилейт. Башкача айтканда: кимге, эмнени, кандай укуктарда жана кайсы жол-жоболор аркылуу менчикке, колдонууга же ижарага берүү керектигин чечет.

Жергиликтүү кеңештин негизги функциялары:

- Объекттерди кимдер акысыз колдонууга укуктуу (мисалы, жергиликтүү бюджеттен каржыланган мектептер жана бала бакчалар), ал эми кимдер акы төлөп ижарага алууга тийиш (мисалы, мамлекеттик бийлик органдары жана жеке сектор) деген эрежелерди бекитүү;
- Муниципалдык объекттерди, муниципалдык жерлерди жана Мамлекеттик фонддун айыл чарба жерлерин (АЖМФ) ижарага берүүнүн конкурстук жол-жоболорун жана ушул тартипте бериле турган объекттердин тизмесин бекитүү;
- Менчиктештирүү программалары жана башка документтер аркылуу муниципалдык менчик объекттерин сатуу жана сатып алуу жөнүндө чечим кабыл алуу (бирок кеңеш ар бир конкреттүү келишимдин жүрүшүнө кийлигишүүгө укуксуз);
- Аткаруучу органдын муниципалдык менчикти башкаруу боюнча жылдык отчетун кароо жана бекитүү;
- Менчиктештирүү программасын бекитүү;
- Муниципалдык менчикти камсыздандыруу тартибин белгилөө;
- Муниципалдык ишканалар жана мекемелер, ошондой эле муниципалдык менчикти колдонгон башка юридикалык жана жеке жактар көрсөтүүчү коммуналдык кызматтарга бааларды жана тарифтерди бекитүү;
- Муниципалдык менчикти эсептен чыгаруу тартибин белгилөө.

ЖӨБдүн аткаруучу органы (айыл өкмөтү, мэрия) өз кезегинде жергиликтүү кеңеш бекитүүчү бардык чечимдерди даярдоого

катышат, ошондой эле өз ыйгарым укуктарынын алкагында учурдагы маселелер боюнча өз алдынча чечимдерди кабыл алат.

Аткаруучу органдын (мэрия, айыл өкмөтү) негизги функциялары:

- Муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө тартибин белгилеген ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун жана Менчиктештирүү программасын иштеп чыгуу жана кеңешке сунуштоо;
- Муниципалдык ишканаларды жана мекемелерди түзүү, кайра уюштуруу жана жоюу, ошондой эле муниципалдык менчиктеги акционердик коомдордун акцияларын башкаруу;
- Мүлктүн эсебин алуу жана контролдоо, жергиликтүү кеңештин алдында үзгүлтүксүз отчет берүү;
- Бардык объекттердин жана жер тилкелеринин Реестрин жүргүзүү, бухгалтердик эсепке алуу, финансылык маалыматтарды чогултуу, ижарачылардын эсебин алуу;
- Жергиликтүү жамааттын менчикке болгон укугун коргоо: бардык имараттарды жана жерлерди Мамкаттоого каттоо, талаштуу объекттерди коргоо, мыйзамсыз тартып алууга жол бербөө;
- Чечим кабыл алуу үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултуу жана талдоо (мисалы, объекттерге болгон суроо-талап, ижара баалары);
- Финансылык пландаштыруу (пайдалануу чыгымдарын, капиталдык оңдоп-түзөө жана курулуш чыгымдарын пландаштыруу);
- Муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө: ижарачылар менен мамиле түзүү, келишимдерге кол коюу, кеңеш бекиткен тартипте сатып алуу-сатуу келишимдерин жүргүзүү;
- Объекттерди иштетүүнүн натыйжалуулугун камсыз кылуу (подрядчыларды жалдоо же колдонуучуга ишенип тапшыруу аркылуу);
- Муниципалдык менчикти камсыздандырууну жана анын сакталышын камсыз кылуу боюнча башка чараларды көрүү.

## 160. КАЙСЫ ЖЕРЛЕР МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК БОЛУП САЛЫНАТ?

1998-жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы жерге жеке менчикти киргизүү менен бирге, жерге муниципалдык менчиктин бар экендигин да бекиткен. Ал эми 2021-жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы (16-берененин 3-бөлүгү) төмөнкүнү белгилейт: «Жайыттарды жана токойлорду кошпогондо, жер жеке жана муниципалдык менчик формаларында болушу мүмкүн». Кыргызстандын мыйзамдарындагы жер маселелери Жер жана Жарандык кодекстер менен жөнгө салынат.

Практикалык көз караштан алганда, айыл аймагынын жана шаардын чек арасындагы муниципалдык жерлерди эки түргө бөлүүгө болот:

- объектке (имаратка же курулмага) чектеш, тагыраагы, ошол объектке бекитилген жер тилкелери;
- имараттар же курулмалар ээлебеген жерлер.

Биринчи түрдөгү жерлер боюнча: Жергиликтүү жамааттарга (калкка) муниципалдык менчикке мектептер, ооруканалар, социалдык жана инженердик инфратүзүмдүк объекттер өткөрүлүп берилген. Бул объекттерге чектеш жер тилкелери аталган объекттердин иштеши үчүн зарыл болгон аймактарды камтыйт. Мисалы, бала бакчалар болсо — балдардын оюн аянтчалары жана курулмалары жайгашкан аймак.

КР Жарандык жана Жер кодекстерине ылайык (ЖК 44-берене):

- имарат жана курулма ошол имаратка жана курулмага бекитилген жер тилкесине болгон укуктан ажыратылгыс;
- имараттын жана курулманын менчик ээси ал имаратка жана курулмага өз каалоосу боюнча ээлик кылууга, колдонууга жана тескөөгө, анын ичинде аларды бузууга укуктуу (эгерде бул жер тилкесин колдонуу шарттарына жана мыйзамдарга каршы келбесе);
- имаратка жана курулмага же алардын бөлүктөрүнө менчик укугу башка адамга өткөндө, ал адам ошол имаратка жана курулмага бекитилген жер тилкесине мурунку менчик ээси

кандай шарттарда жана көлөмдө ээ болсо, ошондой эле укукка ээ болот.

Экинчи түрдөгү жерлер боюнча: Жер кодексинде «Айыл аймагынын жана шаардын чек арасындагы жерлер, жеке жана мамлекеттик менчиктеги жерлерден тышкары, муниципалдык менчик болуп саналат» деп белгиленген. Бул курулуш түшө элек мындай жерлер кошумча өткөрүп берүү процедураларысыз эле муниципалдык менчик катары катталууга тийиш дегенди билдирет. Бул жерлер юридикалык көз караштан алганда эки башка топту камтый турганын билүү маанилүү:

- жөн гана курулуш түшө элек тилкелер: Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аларды жеке менчикке сата алышат (менчиктештирүү) же 50 жылга чейинки мөөнөткө ижарага бере алышат.
- жалпы пайдалануудагы жерлер (жолдор, тротуарлар, скверлер, парктар): Булар менчиктештирилбейт жана 5 жылга чейинки мөөнөткө гана ижарага берилиши мүмкүн.

## МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНА ЖӨНҮНДӨ

### 161. МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШКЕ ОТЧЕТ БЕРЕБИ ЖЕ МААЛЫМАТ БЕРЕБИ?

Айылдык кеңеш өкүлчүлүктүү орган катары ишкана түзүүгө же аны жоюуга макулдук берет. Айыл өкмөтү — жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы катары, түздөн-түз менчик ээси (уюштуруучу) катары ишканаларды түзүүгө жана башкарууга укуктуу. Ошондуктан муниципалдык ишкана өзүнүн уюштуруучусу — айыл өкмөтүнүн алдында отчет берет. Ал эми айылдык кеңешке суралган маалыматтарды муниципалдык ишкана берүүгө милдеттүү.

Айылдык кеңештин сессиясында муниципалдык ишкананын жетекчиси ишкананын ишмердүүлүгү жөнүндө зарыл болгон маалыматтарды берет. Айылдык кеңештин депутаттары жергиликтүү маанидеги маселелердин чечилишине жана бюджеттик

каражаттардын жумшалышына контролдук кылуу максатында, сессияларда же туруктуу комиссиялардын жыйындарында муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды суроого укуктуу.

### 162. МЕКТЕП МЕНЕН БАЛА-БАКЧАНЫН ТАЗА СУУ, ТАШТАНДЫ ЧЫГЫМДАРЫН КАЙСЫ ОРГАН ТӨЛӨП БЕРҮҮГӨ МИЛДЕТТҮҮ?

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-ноябрындагы №743 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын чыгымдарын ченемдик каржылоо шарттарында түзүү жана аткаруу тартибине” ылайык мектеп менен бала-бакчалардын таза суу жана таштанды чыгаруу кызматынын чыгымдарын жергиликтүү бюджеттен муниципалдык ишканага субсидия катары бөлүп берүү керек. Ал эми муниципалдык ишкана мектеп жана бала-бакчаларды таза суу менен камысыздоо жана таштандыларды өз убагында чыгаруу иштерин жүргүзүшү керек.

### 163. МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНАНЫН БЮДЖЕТИН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ БЕКИТИШИ КЕРЕКПИ?

Жок, бекитпейт. Аткени муниципалдык ишкана — бул өз алдынча чарба жүргүзүүчү субъект болгондуктан, муниципалдык ишкана жергиликтүү бюджеттен толук каржыланбайт. Анын каражаты өзүнүн ишмердүүлүгүнөн (кызмат көрсөтүүдөн) түшкөн кирешеден турат, ошондой эле жергиликтүү бюджеттен берилүүчү субсидиядан турат. Ошондуктан анын негизги каржылык документи чарбалык план жана киреше-чыгашалар сметасы болуп саналат.

Сметаны муниципалдык ишкананын конкреттүү чыгымдарын жабуу үчүн анын түзүүчүсү көзөмөлдөйт. Муниципалдык ишкананын түзүүчүсү айыл өкмөтү болгондуктан, муниципалдык ишкананын сметасын жана чарбалык планын айыл өкмөт башчысы бекитет.

## 164. МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНАНЫН ИШИ НАТЫЙЖАСЫЗ БОЛГОН УЧУРДА АНЫН ФУНКЦИЯЛАРЫН АУТСОРСИНГГЕ ӨТКӨРҮП БЕРСЕ БОЛОБУ?

Ооба, муниципалдык ишкананын иши натыйжасыз болгон учурда анын функцияларын аутсорсингге (жеке ишканага же башка уюмга) өткөрүп берүүгө болот. Бул заманбап муниципалдык башкаруудагы натыйжалуу ыкмалардын бири болуп саналат.

Бирок, бул процесс белгилүү бир тартипте жана мыйзамдык негизде ишке ашырылышы керек. Бул тууралу КР "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 65-66-беренелеринде белгиленген.

Муниципалдык кызматтарды (мисалы: таштанды чыгаруу, жарыктандыруу, жашылдандыруу ж.б.) жеке колго берүүнүн бир нече механизми бар:

1) Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (МЖӨ/ГЧП): Ишенимдүү жол. Бул жерде муниципалдык мүлк ишкананын карамагында калат, бирок жеке ишкер аны башкарып, кызмат көрсөтөт.
2) Сервистик келишим: Айыл өкмөтү тендер жарыялап, белгилүү бир кызматты (мисалы, көчөлөрдү тазалоо) аткаруу үчүн жеке компанияны жалдайт.
3) Ишенимдүү башкаруу (Доверительное управление): Муниципалдык ишкананын мүлкүн натыйжалуу башкаруу үчүн келишимдин негизинде жеке тарапка берүү.

Аутсорсингге өткөрүүнүн оң жана терс жактары бар. Мисалы артыкчылыктары: Чыгымдардын азайышы: Айыл өкмөтү техника оңдоо, айлык берүү түйшүгүнөн кутулат. Сапаттын жогорулашы: Жеке ишканалар атаандаштыктан улам жакшыраак иштөөгө аракет кылат. Инвестиция: Жеке ишкер өзүнүн жаңы техникасын алып келиши мүмкүн.

Тобокелдиктери: Тарифтин көтөрүлүшү: Жеке компания пайда табуу үчүн бааны көтөрүүнү талап кылышы мүмкүн. Көзөмөлдүн начарлашы: Эгер келишим так жазылбаса, компания ишти сапатсыз

аткарышы мүмкүн. Жумушсуздук: Муниципалдык ишкананын мурунку кызматкерлери жумушсуз калышы ыктымал.

## 165. МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНАНЫН ТАЗА СУУГА БОЛГОН ТАРИФИН КӨТӨРҮҮНҮН ТАРТИБИ КАНДАЙ?

Ичүүчү суу менен камсыздоочу ишкана (муниципалдык ишкана) тарифтин долбоорун жана анын экономикалык негиздемесин (калькуляциясын) иштеп чыгат. Андан соң айыл өкмөтү бул тарифти бекитүү үчүн демилге көтөрөт жана тарифтин наркын эсептеп, аны антимонополдук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү менен милдеттүү түрдө макулдашууга тийиш. Антимонополия кызматы тарифтин экономикалык жактан негизделгенин, ашыкча чыгымдар кошулуп калбаганын текшерет. Антимонополия кызматынан оң корутунду (макулдашуу) алынгандан кийин гана тарифтин долбоору жергиликтүү кеңештин кароосуна киргизилет. Жергиликтүү кеңеш макулдашылган тарифти өз сессиясында бекитип берет.

Тарифтерди көтөрүү процессинде милдеттүү түрдө коомдук угууларды өткөрүү зарыл, себеби кызмат көрүүчүлөр жана тарифти төлөөчүлөр бул айыл аймактын/шаардын тургундары.

## 166. ЭГЕР МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНАЛАР ТАЗА ПАЙДА ТАПСА, АЛ КАРАЖАТТАР ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТКЕ ТҮШӨБҮ ЖЕ ӨЗДӨРҮ ПАЙДАЛАНАБЫ?

Негизги эреже боюнча, муниципалдык ишкана эгер пайда тапкан болсо бир бөлүгүн сөзсүз түрдө жергиликтүү бюджетке чегериши керек, ал эми калган бөлүгүн өзүнүн өнүгүүсүнө жумшаса болот.

Бул жерде жергиликтүү кеңештин ролу жана мыйзамдын талаптары төмөндөгүдөй:

- Пайданы бөлүштүрүү: Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекстин 135-беренесине ылайык, муниципалдык ишканалар өздөрүнүн ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы боюнча алынган таза

пайданын бир бөлүгүн жергиликтүү бюджетке чегерүүгө милдеттүү.

- Жергиликтүү кеңештин ыйгарым укугу: Ошол эле 135-беренеде бул каражаттарды чегерүүнүн тартиби жана өлчөмү (пайызы) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы, тагыраагы жергиликтүү кеңеш тарабынан аныкталат деп көрсөтүлгөн.
- Канча пайыз түшүшү керек? Кодексте, муниципалдык ишкананын таза пайдасынын канча пайызы жергиликтүү бюджетке түшөөрүн белгилөө укугун жергиликтүү кеңешке берет (мисалы, таза пайданын 25% же 30% бюджетке, калганы ишкананын техникасын жаңылоого же кызматкерлерди сыйлоого). Бул чечимди жергиликтүү кеңеш токтом менен бекитиши керек.
- Өзү пайдалануу бөлүгү: Ишкана бюджетке тиешелүү үлүшүн төлөгөндөн кийин калган пайданы өзүнүн өндүрүштүк муктаждыктарына, техника сатып алууга же ремонт иштерине жумшай алат.

Жыйынтыктап айтканда, муниципалдык ишкана "биз өзүбүз иштеп таптык, баарын өзүбүз иштетебиз" деп айта албайт. Жергиликтүү кеңеш 135-беренеге таянып, ишкананын таза пайдасынын белгилүү бир пайызын бюджетке төлөтүү боюнча ченемди бекитип бериши керек. Ошондо гана ишкана шаардын же айылдын өнүгүшүнө реалдуу салым кошо баштайт.

## ЖЕР МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

### 167. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ТАРАБЫНАН ЖЕКЕ ТУРАК ЖАЙ КУРУУ ҮЧҮН ЖЕР ӨЛЧӨМҮН БЕКИТҮҮНҮН ТАРТИБИ КАНДАЙ?

Жергиликтүү кеңеш тарабынан турак жай куруу үчүн берилүүчү жер тилкелеринин өлчөмүн (нормасын) бекитүү — бул так мыйзамдык процедура. Бул процесс КР Жер кодексинин 21-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктунда белгиленген. Жергиликтүү кеңеш бул

чектөөлөрдүн алкагында өз аймагындагы жердин тартыштыгына же жетиштүү экендигине жараша турак үйү менен короо-жай жер тилкесинин өлчөмдөрүн белгилейт (мисалы, "биздин айылда 10 сотыхтан берилсин").

Жер өлчөмүн бекитүүнүн этап-этабы менен тартиби:

1) Айыл өкмөтү (аткаруучу орган) аймактагы бош жерлердин фондун жана калктын муктаждыгын талдап чыгат. Андан кийин жер тилкесинин конкреттүү өлчөмү боюнча сунуш даярдайт.
2) Токтом долбоору алгач жергиликтүү кеңештин жер боюнча туруктуу комиссиясына жиберилет. Комиссия жердин категориясын, Башкы планга туура келер-келбесин текшерип, өз корутундусун берет.
3) Жергиликтүү кеңештин депутаттары сессияда маселени талкуулап, добуш берүү аркылуу Токтом кабыл алышат. Бул токтомдо турак үйү менен короо-жай жер тилкесинин өлчөмү “___” сотых, деп белгиленүүү керек.

## 168. ЖЕР МАМИЛЕЛЕРИН ЖӨНГӨ САЛУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТЕРДИН КОМПЕТЕНЦИЯСЫНА ЭМНЕЛЕР КИРЕТ?

Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө айылдык кеңештер КР Жер кодексинин 21-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык жергиликтүү коомдоштуктун пикирин эске алуу менен, төмөнкү маселелерди карайт:

1) райондун административдик-аймактык түзүлүшү боюнча сунуштарды карайт;
2) айыл аймагынын айылдагы калктуу конуштарын куруунун, деталдуу пландоонун долбоорлорунун башкы пландарын жана жерди пайдалануу эрежелерин бекитет;
3) турак үйү менен короо-жай жер тилкесинин өлчөмдөрүн белгилейт;
4) муниципалдык жерлерди сарамжалдуу пайдалануу боюнча программаларды бекитет;

5) анын аймагынын чегинде жайгашкан жерлер үчүн салык наркын эсептөө үчүн зоналык коэффициентти белгилейт;
6) жайыттарды башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча планды, жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын, ошондой эле алардын аткарылышы жөнүндө отчетторду бекитет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары жайыт аянтынын бирдигине, инфратүзүмүнө, ошондой эле алардын түшүмдүүлүгүнө жана алыстыгына оптималдуу жүктү эске алуу менен жайыт пайдалануучулар үчүн мал башына жайыттарды пайдалангандыгы үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн белгилейт.

## 169. ЖЕР МАМИЛЕЛЕРИН ЖӨНГӨ САЛУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨ ШААРДЫК КЕҢЕШТЕРДИН КОМПЕТЕНЦИЯСЫНА ЭМНЕЛЕР КИРЕТ?

Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө шаардык кеңештер КР Жер кодексинин 21-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык жергиликтүү коомдоштуктун пикирин эске алуу менен административдик чек аралардын чегинде, төмөнкү маселелерди карайт:

1) административдик-аймактык түзүлүш, шаардын райондорунун чектери боюнча сунуштарды карайт;
2) муниципалдык жерлерди сарамжалдуу пайдалануу боюнча программаларды бекитет;
3) аймактарды куруу долбоорлорунун башкы пландарын, аймактардын укуктук жактан зоналаштырылышын жана калктуу конуштардын жер пайдалануу эрежелерин бекитет;
4) муниципалдык менчикте турган жерлерди берүү тартибин бекитет;
5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бекитилген шаар жерлерине салыктын базалык ставкаларынын чектеринде шаар жерлерине салыктын наркын эсептөө үчүн зоналык коэффициентти белгилейт;
6) тооруктарга коюлуучу муниципалдык менчиктеги жер тилкелеринин ижара акысынын баштапкы ставкасын эсептөө

методикасын жана түздөн-түз берүү жолу менен ижарага берилүүчү муниципалдык менчиктеги жер тилкелери үчүн ижара акысынын өлчөмүн бекитет;

7) көп батирлүү үйдү пайдаланууга берүү мөөнөтүн эске алуу менен колдонулуучу муниципалдык менчиктеги жер тилкелеринин наркын эсептөө методикасын бекитет;
8) жайыттарды башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча планды, жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын, ошондой эле алардын аткарылышы жөнүндө отчетторду бекитет;
9) турак үйү менен короо-жай жер тилкесинин өлчөмдөрүн белгилейт.

## 170. ЖЕР МАМИЛЕЛЕРИН ЖӨНГӨ САЛУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨ РЕСПУБЛИКАЛЫК (БИШКЕК, ОШ), ОБЛУСТТУК МААНИДЕГИ ШААРЛАРДЫН МЭРИЯЛАРЫНЫН КОМПЕТЕНЦИЯСЫНА ЭМНЕЛЕР КИРЕТ?

Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө республикалык (Бишкек, Ош), облусттук маанидеги шаарлардын мэрияларынын компетенциясына КР Жер кодексинин 22-беренесине ылайык административдик чек аралардын чегинде, төмөнкүлөр кирет:

1) муниципалдык менчикте турган жер тилкелерин шаардын чек араларында менчикке жана пайдаланууга берүү шаардын башкы планына, шаардын деталдуу пландаштырылышынын жана курулушунун долбооруна ылайык жүргүзүлөт;
2) КР мыйзамдарында аныкталуучу жерге мунапыс берүү объекттерине менчик укугун бекитүү жөнүндө чечим кабыл алуу;
3) жерге мунапыс берүү объекттеринин тизмегин бекитүү;
4) Бишкек жана Ош шаарларынын муниципалдык менчигинде турган жер тилкесин КР Жер кодексинин 29-беренесинде көрсөтүлгөн учурлардын тизмегине ылайык шаардын чек араларында жеке менчикке берүү;

5) мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча иштерди уюштуруу, ошондой эле жайыттарды мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү жана шаардын административдик чек арасынын чектеринде аларды пайдалануу тартибин белгилөө;
6) жер жана шаар куруу кадастрын, жерге жайгаштыруу схемаларын жана долбоорлорун бекитүү;
7) жерди сарамжалдуу пайдалануу боюнча программаларды иштеп чыгуу жана аларды аткаруу;
8) жерлердин пайдаланылышына жана корголушуна контролду жүзөгө ашыруу;
9) долбоорлоо-изилдөө иштерин жүргүзүүгө уруксат берүү;
10) анча баалуу эмес айыл чарба жерлерин чарба жерлеринин кыйла баалуу түрлөрүнө, айыл чарба жерлеринин бирдей баалуу түрлөрүн бир түрдөн башкасына которуу;
11) жеке турак үй курууга бөлүнгөн жерлерди которууну кошпогондо, айыл чарба багытында турган жерлердин категориясындагы жайыттарды, чөп чабындыларын, айыл чарбалык эмес жерлердин түрлөрүн жерлердин башка түрлөрүнө же башка категорияларына которуу;
12) көрүстөндөргө, таштанды полигондоруна, ичүүчү суу менен камсыз кылуунун, саркынды сууларды чыгаруунун, тазалоочу курулмалардын, саламаттык сактоо, мектептер жана мектепке чейинки балдар мекемелеринин объекттерине, маданият жана искусство чөйрөсүндөгү объекттерге бөлүнүүчү жерлердин бардык категорияларын жана чарба жерлеринин түрлөрүн жерлердин башка категорияларына которуу;
13) запастагы жерлерди айыл чарба багытындагы жерлердин категориясына которуу;
14) калктуу конуштардын, өнөр жайдын, байланыштын, энергетиканын жана башка багыттагы жерлерди жерлердин башка категорияларына которуу;
15) КР Жер кодексинин 22-беренесинин 10-14-пункттарында көрсөтүлгөн жерлерди кошпогондо, Министрлер Кабинети

тарабынан аныкталган тартипте өзгөчө баалуу айыл чарба жерлерин жана мамлекеттик токой, суу фондунун, коргоонун, транспорттун жер тилкелерин жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын жерлердин башка категорияларына которууга (трансформациялоого) макулдук берүү;

16) Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин мыйзамдарда белгиленген тартипте берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын чектеринде башкаруу;
17) мамлекеттик жана/же жергиликтүү маанидеги объекттерди жайгаштыруу максатында коомдук жана мамлекеттик муктаждыктар үчүн жерлерди алып коюу жөнүндө чечим кабыл алуу;
18) КР Жер кодексинде каралган жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү башка маселелерди чечүү.

## 171. ЖЕР МАМИЛЕЛЕРИН ЖӨНГӨ САЛУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨ РАЙОНДУК МААНИДЕГИ ШААРЛАРДЫН МЭРИЯЛАРЫНЫН КОМПЕТЕНЦИЯСЫНА ЭМНЕЛЕР КИРЕТ?

Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө райондук маанидеги шаарлардын мэрияларынын компетенциясына КР Жер кодексинин 23-беренесине ылайык административдик чек аралардын чегинде, төмөнкүлөр кирет:

1) муниципалдык менчикте турган жер тилкесин административдик чек аралардын чектеринде менчикке жана пайдаланууга берүү;
2) жерге мунапыс берүү объекттерине болгон менчик укугун бекитүү жөнүндө чечим кабыл алуу;
3) жерге мунапыс берүү объекттеринин тизмегин бекитүү;
4) административдик чек аралардын чектеринде мамлекеттик жер жана шаар куруу кадастрларын бекитүү;
5) жерлерди сарамжалдуу пайдалануу боюнча программаларды иштеп чыгуу жана аларды аткаруу, шаар куруу кадастрын иштеп чыгуу жана жүргүзүү;

6) мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу боюнча иштерди уюштуруу, ошондой эле жайыттарды мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү, аларды шаардын административдик чек арасынын чектеринде пайдалануу тартибин белгилөө;
7) жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
8) жайыттарды пайдалануу планына ылайык жайыт билеттерин берүү, ошондой эле жайыттарды башка максаттарда пайдалануу жөнүндө келишимдерди түзүү;
9) жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымдын өлчөмүн аны жергиликтүү кеңеш тарабынан милдеттүү түрдө бекитүү менен аныктоо;
10) жайыттарды пайдаланууга тиешелүү талаш-тартыштарды өз ыйгарым укуктарынын алкагында чечүү;
11) жайыттарды жана башка ресурстарды пайдалануу үчүн акы төлөөдөн түшкөн, жайыт инфратүзүмүнө, жайыттарды башкарууга жана жакшыртууга инвестициялар катары багытталуучу кирешелерди башкаруу;
12) жерлердин пайдаланылышына жана корголушуна контролду жүзөгө ашыруу;
13) мамлекеттик жана/же жергиликтүү маанидеги объекттерди жайгаштыруу максатында коомдук жана мамлекеттик муктаждыктар үчүн жерлерди алып коюу жөнүндө чечим кабыл алуу;
14) Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын чектеринде жана мыйзамдарда белгиленген тартипте башкаруу;
15) долбоорлоо-изилдөө иштерин жүргүзүүгө уруксат берүү;
16) ушул Кодексте каралган жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү башка маселелерди чечүү.

Шаардын мэриясы административдик чек аралардын чектеринде жерлердин бардык категорияларын жана чарба жерлеринин түрлөрүн жерлердин башка категорияларына жана чарба жерлеринин башка

түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) чечим түрүндө макулдук берет жана аны Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте киргизет.

## 172. ЖЕР МАМИЛЕЛЕРИН ЖӨНГӨ САЛУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН КОМПЕТЕНЦИЯСЫНА ЭМНЕЛЕР КИРЕТ?

Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө айыл өкмөтүнүн компетенциясына КР Жер кодексинин 23-беренесине ылайык административдик чек аралардын чегинде, төмөнкүлөр кирет:

1) муниципалдык менчикте турган жер тилкесин КР Жер кодексинде белгиленген чектөөлөр менен менчикке жана/же пайдаланууга берүү;
2) жерге мунапыс берүү объекттерине болгон менчик укугун бекитүү жөнүндө чечим кабыл алуу;
3) айылдык аймактын административдик чек араларынын чектеринде мамлекеттик жер кадастрын бекитүү;
4) жерди сарамжалдуу пайдалануу боюнча программаларды иштеп чыгуу;
5) жерлердин пайдаланылышына жана корголушуна контролду жүзөгө ашыруу;
6) мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча иштерди уюштуруу, ошондой эле жайыттарды мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү жана аларды пайдалануу тартибин белгилөө;
7) жайыттарды башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча планды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
8) жайыттарды пайдалануу планына ылайык жайыт билеттерин берүү, ошондой эле жайыттарды башка максаттарда пайдалануу жөнүндө келишимдерди түзүү;
9) Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин башкаруу мыйзамдарда белгиленген тартипте жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын чектеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы тарабынан жүргүзүлөт;

10) жергиликтүү жана/же мамлекеттик маанидеги объекттерди жайгаштыруу максатында коомдук жана мамлекеттик муктаждыктар үчүн жерлерди алып коюу жөнүндө чечим кабыл алуу;
11) жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымдын өлчөмүн жергиликтүү кеңеш тарабынан милдеттүү түрдө бекитүү менен аныктоо;
12) жайыттарды пайдаланууга тиешелүү талаш-тартыштарды өз ыйгарым укуктарынын чегинде чечүү;
13) жайыттарды жана жайыт инфраструктурасына инвестициялар катары багытталуучу башка ресурстарды пайдалануу үчүн акы төлөөдөн түшкөн кирешелерди башкаруу, жайыттарды башкаруу жана жакшыртуу;
14) долбоорлоо-изилдөө иштерин жүргүзүүгө уруксат берүү;
15) жерлердин бардык категорияларын жана чарба жерлеринин түрлөрүн жерлердин башка категорияларына жана чарба жерлеринин түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) чечим түрүндө макулдук берүү жана аны Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте киргизүү;
16) КР Жер кодексинде каралган жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү башка маселелерди чечүү.

## 173. “ЖЕР УЧАСТОКТОРУН ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО” ДЕГЕН ЭМНЕ?

Трансформациялоо – бул жер участогунун статусун (максаттуу багытын) өзгөртүү. Башкача айтканда, эгерде жер бир максатта колдонулуп, андан кийин аны башка максатта пайдалануу пландалып жатса, анда бул трансформациялоо деп эсептелет. Мисал: эгерде участок айыл чарбалык катары катталып, бирок аны турак жай куруу үчүн пайдалануу зарыл болуп жатса, анда анын максаты өзгөртүлүүгө тийиш, башкача айтканда, участок трансформациялоодон өтүшү керек. Трансформациялоонун жол-жобосу төмөнкү этаптарды камтыйт:

1) Зарылдыгын аныктоо. Адегенде участокту эмне үчүн башка максатта колдонуу керектигин жүйөлүү түрдө аныктап алуу зарыл.

Мисалы, эгерде айылда калктын саны көбөйүп, жаңы үйлөрдү куруш керек болуп жатканда, трансформациялоо талап кылынат.

2) Документтерди даярдоо. Трансформациялоого туура келген участок боюнча бардык зарыл болгон документтер чогултулат. Алар: жер кадастрдык номери, пландоо материалдары, жер категориясы жана аны пайдалануу шарттары жөнүндө маалымат.
3) Жергиликтүү кеңештин чечими. Айыл өкмөтү же мэрия трансформациялоо жөнүндө сунушту жергиликтүү кеңештин кароосуна киргизет.

Эгерде кеңеш сунушту колдоп берсе, анда тиешелүү токтом кабыл алынат.

4) Мамлекеттик органдар менен макулдашуу. Документтердин топтому компетенттүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлөт (мисалы, жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, Жер ресурстары боюнча агенттикке, Министрлер Кабинетине). Ал жерде экспертиза жүргүзүлүп, тактоочу маалыматтар суратылышы мүмкүн. Натыйжада, трансформациялоого макулдук берүү же андан баш тартуу тууралуу чечим кабыл алынат.
5) Трансформациялоону мамлекеттик каттоо. Акыркы этапта трансформациялоо катталып, участок расмий түрдө жаңы статуска ээ болот жана анын жаңы максаттуу багыты юридикалык күчкө ээ болот.

## 174. АЙЫЛ ЧАРБА ЖЕРЛЕРИНИН МАМЛЕКЕТТИК ФОНДУНУН ЖЕРЛЕРИН ИЖАРАГА БЕРҮҮДӨ КОМИССИЯ КАНДАЙ ФУНКЦИЯЛАРДЫ АТКАРАТ?

Комиссия:

- лотторду түзөт;

- жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча ижара акысынын баштапкы же белгиленген өлчөмүн орнотот;
- конкурстун шарттарын аныктайт;
- кепилдик төлөмдүн өлчөмүн белгилейт;
- лоттордун чектерин аныктайт;
- жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча ар бир лот боюнча баштапкы ижара акынын өлчөмүн белгилейт;
- жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча ар бир лот боюнча ижаранын шарттарын аныктайт;
- ар бир лот боюнча аукциондун “кадамынын” өлчөмүн белгилейт;
- жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча ижара акысын төлөөнүн формасын жана мөөнөттөрүн аныктайт;
- тооруктардын жыйынтыктарынын протоколуна кол коет;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жободо белгиленген башка функцияларды жүзөгө ашырат (КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 “АЖМФ жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө Типтүү жобо тууралуу” токтомунун 23-пункту).

## 175. ӨНӨР ЖАЙ ҮЧҮН ЖЕР УЧАСТОКТОРУ КАНДАЙ ЖОЛ МЕНЕН БЕРИЛЕТ?

Тооруктар аркылуу. Өнөр жай багытындагы жерлер Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 29-беренесинин жана 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” Типтүү жобонун талаптарына ылайык менчикке же

пайдаланууга берилет. Таштак жана чөп баспаган башка жерлер асылдуулугу төмөн айыл чарба жерлерине кирет. Бул жерлер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 17-июнундагы №306 токтому менен бекитилген “Асылдуулугу төмөн айыл чарба жерлерин өздөштүрүүгө жана айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүүгө берүүнүн тартиби жөнүндө” Жобонун негизинде берилет. Асылдуулугу төмөн айыл чарба жерлерин Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине караштуу “Кыргызгипрозем” жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасы аныктайт. Асылдуулугу төмөн жерлерге төмөнкүлөр кирет:

- айдоодо, асылдуулугу төмөн болгондо – бонитет көрсөткүчү 20дан ашпаган, дандын бирдигинин түшүмдүүлүгү гектар жерге 5 центнер болгон, кыртыштын үстүнкү катмарынын бузулушунан талкаланган, эрозияга дуушар болгон, өтө шор, саздак, өтө таштак жерлер;
- көп жылдык өсүмдүктөр өскөн жерлерде – бонитеттин көрсөткүчү 20дан ашпаган, дандын бирдигинин түшүмдүүлүгү гектар жерге 5,6 центнер болгон, суу булактарынын жана сугаттын жоктугунан катып калган, өтө шор жана шор, бадалдуу, өтө таштак, какыраган жерлер;
- чабындыларда – бонитеттин көрсөткүчү 20дан ашпаган, тоюттун бирдигинен алынган түшүм гектар жерге 2,8 центнер болгон участоктордогу жерлер, абдан таштак жана саздак, өтө шор жана шор, ашыкча нымдуулуктун шарттарында узак убакыт калган жерлер.

## 176. КАЙСЫ ЖЕРЛЕР ӨЗГӨЧӨ БААЛУУ АЙЫЛ ЧАРБА ЖЕРЛЕРИ БОЛУП ЭСЕПТЕЛЕТ ЖАНА АЛАРДЫ БАШКА КАТЕГОРИЯЛАРГА КОТОРУУГА КИМДЕР УКУКТУУ?

Өзгөчө баалуу жерлер – бул сугат жана кургатылган жерлер, жигердүү пайдаланылуучу айыл чарба жерлери (айдоо аянттары, көп жылдык мөмө-жемиш дарактары, жүзүмзарлар, кысыр аңыздар, маданий жайыттар, чөп чабыктар жана түп-тамырынан бери

жакшыртылган жайыттар), коргоочу токойлор жана аларга теңештирилген жашыл бак-дарактар отургузулган жерлер, шаар четиндеги жана жашыл зоналардагы жерлер, ошондой эле илимизилдөө мекемелеринин жана окуу жайлардын тажрыйба жүргүзүүчү талаалары (КР Жер кодексинин 1-беренесинин 15-бөлүгүнө ылайык). Бул жерлерди башка категорияларга которуу КР Жер кодексинин 20-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин компетенциясына кирет.

## 177. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН АТКАРУУ ОРГАНДАРЫНА КАРАШТУУ КАНДАЙ ЖЕР КОМИССИЯЛАРЫ ТҮЗҮЛӨТ?

Жер укуктук мамилелерди жөнгө салуу чөйрөсүндө айыл өкмөтүндө же мэрияда төмөнкүдөй туруктуу иштеген комиссиялар түзүлөт:

1) муниципалдык менчиктеги жерлерди берүү боюнча комиссия КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижарага укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” типтүү жобого ылайык түзүлөт;
2) жеке турак жай имараттарын куруу үчүн жер участокторун берүү боюнча комиссия КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы №177 токтому менен бекитилген “Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө” жобонун негизинде түзүлөт;
3) жерге мунапыс боюнча комиссия (республикалык жана облустук маанидеги шаарларда);
4) Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча комиссия КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген “Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө” типтүү жобонун негизинде түзүлөт.

## 178. МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИКТЕГИ ЖЕРЛЕРДИ БЕРҮҮ БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН КУРАМЫНА КИМДЕР КИРЕТ?

Муниципалдык жер участокторун берүү боюнча бул комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын өкүлдөрү;
- шаар куруунун жана архитектуранын аймактык бөлүмдөрү;
- кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоонун аймактык бөлүмдөрү;
- коомчулуктун, коммерциялык эмес ж.б. уюмдардын өкүлдөрү;
- комиссиянын курамына коомчулуктун өкүлү катары жергиликтүү кеңештин төрагасы же депутаттары киргизилсе болот (КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижарага укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө Типтүү жобону бекитүү жөнүндө" токтомунун 7-пункту).

## 179. МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИКТЕ ТУРГАН ЖЕРЛЕРДИ БЕРҮҮДӨ КОМИССИЯ КАНДАЙ ФУНКЦИЯЛАРДЫ АТКАРАТ?

Комиссия жер участогуна менчик же ижара укугун берүү мүмкүндүгү жөнүндө чечим чыгарат; жер участогуна укуктун (менчик, ижара) түрүн, аны берүүнүн ыкмасын (аукцион, конкурс, түз сатуу) аныктайт; аукциондук кадамды (аукцион өткөрүлсө) же конкурстун шарттарын (конкурс өткөрүлгөн учурда) аныктайт. Комиссия ошондой эле сатуу жөнүндө түз сүйлөшүү жүргүзүү үчүн лоттун же жер участогунун старттык баасынын көлөмүн белгилейт; тооруктун жыйынтыктарын аныктайт; жер участогуна укук берүүгө байланышкан башка маселелерди ушул Типтүү жободо жана башка ормативдик укуктук актыларда каралган компетенциясынын чегинде карайт. Комиссиянын чечимдери мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экиден кем эмеси катышканда кворум болсо, добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алынат. Добуштар бирдей болуп калса комиссиянын төрагасынын добушу чечүүчү болот. Комиссиянын

протоколуна комиссиянын төрагасы жана жыйынга катышкан мүчөлөрү, ал эми Типтүү жободо каралган учурларда тооруктун жеңүүчүсү да кол коюшат. Комиссиянын чечими сунуштоочу мүнөзгө ээ (КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижарага укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө Типтүү жобону бекитүү жөнүндө" токтомунун 8-пункту).

## 180. ЖЕКЕ ТУРАК ЖАЙ КУРУУГА ЖЕР БЕРҮҮДӨ КОМИССИЯНЫН КУРАМЫНА КИМДЕР КИРЕТ?

КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы №177 "Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна ылайык мындай жер участокторун берүү боюнча комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын (айыл өкмөтүнүн, мэриянын) өкүлдөрү;
- аймактык шаар куруу жана архитектура бөлүмүнүн өкүлү;
- кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча жергиликтүү мамлекеттик органдын өкүлү.

Атайын ыйгарым укуктуу органдын чечими менен комиссиянын курамына коомчулуктун өкүлдөрү кириши мүмкүн. Комиссиянын курамына коомчулуктун өкүлдөрү катары шаардык жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары кире алышат (КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы №177 "Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомунун 10-пункту).

## 181. ЖЕКЕ ТУРАК ЖАЙ КУРУУГА ЖЕР БЕРҮҮДӨ КОМИССИЯ КАНДАЙ ФУНКЦИЯЛАРДЫ АТКАРАТ?

Жеке турак жай курууга бөлүп берүүгө сунушталган ар бир жер участогу үчүн комиссия маалымат пакетин түзөт, ага төмөнкүлөр кирет: жайгашкан жери (дареги), жер участогунун кадастрдык номери (эгерде

бар болсо). Жер участогунун планы, анын чек аралары жана сервитуттардын иш-аракеттеринин чек аралары. Инженердик коммуникациялардын ар кандай түрлөрүнө кошулуунун шарттары жана багыт берүүчү баасы тууралуу жыйынды корутунду. Комиссия Кыргыз Республикасынын жарандарынан жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участогун берүү жөнүндө түшкөн өтүнүчтөр жана аларга кошулган документтер менен белгиленген тартипте таанышып чыгып, жер участогун берүү же жер участогун берүүдөн баш тартуу тууралуу чечим чыгарат. Комиссия өз ишин убактылуу негизде, бирок айына бир жолудан кем эмес жүргүзөт. Комиссиянын учурдагы ишин туруктуу негизде иштеген, компетенциясына жеке турак жай куруу үчүн жер участокторун берүү кирген мамлекеттик органдардын тиешелүү аймактык бөлүмдөрү (архитектура, кадастр ж.б.), мэриянын, айыл өкмөттөрүнүн өкүлдөрү кирет. Комиссиянын чечими тиешелүү протокол менен тариздделет, ал жер участогун бөлүп берүү жөнүндө чечимди даярдоо жана жер участогуна жеке менчик укук тууралуу мамлекеттик актыны түзүү үчүн айыл өкмөтүнүн же мэриянын негизи болуп саналат (КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы №177 “Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомунун 14-15-пункттары).

## АЙЫЛ ЧАРБА ЖЕРЛЕРИНИН МАМЛЕКЕТТИК ФОНДУНУН (АЖМФ) ЖЕРЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

### 182. АЖМФ ЖЕРЛЕРИН БЕРҮҮНҮН ТАРТИБИ КАНДАЙ?

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү жобонун 19-пунктуна ылайык, АЖМФ жерлери ижарага тоорук жана түз берүү аркылуу берилет. Тоорук аукцион же конкурс түрүндө өткөрүлөт.

## 183. АЖМФ ЖЕРЛЕРИН КАНЧА МӨӨНӨТКӨ БЕРҮҮГӨ БОЛОТ?

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу" Типтүү жобонун 3-пунктуна ылайык, АЖМФ жерлери 5 жылга ижарага берилет, буга кайрак айдоо жана көп жылдык өсүмдүктөр ээлеген жерлер, үрөнчүлүк, асыл тукум, эксперименттик чарбаларды, илимий-изилдөө, тажрыйба-селекциялык, сорт сыноо иштерин жүргүзүү жана айыл чарба кооперативдери үчүн 20 жылга чейинки мөөнөткө берилген жерлер кирбейт.

## 184. АЖМФ ЖЕРЛЕРИ ҮЧҮН ИЖАРА АКЫСЫН ТӨМӨНДӨТСӨ БОЛОБУ?

Ооба, болот. Ижара акысынын өлчөмүн өзгөртүү мүмкүнчүлүгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу" Типтүү жобонун №6 тиркемесинде каралган. Ижара акысын төмөндөтүү жөнүндө маселени комиссия ижарачынын тийиштүү кайрылуусу боюнча, бирок календардык жылдын ичинде бир жолудан ашык эмес карай алат.

## 185. АЖМФ ЖЕРЛЕРИН СОЦИАЛДЫК БАГЫТТАГЫ СУБЪЕКТТЕРГЕ КИМ БЕРЕТ?

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу" Типтүү жобонун 14-пунктуна ылайык, жергиликтүү кеңеш ошол жергиликтүү кеңеш орун алган аймакта жашаган социалдык багыттагы субъекттерге жана жакыр үй-бүлөлөргө жана жарандарга келечек пландын жер-пландоо аймактарына ылайык экономикалык жактан кызыктырган жерлердин аймагынан түз берүү аркылуу АЖМФ жер участокторун бергенге укуктуу. Мында бериле

турган жерлердин жалпы аянты Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин бардык жеринин 20 пайызынан ашпашы керек.

### 186. АЖМФНЫН КЕЛЕЧЕК ПЛАНЫН КИМ БЕКИТЕТ?

Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдалануунун (АЖМФ) келечек планын жергиликтүү кеңеш бекитет.

Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу ТИПТҮҮ ЖОБОнун 16-пунктуна ылайык:

*“Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдалануунун келечек планы айыл өкмөтү тарабынан кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жана Кыргыз Республикасынын айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын жергиликтүү органдарынын адистерин тартуу менен иштелип чыгат жана жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет”.*

Кошумча ушул эле Жобонун 17-пункту жергиликтүү кеңештин Келечек планды кароодо ыйгарым укуктарын белгилейт.

*“Жергиликтүү кеңеш кароого киргизилген Келечек план менен макул болбогон учурда жергиликтүү кеңеш аны толуктап иштеп чыгууга жиберүүгө же ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен бекитүүгө укуктуу”.* (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен жактырылган “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу ТИПТҮҮ ЖОБО”).

## ЖАЙЫТТАР ЖӨНҮНДӨ

### 187. ЖАЙЫТ ЖЕРЛЕРИН МЕКТЕП ЖЕ БАЛА БАКЧА КУРУУГА КОТОРУУНУН ЖОЛ-ЖОБОЛОРУ КАНДАЙ?

Райондук мамлекеттик администрация же шаарлардын мэриялары мектеп жана бала бакча куруу үчүн жайыттарды “айыл чарба

багытындагы жерлер” категориясынан “калктуу конуштардын жерлери” категориясына өз алдынча которууга ыйгарым укуктуу. Айыл өкмөтү же шаардын мэри жерди которуунун демилгечиси болууга укуктуу. Жер участокторун которуунун демилгечиси жерге жайгаштыруу ишинде зарыл болгон корутундулардын жана маалыматтардын болушун камсыз кылат. Даярдалган маалымат өзүнө жер категориясын жана түрлөрүн, жер участогунун жайгашкан жерин, аянтын камтыйт. Райондун акими же шаардын мэри жеке жана юридикалык жактардан жерлерди которуу жөнүндө түшкөн арызды которулуучу жер участогуна жерге жайгаштыруу материалдарын түзүү үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин тиешелүү райондук филиалына жиберет. Андан соң даярдалган жерге жайгаштыруу иши тиешелүү чечим менен жер участокторун которуу жөнүндө тиешелүү чечим кабыл алуу үчүн жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана шаарлардын мэрияларынын кароосуна киргизилет. Жер участогу которулгандан кийин жерди эсепке алуу документтерине өзгөртүүлөр киргизилет жана жер участогуна тиешелүү укукту күбөлөндүрүүчү документ алынат (КР Жер кодексинин 20-беренеси, 2025-жылдын 18-июлундагы №150 КР Мыйзамына ылайык күчүн жоготту).

## 188. ЖАЙЫТ ЖЕРЛЕРИН ӨНӨР ЖАЙ ОБЪЕКТИСИНЕ КОТОРУУНУН ЖОЛ-ЖОБОЛОРУ КАНДАЙ?

Жайыттарды өнөр жай объектисине которууну шаардын мэри жана райондук мамлекеттик администрациянын акими жүзөгө ашырат. Жерди которуу жайыттарды “айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу жөнүндө демилгечинин (арыз ээсинин) сунушу боюнча түзүлгөн жерге жайгаштыруу ишинин негизинде жүзөгө ашырылат. Жер участокторун которуунун демилгечиси жерге жайгаштыруу ишинде зарыл корутундулардын жана маалыматтардын

болушун камсыз кылат. Даярдалган маалымат жер категориясын, жердин түрүн, жер участогу жайгашкан жерди, анын аянтын камтыйт. Жерди которуу жөнүндө айыл өкмөтүнөн же шаарлардын мэриясынан түшкөн арызды райондун акими же шаардын мэри которулуучу жер участогуна жерге жайгаштыруу материалдарын түзүү үчүн райондун тиешелүү Мамлекеттик каттоо органына жиберет. Андан ары жерди которуу жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн даяр болгон жерге жайгаштыруу ишин жергиликтүү мамлекеттик администрация жана шаарлардын мэриясы карайт. Жер участогу которулгандан кийин жерди эсепке алуу документтерине өзгөртүүлөр киргизилет, ошондой эле жер участогуна укукту күбөлөндүрүүчү тиешелүү документ берилет (КР Жер кодексинин 20-беренеси, 2013-жылдын 15-июлундагы №145 “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” КР Мыйзамынын 7-беренеси 2025-жылдын 18-июлундагы №150 КР Мыйзамына ылайык күчүн жоготту).

## 189. АСЫЛДУУЛУГУ ТӨМӨН ЖАЙЫТ ЖЕРЛЕРИН АЙЫЛ ЧАРБА ӨСҮМДҮКТӨРҮ ҮЧҮН ӨЗДӨШТҮРҮҮГӨ КОТОРУУНУН (ТРАНСФОРМАЦИЯЛООНУН) ЖОЛ-ЖОБОЛОРУ КАНДАЙ?

Жайыт жерлери КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу” жобого ылайык айыл чарба өсүмдүктөрүн өздөштүрүүгө берилет. Жеке же юридикалык жактардын арызы же мамлекеттик органдардын өтүнүч каты асылдуулугу төмөн жайыттарды берүү үчүн негиз болуп саналат. Асылдуулугу төмөн жайыттар жерлердин максаттуу багыты белгиленген тартипте өзгөртүлгөндөн кийин, андан соң Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин курамына киргизүү менен ал өздөштүрүү жана айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүү үчүн жарандардын жана юридикалык жактардын пайдалануусуна 20 жылга чейинки мөөнөткө берилиши мүмкүн. Бул мөөнөт аяктагандан кийин тараптардын макулдашуусу боюнча жер участогун пайдалануунун мөөнөттөрү узартылышы мүмкүн.

Асылдуулугу төмөн жайыттарды пайдаланууга берүүдө милдеттүү шарт болуп жерлердин түшүмдүүлүгүн жогорулатуу эсептелет. Арыз жер участогу жайгашкан жер боюнча тиешелүү жергиликтүү мамлекеттик администрацияга берилет, мында жер участогунун категориясы жана көлөмү, ошондой эле айыл чарба багытындагы жерлердин кайсы түрү өздөштүрүлүп жаткандыгы жөнүндө маалыматты камтыган техникалык-экономикалык негиздеме (ТЭН) көрсөтүлөт. Арызга арыз ээсинин (жеке жактын) тек жайын тастыктаган документтердин көчүрмөлөрү же юридикалык жактын каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү тиркелет. Андан соң жергиликтүү мамлекеттик администрация 3 иш күндүн ичинде түшкөн документтерди арызда каралган жердин тиешелүү түрүнө которуу (трансформациялоо) жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн райондук комиссиянын кароосуна жиберет. Райондук комиссия асылдуулугу төмөн жайыттарды айыл чарба жерлеринин өздөштүрүлүүчү түрүнө которуу (трансформациялоо) жөнүндө өтүнүч кат келип түшкөн учурдан тартып жерлерди бир категориядан экинчисине, бир түрдөн экинчи түргө которуу (трансформациялоо) маселелерин жөнгө салуучу мыйзамдарга ылайык жерлерди которуу (трансформациялоо) жол-жобосун демилгелейт, берилген документтер ылайык келген учурда төмөнкү чечимдердин бирин чыгарат:

1) айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондуна киргизүү менен асылдуулугу төмөн жайыттарды которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө;
2) асылдуулугу төмөн жайыттарды которуудан (трансформациялоодон) баш тартуу жөнүндө.

Баш тартуу төмөнкүдөй негиздер боюнча жүргүзүлөт:

- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык асылдуулугу төмөн жайыт участокторун өздөштүрүүгө берүүгө чектөө же тыюу салуу белгиленген учурда;
- айлана-чөйрөнү коргоо, өзгөчө кырдаалдар, санитардыкэпидемиологиялык көзөмөл органдарынын терс корутундусу болсо;

- айыл чарба өндүрүшү үчүн эмес өздөштүрүүгө өтүнүч кат берилсе;
- бул жерлер алардын башкы пландарына жана курулуш пландарына ылайык калктуу конуштардын чектеринде жайгашса;
- маданият чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын оң корутундусу болбосо.

Асылдуулугу төмөн жайыттар которулгандан (трансформациялангандан) кийин жергиликтүү мамлекеттик администрация 3 иш күндүн ичинде жер участогун берүү жөнүндө чечим кабыл алат жана келишим түзөт. Өткөрүлгөн (трансформацияланган) асылдуулугу төмөн жайыттарды бергенде ижара акысы жер салыгынын көлөмүндө белгиленет (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу” токтомунун 95-пункту)

## 190. ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКА (ЖАЙЫТ ЭМЕС) МАКСАТТАРГА ПАЙДАЛАНУУГА БОЛОБУ?

Жайыт жерлери башка (жайыт эмес) максаттарда колдонулушу мүмкүн, аларга мергенчилик, балчылык, дары чөптөрдү, мөмөжемиштерди чогултуу, чөп жана отун даярдоо, кеңири таралган пайдалуу кендерди казып алуу, жеңил коммуникация курулуштарын (борбордук эмес) орнотуу, туризм жана жарандардын эс алуусу кирет.

Жайыттарды башка максаттар үчүн пайдалангандыгы үчүн төлөмдүн өлчөмү төмөнкүдөй белгиленет:

- иштин түрү жайыт кыртышын бузууга алып келген участоктордо – мыйзамдарда бекитилген айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруунун наркынын ченемдерине ылайык;
- иштин түрү мал жаюу менен байланышпаган, бирок жайыт кыртышын бузууга алып келбеген участоктордо – бул участокту мал жаюуга пайдалануу үчүн каралган акыга барабар өлчөмдө;

- иштин түрүндө мал жаюу мүмкүнчүлүгү каралган жана жайыт кыртышы бузулбаган участоктордо төлөм алынбайт (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-майындагы №301 “Жайыт ресурстарын мал жаюуга байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө” токтому).

# Эскертүүлөр үчүн